А.Б. Элебесова, Ө.Ж. Осмонов




# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

# 11

## УРУНТТУУ УЧУРЛАР

XIX к. ОРТОСУНАН БИЗДИН КҮНДӨРГӨ ЧЕЙИН



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:***

Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

63.3(0)кир
Э 45

А. Б. ЭЛЕБЕСОВА, Ө. Ж. ОСМОНОВ

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ:
## урунттуу учурлар

XIX к. ортосунан биздин күндөргө чейин

Орто мектептин 11-классы үчүн окуу китеби

Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

162
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ КИТЕПКАНА
ИНВ № 970838

Бишкек
«Инсанат» — 2012

УДК 373. 167.1
ББК 63.3 Я 721
Э – 45

**Жооптуу редактору:**
Т. Рыскулов, тарых илимдеринин кандидаты, доцент.

**Усулдук кеңеш берген:**
З. Айдаралиев, Кыргыз Республикасынын
билим берүүсүнүн отличниги.

1-басылышы 2007-жылы жарык көргөн

**Элебесова А. Б., Осмонов Ө. Ж.**
Э – 45 **Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар.** XIX к. ортосунан биздин күндөргө чейин. Орто мектептин 11-кл. үчүн окуу китеби. – 2-бас. Б.: «Инсанат», 2012. – 256 б., ил.

ISBN 978–9967–452–30–5

**Э 4306020600–12**

**УДК 373. 167.1**
**ББК 63.3 Я 721**

ISBN 978–9967–452–30–5

© Элебесова А. Б., Осмонов Ө. Ж., 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Инсанат» басмасы, 2012

# I ГЛАВА
# ДҮЙНӨНҮН АЛДЫҢКЫ ӨЛКӨЛӨРҮ XIX к. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА — XX к. БАШЫНДА

## § 1. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы Европа өлкөлөрүндөгү социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, алардын тышкы саясатка тийгизген таасири

1848–1849-жж. Европа өлкөлөрүндөгү революциялардын себептерин, милдеттерин, мүнөзүн жана натыйжаларын эсиңерге түшүргүлө: Германиядагы, Австриядагы революциялардын окшоштуктары жана айырмачылыктары, Франциядагы революциянын демократиялык мүнөзү эмнеден көрүнгөн?

**Италиянын бириктирилиши.** XIX к. 50-жж. Италияда өлкөнүн биримдиги үчүн кыймыл кайрадан жандана баштаган. Бул кыймыл эки багытта: бири — *революциялык-демократиялык*, экинчиси *орточо маанайда* жүргөн. Революциялык аракеттердин тарапкери Ж. Мадзини 1853-ж. «Аракет партиясын» түзүп, ага бирдиктүү республикалык Италиянын тарапкерлерин топтогон. Ал эми орточо маанайдагы багыттын башында турган К. Кавур «Италиялык улуттук коомду» түзгөн. Алар өлкөнү Сардиния королдугунда бийлик жүргүзгөн Савойя династиясынын жетекчилиги менен бириктирүүнү көздөшүп, республикачыл маанайды четке кагышкан. Сардиния королдугу Италиянын экономикасы жогору өнүккөн жана калк жыш жайгашкан бөлүгү болгон. Ошондуктан ал өлкөдөгү улуттук-боштондук кыймылда лидерлик ролду ойногон.

Савойяны жана Ниццаны өзүнө бириктирип алууну көздөгөн союздаш Сардиния королдугу менен Франциядан 1859-ж. австриялык армия жеңилип калгандан кийин, Италияда өлкөнү бириктирүү кыймылы кеңири кулач жайган. Бирок, бирдиктүү Италия мамлекетинин түзүлүшүнөн кооптонгон француз императору Наполеон III күтүүсүз жерден эле Австрия менен тынчтык келишимин түзүп жиберген. Ал келишим боюнча Сардиния королдугуна Ломбардия гана кошулган, Венеция болсо мурдагыдай эле австриялыктардын эзүүсү астында кала берген. Франциянын бийлик төбөлдөрүнүн мындай жоругу италиялыктарды кыжырлантып, боштондук кыймылы кайрадан күч алып, италиялык майда мамлекеттерде шайланган Улуттук жыйындар Савойя королдугуна бириге тургандыктары жөнүндө чечим кабыл алышкан. Ушундай кырдаалда Италиянын

түштүгүндөгү Неополитан королдугунда (ага Сицилия да кирген) 1860-ж. жазында көтөрүлүш башталган. Көтөрүлүшчүлөргө Италиянын даңктуу элдик баатыры Ж. Гарибальди (1807–1882) жетектеген миндеген ыктыярдуулар келип кошулган. Гарибальди моряктын үй-бүлөсүндө туулган, «Жаш Италия» деген жашыруун уюмга мүчө болгон, 1848-ж. революцияга катышкан, Латын Америкасындагы Рио-Гранденин патриотторунун тарабында салгылашкан. Мекенине Австрия менен болгон согуш жүрүп жаткан кезде кайтып келген. 1860-ж. майда Гарибальдинин көтөрүлүшчүлөрү Сицилиядагы Палермону ээлешип, Апеннин жарым аралындагы Неаполго киришкенде, король жана министрлер шаардан чыга качышкан. Ошентип түштүк аймактарында Италияны элдик революция жолу менен бириктирүүгө ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Бирок, Гарибальди карапайым калкка таянгандан чочулап, чечкиндүү аракет жүргүзгөн эмес. Ушундай кырдаалдан пайдаланып, Савойя династиясын жактаган либералдык дворяндык-помещиктик жана буржуазиялык чөйрө өлкөнү бириктирүү процессиндеги демилгени колго алат. Натыйжада Пьемонттун (Сардиния королдугунун) армиясы Италиянын түштүгүн ээлейт. Бул жерде плебесцит өткөрүлүп, анын жыйынтыгы боюнча, Неополитан ээликтери Пьемонтко бириктирилип, Гарибальдинин армиясы таркатылат, Сардиния королу Виктор Эммануил Италиянын королу болуп жарыяланат. Бирдиктүү Италия королдугу расмий түрдө 1861-ж. жарыяланган. Италия королдугунун Конституциясына ылайык, Италия король тарабынан дайындалган сенаттан жана жогорку мүлктүк ценздин негизинде шайлануучу (калктын 2,5% ы гана шайлоо укугуна ээ болгон) депутаттар палатасынан турган парламенттүү конституциялык монархия болуп калган.

Австрия-Пруссия согушунда Австрия жеңилип калып, Венеция 1866-ж. Италия королдугуна кирген. Римдеги Папа облусу франк-прусс согушунун учурунда бириктирилген. Франк аскерлери Римден куулуп чыгарылгандан кийин Италия өкмөтү өз армиясын киргизген. Папа облусу Италия мамлекетинин курамына киргизилип, Рим анын борбору болуп калган. Ошондон кийин Папа өз бийлигин Ватикан соборунда гана сактап калган. Жыйынтыгында боштондук кыймылынын натыйжасында эки милдет чечилген: биринчиси, Италиянын түндүк-чыгыш бөлүгү Австриянын ээзүүсүнөн бошотулган; экинчиси, бирдиктүү Италия мамлекети түзүлгөн.

**Германиянын бириктирилиши.** XIX к. 50-жж. аягында немец буржуазиясы кайрадан мамлекеттик биримдик жөнүндөгү масе-

лени койгон. Ал боюнча Германияны бириктирүүнүн эки жолу бар эле. Биринчиси, Пруссиянын жетекчилиги менен, Австриясыз биригүү болчу. Аны түндүк-германиялык мамлекеттердин таасирдүү чөйрөлөрү колдошкон. Ага түштүк-германиялык мамлекеттер каршы турушуп, башка жолду сунушташкан. Алар Австриянын жетегинде Улуу Германиялык биригүүгө умтулушкан.

Италиядагы өлкөнүн басымдуу бөлүгүн бириктирүүгө мүмкүндүк берген окуялар Германиянын да бүйүрүн кызытып, өлкөнү бириктирүү кыймылына шылтоо болду. Пруссиянын өнөр жай өндүрүшүндөгү ийгиликтери анын улуттук биригүүдө өкүмдүк кылышын шарттаган. Ошентип, пруссиялык ландтагда өкмөт менен буржуазиялык оппозициянын ортосунда тирешүү күч алып, 1862-ж. конституциялык жанжалга алып келди. Оппозиция пруссиялык армияны кайрадан уюштурууга бөлүнүүчү акча каражаттарын бекитүүдөн баш тарткан. Ушундай кырдаалда Пруссиянын королу Вильгельм I князь Отто фон Бисмаркты (1815–1898) министр-президент (премьер-министр) кылып дайындайт. Көптөн бери саясатка аралашып жүргөн кайраттуу, зирек жана тажрыйбалуу князь Отто фон Бисмарк бийликке ээ болгондон кийин, ландтагды таратып, армияны реформалаган. Пруссияда жалпыга милдеттүү 2–3 жылдык аскердик кызмат өтөө милдети киргизилген. Армияга таянган Бисмарк пруссиялык Гогенцоллерндер династиясын сактоо менен, бирдиктүү Германияны түзүүгө киришкен. «Мамлекеттик маселе парламенттик чыгып сүйлөөлөр менен эмес, кан жана канжар менен чечилиши керек», – деген ал.



Отто фон Бисмарк (1815–1898).

Бисмарк Германияны бириктирүүдө адегенде калкынын басымдуу бөлүгүн немец эли түзгөн Гольштейнди жана Шлезвигди Даниядан тартып алууга умтулган. Ал 1864-ж. Данияга согуш жарыялаган. Бул согушта Даниянын армиясы пруссиялык-австриялык аскерлер тарабынан бат эле жеңилип калат да, Гольштейн Австрияга, Шлезвиг Пруссияга өткөн.

Эки жылга созулган согуштардан кийин түзүлгөн 1866-ж. 24-августтагы Париж тынчтык келишиминин шарты боюнча, Австрия Германияга гегемондук кылуу ниетинен баш тартат, Гольштейн менен Шлезвигдин Пруссияга өткөрүлүшүнө макул болот да, Германия союзунан чыгарылат. Германия союзунун ордуна Түндүк Германия союзу түзүлүп, ага Майн дарыясынын

түндүгүндө жайгашкан герман жерлери бүт кирген. Түндүк германиялык союзга кирген мамлекеттерде пруссиялык тартип орнотулган. Ал эми Бавария, Баден, Вюртемберг, Гессен-Дармштадт өңдүү түштүк германиялык мамлекеттер Түндүк Германия союзуна кирбей калган. Аларды бирдиктүү герман мамлекетинин түзүлүшүнө каршы болгон Франция калкалап турган.

Бисмарктын тымызын куйтулук иш-аракеттеринин натыйжасында 1870-ж. 19-июлда франк-прусс согушу башталып, ал Франциянын жеңилиши менен аяктаган. Жеңилген Франция менен тынчтык келишими түзүлө электе эле, 1871-ж. 18-январда Париждеги Версаль сарайында германиялык мамлекеттердин өкүлдөрү чогулган жыйында Германия империясынын түзүлгөндүгү, Пруссиянын королу Вильгельм I император болгондугу жарыяланган. Германия империясына 22 герман мамлекети жана үч эркин шаар өз династиялары жана өкмөттөрү менен кошо кирген. Ошентип Пруссиянын жетекчилиги астында жана монархиянын сакталышы менен, Германия бириктирилип бүткөн. Жалпы элдик кыймылдан кооптонгон жана чечкинсиз немец буржуазиясы республикалык түзүлүштөн баш тарткан. Натыйжада жарым-жартылай абсолюттук тартиптин тиреги болуп саналган юнкерлер менен буржуазиянын саясий союзу калыптанган.

Германиянын бириктирилиши өлкөнүн буржуазиялык өнүгүшүнө, анын экономикасынын жогорулашына өбөлгө болгон прогрессивдүү кадам болду. Ошентип, Европанын картасында немецтердин күч-кубаттуу улуттук мамлекети — Европадагы Англия, Франция жана Россия өңдүү улуу дөөлөттөрдүн эң күчтүү атаандашы пайда болгон.

**Европанын индустриялаштырылышы. Илимий-техникалык прогресс. Өнөр жай төңкөрүшү.** Табият таануу жаатындагы эң ири ачылыштар өнөр жайындагы техникалык прогресске негиз болду. Электр-магниттик индукциянын ачылышы электр энергиясынын механикалык кыймылга айланышына жол ачты. XIX к. техникалык жана технологиялык өнүгүүлөрдүн негизи болуп саналган табигый илимдердин өнүгүүсүнөн да алга озуп кеткен ***илимий изилдөөлөрдү интеграциялоо*** тенденциясы жаралды. Бул коомдук өнүгүүдөгү жаңыча көрүнүш эле.

Металлургияда англиялык инженер Бессемер *конвертерди* — чоюндан болотту өндүрүп алуу үчүн айланма мешти ойлоп тапты. Француз Мартен *болот эритүүчү меши* конструкциялады. XIX к. аягында *электр мештери* пайда болду. Өнөр жайындагы *энергия булагы өзгөртүлдү*. Мурдагы буу машина-

лары өркүндөтүлүп, эң кубаттуу жылуулук кыймылдаткычы — *буу турбинасы* түзүлдү. Электр тогун колдонуу энергетикада төңкөрүш жасады. Электр тогун иштетип чыгарып, алыскы аралыктарга жиберүү үчүн таш көмүрдүн, чым көндүн, сланецтин кубаттуулуктары кеңири колдонула баштады. *Электр кыймылдаткычы катары колдонула турган динамомашиналардын курулушу техникалык прогрессте чечүүчү мааниге ээ болду.*

Бир машинанын жардамы менен экинчи бир машинаны түзүү ар түрдүү станоктор менен жабдылган машина куруу заводдорун пайда кылды. XIX к. соңундагы машина куруу өнөр жайында станоктордун беш тиби болгон. Алар — *токардык, көзөөчү, жонуучу, фрезалык* жана *жылмалоочу* станоктор эле. Станоктордо иштөө анда аткарылуучу операциялардын жеңилдетилишине жана автоматтык процессорлорду пайдаланууга шарт түздү. Натыйжада 1873-ж. америкалык Х. Спенсер туңгуч автомат-станокту түзгөн болчу.

XIX к. адамзат тиричилигинде темир жол пайда болгон. Алгачкы темир жол транспорту 1825-ж. Англияда жүрө баштаган. XIX к. экинчи жарымында темир жол курулушу АКШда кеңири кулач жайган. Ал жакта 1869-ж. Атлантика океанынын жээктерин Тынч океандын жээктери менен туташтырган туңгуч трансконтиненттик темир жол курулган. Кыртыштуу жолдор жакшыртылган. Алгачкы шоссе жолу 1830-ж. Францияда пайда болгон. Шаардын ичинде жүрүүчү транспортто да өзгөрүүлөр болгон. XIX к. 80-жж. конкалардын ордуна трамвайлар келген. Деңиз транспорту да өнүктүрүлүп, пароходдор пайда болгон. Европалыктардын Америкага, Австралияга, Жаңы Зеландияга жер ооштурушу менен көлөмдүү кемелер пайда боло баштаган. 1864-ж. орустар Кронштадттан Ораниенбаумга баруучу кемелерге жол ачуучу алгачкы «Пилот» муз жаргычын, 1886-ж. англиялыктар алгачкы танкерди курушкан. Деңиз транспортунун өнүгүшү 1959–1969-жж. Суэц каналынын курулушуна түрткү болгон.

XIX к. байланыш каражаттары да өркүндөтүлгөн. 1844-ж. америкалык ойлоп табуучу Морзе телеграфтык аппаратты ойлоп тапкан. 1866-ж. узундугу 3240 *км* келген алгачкы трансатлантикалык кабель курулган. 1876-ж. америкалык А. Белл анчалык алыс эмес аралыкка угулуучу телефонду ойлоп тапкан. Андан көп өтпөй эле Э. Юз телефондун микрофонун, андан кийин Т. А. Эдисон коммуникациялык жабдууну ойлоп табышкан. 1887-ж. немец физиги Г. Герц электр-магниттик толкундарды жасалма жол ме-

нен жаратуу мүмкүнчүлүгүн ачкан. Орус окумуштуусу А. С. Попов зымсыз байланышуунун жолун ойлоп таап, 1895-ж. радио пайда болгон.

XVIII к. 80-жж. Англиядагы өнөр жай революциясы XIX к. биринчи жарымында Европанын калган өлкөлөрүнө жана Түндүк Америкага жайылган. XIX к. ортосунда Англияда фабрикалык өндүрүш басымдуулук кылып калган. 1826–1850-жж. Англиядан машиналарды ташып чыгаруу алты эсеге өскөн. Башка өлкөлөрдө негизинен мануфактура жана майда өнөр жай өндүрүшү басымдуулук кылып турган. Өнөр жай төңкөрүшү XIX к. 70–90-жж. гана аяктаган.

Францияда фабрикалар адегенде текстиль өнөр жайында пайда болгон. Ал жибек кездемелерди өндүрүү боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыгып, алар ички да, тышкы да базарда кеңири талап кылынган. Асем жасалга буюмдары француз экспортунда маанилүү роль ойногон. Фабрикалык өндүрүш акырындык менен металлургия жана машина куруу өнөр жайларына да киргизилген. Париж 1828-ж. газ менен жарык кылынып, көчөлөрү асфальттала баштаган. Франциянын экономикасы Экинчи империянын (1852–1870) тушунда өзгөчө дүркүрөп өнүккөн.

XIX к. 30-жж. герман мамлекеттеринде өнөр жай төңкөрүшү жүргөн. Ага дыйкандардын жакырдануусунан улам эркин жумушчу күчүнүн жаралышынын, ири капиталдын топтолушунун, шаар калкынын өсүшүнүн жана сатып алуу таламдарынын арбышынын натыйжасында мүмкүнчүлүк ачылган болчу. Фабрикалык өндүрүш Саксониянын, Рейн-Вестфаль районунун, Силезиянын пахтадан кездеме токуу өнөр жайында пайда болгон. XIX к. ортосунда шоссе жолдорун куруу иштери башталып, Берлинде жана Рурда ири машина куруу борборлору түзүлө баштаган. Чехияда, Австрияда, Италияда, Испанияда да машиналар колдонула баштаган. Булардагы өнөр жай төңкөрүшү да адегенде текстиль өнөр жайында, андан кийин металлургияда жүргөн.

Өнөр жай төңкөрүшү коомдун агрардык өнүгүү шартынан индустриялык өнүгүү жолуна түшүшүнө шарт түздү. Айыл чарбасындагы капиталисттик өндүрүштүк мамилелер баарынан мурда Англияда жана Голландияда пайда болуп, андан соң Францияга, Италиянын түндүгүнө, алардан кийин Европанын башка аймактарына жайылтылган.

**Экономикалык кризистер.** Өнөр жай төңкөрүшү жана экономиканы индустриялаштыруу ашыра өндүрүү, күтүүсүз төмөндөө, жумушсуздуктун өсүшү менен коштолгон ***экономикалык кризис-***

***терге*** алып келди. Ал эми мамлекеттер ортосундагы экономикалык жана соода-сатык байланыштары бул кризистердин дүйнөлүк мүнөздө болушун шарттады. Ошентип, *алгачкы дүйнөлүк экономикалык кризис* **1857-ж.** болгон. **XIX к. 70-жж.** европалык өлкөлөргө америкалык арзан нандын келишинен улам пайда болгон *дүйнөлүк агрардык кризис* Европанын экономикасына катуу сокку урган.

Европа өлкөлөрүнүн экономикасы XIX к. бир кылка эмес өнүгүп, бир кыйла өнүккөн өлкөлөрдүн тобундагы күчтөрдүн катышы оош-кыйыш болуп өзгөрүп турган. Эгерде XIX к. биринчи жарымында Англия дүйнөлүк өнөр жай өндүрүшүндө биринчи орунду ээлеп турган болсо, XIX к. соңунда АКШдан жана Германиядан кийинки үчүнчү орунга, ал эми Франция экинчи орундан төртүнчү орунга түшүп калган.

**Монополиялардын түзүлүшү.** Өнөр жай төңкөрүшүнүн аякташы менен батыш өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө *өндүрүштүн жана капиталдын топтолуу процесси* тездеген. Капиталы чектелүү болгон айрым ишканалар айыгышкан атаандаштыкка туруштук бере алышкан эмес. Ошонун натыйжасында экономиканын бүтүндөй бир тармагын көзөмөлдөшкөн ***картель, синдикат, трест*** түрүндөгү акционердик коомдор пайда болгон.

Германиядагы Рейн-Вестфаль таш көмүр синдикаты өлкөнүн көмүр өндүрүү өндүрүшүнүн басымдуу бөлүгүн топтогон. «Жалпы электрлештирүү компаниясы» (АЭГ), «Сименс» тресттери электр-техникалык өнөр жайындагы, Крупп жана Штумм деген ишкерлер аскердик өндүрүштөгү монополисттер болушкан. Франциянын металлургия өнөр жайы «Комите де форж» жана «Шнайдер-Крезо» компанияларына топтолгон. Англияда Виккерстин жана Армстронгдун концерндери жана Англ-Иран нефти компаниясы маанилүү ролду ойношкон. АКШдагы металлургия жана нефти өндүрүү иштерин Моргандын болот өндүрүү корпорациясы жана Рокфеллердин нефти тресті жүргүзүп турган.

Каржы чөйрөсүн эң ири банктар монополияга айландырып алышкан. Банк капиталын өнөр жай капиталы менен бириктирип алуунун негизинде *каржылык олигархия* түзүлгөн. Алар өз өлкөлөрүнүн ички жана тышкы саясаттарында өтө таасирдүү болушкан. Бара-бара бул монополияларга улуттук чектерде иш жүргүзүү тардык кылып, эл аралык монополиялар түзүлө баштаган.

XIX к. соңунда дүйнө жүзүндөгү көптөгөн өлкөлөрдүн эли индустрияга чейинки өнүгүү стадиясында жашаса да, алдыңкы

өнөр жайлуу өлкөлөрдөгү капитализм колониялык саясат, капиталды экспорттоо, соода-сатык жүргүзүү, транспорттук байланыш аркылуу аларды дүйнөлүк базарга тарткан. Натыйжада, *чарба жүргүзүүнүн дүйнөлүк капиталисттик системасы калыптанган.*

### Суроолор:

1. Италия кандайча бириктирилген? Ж. Гарибальди деген ким болгон?
2. Германияны бириктирүүдө Отто фон Бисмарк кандай роль ойногон?
3. XIX к. илимий-техникалык прогресс эмнеден көрүнгөн?
4. Илимий-техникалык төңкөрүш эмнеге алып келди жана эмне үчүн?
5. Эмне үчүн монополиялар түзүлгөн? Алар кайсылар?

## § 2. Европанын XIX к. соңундагы – XX к. башындагы саясий жана социалдык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү

**Саясий өнүгүүсү.** XIX к. 70-жж. Батыш Европада улуттук-боштондук кыймылдардын жана революциялардын мезгили аяктаган. Европа өлкөлөрүндө конституциялык монархия же республика түрүндөгү буржуазиялык улуттук мамлекеттер түзүлгөндөн кийин алардын социалдык-экономикалык өнүгүүлөрүндө эволюциялык мүнөз басымдуулук кылып калган. Эки же көп партиялуу негиздеги парламенттик система калыптанган. Ал парламенттик трибуна калктын кеңири катмарларынын таламдары жана талаптары жөнүндө билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген. Ошентип, Европада укук жана башкаруу принциптерин түшүнгөн, өз алдынча ой жүгүртө билген жарандык коом калыптанган. Саясий турмушта күч-кубаттуу мамлекеттин коргоосуна кызыкдар болгон өнөр жай буржуазиясынын ролу жогорулаган. Ал мамлекеттик аппаратты, партияларды, ишкерлер союзун жана башка көмөкчү уюмдарды тейлеп турган.

Англияда парламенттик монархия жана эки парламенттик система иш жүргүзгөн. Бийликке кезек-кезеги менен либералдар жана консерваторлор келип турган. Министрлер кабинети жетектеген аткаруу бийлиги жана администрациялык аппарат чыңдалган.

Францияда 1870-ж. республикалык түзүлүш орнотулганы менен монархиячылардын таасири күчтүү болчу. Демократиялык маанайдагы француз буржуазиясы республиканы чыңдоо үчүн узакка созулган күрөш жүргүзгөн. 1875-ж. Үчүнчү республиканын Конституциясы кабыл алынган. Ал боюнча эки палаталуу парламент түзүлгөн. Мамлекет башчысы парламенттеги

палаталар тарабынан шайланган президент болгон. Франция республиканы орнотуу жана аны демократташтыруу үчүн жүргөн күрөш жолунда XIX к. аягында бир нече олуттуу саясий кризистерди башынан кечирген.

Германияда 1871-ж. кабыл алынган Конституция боюнча, аткаруу бийлиги жана мыйзам чыгаруу бийлигинин жарым-жартылайы императордун колуна топтолгон. Жогорку өкүлчүлүк орган рейхстаг болгон. Ал жалпы шайлоо укугунун негизинде шайланган. Парламенттин төмөнкү палатасында даярдалган мыйзамдар жогорку палатада жана император тарабынан бекитилген. Император өзүнө гана жооптуу союздук министрди — канцлерди дайындаган. Пруссияда жергиликтүү ландтагга шайлоодогу үч класстык шайлоо мыйзамы сакталып калган.

Италияда буржуазиялык монархия чыңдалып, Мыйзам чыгаруу бийлиги королдун жана парламенттин колунда болгон. Парламент сенаттан жана өкүлдөр палатасынан турган. Мамлекеттин жогорку кызмат адамдарын король дайындаган жана кызматтан алган, парламентти таркатууга да укуктуу болгон. Шайлоо укугуна оокат-мүлктүү калктын өтө тар чөйрөсү гана ээ болчу.

Батыштын көпчүлүк өлкөлөрүндөгү социалдык карама-каршылыктар, жалпы элдик кыймылдардын өсүшү башкаруучу чөйрөлөрдү саясий түзүлүштү демократташтырууга, эң биринчи кезекте, шайлоо укуктарын кеңейтүүгө аргасыз кылды. Англиядагы шайлоо укугун реформалоонун натыйжасында майда буржуазиянын жана жумушчу табынын жогорку катмарындагылардын эсебинен шайлоочулардын саны арбыган. Италиядагы шайлоо укугун реформалоо (1882) орто жана майда менчик ээлерине шайлоо укугун берген. Германияда демократиялык күчтөрдүн Пруссиядагы үч класстык шайлоо системасын жоюу үчүн күрөшү жүргөн.

XX к. башында бийликке коомго жетекчилик кылуунун жаңыча ыкмаларын колдонуу керектигин түшүнгөн, жаңыча формациядагы саясатчылар келишип, социалдык реформаларды жүргүзүшкөн. Ошентип, индустриялык коомдун калыптануу мезгилинде башкы позицияны ээлеген либерализмдин негизинде буржуазиялык реформизм жаралган. Коомдогу социалдык чыңалууну басаңдатуу максатында бир катар реформалар жүргүзүлгөн. Либерализм анчалык өнүкпөгөнү менен, реформаларга муктаждык бышып жетилген Германияда консервативдик мүнөздөгү реформалар жүргүзүлгөн.

**Социалдык түзүм.** Индустриялаштыруунун жүрүшүндө европалык коомдун социалдык түзүмү да өзгөргөн. Өнөр жай жана банк ишмердүүлүктөрүн бириктирүүнүн натыйжасында үй-бүлөлөрдүн жана адамдардын тар чөйрөсүн камтыган *каржылык аристократия* калыптанган. Ал каржылык аристократия батыш коомунун элитасын түзүп калган. Франциянын күч-кубаттуулугунун символу Француз банкын көзөмөлдөгөн «200 үй-бүлө» болгон. Каржылык аристократиянын психологиясында чектен ашкан индивидуализм жана «өзүндөйлөр» менен гана байланышта болуу сезими калыптанган. Коомдо эзелтен бери келаткан аристократиянын өкүлдөрү басымдуу ролду ойношкон. Англияда, Германияда, Италияда, ал тургай, феодалдык доордон радикалдуу түрдө чыгып кеткен Францияда да алар үчүн бийликке да, бизнеске да жол ачык болгон. Буржуазиялык катмардан чыккандар алар менен жакындашууга умтулушкан.

Индустриялык коом ишкердик үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Ушул кезде буржуазияны, чиновниктерди, интеллигенцияны бириктирген ортоңку таптын зор катмары жаралган. Алар билимдүү, иштей билген, тажрыйбасы мол зирек адамдар эле. Алар үчүн баюу таламы иштөө таламы менен айкалышып турган, алар жашоонун маани-маңызын өздөрү жактырган иштен көрүшкөн.

Өнөр жай төңкөрүшүнүн натыйжасында өндүрүш каражаттарынан ажырап калган жумушчу табы калыптанган. Материалдык байлыктын негизги түзүүчүлөрү жалданма жумушчулар болуп калган. Машиналардын колдонула баштшы аялдардын жана балдардын эмгегин пайдаланууга шарт түзгөн. Квалификациялуу жана квалификациясы жок жумушчулардын эмгек акыларындагы айырма өтө чоң болгон.

Батыш өлкөлөрүндөгү эмгекке жарамдуу калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасында эмгектенген. Англияда дыйкандар дээрлик жок болуп кеткен. Аларды ижарачылар жана айыл чарба жумушчулары алмаштырышкан. Калган өлкөлөрдө, айрыкча Францияда, бай дыйкандар жана фермерлер көбөйгөнү менен, мурдагыдай эле кедей дыйкандар көп болгон.

**Демографиялык процесстер.** Индустриялаштыруу, айыл чарба өндүрүшүнүн өндүрүмдүүлүгүнүн артышы адамдардын тамак-аш продуктуларына болгон керектөөлөрүнүн канааттандырылышына, калктын санынын өсүшүнө шарт түздү. Ошентип, алгачкы «демографиялык жарылуу» болду. Европанын калкы XIX к. эки эсеге көбөйүп, 1900-ж. 400 *млн* адамдан ашып кет-

кен. Анын себеби өлүмдүн азайышы жана төрөлүүнүн көбөйүшү менен түшүндүрүлөт. Бирок XIX–XX кк. чегинде төрөлүү тенденциясы кескин түрдө түшүп кеткен. Англия, Германия, Италия, Испания, Швейцария, Бельгия, Голландия өлкөлөрүндө, Скандинавия жарым аралындагы мамлекеттерде төрөлүүнүн жана өлүмдүн азайышын, өмүр сүрүүнүн узарышын билдирген *демографиялык революция* башталган. Францияда демографиялык революция андан жүз жыл мурда эле, XVIII–XIX кк. чегинде башталган болчу. Ал Улуу француз революциясынын натыйжасындагы өзгөрүүлөргө жана наполеондук согуштардын кесепеттерине байланыштуу болгон эле.

Батыш Европа өлкөлөрү үчүн кеч үйлөнүү мүнөздүү көрүнүш. XIX к. соңунда бул өлкөлөрдөгү никеге туруу курагы 25–28 жаш болгон. Ушул кезде социалдык жана маданий прогресске байланыштуу баланын төрөлүшүн аң-сезимдүү түрдө жөнгө салган үй-бүлөлөрдүн жаңы тиби калыптанган. Бала бай жана орто катмардагы үй-бүлөлөрдө аз төрөлгөн да, кедей, квалификациясыз үй-бүлөлөрдө көп төрөлгөн.

Үй-бүлөлүк никелешүү мамилесинде никеге турууну стабилдүү эместиги мүнөздүү боло баштаган. Ошентсе да XIX к. ажырашуу процедурасы өтө кымбат жана узак мөөнөттүү процесс болгондуктан, байлар гана ажыраша алышкан. Нике көбүнчө эркектин каалоосу боюнча бузулган. Аялдар экономикалык өз алдынчалыкка ээ боло баштагандан тартып, алар да демилге көтөрүүгө укуктуу боло баштashкан.

**Калктын жер оошторуусу (миграциясы).** XIX к. жапырт жер оошторуу кыймылдарынын кылымы болуп саналат. Адамдардын жер оошторуусунун же миграциясынын себептери ар түрдүү. Алар – экономикалык, саясий, улуттук, диний себептер.

Жаңы жерлердеги байлыктар, жер мейкиндиктери жаңы жумушчу колдорун талап кыла баштаган. АКШнын, латын америкалык өлкөлөрдүн мыйзам актылары иммиграцияны (башка өлкөдөн узак мөөнөткө же биротоло жашоо үчүн көчүп келүү) колдогон. Чет өлкөлүктөрдү тартуу түйүндөрү уюштурулуп, жер оошторууну колдогон коомдордун кенири тармагы түзүлгөн. 1800–1900-жж. Европадан Америкага 28 *млн* адам эмиграцияланган. Мигранттардын саны боюнча, ушул жылдары 13 *млнго* жакын кишиси көчүп кеткен Англия биринчи орунда турган. Жер оошторуучулук кыймылдын башкы мааниси — алар жумушчу күчтөрүнө муктаж болгон өлкөнүн экономикалык өнүгүшүн тездеткендигинде, жаңы жерлерди колонияга айлан-

дыргандыгында, ар кайсы региондорду дүйнөлүк чарба жүргүзүү системасына тарткандыгында. XX к. башында Англиядан жана Германиядан миграциялангандардын саны кескин кыскарганы менен, Италиядан, Балкан өлкөлөрүнөн жана Чыгыш Европадан келүүчүлөрдүн саны арбыган. Баш ийдирип алыш үчүн өнүккөн өлкөлөрдөн экономикалык жактан артта калган өлкөлөргө көчүп баруу кыймылы күчөгөн. Франциядан Түндүк Африкага жер ооштуруу мына ушундай мүнөздө эле. Европалык миграциянын натыйжасында Түндүк жана Латын Америкасынын, Австралиянын жана Океаниянын калкы көбөйгөн.

**Урбанизация.** Өнөр жай өндүрүшүнүн тездик менен өнүгүшү *урбанизация кыймылын* күчөткөн. *Урбанизация*, бул – калктын жана экономикалык өнүгүүнүн шаарларга топтолушу, айыл тургундарынын азайышынын эсебинен шаар калкынын санынын өсүшү. Өлкөнү индустриялаштыруу менен тыгыз байланыштуу болгон *урбанизация процесси* адегенде Англияда башталган. XIX к. ортосунда Англиянын шаарларында калктын жарымынан көбүрөөгү жашаган болсо, XX к. башында 2/3 бөлүгү жашап калган.

Айыл калкынын шаарларга агылып келиши менен, өндүрүштүн өнүгүшүнө өбөлгө болгон эмгекчилердин резервдик армиясы көбөйгөн жана керектөөчүлөр арбыган. 1880–1914-жж. 60 *млн* европалыктар айыл-кыштактардан шаарларга көчүп барышкан. 1900-ж. Европада миллиондон ашуун калкы бар 13 шаар болгон.

Урбанизация процесси чачкын түрдө жүргөндүктөн, көзөмөлдүк кылууга мүмкүн болбой, кылмыштуулук, аракечтик, бузукулук, психикалык жактан бузулуулар өңдүү ар кандай социалдык илдеттер жайылган. Шаарлардын жаратылыш чөйрөсүнүн бузулуусу экологиялык кризиске алып келген. Ошондуктан шаардык бийликтер шаарларды жакшыртуу процессине көбүрөөк көңүл бура башташкан. Анткени медицинанын өнүгүшү эпидемия козгогучтарды аныктоого мүмкүндүк берип, аларды таратуучулар жакыр, ыплас шартта жашаган кедей кварталдардын калкы болгондуктан, чөйрөнү тазартуу талап кылынган.

Шаарларды пландаштыруу өзгөргөн. Шаарларга кеңири көчөлөр — проспекттер салына баштаган. Жаңыча стилдеги коомдук имараттарды — дүр-дүнүйө дүкөндөрүн, китепканаларды, көргөзмө залдарын, спорттук курулуштарды куруу талабы өскөндүктөн, курулуш техникасында да өзгөрүүлөр болуп, жаңы курулуш материалдары — металл, айнек, бетон пайда болду.

**Агартуу.** Техникалык прогресс жана ага байланыштуу машиналык өндүрүшкө өтүү сабаттуу, квалификациялуу жумушчуларды талап кылгандыктан, батыш өлкөлөрүндө XIX к. экинчи жарымында *жалпыга бирдей башталгыч окутуу* киргизилген. Кылымдын соңунда билимдүү эркектердин саны алардын жалпы санынын 75–90%ын түзгөн. Жалпы башталгыч билим берүүчү мектепте балдарды окууга, жазууга үйрөтүшчү, арифметика боюнча жөнөкөй түшүнүктөр берилчү, тарых жана диний билимдер окутулчу. Бул мектепте билим минимумун жаттап окуу мүнөздүү болгон.

Жетиштүү үй-бүлөлөрдүн балдарынын орто билим алууга мүмкүнчүлүгү болгон. Өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүшү менен, гуманитардык багыттар менен бир катарда математиканы, физиканы, химияны окутууга көбүрөөк көңүл бурулган техникалык жана атайын окуу жайлары ачылган. Кедейлердин балдары эрте жашынан баштап иштөөгө мажбур болушуп, окуу акысы кымбат болгондуктан, окуй алышкан эмес.

Орто мектепти бүткөндөн кийин жогорку окуу жайларынан окуп, инженердик, агрономдук, мугалимдик жана врачтык адистикке ээ болууга мүмкүн болгон. Дээрлик бардык жогорку окуу жайларындагы билим берүү үчүн акы төлөтүлгөн. Ал эми аялдар жогорку билим алууга укуксуз болчу.

**Турмуш-тиричилик.** Батыш европалыктардын рационунда эт азыктарынын жана жер-жемиштердин пайызы көбөйгөндүктөн, тамак-аштын сапаты арткан. Ошону менен бирге эле спирт ичимдиктерин жана тамекини колдонуу да көбөйгөн. Германияда 1870–1913-жж. тамекинин бир адамга эсептелген жылдык үлүшү 1ден 1,6 *кг* чейин өскөн. Кофе жалпы элдин жагымдуу тамагына айланган, арийне, бай эмес адамдар жасалма кофени ичүү менен канааттанышкан.

Жетиштүү үй-бүлөлөр кымбат эмеректер менен жабдылган заңгыраган менчик үйлөрдө, квартираларда жашашчу. Алар жашаган үйлөрүнүн ички жасалгасын мезгилге жараша көркөм стилдердин өзгөрүүсү боюнча алмаштырып турушчу. Наполеондун тушундагы доордун эмеректери геометриялык оюучийүүлөр менен коздолгондугу, салмагынын оордугу менен айырмаланып турат. Үй ичи расмий салтанаттуулукта жасалганачу. XIX к. ортосундагы эмеректер кыйла жеңил болуп, тукаба, баркыт менен кештелене ыксыз коздолуп жасалган (экинчи *рококо*). Ал эми кылымдын соңундагы *«модерн»* сүйрү формадагы, ассиметриялуу жасалган эмеректерди жаратты.

Үйдү жасалгалоодо бакубат жана байгерчиликте жашоо мүнөзү баса белгиленип, ички жасалгасынын тону күңүрттүрөөк түстө болуп, жарашыктуу бүктөмдөр, бүйүрмөлөр менен кооздолгон эмеректер урунулган.

Кийим-кечелерди ордо сарайдын көрсөтмөсү боюнча кийинүү адаты калып, буржуазиялык стилдеги кийимдер кийиле баштады. Эркектердин костюму иштегенге ыңгайлуу, тыкан тигилип, иш-милдеттерине жараша бөлүнгөн. Алсак, пиджак жана жакет жумушка кийилип, фрак салтанаттарда кийилүүчү майрамдык кийимге айланды. XIX к. аягында Англиядан чыккан *смокингдер* мода боло баштаган. Ал эркектердин клубуна, театрга, ресторанга барганда кийилчү.

Аялдардын кийимдери ар түрдүүлүгү менен айырмаланып турчу, ошондой эле ал анын күйөөсүнүн бардарлыгын, ишинин ийгилиги артып тургандыгын көрсөтүп турууга тийиш болчу. XIX к. башында аялдардын көйнөгүнүн этеги көкүрөктүн алдынан чыгарылып, бүйүрмөлөнүп тигилген, этеги жана жеңдери ар түркүн воландар менен кооздолгон туника түрүндө эле. Аялдар кымбат баалуу асем шуру-мончокторду тагынышчу. Кылымдын ортосунда кийимдеринин модасына Францияда башталган Экинчи империянын стили кирген. Ал боюнча, аялдардын кийимдери ашкере кооздолуп тигилген. Ушул кезде белинен бүйүрмөлөнүп тигилген юбкалар кийиле баштаган. Ал *кринолин* деп аталчу. Кринолиндин ичинен катар-катар ички юбкалар же болот обручтар кийилчү. Аялдардын кийимдерин алтындалган жиптен токулган тордомолор менен кооздоо өзгөчө модага айланган. XIX к. аягында транспорт каражаттарынын (автомобиль, трамвай) пайда болушу жана дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн жасала башташы менен, аялдардын кийимдери жөнөкөйлөштүрүлө баштаган. Аялдардын тең укуктуулукка умтулуусу, билим алуу укугуна ээ болуш үчүн күрөшү алардын кийимдеринин өзгөрүшүнүн маанилүү фактору болгон. Ушул кезде аялдардан кызматкерлер, врачтар, мугалимдер чыга баштаган. Ошондуктан тиричиликке юбка, блузка, юбкадан жана жакеттен турган костюм, пальто кирген.

Карапайым адамдар иштегенге тоскоолдук кылбай тургандай жана каражаты жеткен кийимдерди кийинишкен. Ошентип улуттук кийимдердин ордуна жалпы европалык шаардык типтеги кийимдер кийиле баштаган. Аларда деле ар түрдүү оймочиймелер, кооздуктар сакталып калган.

**Суроолор:**

1. Батыш европалык алдыңкы өлкөлөрдүн XIX к. соңундагы – XX к. башындагы саясий түзүлүштөрү кандай болгон?
2. Буржуазиялык реформизм деген эмне жана ал кандай негизде жүргүзүлгөн?
3. Социалдык түзүмдө кандай өзгөрүүлөр болгон?
4. Демографиялык процесстин өзгөчөлүктөрү эмнеде?
5. Урбанизация деген эмне, анын социалдык натыйжалары кандай?
6. Агартуу ишинде кандай өзгөрүүлөр болгон?
7. Тиричиликте кандай өзгөрүүлөр болгон?

## § 3. Жумушчу жана социалисттик кыймыл

**Жумушчулардын социалдык укуктары үчүн күрөшү.** Кол эмгегинен машиналык, фабрикалык-заводдук өндүрүшкө өтүү өндүрүш каражаттарынын ээлерине көз каранды болгон жумушчулардын абалын ого бетер оордотту. Өнөр жай ишканаларында бир күндүк жумуш убактысы 14–16 саатка созулуп, эмгек акысы төмөн болгон, ошондой эле эркектердикине караганда эмгек акы аз төлөнгөн аялдардын жана балдардын эмгеги кеңири пайдаланылган.

Өнөр жай төнкөрүшү башталган кезден тартып, Англиядагы жумушчулардын нааразылык көрсөтүү кыймылдары башталган. Анын бир түрү техниканы талкалоо жана фабриканын имаратын өрттөп жиберүү эле. Эл арасында айтылган кепке ылайык, жакырдыктын күнөөкөрү деп эсептеп, биринчи болуп станокту талкалаган жумушчу Нед Лудд болгон. Ошондуктан жумушчулардын арасына жайылган эң алгачкы жалпы кыймыл *луддизм* деп аталган. Бирок ал кыймыл машиналарга эмес, алардын кожоюндарына каршы багытталган кыймыл болгон. Англиялык парламент, ишкерлердин талабы боюнча, машиналарды талкалаганы үчүн өлүм жазасын киргизүү жөнүндө жана луддчулардын кыймылын ырайымсыздык менен басуу жөнүндө мыйзам кабыл алат. Ал мыйзамга ылайык, 40 луддчу өлүм жазасына тартылган.

Германиядагы силезиялык токуучулардын 1844-ж. көтөрүлүшү Батыш Европадагы 1848–1849-жж. революциялык окуялардын чыгышына зор чакырык болгон. Силезиялык токуучулардын кыймылы атайылап даярдалбастан эле, күтүүсүз жерден чыгып кеткен. Фабриканын ээсинин терезесинин тушунда ырдап отурган жумушчуну кожоюн түрмөгө отургузуп коёт. Ал жумушчунун жоро-жолдоштору анын бошотулушун жана эмгек акынын көбөйтүлүшүн талап кылып, кожоюнга келишет. Ошондо жумушчулардын талабын орундатмак тургай,



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА

кайра аларга орондоп бир тийген кожоюнга жиндери келген жумушчулар анын үйүн, кеңсесин жана кампаларын өрттөп салышат. Ошентип ал көтөрүлүшкө айланып, коңшу аймактарга да жайылып кетет. А бирок бул көтөрүлүш да туруктуу армия тарабынан ырайымсыздык менен басылып, 150дөй жумушчу түрмөгө камалат.

Мына ошондон кийин жумушчулар өздөрүнүн жашоо-турмуштук таламдарын коргоодо терең ойлонуштурулган, максаттуу иш-аракетке өтүшөт. Натыйжада алгачкы жалпы элдик жумушчу партиясы — *Улуттук чартисттик ассоциация* — түзүлөт. Ошентип алгачкы уюмдашкан жумушчу кыймылы Англиядагы *чартисттик кыймыл* болду. Бул кыймыл парламенттин эркектерге шайлоо укугун берүүнү талап кылган Элдик хартияны кабыл алышы үчүн күрөшкөн. Бирок чартисттердин бул петициясын парламент четке каккан. Ага карабастан, чартисттер өкмөттү жумушчулардын талабы менен келишүүгө мажбур кылышкан. Ошентип, 1847-ж. 10 сааттык жумуш күнү жөнүндө мыйзам кабыл алынган, жумушчулардын айрым категорияларынын эмгек акылары көбөйтүлгөн.

**1871-ж. Париж Коммунасы.** XIX к. 70-жж. француз жумушчуларынын кыймылы өтө курчуган. 1870–1871-жж. франк-прусс согушунда Франциянын жеңилип калышы революциялык кырдаалдын түзүлүшүнө өбөлгө болду. 1871-ж. 18-марттагы көтөрүлүштүн чыгышына А. Тьердин өкмөтүнүн Париж калкынын аскердик уюму болгон Улуттук гвардияны куралсыздандыруу чечими түрткү болду. Улуттук гвардиянын Борбордук Комитети көтөрүлүшкө жетекчилик кылуучу Убактылуу революциялык өкмөткө айланды.

1871-ж. 26-мартта Париж Коммунасынын Кеңешине мүчөлөрдү шайлоо болуп, 28-мартта Париж Коммунасы салтанаттуу түрдө жарыяланды. Бул жаңы бийлик мурдагы бийлик аппаратын жоё баштады. Адегенде эле рекруттук тандоого негизделген туруктуу армияны жоюп, анын ордуна Улуттук гвардияны койду; министрликтердин ордуна 10 комиссияны түздү; элдин абалын жакшыртууга багытталган квартира акы үчүн карыздарды жоюу жөнүндө, түнкү наавайканаларды жоюу жөнүндө, күрөөгө коюлган буюм-тайымдарды ээлерине акысыз кайтарып берүү жөнүндө, ээсиз калган мастерскойлорду жумушчу ассоциацияларына өткөрүп берүү жөнүндө декреттерди кабыл алды. Коммуна маданият жана билим берүү жаатында да бир катар иш-чараларды жүргүздү: мамлекеттен чиркөөнү бөлүү

жана кечилдик ордендердин мүлктөрүн мамлекетке өткөрүү жөнүндө декреттер кабыл алды.

Париж Коммунасы 72 күн өкүм сүрдү. Анын 1871-ж. 28-майындагы кыйроосу террорчулуктун болуп көрбөгөндөй күч алышы менен коштолгон. Атылгандардын, сүргүнгө айдалгандардын, түрмөгө отургузулгандардын жалпы саны 70 миң адамга жеткен.

**Жумушчулардын социалдык жеңип алуулары.** Жумушчулар туруктуулук менен күрөшүүнүн натыйжасында XIX к. аягында өздөрүнүн турмуштук абалдарын бир аз болсо да жакшыртууга, саясий укуктарын кеңейтүүгө жетишишти. Бир катар өлкөлөрдө эмгек шартын жана эмгек акынын өлчөмүн жөнгө салып турган фабрикалык-заводдук мыйзам актылары кабыл алынган. Жумушсуздук боюнча жана өндүрүштө алган майыптык боюнча, ооруга байланыштуу жөлөк пулдар, карылыгы боюнча пенсиялар киргизилди. Өнүккөн өлкөлөрдөгү жумуш күнү 9 саатка чейин кыскартылган жана дем алыш күндөрү киргизилген. Жумушчуларга байланыштуу мыйзам актылары боюнча эл аралык конгресстер чакырыла баштаган. Профсоюздардын ишмердүүлүктөрү легалдаштырылган XIX к. 30-жж. Англиядагы экинчи жана үчүнчү шайлоо реформалары жумушчуларга парламенттик шайлоолорго катышуу үчүн укук берди. Германиянын 1871-ж. конституциясы 25 жашка толгон эркектердин баарына тең шайлоо укугун берген. Ал эми Франциядагы 1875-ж. конституция боюнча эркектер 21 жашка толгондон тартып шайлоо укугуна ээ болушкан.

**Социалисттик кыймылдын башталышы.** Эмгекчил адамдардын жакыр турмушта эптеп күн көрүп жатышы интеллигенциянын өкүлдөрүнүн наразылыгын туудуруп, алардын жакшы коом жөнүндө ой-сезимдерин ойготкон. Ошентип социалисттик (латынча *socialis* – коомдук) идеялар жарала баштаган. Өздөрүн социалисттербиз деп эсептешкен француздар **Анри Сен-Симон, Шарль Фурье,** англис **Роберт Оуэн** капитализмди сынга алышып, эмгек продуктуларын адилеттүүлүк менен бөлүштүрүүгө үндөшкөн, бирок ошондой жаңы коомго өтүүнүн жолун аныктап көрсөтө алышкан эмес.


К. Маркс.

Пролетариаттын күрөшүн илимий жактан **Карл Маркс** менен **Фридрих Энгельс** негиздеп бере алышкан. Алар капиталисттик түзүлүштүн адилетсиздигинин башкы себеби анын *өндүрүш каражаттарына болгон жеке*



Ф. Энгельс.

*менчикке негизделгендигинде* деп эсептешкен. Жумушчулар революциялык теория менен куралданышканда гана саясий бийликке ээ болушмак, жеке менчикти коомдук менчик менен алмаштыра алышмак жана эксплуатациясы жок жаңы коомду кура алышмак. Ал эми бул максатка жетиш үчүн жумушчуларга эң күчтүү уюм, саясий партия керек болгон.

*I Интернационал.* XIX к. 50-жж. аягында жумушчу кыймылы күч ала баштаган. Жумушчулар тыюу салууларга карабастан, иш таштоолорго чыгышкан, ар кайсы өлкөлөрдүн жумушчуларынын ортосунда байланыштар чыңдалган. Профсоюздук уюмдар, өз ара жардамдашуу кассалары пайда болгон. Мына ушундай кырдаалда 1864-ж. 28-сентябрда Лондондогу англис, франк, немец, италян жумушчулары катышкан митингде эл аралык саясий партияны — I Интернационалды — Жумушчулардын эл аралык шериктештигин түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. I Интернационалдын түзүлүшү менен жумушчулардын аң-сезими өскөн, алар мурдагыдан да тыгыз байланышта болуп калышкан. Европа өлкөлөрүндө жана АКШда I Интернационалдын секциялары түзүлгөн. Алар гезиттерди, брошюраларды жана башка адабияттарды чыгарышкан, улуттук негиздеги өз алдынча жумушчу партияларынын түзүлүшүнө өбөлгө болушкан. I Интернационал иш таштоо кыймылдарына колдоо көрсөткөн, жумушчулардын экономикалык жана саясий маселелерди талкуулаган кеңешмелерине жана съезддерине катышкан, профсоюздар, кооперативдик жана башка уюмдар менен тыгыз байланышта болуп, жумушчулардын саясий күрөштөгү тажрыйбасын байыткан. I Интернационал анын Башкы Кеңешинин чечими менен 1876-ж. таркатылган.

*II Интернационал.* XIX к. 70–80-жж. көптөгөн өлкөлөрдө социалисттик жумушчу партиялары пайда болгон. 1875-ж. Германияда **А. Бебель** жана **В. Либкнехт** жетектеген социал-демократиялык партия түзүлгөн. 1876-ж. АКШда социалисттик партия уюшулган. 1879-ж. Францияда түзүлгөн жумушчу партиясынын жетекчилери Ж. Гед жана П. Лафарг болгон. Англияда, Австрия-Венгрияда, Италияда, Бельгияда, Голландияда жана Скандинавия өлкөлөрүндө пролетардык саясий партиялар пайда болгон. Профсоюздар жалпы элдик уюмдарга айланган.

Жумушчу кыймылынын уюмдашуусунун өсүп-өнүгүшү эл аралык пролетардык жаңы уюмдун — II Интернационалдын түзүлүшүн шарттаган. II Интернационал 1889-ж. 14-июлда Париждеги эл аралык социалисттик конгрессте мезгил-мезгили менен чакырылып туруучу эл аралык конгресс катарында түзүлгөн. Анда жумушчу кыймылынын тажрыйбасы жалпыланып, бир кыйла актуалдуу коомдук проблемалар боюнча чечимдер кабыл алынып турган. II Интернационал жумушчулардын күрөшүү ыкмаларын жана анын жаңыча жолдорун иштеп чыгууга зор салым кошкон. Анын конгресстеринде социалдык мыйзам актылары боюнча маселелерге — 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү, бирдей эмгек үчүн бирдей акы төлөө, жумушчулардын эмгек жана тиричилик шарттарын жакшыртуу өңдүү маселелерге артыкча көңүл бурулган. 1889-ж. Париж конгрессинин чечими боюнча пролетардык тилектештиктин күнү — **1-Май** жыл сайын белгилене баштаган. II Интернационалдын конгресстеринин куралдануусуну жана аскердик бюджетти кыскартуу жөнүндө, улуттук-боштондук кыймылдарды колдоо, колониализмге каршы күрөшүү жөнүндө талаптары актуалдуу маселелерден эле.

II Интернационал түзүлгөндөн көп өтпөй эле объективдүү себептер менен шартталган жиктелүү пайда боло баштаган. Маркстык революциячыл агым элди социалисттик революцияга жана пролетариат диктатурасын орнотууга багыттаган. Реформачыл кыймыл реформаларды жүргүзүүнү биринчи орунга койгон. Немец социал-демократы **Э. Бернштейн** таптардын ортосундагы өз ара кызматташтыкты, реформалардын маанисин негиздеп көрсөтүп берген. Ал социализмге менчикти жалданма жумушчуларга бөлүштүрүү аркылуу тынчтык жол менен деле барса болот, ошондуктан революциянын кереги жок деп эсептеген. Немец социал-демократы **К. Каутский** революциячыл марксчылар менен реформачылардын ортосундагы борборчул багытта туруп, капитализмге каршы реформалардын жардамы менен күрөшсө болот деп эсептеген.

Согуш коркунучу II Интернационалдын согушка каршы ишмердигин арттырган. Бул иште II Интернационалдын Штутгарт (1907), Копенгаген (1910), Базель (1912) конгресстери маанилүү роль ойногон. Аларда согушка көрүлүп жаткан даярдыктарды айыптаган жана согушка каршы күрөштө болгон каражаттардын баарын колдонууга чакырган документтер кабыл алынган. Тилекке каршы, дүйнөлүк биринчи согуштун алдында Батыш Европадагы өлкөлөрдүн социалисттик партияларынын жетек-

чиликтеринде буржуазия менен кызматташууга ниеттенген реформачылар көп эле. Согуш башталгандан кийин германиялык социал-демократтар, француялык социалисттер парламенттерде согуш жүргүзүүгө каражаттарды бөлүү үчүн добуш беришип, «жарандык дүйнө» идеясын жакташкан. Бул болсо II Интернационалдын кыйрашын алдын-ала аныктап койгон.

Дүйнөлүк биринчи согуштун алдында АКШда – 17 *млн*, Англияда – 13, Германияда – 11, Францияда – 3,7, Италияда – 3 *млн* өнөр жай жумушчулары болгон. Бул аларда жашаган калктын басымдуу бөлүгү эле. Эгерде аларга айыл чарба жумушчуларын, соода-сатык жана тейлөө чөйрөсүндөгү жалданма жумушчуларды кошо турган болсок, анда андан да көп болору бышык. 1914-ж. бардык өлкөлөрдүн профсоюздары биригип 13,2 *млн* адам болгон, социалисттик партиялар 4,2 *млн* кишини бириктирген. Ушул таптагы социал-демократиялык фракциянын эң кубаттуусу германиялык рейхстагдагылар болчу, андан кийин Франциянын палатасындагы депутаттар турган.

Суроолор:

1. Өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышында англиялык жумушчулар кандай каршылыктарды көрсөтүшкөн?
2. Лиондук жана силезиялык токуучулар эмне үчүн көтөрүлүшкө чыгышкан?
3. 1871-ж. 18-марттагы көтөрүлүштүн себеби эмнеде жана Париж Коммунасы элдин абалын жакшыртуу үчүн эмнелерди жасады?
4. Социалисттик кыймылдын эң көрүнүктүү өкүлдөрү кимдер?
5. I Интернационал качан түзүлгөн жана анын мааниси эмнеде?
6. II Интернационал эл аралык жумушчу кыймылынын өнүгүшүнө кандай салым кошкон?
7. Эл аралык социалисттик кыймылда кандай агымдар болгон?

## § 4. Дин жана диний турмуш

**Христиан дини жана анын бутактары.** Дин (латынча *religio* — динчил, такыба, эң кымбат, эң кадырлуу) маданияттын курамдык бөлүгү болуп саналат. Дүйнө жүзүнө кеңири жайылган диндер — ***буддизм, христиан, ислам.*** Христиан дини байыркы цивилизациянын кризисинин шартында пайда болгон. Христиан дининин негизги идеясы — Иисус Христостун күнөөдөн арылуу миссиясы. Христиандык диний окуунун негизги булагы Библия — Ыйык Жазма, же Кудайдын деминен жаралган документ болуп эсептелинет. Христиан дини адегенде б. з. ч. I к. еврейлердин арасында пайда болуп, б. з. IV–V кк. мекеме жана бирдиктүү уюм катары калыптанган. Ал

эми орто кылымдар доорунда (1054-ж.) христиан дини православие жана католиктик агымдарга бөлүнүп кетет. Жаңы мезгилдин башталышындагы Реформациянын жүрүшүндө католиктик багыттан протестанттык агым бөлүнүп чыгат. Ошентип христиан дини өз алдынча *католиктик, православиелик* жана *протестанттык* багыттарга тарамдалып калган.

Католиктик (грекче *katolikos* — жалпы, ай-ааламдык) агымдын өзгөчөлүгү римдик папанын бүткүл христиандардын үстүнөн башчылык кылуу ролу жөнүндөгү окуу болуп саналат. Ал Кудайдын жердеги элчиси тарабынан жарыяланган. Католиктик агымда Кудайга сыйынуучулук (месса) өтө салтанаттуу мүнөздө болуп, музыка менен коштолот. Храмдары скульптуралар жана картиналар менен коздолот. Католиктик агымда *целибат* — дин кызматкерлеринин никеге турбоосу негизги шарттардын бири болуп саналат. Католиктик агым Батыш Европада, Латын Америкасында, Африкада жана Азияда таралган.

Православиеде, католиктик агымдан айырмаланып, бирдиктүү борбору жана чиркөөнүн бирдиктүү бир башкаруучусу жок. Ар бир православиелик чиркөө өзүнүн жашаган чөйрөсүнө жараша саясий багытты карманат. Православиелик агым Чыгыш Европада, Жакынкы Чыгышта, Балкан жарым аралында жана Азияда таралган. Эң ири православиелик чиркөө Орус православиелик чиркөөсү болуп саналат.

Протестанттык агым XVI к. батыш европалык өлкөлөрдү каптаган Реформациянын натыйжасында пайда болгон. Анын католик дининен айырмаланып турган башкы белгиси — Кудай менен адамдын чиркөөсүз түздөн-түз байланышы жөнүндө окууну багыттаганында. Протестанттык агымдын мүнөздүү белгиси кудай жөнүндөгү окуу жаатында да, саясий багыт жаатында да көптөгөн тарамдарга бөлүнгөндүгүндө болуп саналат. Протестант дини Германияда, Швейцарияда, Англияда, Скандинавия жарым аралында, АКШда кеңири таралган.

**Католик чиркөөсү жана саясий турмуш.** XIX к. католик чиркөөсү Батыш Европадагы феодалдык-абсолюттук тартиптин тиреги болуу менен, анын руханий жана саясий турмушунда күчтүү позицияны ээлеген.

1848-ж. революция папа Пий IXну Римден качып чыгууга аргасыз кылган. Бирок Франциянын, Австриянын жана Неаполдун куралдуу кийлигишүүсү менен ал 1850-ж. Римге кайтып келген. Ал католик чиркөөсүнүн мурдагы таасирин калыбына келтирүүгө зор кайрат-күч менен киришкен.

Католик чиркөөсүнүн таасиринин ашкере күч алышы буржуазиялык чөйрөдө, интеллигенциянын, кеңири коомчулуктун арасында кооптонууну туудурган. Ошентип ага *либерализм* жана улуттук көз карандысыздык каршылык көрсөтө баштаган. Көпчүлүк католиктик өлкөлөрдө, өзгөчө Францияда, капитализмдин, индустриялаштыруунун жана урбанизациянын өнүгүү шартында жана жумушчу кыймылынын өсүшү менен, калктын тең укуктуу катмарларынын арасында *антиклерикализм* жана *атеизм* жайылтылган. Мындай жагдай католиктердин арасында миссионердик ишти күчөтүүгө, болор-болбос акчага жакырданган жана артта калган элементтерди сатып алуу иштерине барууга аргасыз кылган.

**Ватикан собору.** Антиклерикалдык маанайдын өсүшү папа Пий IXну тарапкерлештерин өз айланасына топтоого мажбур кылды. 1864-ж. ал «Силлабус» — «биздин замандагы башкы адашуулардын тизмеси» деген топтомду чыгарган. Анда рационализм, либерализм, социализм ж. б. 80 багыт айыпталган. «Силлабус» — папанын бул текебер жоругу католик дини менен заманбап коомдун ортосунда туңгуюкту түзөрүн түшүнгөн католиктердин жана аң-сезимдүү ой жүгүрткөн буржуазиянын наразылыгын туудурган. Пий IX алар менен эсептешпестен, Ватиканда папанын гана бийлигинин аброюн көтөрүүгө тийиш болгон жалпы соборду чакырган. Ватикан собору (1869–1870-жж.) католиктик диний окуунун негизги жоболорун, папалык бийликтин жогорулугу жана папанын күнөөкөр болбой тургандыгы жөнүндө документтерди кабыл алган. Аларда динге ишенүү жоголуп баратканы, рационализмдин жайылтылышы, көпчүлүк адамдар Кудайды четке кагуу менен, адамзат коомун бузуп жатышкандыгы жөнүндө айтылган. Ошондой эле илимден диндин биринчилиги жөнүндө, аң-сезим «диний ишенимге ээ болгондо» гана жашоо сырын терең түшүнө алат деген тезис жакталган. Ишеним жана адеп-ахлак ишинде папанын күнөөгө батпастыгы таанылган. Мына ушундай догматтардын кабыл алынышы католик чиркөөсүнүн өсүп-өнүгүшүн шарттаган. Бул конгресстин катышуучуларынын бир бөлүгү «Папанын күнөөгө батпастыгы жөнүндө» энцикликаны кабыл албастан, өздөрүнчө эски католик чиркөөсүн түзүшкөн. 1890-ж. тартып эски католик чиркөөсүнүн эл аралык конгресстери чакырыла баштаган. Аларга протестант жана православие дининдегилер да катышкан. Римге адегенде гарибальдичилердин, андан кийин Седан катастрофасынан кийин француз аскерлеринин Италиядан чыгарылып кетишинен пайдаланышкан италиялык

аскерлердин басып киришинин натыйжасында Ватикан соборунун иши аягына чыккан эмес. Анткени папалык облус менен кошо папанын диний бийлиги жоюлган. Каршылык көрсөтүү белгиси катары папа Пий IX өзүн «ватикандык сүргүнчү» деп атап, «ажыратылган укуктарын» калыбына келтирүүнү талап кылган.

**Католик чиркөөсүнүн жаңы шарттарга ыңгайлануусу.** Либералдык идеялардын жайылышы, парламентаризмдин жана конституциялык монархиянын бекемделиши, папалык мамлекеттин кулашы, протестанттык Пруссия башында турган Германия империясынын түзүлүшү папалык бийлик менен динсиз бийликтин ортосундагы мамилени курчуткан. Германиянын канцлери О. фон Бисмарк өлкөнүн түштүк-батышындагы католиктердин сепаратизминин күчөп кетишинен сактанып, католик чиркөөсүнүн саясий турмуштагы ролун басаңдатууга аракет кылган. Бул саясат *культуркампфа* деген ат менен белгилүү. Башка өлкөлөрдөгү антиклерикализм да күч алган. Ушундай шартта католик чиркөөсү заманбап шартка ыңгайлашуу жолуна түшүүгө аргасыз болгон.

Папа Лев XIII эгерде чиркөөнүн таламдары эске алына турган болсо, парламенттер, ал тургай, республикалык тартиптер менен кызматташууга католиктерди үндөгөн, католиктик профсоюздарды жана башка клерикалдык уюмдарды түзүү жөнүндө айткан. 1891-ж. ал «Рерум Новарум» («Жаңы нерселер жөнүндө») энцикликасын жарыялаган. Ал католик чиркөөсүнүн социалдык мамилелер жаатындагы программалык документтеринин бири болуп калган. Пий IXнун «Силлабусун» жойбой туруп, **Лев XIII** католик чиркөөсүн илимий жана техникалык прогресстин жыйноочусу жана коргоочусу катары көрсөтүүгө умтулган, искусствого жана кол өнөрчүлүккө колдоо көрсөткөн. Ал социализмди социалдык азап чегүүлөргө каршы «жасалма дары-дармек» катары көрсөтүп айыптаган, жумушчулар капиталисттерге каршы күрөшпөстөн, алар менен кызматташууга тийиш деген.


Лев XIII.

XIX к. соңунда, бир жагынан, католик дининдеги чиркөөлүк айрым догматтарды кайрадан карап чыгуу жана социалдык реформалар үчүн чыгышкан бир кыйла ийкемдүү агымдар күч алган, католиктик партиялар, профсоюздар, кооперативдер пайда болгон. Экинчи жагынан, чиркөөнүн тааси-

рин бошондотууга умтулушкан антиклерикалдык кыймылдар анын мүлкүн конфискациялоону, динсиз билим берүүнү киргизүүнү талап кылышкан. Франциядагы либералдык-буржуазиялык чөйрөлөр 1905-ж. чиркөөнү мамлекеттен бөлүү жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышына жетишишкен. Бул католик чиркөөсүнүн беделин түшүрө урулган катуу сокку эле. Рим папасы француз католиктерин бийликке баш ийбөөгө чакырган.

**Православиедеги жана протестант дининдеги жаңылыктар.** XIX к. соңунда мамлекеттин маанилүү институту катары эсептелинген Орус православие чиркөөсүнүн позициясы бошоңдоп калган, анткени динчилдер арасында сектанттыкка жана жиктелүүгө умтулуу күч алган. Мамлекеттин жана чиркөөнүн жиктөөчүлөргө каршы күрөшүнөн эч майнап чыккан эмес. Ошондуктан өкмөт 1905-ж. 17-октябрдагы Манифестте «диний ишеним эркиндигин жана башка диндерди урматтоону» жарыялоого аргасыз болгон. Православие dininен башка христиан диндерине өтүү эркиндиги мыйзамдаштырылган, сектанттык агымдарга жана башка эски үрп-адаттарга уруксат берилип, легалдаштырылган.

Протестант дининде диний либерализм идеялары — Библияны ар түрдүүчө талкуулоого, динди илим менен келиштирүүгө умтулган, социалдык проблемаларды жигердүүлүк менен аралаштырган *модернизм* кеңири жайылган. Капитализмдин кемчиликтерин сынга алууну таптардын кызматташ болуусу жөнүндөгү окуу менен айкалыштырган *христиандык социализм* кыймылы пайда болгон. Евангелиялык профсоюздар жана башка массалык уюмдар түзүлгөн. Католик дининдеги модернизмге караганда протестанттык модернизм кыйла күчтүү позицияны туткандыктан, өтө таасирдүү болгон.

Атеизмдин, социалисттик идеялардын таасиринин өсүшүнө каршы күрөштү чыңдоонун негизинде христиандык чиркөөлөрдүн жакындашуу тенденциясы жүргөн. 1894-ж. папа Лев XIII мамлекеттердин башчыларына жана элдерине, православиелик жана протестанттык бирикмелерге Рим чиркөөсү менен биригүү жөнүндө кайрылуусун жиберген. Бирок папа башкалардан Рим чиркөөсүнүн айланасында биригүүнү талап кылгандыктан, бул кайрылуу католик эместер тарабынан оң кабыл алынган эмес. Христиан чиркөөлөрүн бириктирүү үчүн кыймылдагы экинчи кадам Эдинбургдагы 1910-ж. өткөрүлгөн миссионердик конференцияда жасалган. Ал конференция *экумендик* (грекче *oikumene* — ай-ааламдык) деген атка конгон.

**Суроолор:**

1. Христиан дини үч агымга качан бөлүнгөн? Алар кандай агымдар?
2. Католик чиркөөсү эмне үчүн Европадагы феодалдык-монархиялык тартиптердин тиреги болуп саналган?
3. Папа Лев XIII «Рерум Новарум» энцикликасын эмне себептен чыгарган? Бул кайрылуунун мазмуну кандай?
4. Православие жана протестант диндери жаңы шарттарга кандайча ыңгайланышкан?
5. Чиркөөнү мамлекеттен бөлүү жөнүндөгү алгачкы мыйзам кайда жана качан чыккан? Анын себеби эмнеде эле?

## § 5. Европалык маданият

**Илимдин өнүгүшү.** XIX к. – XX к. башындагы табият таануу илиминдеги эң ири ачылыштар дүйнөнүн физикалык жана математикалык модели жөнүндөгү классикалык механикага негизделген түшүнүктү түп-тамырынан бери өзгөрткөн.

Англиялык окумуштуулар **М. Фарадей** жана **Ж. Максвелл** жарык, электр тогу жана магнит жөнүндөгү билимдерди бириктирген *электр-магниттик теорияны* иштеп чыгууга зор салым кошушкан. Немец окумуштуусу **В. Рентген** терендикке кирүүчү нурларды ачкан, ал нурлар анын ысмы менен аталган. Рентген нурлары физика илиминдеги жаңы ачылыштарга түрткү болгон. Француз **А. Беккерель** урандын радиоактивдүүлүгүн ачкан, ал эми **М. Складовская** менен **П. Кюри** андан да күчтүү нурдануу булактарын — полонийди жана радийди ачышкан. **Э. Резерфорд** *атомдун түзүлүш теориясын* иштеп чыккан, ал теория боюнча атомдун чок ортосунда *ядро*, анын айланасында укмуштуудай тездик менен электрондор тегеренип жүрүшкөндүгү аныкталган. Ошентип атомдун бөлүнбөстүгү жөнүндөгү түшүнүк четке кагылган. Даниялык физик **Н. Бор** ар бир электрондун өз орбитасы бардыгын далилдеген, немец окумуштуусу **М. Планк** атомдор энергияны тынымсыз эмес, айрым бир порциялар — *кванттар* менен бөлүп чыгарары жөнүндө теорияны айт-



М. Фарадей.



Ж. Максвелл.



Н. Бор.



В. Рентген.



А. Беккерель.

кан. Кванттык система ушундайча пайда болгон. **А. Эйнштейн** мейкиндиктин жана убакыттын касиеттеринин материя менен тыгыз байланышын орноткон атайын жана жалпы *салыштырмалуулук теориясын* иштеп чыккан. Физика илиминдеги жаңы ачылыштар дүйнөнүн жана жаратылыштын түзүмдүк курулушунун түгөнбөстүгүн далилдешкен.


Математика илимине немец окумуштуулары көптөгөн жаңы ачылыштарды киргизишти. **Г. Кантор** математикалык анализге негиз болгон *көптүк сандар теориясын* аныктаган. **Д. Гильберт** 1900-ж. болочок изилдөөлөр үчүн 23 проблеманы көтөрүп чыккан. Алардын чордонунда *аксиомалардын бүтүндүгү жана карама-каршылыктуу эместиги* турат деп эсептеген ал.

Орус окумуштуусу **Д. И. Менделеев** түзгөн *химиялык элементтердин мезгилдик системасы* химия илиминдеги эң маанилүү жетишкендик болду. Ал мезгилдик система илимге али белгисиз болгон элементтерди алдын-ала айта билүү мүмкүнчүлүгүн берди, ошондой эле элементтердин жана алардын кошулмаларынын касиеттери өздөрүнүн атомдук салмагына мезгилдик көз карандылыкта болорун ырастаган. «*Физикалык химия*» деген атайын журналды негиздеген немец окумуштуусу **В. Освальд** химиянын ушул бөлүмүнө зор салым кошкон. *Органикалык химия* жаатында немец окумуштуусу **Ф. Какуле**, орус окумуштуусу **А. М. Бутлеров**, француз окумуштуусу **Ж. М. Бель** татаал кошулмаларды *синтездөө жана анализдөө*, жаңы материалды — пластмассаны, жасалма жибекти, жасалма каучукту алуу мүмкүнчүлүгүн берген эң маанилүү ачылыштарды жасашкан.

Англиялык окумуштуу **Ч. Дарвиндин** изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча «*Табигый тандоо жолу менен түрлөрдүн келип чыгышы*» жана «*Адамдын келип чыгышы жана жыныстык тандоо*» деген эмгектеринде негизделген *эволюциялык*


А. Эйнштейн.


Д. Менделеев.


Ч. Дарвин.

*теория* биология илиминин чордонунда болду. Ал жандуу жаратылыштагы өнүгүү табигый тандалуу жолу менен жүрөт жана адамдын түпкү бабасы адам сыяктуу маймыл деген идеяларды айткан. Биринчи идеядан өздөрүнүн артыкчылык абалын туюшкан дөөлөттүү таптардын өкүлдөрү аны дароо колдоп чыгышкан. Ал эми экинчи идея болсо адамды Кудай жаратканлыгы жөнүндө окууга шек келтиргендиктен, азыркы кезге чейин уланып келаткан кызуу дискуссияны жаратты. Ч. Дарвин түрлөрдүн *туруктуулугунун* жана *өзгөрүлмөлүүлүгүнүн* себептерин түшүндүрүп бере алган эмес. Бул проблеманы чечүүгө чех натуралисти **Г. Мендель** зор салым кошкон. Ал жандуу жаратылышта *тукум куучулук белгилери* болорун далилдеген. Голландиялык окумуштуу **Г. Фриз** *мутация теориясын* иштеп чыккан, тактап айтканда, жандуу организмдердеги кескин өзгөрүүлөрдү, алардын тукум куучулугун изилдеп аныктаган. Мына ушундай илимий ачылыштардын натыйжасында биологиядагы жаңы бөлүм — *генетика* пайда болгон. Француз окумуштуусу **Л. Пастер** жана немец окумуштуусу **Р. Кох** *бактериология жана иммунитеттер теориясына* негиз салышкан. Ушул ачылыштын негизинде медицинада алга карай зор кадам жасалып, сибир жарасы, холера, ич өткөк жана башка жугуштуу ооруларга каршы дары-дармектер пайда болгон.

**Адабият жана коомдук илимдер.** XIX к. башында көркөм адабиятта мурдагы классицизмдин ордуна келген *романтизм* багыты кеңири жайылтылган болсо, кылымдын ортосунда *реалисттик* чыгармалар басымдуулук кыла баштаган. Реализм үчүн социалдык тематиканын басымдуулук кылышы жана коомдогу карама-каршылыктарга, жетишпеген жашоого болгон сын көз караштар мүнөздүү. **Стендалдын (А. М. Бейль), О. Бальзактын, Ч. Диккенстин** чыгармаларында коомдун ар түр-

дүү катмарларынын өкүлдөрүнүн жашоо-турмушу көркөмдөлүп баяндалган. Алар — банкирлер, ишкерлер, майда буржуазия, интеллигенттер, дыйкандар, кол өнөрчүлөр, жумушсуз адамдар.

XIX к. аягындагы коомдук өзгөрүүлөр жагдайында *натурализмди, символизмди* жана реализмдин бир тараптуу өнүккөн тигил же бул жактарын чагылдырган көптөгөн адабий багыттар пайда болгон. Натуралист жазуучу көркөм чыгарманы канчалык сыпаттап сүрөттөгөнү менен, андагы окуялар сөзсүз түрдө табигый илимдердеги мыйзамдарга таянып жазылышы керектигин айтышкан. Алар адамдын татаал руханий дүйнөсүн биологиялык ой жүгүртүүлөр менен сыпаттоого умтулушкан. Натурализмдин негиздөөчүлөрү франциялык бир туугандар **Гонкурлар** болгон. Алар «*Жермини Ласерте*» деген чыгармасында тиричиликтин анчалык деле маанилүү эмес жактарын, айлана-чөйрөнү, мезгилди өтө майдалап кеңири сыпаттап жазышкан. Натурализмдин өнүгүшүнө көрүнүктүү француз жазуучусу **Э. Золя** олуттуу салым кошкон. Анын 20 романдан турган «*Ругон-Маккарлар*» эпопеясында Экинчи империянын тушундагы француз коому баяндалган.

Символчулардын көңүл чордонунда *ирреалдуу дүйнө* турган. Анткени алар үчүн жашоо чындыгы көңүл буруууга арзыбай турган «жалган дүйнө», ары жагында «сырдуу дүйнө» катылып турган «бозомтук парда» сыяктуу туюлган. Символизмдин өнүгүшүнө француз акындары **С. Малларме, А. Рембо, П. Верлен** чоң салым кошушкан. Алардын адабий изденүүлөрү көркөм сөз чеберчилигинин жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып берип, адабий дүйнөнү байыткан. Германияда символизмдин бир кыйла көрүнүктүү өкүлү **С. Георге,** Бельгияда **М. Метерлинк** болгон. Англиялык жазуучу **О. Уайльддын** «таза искусство», «искусство үчүн искусство» идеяларын чагылдырган чыгармалары да символизмге жакын эле.

Жаңыча коомдук түзүлүш шартында Европанын ар кайсы өлкөлөрүнүн көрүнүктүү жазуучулары жана драматургдары реализм традициясын улантышкан. Француз **Ги де Мопассан** «*Дүйнө-өмүр*», «*Сүйүктүү досум*» деген романдарында жана көп сандаган новеллаларында Үчүнчү республиканын тушундагы Францияны чагылдырган, кандай гана жолдор менен болбосун ийгиликке жетүүдөн кайра тартпаган шылуундардын жашоо ыңгайын ашкерелеген. **А. Франс** «*Пингвиндердин аралы*» романында Франциянын социалдык институттарын мыскылдаган. **Р. Роллан** «*Жан Кристоф*» эпопеясында өзү жашаган *меркан-*

*тилдик* (керт башынын камын ойлоочулук) доорго каршы турган сүрөткер темасын алып чыккан.

Англиялык драматург **Б. Шоу** өзүнүн пьесаларында социалдык жаңжалдардын курчтугун көрсөткөн, адилеттүү коомдуу куруу жолдорун издеп-иликтеген. **Г. Уэллс** окумуштуунун коом алдында жоопкерчиликте болуу проблемасын көтөргөн (*«Көрүнбөс адам»*). **Т. Гарди** өз чыгармаларында адамдын руханий дүйнөсүнө алып-сатар сүткорлуктун киришин айыптаган.

Немец жазуучусу **Г. Гауптмандын** чыгармаларында социалдык жактан маанилүү проблемалар көтөрүлгөн. Алсак, *«Токуучулар»* драмасында силезиялык токуучулардын 1844-ж. көтөрүлүшү жөнүндө баяндалат. **Г. Манндын** *«Империя»*, *«Мугалим Гнус»*, *«Ак жүрөк»* романдарында кайзердик Германиянын тушундагы жаштардын адеп-ахлагы, карама-каршылыктуу жана азаптуу социалдык турмуш чындыгы көрсөтүлгөн. **Т. Манндын** «Будденброктор» романында оокаттуу бюргерлердин үй-бүлөсүнүн төрт муунунун жашоо-турмуштары сыпатталып, алардын нарк-дөөлөттүү жашоо ыңгайы жөнүндө түшүнүктөрү тастыкталган.

Норвегиялык драматург **Г. Ибсендин** пьесаларында индивидуалдуулуктун трагедиясы, адамдын айлана-чөйрөсүндөгүлөргө каршы козголоңу көрсөтүлгөн (*«Куурчактын үйү»*, *«Көзгө көрүнчү»*).

Коомдук илимдер жаатында тааным теориясы, социалдык, маданий жана саясий процесстер өздөштүрүлүп, изилденип-иликтенип жатты. Философияда үч ири багыт — *позитивизм*, же *илим философиясы* (**О. Кант**), *неоканттык* (Германиядагы «марбургдук мектеп»), *«турмуш философиясы»* (**Ф. Ницше, А. Бергсон, В. Дильтей, О. Шпенглер**) калыптанды. *Социология* илими калыптанып жатты. Немец окумуштуусу **М. Вебер** тарыхый жана маданий социология концепциясын иштеп чыгуу менен алектенди. Австриялык психолог **З. Фрейд** түпкү аң-сезимге көбүрөөк маани берилген *психоанализ теориясын* изилдеп жатты. Тарых илиминде революцияларды жана эволюцияларды, элдик кыймылдарды өздөштүрүү маанилүү орунду ээледи. Ал боюнча тарыхчылар зор фактылык материалдарды топтошту жана системалаштырышты.

**Живопись.** Живопистеги романтизм инсандыкты, индивидуалдуулукту билдирген. Романтикалык чыгармалардын тематикасы мурдагыдан кеңейип, классицизмге мүнөздүү болгон антикалык сюжеттердин ролу басаңдаган. Живопись жанрын-

дагы европалык романтизмдин кадыресе лидери сүрөткердик таланты зор француз художниги **Э. Делакруа** болгон. Анын чыгармачылыгынын туу чокусу 1830-ж. революциянын баатырларынын каарман эрдиктерин чагылдырган «*Баррикадалардагы эркиндик*» картинасы болгон. Ал картинада Эркиндиктин элесин берген келишимдүү жана чымыр тулку бойлуу, оттуу көз карашы кайраттуу аял артынан көтөрүлгөн элди ээрчитип, өлүктөрдү аралай басып келатканы чагылдырылган.

Испаниялык улуу сүрөткер художник **Ф. Гойя** *реалисттик традицияга* чыйыр салган. Ал анын испан элинин француз баскынчыларына каршы күрөшүн сыпаттап тарткан картиналарында өзгөчө күчтүү байкалат. Анын Сарагосаны коргоого катышкан бойго жеткен кыздын сүрөтү тартылган «*Кандай сыймык!*» деген картинасына жогорку деңгээлдеги драмалуулук мүнөздүү. Анда өлүктөрдүн арасында жалгыз калган жаш кыздын душманды каардана аткылап жаткан учуру сыпатталган. Англиялык пейзажчылар **Д. Констабел** жана **У. Д. Тернер** реализмдин калыптанышына зор салым кошушкан. Д. Констабелдин картиналарын көргөн адам күн нурунун төгүлүп турганын, нымдалышкан көк чөптү, желаргынын салкын илебин туюп тургансыйт. У. Д. Тернердин картиналарында сырдуу түнөргөн деңиз, деңиз жээгиндеги жыланач аскалар жана булуңдар тартылган. Француз живописиндеги пейзажчылардын арасында **Т. Руссо, Д. Пень, Ж. Депре, Ж. Ф. Милле** аттуу художниктердин татыктуу ээлеген орду бар. Ж. Ф. Милленин чыгармаларында айыл турмушу, дыйкан адам сыпатталган. Пейзаж чеберлеринин эң көрүнүктүүлөрүнүн бири **К. Каронун** чыгармачылыгына адамдын жаратылыш дүйнөсүнө органикалык жактан айкалышуусу мүнөздүү.

XIX к. соңунда живопись жанрында көркөм төңкөрүш жүргөн, арийне, анын ошол мааниси кыйла кийин гана аңдап туюлган. Ошол кездеги *импрессионисттер* деп аталган художниктер искусствону жаңыртуу, салондук академизмди жоюу проблемасын көтөрүп чыгышкан, живописттин кубарыңкы палитрасына каршы болушкан. Алар дүйнөнүн өзүнө мүнөздүү болгон өзгөрүлмөлүүлүктү көрсөтүүгө, көз ирмемди кармап калууга умтулушкан. **Э. Мане, К. Моне, Э. Дег, О. Ренуа** ж. б. көрүнүктүү художниктер абанын жана жарыктын эффектин алдыңкы планга койгон ар түрдүү жанрлардагы көптөгөн мыкты чыгармаларды жаратышкан. Импрессионисттер тондорду таза түстө берүү ыкмасын түзүү менен, живописттик техникага көптөгөн жаңылыктарды киргизишти. Алар картиналарды эр-

кин тарта башташты, палитраны карартуудан баш тартышып, ачык түстө беришти, ачык асман астында тартууга өтүштү. Импрессионисттердин лидери Клод Моненин «Руан соборлору», «Чөмөлө», «Лондон тумандары» деген картиналары — дүйнөлүк живописьтин шедеврлери.



В. Гог.

Дүйнөгө импрессионисттердин артынан *постимпрессионизм* келди. Постимпрессионизм — дүйнөгө болгон кыйла жигердүү мамиленин жана кыйла бир ыңгайлуу түрдүн искусствосу. Постимпрессионисттик көрүнүктүү художниктер **П. Сезанн, В. Гог, П. Гогендер** болуп саналат. Алардын чыгармаларындагы башкы каарман айлана-чөйрө жана өзү менен өзү күрөшүү процессинде өз ордун тапкан адам. Алар живописьтеги философиялык жалпылоону көрсөтүүгө аракеттенишип, импрессионисттерге мүнөздүү болгон жашоонун айрым көз ирмемдерин көрсөтүүдөн четтеп кетишкен, ошол эле учурда, импрессионисттер сыяктуу эле, түстөрдү берүүнү биринчи орунга коюшкан.

**Суроолор:**

**1.** XIX к. – XX к. башында табигый илимдерде кандай ачылыштар болгон?
**2.** Ал ири ачылыштардын коомдук өнүгүүдөгү ролу кандай эле?
**3.** XIX к. көркөм адабият кандай жанрларда өнүккөн?
**4.** XIX к. коомдук илимдерде кандай иштер жүргүзүлгөн?
**5.** XIX к. живопись кандай өнүккөн?

## § 6. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы аскердик саясий блоктор жана союздар

**1853–1856-жж. Чыгыш согушу жана Вена системасынын кыйрашы.** XIX к. 50-жж. Осмон империясына жана андагы эзилген элдердин боштондук кыймылына байланыштуу чыгыш маселеси курчуп кеткен эле. Анын башкы себеби европалык мамлекеттердин Жакынкы Чыгышка жана Балкан жарым аралына, өзгөчө Босфор жана Дарданелл кысыктарына үстөмдүк кылуу үчүн күрөшү болчу. Бир тараптан Англия жана Франция, экинчи тараптан Россия өздөрүнүн Түркияга таасирин күчөтүүгө умтулушкан.

Согуштук жаңжалды чыгаруунун көптөгөн шылтоолорунун бири католиктер менен православдардын Иерусалимдеги хрис-

тиан чиркөөлөрүнүн ачкычтары боюнча чыккан жаңжал болду. XVII к. бери ал ачкычтар православие дининдегилердин колунда болуп келген. Француз өкмөтү Россиянын Түркиянын ээликтерине таасирдүүлүгүн жоюу максатында ачкычтарды католиктерге өткөрүп берүүнү талап кылган. Түрк султаны «ыйык жерлердин» ачкычын католиктерге өткөрүп берип койгондо, падыша Николай I орус аскерлерине Дунай княздыгын басып алууну буюрган. Ага жооп кылып Түркия 1853-ж. октябрда Россияга согуш ачкан. Бул Крым согушунда Англия менен Франция Түркия тарабында, Пруссия менен Австрия бейтарап болушкан. Россияны анын жүргүзгөн саясатына каршы болушкан Вена системасындагы өлкөлөрдүн бири да колдогон эмес.

1853-ж. ноябрда адмирал П. С. Нахимовдун командалыгы астындагы орус эскадрасы Синоп бухтасында түрк флотун талкалаган. Ага жооп кылып, Англия менен Франция эң жаңы кемелерден куралган бирикме эскадрасын түрк портторун жана соода-сатык иштерин коргоо үчүн деген шылтоо менен Кара деңизге киргизишкен. Андан соң англ-франк-түрк аскерлерин Крымга түшүрүшкөн. Кийинчерээк аларга Сардиния королдугунун аскерлери кошулган. Орус аскерлери жана офицерлери Севастополду 11 ай бою каармандык менен коргоп турушкан, а бирок, акыры аны таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Ошентип Крым согушу Россиянын жеңилиши менен аяктаган. 1856-ж. мартта кол коюлган Париж тынчтык келишими боюнча Россияга Кара деңизде аскер флотун жана чыңдоолорун күтүүгө тыюу салынган. Крым согушунун жыйынтыгы Англиянын, Россиянын, Австриянын жана Пруссиянын Вена системасы боюнча кызматташтыгынын бүтүшүн жана Россиянын европалык саясатта мурдагыдай таасирдүү болбой калышын билдирген.

**1882-ж. Үчтүктөр союзунун түзүлүшү.** 1870–1871-жж. франк-прусс согушунун жыйынтыгында Германия империясы пайда болду. Өнөр жайы күчтүү өнүккөн Германия өзүнүн Европага гегемондук кылуу ниетин дароо эле билдирип койду.

Франциянын согушта жеңилип калышы жана Франкфурт тынчтык келишиминин оор шарттары (5 миллиарддык контрибуция, Эльзас менен Лотарингиядан ажыроо, контрибуцияны төлөп бүткөнгө чейин өлкөнүн оккупацияланышы) аны согуштук реваншка карай умтултту. Германиянын күч-кубатынын артышы англ-герман карама-каршылыктарын ого бетер курчутту, ошондуктан Англия Европадагы тең салмактуулуктун бузулушунан кооптонуп, Германиянын позициясынын чыңда-

лышына тоскоолдук кыла баштады. Аны туйган Отто фон Бисмарк Францияны четтетип салыш үчүн Австрия-Венгрия жана Россия менен жакындаша баштады. Ал бул өлкөлөрдү монархиялык тилектештик идеясы менен кызыктырып, 1873-ж. үч императордун союзун (Германия, Австрия-Венгрия, Россия) түзүүгө жетишет. Бирок ал союз австрия-орус жана орус-герман чыр-чатактарынан улам 1887-ж. бузулуп калган.

1875-ж. Балкан элдеринин түрк үстөмдүгүнө каршы боштондук кыймылынын күч алышы менен Жакынкы Чыгыш кризиси башталган. Ага удаа 1877–1878-жж. жүргөн орус-түрк согушунда Түркия орустардан жеңилип калып, Россиянын аброю арткан. Буга наразы болгон Англия, Австрия-Венгрия жана Германия орус-түрк согушунун бүтүшүндө кол коюлган Сан-Стефан тынчтык келишиминин шарттарын кайрадан кароо үчүн эл аралык конгрессти чакырууга жетишишкен. Ошентип 1878-ж. Берлин конгрессинин чечими боюнча Сербия, Черногория жана Румыния Түркияга алым төлөп туруучу көз карандысыз өлкөлөр катары таанылышкан, Түндүк Болгария Түркияга алым төлөп туруучу автономиялуу мамлекет болгон, ал эми Болгариянын экинчи жарымы Чыгыш Румелия деген ат менен Осмон империясынын бийлиги астында болуп калган. Австрия-Венгрия болсо Боснияны жана Герцеговинаны оккупациялап алуу укугуна ээ болот, бул орус-австриялык мамилени ого бетер курчуткан. Австрия-Венгрияны өз саясатына бекем чырмап алууну көздөгөн Бисмарк мына ушундай кырдаалдан пайдаланып кеткен. Ошентип, 1879-ж. октябрда Германия менен Австрия-Венгрия Россияга каршы багытталган жашыруун келишим түзүшкөн.

Франциянын Италия көз артып жүргөн Тунисти басып алышы Италияны Германия жана Австрия-Венгрия менен жакындашууга түрттү. Натыйжада Италия **1882-ж.** Германия жана Австрия-Венгрия менен аскердик-саясий союз түздү. Ал ***Үчтүктөр союзу*** деп аталды. Үчтүктөр союзу Францияга жана Россияга каршы багытталып, 1915-ж. чейин өкүм сүргөн.

**Россиянын Франция менен жакындашуусу. 1891–1893-жж. франк-орус союзу.** Германия тараптан коопсуздукка коркунуч туулуп тургандыктан (1875, 1885-жж. согуш коркунучтары), Франция германиялык агрессияга каршы даяр туруш үчүн союздаштарды издей баштаган. Андай союздаш болуучу өлкө катары ал Россияны эсептеген. Анткени ал экөөнү саясий мүдөөлөр гана бириктирбестен, алардын союздаш болуусуна

экономикалык себептер да түрткү болгон. Германия орус нанынын экспорттолушун каалабагандыктан, 80-жж. аягында Россия менен Германиянын ортосунда бажы согушу чыккан эле. Өз кезегинде Россия Германиянын Россияга ташылып келген өнөр жай продукциясына жогорку бажы тарифтерин киргизген. Ага жооп кылып Германиянын өкмөтү Россияга кредит берүүнү токтоткон. Ошондо Россия өкмөтү Францияга жардам сурап кайрылып, 1887-ж. алгачкы зайымдарды алган. Андан соң 1891-ж. Россия менен Франция кокус согуш коркунучу туула турган болсо, биргелешип аракет кылуу жөнүндө маселелерди талкуулаш үчүн консультациялык пактыга кол коюшкан. Ага удаа 1892-ж. бул эки өлкөнүн ортосунда эгерде алардын бирине Үчтүктөр союзу тарабынан кол салына турган болсо, бири-бирине жардам берип, аскердик күчтөрүн колдонуу маселесин караган согуштук конвенция иштелип чыгат. Ал конвенцияга 1893-ж. кол коюлган. Франк-орус союзу мына ушундайча түзүлгөн.

Ошентип, Европа эки аскердик-саясий блокко бөлүнүп калган. Англия болсо «жылма обочолонуп» алып, континенттик дөөлөттөрдүн карама-каршылыктарын четтен туруп өз таламдары үчүн пайдалануу саясатын жүргүзгөн. Бирок 90-жж. Германия колонияларды кайрадан бөлүштүрүүнү чечкиндүүлүк менен талап кыла баштаган, бул, албетте, колониялык ээликтери баарынан чоң болгон Англияны тырчыткан. Мындай жагдай англ-герман карама-каршылыктарын курчуткан. Бул карама-каршылык XX к. европалык саясатты аныктоочу күч болуп калган.

**Антантанын түзүлүшү.** 1899–1902-жж. англ-бур согушунун кесепетинен Англиянын алсырай түшүшүнөн пайдаланган Германия өзүнүн колониялык экспансиясын күчөткөн. Ал Жакынкы Чыгышка кириш үчүн Багдад темир жолун курууга Түркияны макулдатат. 1898-ж. Германия аскер-деңиз флотун куруунун чоң программасын кабыл алат. Бул «деңиз ээси» болуп эсептелген Англияны кооптондурган. Ошентип эки дөөлөттүн ортосунда деңиздик куралдануу боюнча тымызын тирешүү башталган. Германиянын түздөн-түз кийлигишүүсү менен жүрүп жаткан континенттик Европадагы окуялар Англиянын башкаруучу чөйрөлөрүн «жылма обочолонуу» саясатынан баш тартып, өзүнүн тышкы саясат доктринасынын түпкү негиздерин кайрадан караштырууга жана союздаштарды издештирүүгө мажбурлады.

1904-ж. Лондондо Англия менен Франциянын ортосунда *Антанта* (ыкластуу макулдук) деп аталган жашыруун макулдашууга кол коюлган. Анда кеп колониялык маселелер боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу жөнүндө жүргөнү менен (Англиянын Египетке укуктуулугун таануу, Франциянын Мароккону басып алуусу жөнүндө), чындыгында ал Германиянын гегемондукка умтулуусуна каршы багытталып, ошол жөнүндө жашыруун сүйлөшүүлөр жүргөн.

Россиянын 1904–1905-жж. орус-япон согушунда жеңилип калышы ушуга чейин андан коркунучтуу атаандашты гана көрүп келген Англиянын ага карата мамилесин өзгөрттү. Ошондуктан Англия Германияга каршы туруу үчүн Россия менен да союз түзүүгө умтулду. Ошентип 1907-ж. Петербургда Россия менен Англиянын ортосунда колониялык проблемалар боюнча макулдашууга кол коюлган. Макулдашуунун шартында Афганстан Англиянын таасир этүү чөйрөсү экендиги таанылган, ал эми Иран болсо Россия менен Англиянын таасир этүү чөйрөлөрүнө бөлүнгөн. Бул макулдашууну ал экөөнүн Франция менен өз-өзүнчө түзүлгөн келишимдери дагы бир жолу бекемдеген. Ошентип, бул үч мамлекеттин ортосунда бирдиктүү бир келишим түзүлбөсө да, Европадагы экинчи аскердик-саясий блок **Антантанын** түзүлүшү аяктаган. Бул окуя дүйнөлүк биринчи согуш башталган учурга туш келген.

**Дүйнөлүк биринчи согуш башталар алдында карама-каршылыктардын курчушу.** XX к. башында европалык дөөлөттөрдүн ортосунда өтө курч жаңжалдар чыга баштаган. Алардын ар бири өз-өзүнчө эле согуштун чыгып кетишин шарттап турган. Ошондуктан Үчтүктөр союзу да, Антанта да өздөрүнүн куралдуу күчтөрүн арбытып, бекем чыңдай баштащкан.

1905-ж. кокусунан алгачкы Марокко кризиси чыгып кеткен. Анын чыгышына Марокконун Францияга өтүшүнө Германиянын тоскоолдук кылышы себеп болгон. Германиянын талабы боюнча Испаниядагы Альхесирас шаарында өткөрүлгөн Эл аралык конференция Марокконун көз карандысыздыгын формалдуу түрдө тааныган, а бирок ага карабастан, Франция бул өлкөгө киргүүсүн уланта берген. 1908-ж. Австрия-Венгриянын Боснияны жана Герцеговинаны басып алышы менен, Босния кризиси башталган. 1911-ж. экинчи Марокко кризиси чыккан, ага Марокконун борбору Фец шаарын Франциянын басып алышы шылтоо болгон. Ошону шылтоо кылган Германия марокколук порт шаар Агадирге «Пантера» канонеркасын жөнөткөн. Францияга Англия жардамга келет да, Германия

Марокконун Францияныкы экендигин таанууга мажбур болот. Англия болсо француялык Конгонун саздуу аймактарына ээ болгонуна топук кылат. Жалпы европалык согуштун чыгышына чейин Италия менен Түркиянын ортосундагы 1911-ж. согуш жана 1912–1913-жж. Балкан согуштары да өзүнчө бир маанилүү этаптар болгон.

### Суроолор:

1. XIX к. 50-жж. чыгыш маселесинин курчушу эмнеден көрүнгөн?
2. Вена системасынын кыйрашын кайсы окуялар тездеткен?
3. Үчтүктөр союзу качан түзүлгөн жана ага кайсы өлкөлөр кирген?
4. Россия менен Франциянын жакындашына эмне себеп болгон? Франк-орус келишими качан түзүлгөн?
5. Антанта качан түзүлгөн? Ага кайсы өлкөлөр кирген?
6. XX к. башында Европада дүйнөлүк биринчи согушка алып келүүчү кандай жаңжалдар чыгып турган?

## § 7. Америка Кошмо Штаттары (АКШ) XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында

**АКШдагы Жарандык согуш (1861–1865). Реконструкция.** XIX к. 50-жж. аягында ак фермер Жон Браун Виргиния штатында кулдардын көтөрүлүшүн чыгарууга аракет жасаган. Бирок Вашингтондон келген аскерлер көтөрүлүшчүлөрдүн баарын кырып салган да, Браундун өзү даргага асылган. Ошентсе да, Жон Браундун көтөрүлүшү жана анын өлүмү америкалыктар үчүн күрөшкө чыгууга үндөгөн белги болуп калган.

1860-ж. президенттик шайлоо Жарандык согуштун чыгышына шылтоо болгон. Шайлоодо негрлерди боштондукка чыгаруунун тарапкери **Авраам Линкольн** (1809–1865) жеңишке ээ болгон. Ал келгин фермердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Анын мектепте окуганга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, өз алдынча окуп, сабатсыздыгын жойгон, өз алдынча билим алып, адвокат жана саясий ишмер болгон. Линкольндун жөнөкөйлүгү, токтоолугу, сейрек учурай турган интеллекти жана адаттан тышкары билимдүүлүгү анын кеңири таанымал болушуна өбөлгө болгон. Америкалыктар үчүн ал саясий лидердин эталону эле. А. Линкольндун президент болуп шайланышы кулчулукка каршы болгондордун тынчтык жолу менен жүргөн саясий жеңишин билдирген.

Бийликти колдон чыгаргылары келбеген Түштүктүн плантаторлору өз алдынча мамлекет түзүүнү чечишип, өкмөткө каршы козголоң уюштурушкан. Түштүктөгү штаттар өздөрүнүн

Кошмо Штаттардан чыгуусу жөнүндө билдире башташкан. Ошентип 1861-ж. февралда 11 штаттын өкүлдөрү конгресс өткөрүп, Түштүк штаттарынын конфедерациясы түзүлгөндүгүн жарыялашкан. Бул Жарандык согуштун башталышына түрткү болгон.



А. Линкольн.

Капиталисттик Түндүк менен кул ээлөөчүлүк Түштүктүн ортосундагы жарандык согуш төрт жылга созулган. Адам жана экономикалык ресурстар жагынан, албетте, Түндүк артыкчылык кылган, анткени анда 22 *млн* киши жашаган, өлкөнүн бүткүл өнөр жай продукциясынын негизги бөлүгү өндүрүлгөн. Ал эми Түштүктүн калкы 9 *млн* киши, анын 4 *млну* негр кулдар болгон. Эгерде согуш узакка созулуп кете турган болсо, Түндүк жеңип чыгары шексиз эле.

А бирок согуштун алгачкы этабында (1861–1862) түштүктүктөр жеңишке жетишкен. Согуштун жүрүшүндө федералдык армиянын аскерлери менен офицерлеринин даярдыгынын начарлыгы байкалып калды. Бирок согуш аракеттери илең-салаң жүргөндүктөн, узакка созулуп кеткен. Түндүктүн ийгиликке жетише албагандыгынын башкы себеби кулчулук проблемасын чечүүнү кечендеткендикте болду. Бирдиктүү мамлекетти түзүү максатын койгон Түндүктүн буржуазиясы кулчулуктун жоюлушу жеке менчикке сокку урушу мүмкүн деп кооптонгон. Согуш узарып, аткаруучу бийликтин кадыры түшүп кеткендиктен, президент А. Линкольн бир кыйла чечкиндүү аракет кылууга өтөт.

Аскердик командачылыкка каршы агентураны жана чыккынчыларды өлүм жазасына тартууну талап кылган кеңири коомчулуктун кескин наразылыгын эске алган Линкольн инсанга кол тийбестик жөнүндө мыйзамды алып таштайт. Армияга мобилизациялоо иши катуу тартипте жөнгө салынат. 1862-ж. майда конгресс *гомстеддер* (жер үлүшү) жөнүндө мыйзамды кабыл алган (англисче *homestead* — үй, чарбак үчүн жер). Ар бир америкалык 10 доллар төлөп, 160 *акр* (1 *акр* — 0,4 *га*) өлчөмүндөгү жер алууга укуктуу болгон. Ал жер беш жылдан кийин анын менчиги болуп калган. 1862-ж. сентябрда эч кандай төлөм акысыз эле кулчулуктун жоюлгандыгы жөнүндө прокламация жарыяланып, ал 1863-ж. 1-январынан тартып күчүнө кирген. Ошентип түндүктүктөрдүн жаңы союздашы — эркиндик

алган кулдар пайда болгон, анткени аларга федералдык армияда кызмат өтөөгө уруксат берилген.

Жарандык согуштун экинчи этабында (1863–1865-жж.) түндүктүктөр жеңишке ээ боло баштаган. Бул согушта демократиялык мамлекеттин радикалдуу реформасы — кулчулуктун жоюлушу — саясий жана социалдык татаал проблемаларды чече алган эмес. 1864-ж. күзүндө Түштүккө кетүүчү эң маанилүү темир жолдор жаап салынгандан кийин согуштун салмагы Түндүктүн пайдасына оогон. 1865-ж. 14-апрелде Жарандык согуштун бүтүшүн салтанаттуу белгилеп жаткан күнү президент Линкольнго кол салынат. Кийинки күнү Авраам Линкольн көз жумат. Аны аткан актёр дароо ошол жерден атылып салынгандыктан, Линкольндун өлтүрүлүшүнүн сыры ачылбай кала берген.

*Жарандык согуштун жыйынтыктары.* Жарандык согуштун же америкалык буржуазиялык экинчи революциянын мааниси чоң болгон. Түндүктүн женип чыгышынын натыйжасында АКШнын эгемендүү дөөлөт катары биримдиги сакталып калган. Өлкөдөгү саясий бийлик Түндүктүн буржуазиясынын колуна өткөн. Согуш учурунда айыл чарбасы капитализмдин фермердик өнүгүү жолуна түшкөн. АКШнын Түштүгүндөгү кулчулук жоюлган. Бирок согуш учурунда белгиленген милдеттердин баары тең эле чечилип калган жок. Негрлер жер албай калышкан, саясий укуктарга ээ болушкан эмес, түштүк штаттарда плантатордук чарба сакталып кала берген. Бул жакта буржуазиялык-демократиялык кайра түзүүлөрдү жүргүзүш үчүн 1877-ж. чейин созулган *Реконструкцияны* жүргүзүү зарыл болду. Реконструкция экономикалык прогресске карай кеңири жол ачкан.

**Экономиканын жогорулашы.** Жарандык согуш жана Реконструкция бүткөндөн кийин Түштүктүн өнөр жайы жана АКШнын айыл чарбасы болуп көрбөгөндөй темп менен өнүккөн. XIX к. соңунда АКШ күч-кубаттуу индустриялык дөөлөткө айланган. Ал өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү, өсүш темптери, техникалык жактан жабдылышы жана эмгектин өндүрүмдүүлүгү боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыккан. АКШда Англияны, Германияны жана Францияны чогуу алгандагыдан да көп көмүр өндүрүлүп, чоюн жана болот эритиле баштаган.

АКШ кен байлыктары көп, климаты дыйканчылыкка ыңгайлуу, дүйнөлүк океанга чыгуу мүмкүнчүлүгү мыкты өлкө болгондуктан, өндүрүштү жана капиталды топтоштуруу жагы

70-жж. эле түптөлө баштаган. Өнөр жайлуу өлкөнүн пайдубалы болгон металлургия жана машина куруу өнөр жайы тез өнүгө баштаган. Маселен, болот өндүрүү 1870-ж. тартып 1900-ж. чейин 150 эсеге өсүп, 10 *млн т* түзүп калган. Заводдук машина куруу өнөр жайы өз алдынча тармакка айлангандыктан, башка тармактардагы технологиялык процесстердин сапаттуу жүрүшүнө өбөлгө болгон. Илимдин өнүгүшүнө, техникалык прогресске өзгөчө көңүл бурулган. XIX к. соңку 40 жылынын ичинде 676 миң ачылыштарга жана ойлоп табууларга патенттер берилген.

Жер жөнүндөгү маселенин демократиялык жол менен чечилиши айыл чарбасындагы капитализмдин тез өнүгүшүнө кеңири жол ачкан. Гомстеддер жөнүндө мыйзамдын чыгарылышы кул ээлөөчүлөрдүн өлкөнүн Батышындагы жерлерди басып алуу коркунучун жоюп, 80 *млн акр*лык зор аймактын өздөштүрүлүшүн, жаңы штаттардын пайда болушун, ички рыноктун калыптанышын шарттады. Айдоо аянттары тездик менен көбөйүп, айыл чарба машиналары жана жер семирткичтер кеңири колдонула баштады. Натыйжада АКШ дүйнөлүк рынокто негизги экспорттоочуга айланды.

Өлкөнүн батышындагы аймактардын колонияланышы темир жолдордун курулушун талап кылды. Темир жол курулуштарын тездетиш үчүн мамлекет компанияларга кеңири аймактарды жана чоң суммадагы субсидияларды бөлүп берди. Натыйжада 1900-ж. карата АКШдагы темир жолдордун узундугу бүтүндөй Европадагы темир жолдордун узундугунан ашып түштү. Темир жолдордун курулушуна металл, рельстер, паровоздор, вагондор зарыл болгондуктан, бул иш өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүшүнө өзүнөн өзү өбөлгө болду.

Экономиканын жогорулашында чет өлкөлүк капитал, ошондой эле Эски Кеңештин илимий-техникалык тажрыйбасын колдонуу маанилүү роль ойноду. Келгиндердин агымы үзүлбөгөндүктөн, жумушчу күчүнө муктаждык болгон эмес. Иммиграция ар тараптуу колдоого алынган. АКШга жыл сайын 400 миңдей мигранттар келип турган. XIX к. соңку 30 жылында 14 *млн* адам жер оошторуп келген, ал эми XX к. башында дагы 14,5 *млн* адам келген. Калктын көбөйүшү ички рыноктун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен.

XX к. башында өндүрүштүн жана капиталдын негизинен *тресттер* түрүндөгү топтолуу жана борбордоштурулуу процесси тездеген. Өлкөнүн экономикасын көзөмөлдөп турушкан Мор-

гандын, Рокфеллердин, Меллондун өнөр жайлык-каржылык империялары АКШнын саясий турмушуна зор таасир этип турушкан.

**Ички саясат.** XIX к. АКШда эки партиялуу системадагы президенттик республика биротоло орногон. Аткаруу бийлиги күч алган. Мамлекеттик аппарат өскөн, полициянын саны көбөйгөн, армия чыңдалган. Бул америкалык буржуазиянын ички таламдарынын орундалышы менен бирге колониялык экспансияга камылга жүргөнүн билдирет.

Өлкөнүн саясий майданында Жарандык согушка чейин эле калыптанган эки партия аракет кылган. *Республикалык партия* өлкөнүн түндүк-чыгышындагы ири өнөр жай ээлерине жана финансисттерге таянган. *Демократиялык партия* АКШнын түштүгүндөгү жана батышындагы ири жер ээлеринин, фермерлердин, өнөр жай ээлеринин таламдарын жактаган. Майда буржуазиялык катмарлардын үчүнчү партияны түзүү аракеттеринен майнап чыккан жок. Америкалык жумушчулардын абалы европалык жумушчулардыкына караганда жакшы болгондуктан, АКШда социалисттик кыймыл анчалык деле күчтүү өнүкпөстөн, экономикалык талаптар менен гана чектелген.

Америкалык конституция тарабынан салтанаттуу түрдө жарыяланган демократиялык эркиндиктердин көпчүлүгү декларация бойдон болчу. Аялдар, эмигранттар (алгачкы беш жыл ичинде), сезондук жумушчулар саясий укуктарга ээ болушкан эмес. Түштүк штаттарда шайлоо салыгы болгондуктан, миллиондогон кедейлер шайлоо укугунан пайдаланууга дармети жеткен эмес. Американын түпкү калкы болгон индейлерди куугунтукташып, кырып жок кылып же чөлдүү аймактардагы *резервацияларга* — индейлер үчүн атайын конуштарга сүрүп салышкан. Кулчулуктан бошонгон негрлер дискриминацияланган шартта жашап кала беришкен. Алардын мектептери, чиркөөлөрү, ресторандары, транспорттордо өзүнчө орундары болгон, актар менен каралардын ортосундагы никеге тыюу салынган.

Социалдык карама-каршылыктардын курчушу жалпы демократиялык кыймылдын чыгышын шарттаган. Алардын бир кыйла маанилүүсү 70–90-жж. үч толкун менен (грейнжерлер, гринбеккерлер, популисттер) болуп өткөн фермердик кыймыл, АКШнын коңшу өлкөлөргө жасаган экспансияларына каршы багытталган антиимпериалисттик кыймылдар болгон. Прогрессивдүү жазуучулар, журналисттер, окумуштуулар, студенттер

биригип жүргүзгөн «балчыкты шилеп салуучулар» кыймылы кенири колдоого алынган. Негрлердин тең укуктуулук үчүн кыймылы жайыла баштаган.

1901–1908-жж. бийлик жүргүзгөн республикалык партиянын өкүлү президент Теодор Рузвельт тресттерге көзөмөлдүк кылуу, социалдык-экономикалык проблемаларды мамлекеттик жөнгө салуу, саясий турмушту демократташтыруу жагын караган реформалардын пакетин сунуш кылган. 1912-ж. президенттикке шайланган демократ Вудро Вильсон реформалык саясатты уланткан. Анын жаңыча демократия деп аталган программасы *индивидуалдуулук, адамдын эркиндиги, атаандаштыктын эркиндиги* деген үч пункттан турган. Вильсон америкалыктарга тресттерге көзөмөлдүк кылууну эмес, атаандаштыкты жөнгө салууну сунуштаган.

**Тышкы саясаттагы негизги багыттар.** АКШ XIX к. соңуна чейин «обочолонуу» саясатын жүргүзүп, европалык өлкөлөрдүн иштерине кийлигишкен эмес. Экономикалык жактан гүлдөп өнүгүү экспансиялык идеологиянын өсүшүнө өбөлгө болгон. АКШнын дүйнөлүк дөөлөткө айланышы үчүн башка өлкөлөрдү жана элдерди каратып алуу саясатын актап негиздөө үчүн бир катар саясатчылар жана теориячылар чакырылган. Кубаттуу аскер-деңиз флотунун курулушу башталган.

АКШнын тышкы саясат доктринасынын түзүлүшүнө Т. Рузвельт зор салым киргизген. Ал ички рынокту өнүктүрүү багытынан четтеп, өлкөнүн дүйнөлүк майданга чыгышы үчүн шарт түзүүгө киришкен. Рузвельт «обочолонуу» саясатынан баш тартуу менен европалык саясатка багытталган бурулуш жасап, Англия менен жакындаша баштаган.

1898-ж. испан-америка согушу америкалык колониялык империянын түзүлүшүнө чыйыр салган. Ансыз деле эптеп өнүгүп келаткан Испанияны женип алган АКШ Пуэрто-Рикого, Кариб бассейниндеги бир катар аралдарга ээ болгон жана Кубага көзөмөлдүгүн орноткон. Тынч океанда Гавай аралдарын, Гуам аралын басып алган, Филиппинди кулга айландырып, Самоа архипелагынын жарымын ээлеп алган. Бул ага Кытайды көздөй жол ачкан. Бирок Кытайды ага чейин эле ээлеп алышкан европалык дөөлөттөр жана Япония америкалык капиталдын киришине тоскоолдук кылышкан. Ошондо АКШ «ачык эшиктер» доктринасын иштеп чыккан да, Кытайга бардык дөөлөттөрдүн кирүүсүн камсыз кылууну талап кылган.

Долларды жана товарларды киргизүү менен латын америкалык өлкөлөргө өз көзөмөлдүгүн орноткон АКШ Америка ме-

нен Европанын ортосундагы жаңжалдарды жөндөө милдетин мойнуна алууну жарыялап, ал жакта Монронун доктринасын модернизациялоого киришет. Ал боюнча АКШ тартипсиздиктерди жөнгө салуу шылтоосу менен Латын Америкасындагы өлкөлөргө өзүнүн куралдуу күчтөрүн киргизип турган. Мындай багыт чоң «чокмор саясаты» деген атка конгон.

**Маданий өнүгүү.** XIX к. америкалык адабиятта романтизм жанры кеңири таралган. Америкалык романтиктер сатылма дүйнөгө, америкалык турмуштун терс көрүнүштөрүнө каршы чыгышкан. Америкалык алгачкы жол салуучулар жөнүндө энциклопедияны түзгөн **Ф. Купердин** чыгармачылыгы үчүн гумандуулук жана Американын түпкү калкына жан тартуу мүнөздүү. Ал индейлердин кырылып жок болушу уникалдуу маданияттын жок болушун шарттай тургандыгын түшүнгөн. Америкалык адабиятта кулчулукту ашкерелеген чыгармалар өзгөчө орунду ээлейт. Үрөйдү учурган кулчулук, плантаторлордун негрлерге жасаган адамгерчиликсиз мамилелери сыпатталган **Гарриет Бичер-Стоунун** *«Том байкенин кепеси»* романы коомдук турмуштагы белгилүү окуя болду. Акын У. Уитмен *«Жалбырактар»* поэмасында Американын эмгекчи элин даңазалаган. *«Короодогу сирень гүлдөгөн кезде»* деген экинчи бир поэмасы Жарандык согуштун баатыры президент Авраам Линкольнго арналган.

XIX к. аягында америкалык адабиятта натурализм кеңири жайылган. Бул көркөм агымдагы чыгармаларга **С. Крейндин** *«Мэгги – көчө кызы»* жана **Ф. Норристин** *«Спрут»*, *«Айлампа»* деген романдары кирет. Аларда америкалык шаарларда жашашкан эмгекчи адамдардын жашоо-турмуштары сыпатталган. **Э. Синклердин** *«Жунгли»*, *«Ханзада Ташкөмүр»* деген чыгармаларында социалдык турмуштун оош-кыйыштары көрсөтүлгөн.

Көркөм адабиятта реализмдин бекемделиши **М. Твендин** ысмы менен байланыштуу. Анын *«Том Сойердин жоруктары»*, *«Гекльберри Финндин жоруктары»* деген китептеринде америкалык элет турмушу сыпатталган. М. Твен үчүн негизинен Американы каптаган «алтын безгегин» мыскыл маанайында баяндоо мүнөздүү. *«Алтындалган дүйнө»* деген чыгармасында Түндүктүн Түштүктү басып алгандан кийинки мезгилдеги шылуундардын жырткычтык менен жасаган жосунсуз жоруктары ашкереленген.

Көрүнүктүү жазуучу **Жек Лондондун** чыгармалары терең реалдуу чыгармалар болуп саналат. Анын Аляскадагы алтын чайкоочулар, деңиздеги окуялар жөнүндө жазылган аңгемеле-

ри, *«Иримдеги адамдар»*, *«Темир согончок»* деген романдары дүйнөлүк адабияттын алтын фондуна кирген. *«Мартин Иден»* романында төмөнкү катмардан чыккан адамдын искусстводогу ишкердик системасынын айынан мертинип калган трагедиялуу өмүр жолу баяндалат. **Теодор Драйзердин** *«Керри»*, *«Женни Герхардт»*, *«Эңсөө трилогиясы»* деген чыгармаларында байгер Америкадагы жолу болбостуктун себептери алаканга салгандай сыпатталган.

Американлык живописчилер **Т. Саллинин** жана **Т. Коуллдун** чыгармаларында романтизмдин таасири сезилип турат. **Ж. Уистлер** жана **М. Кассат** өздөрүнүн картиналарында француздук импрессионизмдин таасиринде изденишкен реалист сүрөткерлер экендиктерин көрсөтүшкөн. **У. Хомердин** жана **Т. Эйкинстин** чыгармачылыктарында реализм эмоциялык тереңдикке жеткендиктери байкалат. У. Хомер табигый жаратылыш менен ийиндеш жашашкан карапайым адамдарды — фермерлерди, мергенчилерди, моряктарды тартканды жакшы көргөн.

Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүп-өнүгүшү жана урбанизация курулуштардын жаңыча типтерин, жаңы материалды талап кылган. Шаарлардын өсүшү жана андагы курулуштардын тыгыз жайгашуусу жерге болгон бааны көтөрүп жиберген. Мына ошондон улам көп кабаттуу бийик үйлөр, лифттер курулуп, металл каркастардын түзүлүштөрү өркүндөтүлгөн. Архитектурада жаңы стиль — конструктивизм пайда болгон. Ошол доордун атактуу архитекторлору **Л. Салливен** жана **Ф. Райт** алгачкы көк тиреген көп кабаттуу үйлөрдүн, коомдук ири имараттардын — банктардын, дүкөндөрдүн, музейлердин долбоорлорун түзүшүп, декоративдүү кооздоолорду колдонуудан баш тарткан. Фрэнк Райт жаратылыш ландшафттарынын өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен, шаар сыртындагы үйлөрдүн жаңы типтерин түзүүдө зор иш жасаган.

### Суроолор:

1. АКШнын экономикасынын Жарандык согуштан кийинки жогорулоосуна эмне себеп болгон?
2. Реконструкция кандай натыйжа берген?
3. АКШнын саясий системасы үчүн эмне мүнөздүү болгон?
4. XX к. башында АКШ эмне себептен реформизм саясатына өткөн?
5. АКШ «обочолонуу» саясатынан эмне үчүн баш тарткан?
6. Америкалыктар маданият жаатында кандай ийгиликтерге жетишкен?
7. Чыгармалары дүйнөлүк адабияттын алтын фондуна кирген америкалык жазуучу ким болгон?

## II ГЛАВА

# ПАДЫШАЛЫК РОССИЯ: ФЕОДАЛДЫК МОНАРХИЯДАН БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАГА

### § 8. Падышалык Россиядагы улуу реформалар жана пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөр

**Ички саясий багыттагы «жылуулук». Крепостнойлук укуктун жоюлушу.** Крым согушу Россия мамлекетиндеги ички терең кризисти жана анын эл аралык обочолонуусун демонстрациялады. Согушта жеңилип калуу ызасы жана каржылык жактан тукулжуроо император Александр IIни (1855–1881) кедери кетип калган мамлекеттик түзүлүштү кайра куруу жол-жоболорун издештирүүгө аргасыз кылды. 1856-ж. Париж тынчтык келишимин түзүү жөнүндөгү манифестте реформаларды жүргүзүү керектиги айтылган.

**1861-ж. 19-февралда** падыша Александр II *Крепостнойлук укуктун жоюлушу жөнүндө манифестке жана Крепостнойлук көз карандылыктан бошонгон дыйкандар жөнүндө жоболорго* кол койгон. Натыйжада дыйкандар керт башынын эркиндигине ээ болушкан. Бирок эркиндик алышкан дыйкандар жер алыш үчүн акы төлөөгө тийиш болушкандыктан, «убактылуу милдеттүүлөр» деп эсептелип, мурдагы милдеткердиктерин аткара беришкен. Ошентип, дыйкандар жергиликтүү дворяндардан шайланган ортомчулар аркылуу помещик менен жер мамилесин аныктаган *уставдык грамота* (келишим) түзүшкөн. Реформанын натыйжасында дыйкандардын жер ээликтери 20%га азайган.

Дыйкандардын жерди сатып алышы үчүн мамлекет аларга сатып алуучу сумманын 75–80% өлчөмүндөгү 49 жылдык ссуда берген. Жерди сатып алуу иши ыктыярдуу түрдө жүргүзүлгөндүктөн, эгерде помещик келишим түзүүнү каалабаса, ал ишке ашкан эмес. Ушундай кайчылаш абал XIX к. 80-жж. башына чейин созулган. Польшадагы дыйкандардын көтөрүлүшү падышалык өкмөттү Оң жээк Украинадагы жана белоруссиялык губерниялардагы дыйкандарга жерди милдеттүү түрдө сатып алууну киргизүүгө, ошондой эле алардын жер үлүштөрүнөн кесилип алынган жерлерди кайтарып берүүгө, милдеткердикти орто эсеп менен алганда 20%га чейин түшүрүүгө аргасыз кылган.

1861-ж. реформа крепостнойлук укуктун көп сандаган калдыктарын сактап калгандыктан, өлкөдөгү социалдык жаңжалдардын чыгышына себеп болгон. Ошондой болсо да, 22,5 млн крепостной дыйкандардын боштондук алышы зор саясий акт болгон жана жаңыча социалдык-экономикалык мамилелердин өнүгүшүнө түрткү берген.

**1861-ж. 19-февралындагы реформаны дыйкандардын жана радикалдуу интеллигенциянын кабыл алышы.** Агрардык кайра түзүүлөрдүн орто заарлыгы 1861-ж. жазында дыйкандардын катуу каршылыгына дуушар болгон. Жер маселеси өтө курч болгон борбордук кара топурактуу губерниялардагы, Волга боюндагы жана Украинадагы дыйкандардын кыймылы кеңири жайылган.

Бул реформа коомчулуктун радикалдуу маанайдагы бөлүгүн да таптакыр канааттандырган эмес. Реформа жүргүзүлгөнү менен крепостнойлук мамилелердин сакталып кала беришинен улам публицист Д. И. Писарев «разночин-революционердин» калыптанышында маанилүү роль ойногон *нигилизмди* (курулай тана берүүчүлүктү) кеңири жайылта баштаган. Ошол эле учурда өлкөдөгү анчалык деле көп эмес ар кандай революциялык күчтөрдү жашыруун түрдө бириктирүү аракеттери да жасалган. Бирок 1861-ж. аягында Н. Г. Чернышевский жана Н. А. Серно-Соловьевичтер түзгөн «*Жер жана эркиндик*» коому бүткүл россиялык уюмга айлана алган жок.

**XIX к. 60–70-жж. реформалар.** Александр IIнин өкмөтү цивилизациялуу жарандык коомду түзүү багытындагы дагы бир топ реформаларды жүргүздү. **1864-ж.** *земстволук реформа* жүргүзүлгөн жана соттук уставдар жаңыртылган.

Земстволук реформа боюнча эки аймактык деңгээлдеги башкаруу системасы – уезддик жана губерниялык сословиелик өз алдынча башкаруу системасы түзүлгөн. Бирок земстволор империянын борбордук бөлүктөрүндө гана түзүлүп, 60-жж. экинчи жарымында эле иши жакшы жүрбөй калган. Ошого карабастан, алар жергиликтүү чарбаны жана агартуу ишин жөнгө салууда бир кыйла ийгиликтерге жетишишкен. Эң башкысы, земстволор либералдык кыймылдын уюмдашуусуна өбөлгө болгон.

Сот өндүрүшүндөгү реформа кыйла терең ойлонуштурулган, ырааттуу жүргүзүлгөн реформа болгон. Эски сословиелик соттор жоюлган; сот администрациядан бөлүнгөн; сот процессин жалпы элдин катышуусунда жүргүзүү киргизилген; айыпталуучунун коргонууга укугу адвокатура менен камсыз кылынган; присяжный заседателдердин институту негизделген.

XIX к. 60–70-жж. Россияда бир катар аскер реформалары жүргүзүлгөн. Алардын эң башкысы **1874-ж.** мурдагы рекруттук системанын ордуна *жалпы аскердик милдеткердиктин* киргизилиши болгон. Ошентип жеке бийликтин аскердик күчтөрү буржуазиялык укуктардын негизинде түзүлө баштаган.

**Революциячыл народниктик агымдын идеологиясы жана тажрыйбасы.** XIX к. 70-жж. разночиндик интеллигенция чөйрөсүндө *революциячыл элчил* (элге баруучулук) идеология тарала баштаган. Анын башталыш идеяларын А. Герцендин жана Н. Чернышевскийдин эмгектеринен көрүүгө болот. Ал эми бир ыңгайдагы сыпатталышы П. Лавровдун, М. Бакуниндин, П. Ткачёвдун эмгектеринен табылат. Алардын программаларынын максаты бир болгон. Ал — капитализмди аттап өтүү менен социалдык жактан адилеттүү коомду (социализмди) орнотуу эле. Народниктик кыймылда *пропагандалык* (жайылтуучулук) (негиз салуучусу Лавров), *козголоңчул* (негиз салуучусу Бакунин), *кутумчулук* (негиз салуучусу Ткачёв) багыттар болгон.

1874-ж. революциячыл жаштар бакуниндик ураандын астында «элге баруу» кыймылын башташкан. А бирок дыйкандар козголоңчул жаштарды колдобой коюшкан, ал тургай, душмандашып да кетишкен. Элдин мындай мамилеси алардын айыл-кыштактарда пландуу пропаганда жүргүзүшүн шарттагандыктан, народниктер ал жактарга отурукташа башташкан.

1876-ж. народниктер борбордошкон жана өтө жашыруун «Жер жана эркиндик» уюмун түзүшкөн. Алардын программасында саясий жана экономикалык түпкү максаты («анархия жана коллективизм»), жер толугу менен дыйкандарга берилсин, жамааттык өз алдынча башкаруу тартиби киргизилсин деген ж.б. талаптары декларацияланган. Максатка жетүүнүн жолу экиге бөлүнүп калган: бири – *уюштуруучулук-пропагандалык* жол, экинчиси *террордук* жол болгон.

1879-ж. «Жер жана эркиндик» уюму экиге бөлүнүп кеткен. Г. И. Плеханов жетектеген «айылдыктар» (пропагандалык жолду жолдоочулар) *«Кара жик»* уюмун түзүшкөн. Ал эми «Жер жана эркиндиктегилердин» А. И. Желябов, С. Л. Перовская баштаган көпчүлүгү *«Эл эрки»* уюмуна бириги шип, биринчи орунга саясий күрөштү – мамлекетти кайра түзүү үчүн күрөштү коюшкан. «Эл эркиндегилер» падышаны өлтүрүү керек деген идеяны көтөрүп чыгышкан.

1880-ж. февралда падыша Жогорку тейлөө комиссиясын түзгөн. Бул жаңы органдын башчысы граф М. Т. Лорис-Меликов чексиз ыйгарым укукка ээ болгон. Саясий изилдөө жүр-

гүзүү реформасынын аркасында ал революциячыл подпольеге каршы күрөштө бир катар ийгиликтерге жетишкен. Лорис-Меликов Мамлекеттик кеңештин алдында земстволук шайланма өкүлдөрдөн жана чиновниктерден турган «Даярдоо комиссиясын» түзүүнүн долбоорун иштеп чыккан. Падыша Александр II 1881-ж. 1-мартында алдыда боло турган реформанын долбоорун талкуулоо күнүн белгилеген. Тилекке каршы, бир нече сааттан кийин боштондук берген падыша өлтүрүлгөн. И. Гриневицкийдин бомбасы Улуу реформалар доорунун тарыхына соңку чекитти коюп койгон. Ошентип, эл эркин аткаруучулар эңсеген дыйкандардын көтөрүлүшү болбой калган.

**Россиядагы «бейкут» жылдар.** 1881-апрелде император Александр III (1881–1894) Синоддун обер-прокурору К. П. Победоносцев тарабынан жазылган «жеке бийликтин козголгустугу» жөнүндө манифестке кол койгон.

Падыша Александр IIIнүн өзүнүн *шовинисттик* (өз элинен башка элдерди киши катары санабагандык, ашынган улутчулдук) жана *антисемиттик* (еврейлерге каршы кастык мамиле) көз карашынан улам реакция улуттук-диний чөйрөнү да каптаган. «Россия орустар үчүн» деген ураандын астында «бөтөн элдер» мамлекеттик кызматка алынган эмес жана чарба ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүгө уруксат берилген эмес.

Жер-жерлерде дворяндык бийлик калыбына келтирилип, алардын кадыры көтөрүлө баштайт. 1885-ж. түзүлгөн Дворяндык жер банкынын максаты жеринен айрылган жана карызга баткан помещиктерге зор колдоо көрсөтүү эле. Дворяндык жер банкында берилген ссуданын проценти (6,5%) Дыйкандардын жер банкына (8,5%) караганда төмөн болчу.

Контрреформалар циклиндеги мааниси жагынан экинчи орунда турган акт — 1890-ж. губерниялык жана уезддик земстволук мекемелер жөнүндөгү жобо болду. Ал боюнча земстволордун бийлиги чектелип, дворяндардын өкүлдүгү кескин түрдө күч алган.

Падышалык бийлик 80-жж. сот реформасында сот өндүрүшүнүн маалымдыгы деген эң маанилүү принцибин алып таштаган. Присяжный заседателдердин мүлктүк жана билимдүүлүк цензи жогорулатылган, тактап айтканда, оокаттуулар жана жогорку билимдүүлөр гана иштөө укугуна ээ болушкан.

Россиянын калкынын интеллектуалдуу бөлүгү үчүн Александр IIIнүн 60–70-жж. патриархалдык башкаруусу «күңүрттөнгөн күмүрөй турмуш» болгон. Алар жогорку бийлик башында турган адамдын жүйөлүү ой жүгүртөрүнө ишенишкен эмес.

Арийне, Александр IIIнүн падышалык доору таптакыр эле шоласыз болуп калган жок. 1861-ж. башталган өлкөнү экономикалык жактан өнүктүрүү процесси, каржы министрлигинин мамлекеттик бюджеттеги тартыштыкты четтетүү жагындагы иш-аракеттери, темир жол курулушу, чет өлкөлүк капиталдарды тартуу, согуштарга катышпоо 90-жж. экинчи жарымында Россиянын экономикалык жактан ушуга чейин болуп көрбөгөндөй жогорулоосун шарттаган.

Александр III улуу княздарды кынк эттирбей башкарып жана алардын негизсиз *амбицияларын* (намыскөйлөнүү, бой көтөрүү) эпчилдик менен оздуктап турган. Императордук фамилиялардын обу жок көбөйүп баратышына жана аларды багуу үчүн чыгашалардын өсүшүнө, улуу княздык титулдун абройлуу артыкчылык даражасы түшүп баратканына камтама болгон Александр III падыша Павел Iнин тушунда 1797-ж. 5-апрелде кабыл алынган «Императордук фамилияны бекитүү жөнүндө» мыйзамды өзгөртүп, «императордук улуу урматтуулардын» санын кыскарткан. Улуу княздык титул императорлордун балдары менен неберелерине гана берилген, ал эми чөбүрөлөрүнөн кийинкилери «император тукумундагы княздар» деп аталып калышкан да, алар үчүн төлөмдөр жана артыкчылыктар кыскартылган.

**Коомдук-саясий турмуш жана жумушчу кыймылы.** Александр III дүйнөдөн өтөр алдында өлкөдө мемиреген тынчтык өкүм сүрүп, жашоо жайбаракат тартып калган. Элдин коомдук жигердүүлүгү кан буугандай токтогон. Революциячыл народниктер репрессиялангандыктан, терең *«подпольеге»* (жашыруун иш жүргүзүүгө) кетишкен. Либералдык агымдагы народниктер өз максаттарына тынч жол менен жетүүгө үмүттөнүшкөн. Бирок либералдык народниктер, земстволук либералдык-помещиктик *оппозициядан* (каршы аракет кылуучулар) айырмаланышып, «майда-барат иштер теориясы» боюнча иш жүргүзүшүп, интеллигенцияны конституцияны киргизүү үчүн саясий күрөшкө эмес, дыйкандардын күндөлүк жашоосун жакшыртуу боюнча иш жүргүзүүгө үндөшкөн.

Марксизмдин пайда болушу Россиянын коомдук турмушунда маанилүү фактор болду. Анын жайылышына 1883-ж. Женевада **Г. В. Плеханов** тарабынан *«Эмгекти боштондукка чыгаруу»* тобунун түзүлүшү себеп болду. Ошол эле учурда Петербургда Д. Н. Благоевдин социал-демократиялык тобу түзүлгөн. Бирок Александр IIIнүн тушунда маркстык топтор жумушчу кыймылы менен бирикпегендиктен, өкмөт социал-демократ-

тарга көңүл деле бурган эмес. Жумушчулар өздөрү эле иш таштоолорду уюштуруп, экономикалык мүнөздөгү талаптарды коюшкан. Ошондой иш таштоолордун бири Орехово-Зуеводогу Т. С. Морозовдун Николь мануфактурасындагы иш таштоо эле. Морозовдук иш таштоолордун таасири астында 1886-ж. жумушка жалдануу жана жумуштан бошонуу, айып төлөтүүлөр жөнүндө фабрикалык мыйзам чыгарылган. Фабрикалык мыйзам актысынын чыгышы менен жумушчулардын жер-жерлердеги иш таштоолору бийликтегилер үчүн анчалык деле коркунучтуу болбой калган. А бирок, «алдамчы» бейкуттуктун далдаасында өлкөдө болочоктогу социалдык бороон бышып жетилип жаткан болчу.



Г. В. Плеханов.

Суроолор:

1. Александр IIнин доору эмне үчүн Улуу реформалар доору деп аталган?
2. XIX к. 50–60-жж. «кайра куруу» жана «маалымдык» эмнеден көрүнгөн?
3. Крепостнойлук укук качан жана кандайча жоюлган?
4. Александр IIIнүн ишиндеги кайсы фактыдан бийликтин жогорку башкаруучусу үчүн билимдин жетишсиздигин көрүүгө болот?
5. Императордук титулга кандай өзгөртүүлөр киргизилген жана эмне үчүн?

## § 9. Падышалык Россиянын XIX к. экинчи жарымындагы тышкы саясаты. Россия империясы дүйнөлүк цивилизациялык процессте

**Париж тынчтык келишиминин чектөөчүлүк шартынын алынышы.** Падышалыктын Крым согушунда жеңилип калышы эл аралык майдандагы күчтөрдүн өз ара катышын таптакыр өзгөртүп койду. Россия өзүнүн дүйнөлүк дөөлөт ролун жоготуп койгондуктан, өзүнчө обочолонуп калды. Ошол кездеги тышкы иштер министри А. М. Горчаков Париж тынчтык келишиминин шарттарын, өзгөчө Кара деңизге чыгууга тыюу салынган пунктун кайра караштыруу ишин өзүнүн биринчи кезектеги милдети катары эсептеген. Ал бул маселени европалык дөөлөттөрдүн карама-каршылыктуу дипломатиялык оюндарын колдонуу аркылуу чечмей болгон. Ошондуктан ал Пруссия менен жакындаша баштаган. Анткени Пруссия өзүн Германияны бириктирүүчү катарында эсептечү жана Россиянын бейтараптуу болушуна кызыкдар эле.

1870-ж. Франциянын франк-прусс согушунда жеңилип калышынан пайдаланып, Россия өкмөтү европалык дөөлөттөргө Париж тынчтык келишиминин шарттарынан баш тарта тургандыгын билдирген. Лондондогу эл аралык конференциянын катышуучулары (1871) Россиянын бул чечимин бекитүүгө аргасыз болушкан. Бирок Петербургдун тышкы саясаттагы бул *триумфу* (салтанаты) өзүнүн эң күчтүү жана коркунучтуу коңшусу — Германия империясынын түзүлүшү менен коштолгон эле.

**Орто Азияны басып алуу.** Пруссия менен жакындашуу, 1863–1864-жж. Польшадагы көтөрүлүштү басуу жана Кавказды багындыруу иштери аяктаган соң, падышалыктын Орто Азияга экспансиясы башталган. Орто Азияны каратып алган Россия 1867-ж. бул жерде Түркстан генерал-губернаторлугун түзгөн. 1868-ж. Кокон хандыгы жана Бухара эмирлиги, ал эми 1873-ж. Хива хандыгы Россия империясынын вассалдары болуп калышкан. Эгерде Бухара эмирлигинин жана Хива хандыгынын башкаруучу төбөлдөрү өздөрүнүн ички автономиясын сактап калуу менен вассалдык баш ийүүгө макул болушкан болсо, алардын калкы падышалык бийликке баш ийүүдөн баш тартып, *«казабатка»* («дини буруулаpга» каршы ыйык согуш) чыгып, катуу каршылык көрсөткөн. Кокон хандыгы Фергана облусу деген аталыш менен Түркстан генерал-губернаторлугуна 1876-ж. киргизилген.

70-жж. ортосунда борбордошкон бийлиги жок түркмөн уруулары көз карандысыз бойдон калышкан. Алардын чөлдүү талаалары кербен жолдорун бууп салгандыктан, Россия Ташкент менен Оренбург аркылуу байланышкан. Түркмөндөрдүн текин уруулары өзгөчө жоокер жана эркин эл болгондуктан, россиялыктардын Ахал-Текин оазисин карай жортуулдары көп жоготууларга дуушар болгон. Акыры, бул региондун чордондук аймагы болгон Гөк-Тепе 1881-ж. багындырылган. Россиянын Орто Азияны багындырып алышы анын Англия менен мамилесин ого бетер курчуткан. Ошондуктан Англия 1885-ж. афган-орус жаңжалын чыгарган.

**Петербургдун Ыраакы Чыгыш саясаты.** XIX к. 90-жж. чейин бул саясат өтө сактык менен жүргүзүлүп келген болчу. 1860-жж. орус-кытай келишими (Пекин) боюнча Уссури крайы толук Россияга өткөн. Улуу Пётр булуңунда Владивосток шаары түптөлгөн. Уссури крайына жана Амур дарыясынын боюна россиялык келгиндер жайгаштырылган. Япония менен дипломаттык жана соода-сатык байланыштардын түзүлүшү Россиянын Охота жана Япон деңиздерине чыгышын шарттаган. 1855-ж. Си-

мол келишими боюнча Россия Курил аралдарына чыгууга укуктуу болуп калган. Сахалин болсо Россия менен Япониянын ортосундагы бөлүнбөс аймак болуп таанылган. 1875-ж. Петербург келишими боюнча Япония Курил аралдарын алгандыгы үчүн, анын Түштүк Сахалинге доосу жок деп табылган. Ошентип Россия Охота деңизин Тынч океандан бөлүп турган, стратегиялык жактан маанилүү аралдардын тизмегинен ажырап калган.

1867-ж. Александр IIнин Түндүк Америкадагы Россиянын ээликтерин сатып жибергендиги жөнүндө айың кептер ушул кезге чейин айтылып жүрөт. Бирок Аляcканы АКШга сатып жиберүү маселеси Петербург бийликтеринин, азыркы XXI к. башталышында биз ойлогондой, жеткире ойлонуштурулбай жасаган иши эмес болчу. «Орус Америкасынын» эбегейсиз зор аймагы жүз жылдан ашуун мезгил бою орус келгиндери тарабынан оңгулуктуу деле өздөштүрүлгөн эмес жана анын экономикалык абалы жыл өткөн сайын начарлай берген. Аляска сатылган тушта анын калкы бар болгону 800дөй эле киши болгон. Ошондуктан Россия үчүн аскер күчү менен араң кармап турган ээликтен кутулуу жана ошону менен бирге АКШ менен ымалалашуу зарыл эле.

**Россиянын Балкандагы саясаты. 1877–1878-жж. Чыгыш согушу.** Европада Россиянын, Германиянын жана аларга ыктаган Австриянын өз ара ымалалашуусу 1873-ж. «Үч императордун союзунун» түзүлүшүн шарттаган. Ошого таянган орус бийлиги өзүнүн Балкандагы ээликтерин калыбына келтирүүнү көздөгөн. Балканда Осмон үстөмдүгүнө каршы күрөш алиге чейин басыла элек эле. Россия Босниядагы жана Герцеговинадагы (1875), Болгариядагы (1876) көтөрүлүштөрдү, Сербия менен Черногориянын Түркия менен согушун (1876) кызуу колдогон. Россиянын Балкан элдерин колдоосу (жардам жыйноо, ыктыярдууларды жөнөтүү) адегенде расмий мүнөздө эмес болчу. Россия европалык дөөлөттөрдүн жардамы менен Түркия өкмөтүнө кысым жасоого аракет кылган. Бирок Түркия Балкандагы христиан калкы үчүн реформаларды жүргүзүү талаптарын орундатуудан баш тарткан. Ошентип, жаңжалды тынчтык жолу менен чечүүгө мүмкүн болбой калган соң, 1877-ж. апрелде Россия Осмон империясына каршы согуш ачкан.

1877–1878-жж. орус-түрк согушунда орус армиясы 1877-ж. Дунайдан ары өтүп барып, Шипка ашуусун, түрктөрдүн Түндүк Болгариядагы Плевна чебин, Закавказьедеги Карс чебин ээлеген, 1878-ж. Шипканын этегиндеги Шейново менен Филиппо-

полду багындырган, Адрианополду каршылыксыз эле ээлеп алган. Англия менен Австриянын катуу талабы боюнча Түркиянын борборун басып алуудан баш тартууга туура келген. 1878-ж. февралда Сан-Стефан тынчтык келишими боюнча Сербия, Черногория жана Румыния толук эркиндик алышкан, Болгария автономиялуу княздык болуп калган. Россия Крым согушунун натыйжасында ажырап калган Түштүк Бессарабияны кайтарып алган, Закавказьедеги Батум, Карс, Ардаган жана Баязет чептерине ээ болгон.

Сан-Стефан келишиминин шарттары Россия менен Балкан элдеринин таламдарына жооп берген, бирок европалык мамлекеттердин наразылыгын туудурган. Ошондуктан 1878-ж. жайында Берлинде өткөрүлгөн конгрессте Балкан жарым аралындагы абалды олуттуу начарлаткан чечимдер кабыл алынган. Берлин конгресси Россиянын Баязетке болгон укугун бекиткен жок. Россиялык дипломатиянын Сан-Стефан тынчтык келишимин кайра караштырууга макул болушу коомчулуктун 1878–1881-жж. орус өкмөтүнө каршылык көрсөтүү кыймылынын себептеринин бири болчу.

**Александр IIIнүн тышкы саясаты.** Император Александр IIIнүн монархиялык принциптерди карманган Англия менен Германиянын күчүнө ишеними кайткан эмес. Ошондой эле Россиянын жаңы тышкы иштер министри Н. К. Крис Германия менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү ниетинде болчу.

Ошентип, «үч императордун союзу» эки жолу – 1881- жана 1884-жж. – үч жылдан узартылган. Ал союз 1885-ж. Россиянын афган маселесин чечүүсүндө толугу менен өзүн актаган, бирок 1885–1887-жж. болгар кризиси бул саясий бирдиктин ыдырашына алып келди.

Парламенттик башкаруу саясатын таптакыр жактырбаса да, шартка жараша, Россия Франция менен ымалалашууга аргасыз болгон. 1887-ж. падыша өкмөтү Парижден алгачкы зайымдарды алган. Бул эки өлкөнүн байланышынын өнүгүшүндө француз эскадрасынын 1891-ж. Кронштадтка жасаган визити маанилүү окуя болду. Дүйнөдөгү гезиттер жеке бийликчил падыша Франциянын гимни «Марсельезаны» туруп уккандыгы жөнүндө билдирүүнү жарыялашкан. Ошол эле 1891-ж. Петербург менен Париждин ортосунда коргонуу боюнча макулдашуусу түзүлгөн. 1893-ж. декабрда Александр III Франция менен аскердик конвенцияга кол койгон, ал 1894-ж. январда *ратификацияланган* (бекитилген).

**Россиянын ээлиги жана калкы.** Метрополиялары жана колониялык ээликтери даана жана так көрсөтүлүп турган классикалык типтеги европалык дөөлөттөрдөн айырмаланып, Россия империясынын ээлеген аймактары анчалык так көрсөтүлгөн эмес. Сан жагынан орус калкы көптүк кылган европалык бөлүгүндөгү 29 губерния (Великороссия), ошондой эле көбүнчө украиндер менен белорустар жашаган 15 губерния биригип, Россия дөөлөтүнүн метрополия деп аталган бөлүгүн түзгөн. Россия империясы калкынын саны боюнча (биринчи дүйнөлүк согуш болор алдында 175 *млнго* жакын адам жашаган) жарым колониялык Кытайды эсепке албаганда, Улуу Британиядан кийинки орунда турган. Калкынын үчтөн эки бөлүгүн чыгыш славяндар түзгөн. Демек, борбор – *периферия* (улуттук чет-жакалар) катышы боюнча, Россия империясы этностук көрсөткүчтөрү жагынан Германия, Италия, Япония өңдүү колониялык дөөлөттөргө салыштырмалуу жаш мамлекет болгон, анткени аларда метрополиянын калкына караганда колониялардын калкынын саны бир топ басымдуулук кылган.

Коомдун модернизацияланышынын урбанизациялануу (шаар калкынын өсүшү) деңгээлинин көрсөткүчү боюнча Россия батыш дөөлөттөрүнүн арасында акыркы орунда турган. Россиядагы таптык түзүм да индустриялык коомго тиешелүү деңгээлге салыштырмалуу кеч калыптанган. Анын үстүнө, Россия империясынын жарандарынын сословиелерге бөлүнүшүнүн жасалма түрдө сакталып турушу да коомдо болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөрдү жылмалап салган.

Россия империясынын геостратегиялык абалы АКШ, Улуу Британия жана Япония дөөлөттөрүнө салыштырмалуу оор болчу. Анткени анын чек аралары дүйнөлүк алдыңкы дөөлөттөрдүн таасир этүү чөйрөлөрүнө чектеш болгон. Ушул жагдайдан улам падыша өкмөтү душмандардан коргоп туруш үчүн чек араларында көп сандагы аскердик *контингенттерди* кармап турууга мажбур болгон.

**Өнөр жай өндүрүшү.** Батыштагы жаңы индустриялык коомдун артыкчылыгы Россиянын модернизация жолуна түшүүсүнө түрткү болду. Капитализмдин экинчи эшелонундагы өлкөлөр сыяктуу эле ага да айрым фазалардан аттап-буттап өтүп, секирик түрүндө өнүгүү мүнөздүү болгон. Маселен, Россия өнөр жайдын бир катар тармактарынын өнүгүшүндө мануфактуралык стадияны аттап өткөн.

Крепостнойлук укук жоюла электе эле башталган өнөр жай революциясы XIX к. 90-жж. болуп көрбөгөндөй экономикалык

жогорулоо темпи менен аяктаган. Өлкөдөгү темир жол курулушунун жогорку темпи өнөр жай төңкөрүшүнө өбөлгө болду. XX к. башында Россия темир жолдун узундугу боюнча АКШдан кийинки экинчи орунда турган. Ал эми нефти өндүрүү боюнча XIX к. аягында биринчи орунда, XX к. башында экинчи орунда болгон.

Дүң продукциянын көлөмү боюнча Россия дүйнөдөгү эң ири индустриялуу беш өлкөнүн катарына киргени менен, калктын жан башына карата эсептелген көрсөткүч боюнча батыш өлкөлөрүнөн кыйла артта болчу: 1913-ж. өлкөнүн дүң продукциясынын көлөмү калктын жан башына алганда Франциянын деңгээлинин 40 %ын, Улуу Британиянын — 20 %ын, АКШнын — 10 %ын гана түзгөн.

**Капиталдын киргизилиши. Монополиялардын түзүлүшү.** Дүйнөлүк биринчи согуштун алдында акционердик капиталга чет өлкөлүк салымдар (негизинен банктарга, өнөр жайына) жаңы инвестициялардын $^1/_3$ ин түзгөн. Француз капиталы негизинен оор өнөр жайына жана каржылык институттарга, англиялык — тоо-кен өнөр жайына, германиялык — электр техникасына жана металлургияга түшкөн.

Россиядагы алгачкы монополиялык бирикмелер XIX к. 80–90-жж. пайда болгон. Өндүрүштүн дээрлик бардык тармактарында монополиялар түзүлө баштаган. Алар ар бир ишкана өзүнүн продукциясын сатып өткөрүүдөн башка өндүрүштүк автономиясын сактап калган *синдикаттар* — бирикмелер түрүндө болгон. Падышалык Россиядагы эң кубаттуу синдикаттардын катарына Орус металлургиялык буюмдарын сатып өткөрүү коому («Продамета») жана Донецк бассейниндеги минералдык отунду сатуу коому («Продуголь») кирет. 1909–1913-жж. экономикалык жактан жогорулоо жылдарында алгачкы жогорку типтеги монополиялык бирикмелер — *тресттер* жана *концерндер* түзүлө баштаган, бирок бул процесс дүйнөлүк согуштун башталышы менен үзгүлтүккө учураган.

**Банк жана өнөр жай капиталынын бириктирилиши.** Россияда өнөр жай өндүрүшүнүн *концентрацияланышы* менен бирге банк капиталын концентрациялоо процесси жүрө баштаган. Өнөр жайга салынып жаткан каржылык каражаттардын негизги бөлүгүн эң ири банктар көзөмөлгө алып турушкан. Согуштун алдындагы жогорулоо жылдарында Орус-Алтай Банкы аскердик-өнөр жай концернин түзгөн. Анын борбору Петербургдагы Путилов заводу болгон. Ал банктын башкармалыгынын төрагасы А. И. Путилов «Лианозов и К» нефти шериктештигинин ди-

ректору жана Москва–Казань темир жол коомунун директору болгон, ошондой эле бир катар башка ишканалардын башкармалыктарынын мүчөсү болчу. Россияда эбегейсиз зор каржылык каражаттарды жана негизги өнөр жайлык кубаттуулуктарды топтогон *каржылык олигархия* калыптанган.

**Айыл чарбасынын абалы.** Крепостнойлук түзүлүштүн калдыктарынын сакталып калышы капиталисттик эволюцияны кечеңдеткен. Анын башкы себеби Россиянын кеңири аймагындагы, өзгөчө борбордук-кара топурактуу жана украиналык губерниялардагы дыйкандардын жер үлүштөрүнүн кичинелиги болгон. Бул аймактардагы айдоо жерлери жайыттардын, чөп эгилген аянттардын, токойлорду кыюунун эсебинен кеңейтилгендиктен, мал чарбачылыкка кедергисин тийгизген жана жер кыртышын эрозияга чалдыктырган. Төлөмдөрдүн көптүгү жана алардын өлчөмдөрүнүн ашкере чоңдугу дыйкандарды мүңкүрөткөн. 1891–1892-жж. Европалык Россияны катуу ачарчылык каптаган. Ошого карабастан Россиянын айыл чарбасы улуттук кирешенин дээрлик жарымын түзүп турган. XX к. башында Россия эгин өндүрүү боюнча АКШдан кийинки экинчи орунда турган. Эгин өндүрүү негизинен айдоо аянттарын көбөйтүүнүн эсебинен болжол менен 2,1–2,4 %га жогорулап турган. Бирок түшүмдүүлүк жана алынган продукция боюнча, агрардык сектордо эмгектенген ар бир адамга эсептегенде Россиянын айыл чарбасы кыйла артта калган.

**Ички жана тышкы соода-сатык.** Россиянын ички соода-сатык операцияларына банк капиталынын аралашуусу күчөгөн. 1900–1913-жж. ички товар жүгүртүү 18,5 *млрд* рублди түзүп, 64 %га өскөн.

Россиянын дүйнөлүк импорттогу үлүшү 3,5 %ды түзгөн, дүйнөлүк экспорттогу үлүшү болсо 4,2 % болгон. Нанды экспорттоо жагынан Россия өзүнүн дүйнөлүк атаандаштарынан алда-канча алдыга озуп кеткен. Эгин продукцияларын экспорттоо өлкөнү индустриялаштырууга өбөлгө болгон чет өлкөлүк капиталдын жана товарлардын импортунун ордун жаап турган.

**Саясий түзүлүшү.** XX к. башталышында Россия империясы *абсолюттук монархия* (чексиз жеке бийлик) бойдон кала берген. Бул абалы аны орточо өнүккөн өлкөлөрдөн да кескин айырмалап турган. 1905–1907-жж. революция гана падышалык би[illegible]ликти саясий эркиндиктерди берүүгө жана жалпы империя[illegible]гин өкүлдүк мекемелерди түзүүгө мажбур кылган. [illegible] жүр-

**Тышкы саясаты.** XIX к. сонунда Россия тышкы сая[illegible] күчтөр данында өздөрүнүн кеңири аскердик программала[illegible]инистрли-

ашырып алышкан дүйнөлүк алдыңкы дөөлөттөр менен атаандаша алган эмес. Мындай жагдай падышалык өкмөттүн тынчтык демилгелери менен чыгышына объективдүү негиз түзгөн, ошондон улам, Россиянын демилгеси менен, 1899-ж. Гаагада куралданууну чектөө маселеси боюнча конференция өткөрүлгөн. Падышанын чөйрөсүнө Азияда жана Ыраакы Чыгышта *экспансиялык* (жаңы аймактарды басып алуунун эсебинен кеңейүү) саясатты жүргүзүү позициясын жактагандар топтолгон. 1896-ж. Россия Түндүк Кытайда – Манчжурияда – Чыгыш-Кытай темир жолун (ЧКТЖ) куруу укугуна жетишкен, 1898-ж. аскер-деңиз базасын чыңдоо үчүн Порт-Артурду ижарага алган. Бул иш-аракеттер анын Япония менен мамилесине залалын тийгизген.

1904-ж. 27-январга караган түнү япондордун миноносецтери күтүүсүздөн Порт-Артур булуңунун тышкы рейдинде турган россиялык аскер кемелерине чабуул коюшкан. Күтүүсүздөн башталган бул согушта Россиянын кургактагы жана аскер-деңиз күчтөрү жеңилиштин гана үстүндө болгон. 1904-ж. декабрда Порт-Артур капитуляцияланган, 1905-ж. майда Цусима кысыгындагы 2-Тынч океан эскадрасы кыйраган. 1905-ж. августта Портсмутта (АКШ) Япония менен түзүлгөн тынчтык келишими боюнча Россия Сахалиндин түштүк бөлүгүнөн ажырап калган.

Бул согушта Россиянын жеңилип калышы анын тышкы саясий багытын кайра караштырууга түрткү болду. 1907-ж. Петербургдагы англ-орус макулдашуусу Россиянын жана Англиянын Франция менен түзгөн макулдашууларын эсепке алуу менен, Антантанын түзүлүшүн жана Европанын эки аскердик-саясий блокко жиктелүүсүн шарттаган.

**Суроолор:**

1. Россиянын Крым согушунан кийинки эл аралык абалы кандай болгон?
2. 1877–1878-жж. орус-түрк согушунун натыйжасы кандай болгон?
3. Сан-Стефан тынчтык келишими менен Берлин конгрессинин айырмасы эмнеде?
4. Россиянын айыл чарбасынын өнүгүү шарттары кандай болгон?
5. Россиянын ички жана тышкы соода-сатык тармагы кандай өнүккөн?
6. Россиянын тышкы саясаты кандай болгон?

## § 10. Россиядагы коомдук-саясий кыймыл жана падыша бийлигинин кулашы

**Саясий багытты иштеп чыгуу жана министрлердин атаандашуулары.** Николай II бийликке 26 жашында келип, мамлекетти башкаруу ишинде тажрыйбасы аз эле. Анын жүрүм-туру-

му да, мүнөзү да көрүнүктүү өкүмдар болууга шайкеш келбей, ал өзү ээлеген орунга татыксыз болчу. Аны мамлекеттик иштер тажатып жиберсе да, чексиз бийликтен баш тартууну ойлоп да койчу эмес. Ошондуктан падышалык ордодо мурдагыдай эле Александр IIIнүн доорундагы идеологиянын таасири күчтүү бойдон кала берген.

Сановниктик чөйрөдөгү салттуулукка каржы министри С. Ю. Витте каршы болгон. Падыша болсо Витте сунуш кылган россиялык экономиканы модернизациялоону тездетүү программасын колдогон. Анткени ал мамлекеттик башкаруунун жеке бийликтик системасына доо кетирген эмес. 1897-ж. алтын акча жүгүртүү киргизилген. Витте өнөр жай ишканаларындагы жалданма эмгекти жөнгө салууда да ийгиликтерге жетишкен. 1897-ж. жумуш күнүн 11,5 саат менен чектөө жөнүндө, 1903-ж. өндүрүштө майып болгон жумушчуларга акчалай жардам көрсөтүү жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Каржы министрлиги экономикага чет өлкөлүк капиталдын киришине жол ачып эле тим болбостон, мамлекеттик шарап монополиясынын жардамы менен жана кыйыр түрдөгү салыктарды чогултууну күчөтүүнүн эсебинен ички ресурстарды мобилизациялоо иштерин жүргүзгөн. Спирт жана арак-шарап өндүрүү боюнча мамлекеттик монополия 1903-ж. жылдык бюджеттин 26 %дан ашуунун түзүп турган.

1902-ж. ички иштер министри болуп дайындалган В. К. Плеве Виттенин идеялык жактан каршылашы болчу. Өлкөдөгү абалды полициянын жардамы менен чыңдоо программасын иштеп чыгып, Николай IIнин жактыруусуна ээ болгон Плевенин тушунда өлкөдө күзөт бөлүмдөрүнүн чырмалышкан тармагы түзүлгөн. Витте менен Плевени тирештирген маселе агрардык саясат эле. Виттенин жетекчилиги менен 1902-ж. өткөрүлгөн Айыл чарбалык өнөр жайдын муктаждыктары жөнүндө өзгөчө кеңешмеде жамааттарды акырындык менен, зордук-зомбулуксуз жоюу жана жеке менчикти орнотуу маселеси каралган. Бирок Николай II 1903-ж. 26-февралдагы Манифестте Плевенин жамааттардын консервацияланышы жөнүндөгү багытын колдогон.

Витте менен Плевенин тышкы саясат боюнча көз караштары эки башка болчу. Эгерде Витте Кытайга жана Кореяга экономикалык кирүүнү тынчтык жолу менен жүргүзүү керектигин туура көрсө, Плеве Ыраакы Чыгышта агрессивдүү саясат жүргүзүүнү жактаган. Акыр-аягында салттуу-монархиялык күчтөр жеңишке ээ болуп, Витте 1903-ж. августта каржы министрли-

гинен бошотулган. Саясий багыттагы иш жүргүзүү ички иштер министрине өткөн.

**Жалпы элдик кыймыл.** Падышалык өкмөт социалдык проблемаларды чечпегендиктен, өлкөдөгү кырдаал курчуй баштаган. Жумушчу кыймылы уюмдашып, экономикалык талаптар менен бирге саясий талаптар да коюла баштаган. Петербургдагы Обухов заводунун жумушчуларынын полиция жана аскерлер менен кармаштары, Ростов-на-Донудагы жана Россиянын түштүгүндөгү жумушчулардын жалпы иш таштоолору коомдук чоң резонанс жаратып, дыйкандар кыймылы крепостнойлук укук жоюлгандан бери биринчи жолу жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон. Ошондой эле студенттик кыймылдар болуп өткөн.

**Зубатовчулук.** 1901–1903-жж. Москва шаардык күзөт бөлүмүнүн башчысы С. В. Зубатовдун демилгеси менен Москвада, Петербургда, Киевде, Николаевде полициянын колдоосу астындагы легалдуу жумушчу уюмдары түзүлгөн. Зубатовдук уюмдар жумушчулар менен ишкерлердин ортосундагы чыр-чатактарды жөнгө салышып, жумушчуларга айрым жеңилдиктерди бердиртип турушкан. Россиянын түштүгүндөгү айрым зубатовдук уюмдар жалпы элдик иш таштоолорго кошулуп кетишкен. Бул «полициялык социализм» тажрыйбасы капиталисттердин наразылыгын туудурган. Зубатов 1903-ж. отставкага чыгарылып, ал түзгөн союздар таркатылган. А бирок 1904-ж. зубатовдук саясатты тутунган поп Г. А. Гапон бийликтин уруксаты менен Санкт-Петербургда Фабрика-заводдук орус жумушчуларынын жыйынын түзгөн. 1905-ж. анын курамында 10 миң киши болгон.

**Земстволук жана «жаңы» либерализм.** 1903-ж. земстволук бийликтегилердин солчул канатындагылар «Конституциялык-земстволук союз» уюмуна биригишкен. Земстволук либерализм менен бирге эле «жаңы», интеллигенттик (профессордук) либерализм идеялык жактан өз алдынчалыкка ээ боло баштап, демократташтырууну талап кылып, «эмгекчи элдин таламдарын жактаган» бир катар ураандарды көтөрүп чыккан. Либералдык кыймылдагы бул багыттын өкүлү 1902-ж. чыга баштаган «*Боштондук*» журналынын редактору П. Б. Струве болгон. 1904-ж. солчул либералдык «*Боштондук союзу*» түзүлгөн.

**Саясий партиялардын пайда болушу.** XIX к. 90-жж. ортосунда өздөрүн революциячыл народниктердин мураскерлерибиз деп санашкан *социалист-революционерлердин* (эсер) топтору пайда болгон. 1901-ж. аягында социалист-революционерлер

партиясынын бирдиктүү Борбордук Комитетин (БК) түзүшкөн. Бул партиянын расмий органы «*Революциячыл Россия*» гезити болгон. Эсерлер партиясынын дыйкандар социализминин жана марксизм идеяларынын айрым элементтери бириктирилген программасынын долбоорун (1906-ж.) В. М. Чернов түзгөн. Эсерлер эксплуатацияланууучу эмгекчил калктын бардык катмарларын өздөрүнүн таянычы катары эсептешкен. Алардын эң башкы күрөшүү жолу жекече террор болгон. 1905-ж. чейин алар алты террордук актыны ишке ашырышкан, алардын ичинде ички иштер министрлери Д. С. Спягин (1902) жана В. К. Плеве (1904) өлтүрүлгөн.

1898–1903-жж. маркстык уюмдардын негизинде *Россия социал-демократиялык жумушчу партиясы* (*РСДРП*) түзүлгөн. Анын теориялык жана уюмдашуучулук жактан калыптануусунда «*Искра*» гезити маанилүү роль ойногон. РСДРПнин 1903-ж. II съездинде кабыл алынган партиялык программа эки бөлүктөн турган: теориялык (*максимум программасы*) жана практикалык (*минимум программасы*) бөлүктөр. Программада бул партиянын түпкү максаты — *пролетариат диктатурасын орнотуу* деп жазылган. Минимум программасында жакынкы мезгилде иштеле турган милдеттер көрсөтүлгөн: жеке бийликти кулатуу жана демократиялык республиканы орнотуу; 8 сааттык жумуш күнүн орнотуу, жер үлүштөрүн кайтаруу жана сатып алуу төлөмдөрүн жоюу маселелери белгиленген.

РСДРПнин II съездинде Россиянын социал-демократтары *большевиктер* жана *меньшевиктер* болуп экиге бөлүнүп кетишкен. Башында **В. И. Ульянов (Ленин)** турган большевиктер үчүн радикализм жана россиялык боштондук кыймылынын калыптанып калган салтына таянуу мүнөздүү болгон. Меньшевиктер (Г. В. Плеханов, П. Б. Аксельрод ж. б.) көбүнчө батыш европалык социал-демократияга багытталышып, либералдар менен ымалалашууну жана кеңири демократиялык партияны түзүүнү каалашкан.



В. И. Ленин.

Жалпы россиялык партияларды түзүү менен бирге улуттук партияларды түзүү процесси жүргөн. Маселен, 1900-ж. Харьковдо *Революциячыл украин партиясы* (РУП) түзүлгөн. Анын максаты улуттук укуктар жана социалдык революция үчүн күрөштө ар түрдүү муундарды жана социал-

дык катмарларды бириктирүү болгон. РУП башка радикалдык партиялардын түзүлүшүнө, интеллигенциянын өкүлдөрүнүн биригишине жол ачкан.

**Биринчи орус революциясы.** Жумушчулардын гапондук «Жыйынынын» чечими менен уюштурулган 1905-ж. 9-январындагы Кышкы сарайды көздөй тынч жүрүшүнө каршы ок атылган «Кандуу жекшембилик» революциянын чыгышына түздөн-түз түрткү болду. Бул кайгылуу окуя элдин падышага болгон ишенимине доо кетирип, жапырт каршылык көрсөтүү демонстрациялары жана иш таштоолор уюштурула баштады. 1905-ж. май-июль айларындагы Иваново-Вознесенскидеги иш таштоолордон баштап жумушчу кыймылдарын уюштуруу борборлору — *Жумушчу депутаттарынын советтери* боло баштады. 1905-ж. *Бүткүл россиялык дыйкандар союзунун* түзүлүшү — дыйкандардын аң-сезими өскөндүгүнүн күбөсү. Интеллигенттердин *«Союздардын союзу»* кесиптик уюму жалпы саясий иш таштоону уюштурууну колдоп чыкты. Армия менен флотто да революциячыл маанай түзүлгөн. 1905-ж. июнда Кара деңиздеги «Потёмкин» броненосециндеги көтөрүлүшчүлөрдүн кызыл туусу 11 күн бою желбиреп турган. 120 шаарды, жүздөгөн фабрикалык жана бекеттик кыштактарды камтыган Бүткүл россиялык Октябрь саясий иш таштоосу революциянын кульминациялык туу чокусу болду. Жүз миндеген адамдар демонстрацияларга жана митингдерге чыгышып, демократиялык эркиндиктерди жана Уюштуруу жыйынынын чакырылышын талап кылышты.

*17-октябрдагы манифест. «Бириккен» өкмөттүн түзүлүшү.* Падышалык өкмөт өлкөдөгү кырдаалды башкара албай калганда гана Николай II жеңилдиктерди берүүгө аргасыз болгон. 1905-ж. 17-октябрда сөз жана басма сөз, жыйындар жана союздар эркиндигин берген манифест жарыяланган. Шайланма Мыйзам чыгаруу думасын түзүү убада кылынган. Ошентип Россия *башкаруунун жеке бийликтик түрүнөн конституциялык монархияга өткөн*. 19-октябрда падышалык өкмөт «бириккен» Министрлер советин түзүү жөнүндө жарлык чыгарган. Бул жаңы өкмөттүн башчылыгына С. Ю. Витте коюлган. Министрлер совети Думага эмес, түздөн-түз падышага жоопту болгон.

*Черносотендик кыймыл.* Жеке бийликтин түпкү негиздерине пайда келтирүүнү каалагандар «патриоттук» манифестацияларды жана бөтөн улуттарга каршы талоончулук, уруп-сабоочулук иштерди жүргүзүү үчүн «чёрная сотня» деп аталган

ашынган монархиялык реакциячыл уюмду түзүшкөн. Ал уюмдун мүчөлөрүн *черносотендер* дешкен. 1905-ж. ноябрда черносотендик *«Орус элинин союзу»* түзүлгөн. Мурдагы өз алдынча партиялардын жана уюмдардын көпчүлүгү 1907-ж. анын курамына кирип кеткен.

*Либералдык партиялар.* Либералдык лагердин ичинде ар кандай партиялар түзүлө баштаган. Россиялык либерализмдин оң флангын 1905-ж. ноябрда уюшулган *«17-октябрдагы союз»* түзгөн. Алар орус тарыхында *октябристтер* деген аталыш менен белгилүү.

1905-ж. октябрда түзүлгөн *Конституциялык-демократиялык партия* (кадет) бир кыйла таасирдүү уюм болгон.

*Неонародниктер жана социал-демократтар.* 1906-ж. эсерлер партиясынан «Максималист социалист-революционерлердин союзу» бөлүнүп чыккан. Ал союздагылар социалисттик партиялардын баарын социализмди жана революцияны «бутапмотоп» салышканы үчүн айыпташкан. 1906–1907-жж. 50дөн ашуун террордук актыларды ишке ашырышкан.

Революциянын чаржайыттыгы социал-демократтардын уюмдашпагандыгын көрсөттү. Большевиктер да, меньшевиктер да бул революцияны *буржуазиялык-демократиялык мүнөздөгү революция* деп эсептешкен. «Потёмкин» броненосециндеги көтөрүлүштө, Москвадагы декабрдагы баррикадалык күрөштөрдө ж.б. большевиктер менен меньшевиктер ийиндеш жүрүштү. Ошентип, РСДРПнин 1906-ж. апрелдеги IV съездинде россиялык социал-демократтар формалдуу түрдө биригишкен.

*Украинадагы саясий партиялар.* Революция жылдарында Украинада улуттук партиялардын калыптануу процесси жүргөн. 1905-ж. январда *Украиналык демократиялык-радикалдык партия (УДРП)* түзүлгөн. Алардын улуттук программасынын негизинде 1905-ж. декабрда *Украина социал-демократиялык жумушчу партиясынын* (УСДРП) түзүлгөндүгү жарыяланган. УСДРП Украинанын улуттук автономиясын талап кылган.

*Россиялык парламентаризмдин башталышы.* I жана II Мамлекеттик думалар революция басаңдап калган мезгилде иш жүргүзгөн. Аларда дыйкандардан шайланган депутаттар басымдуулук кылган. I Мамлекеттик дума бар болгону 72 күн — 1906-ж. 27-апрелден 8-июлга чейин иштеген. Думада көпчүлүктү түзгөн партияда жок дыйкандар *«трудовиктер»* фракциясын түзүп алышкан. I Мамлекеттик думада баш аламандыктар көп болгондуктан, таркатылып жиберилген.

Министрлер советинин төрагалыгына П. А. Столыпин дайындалган. Анын келиши менен ашынган жазалоочулук саясат күч алган. 1906-ж. баштап эл арасында «күм-жам кылып салуучулар» деген атка конгон *аскердик-талаа соттору* иштей баштаган. Алар эсер-максималисттердин Столыпинге кол салуусун тездеткен.

II Мамлекеттик дума 1907-ж. 3-июнда таркатылган. Ошол эле мезгилде шайлоолор жөнүндө жаңы мыйзам чыккан. Ал боюнча Думада оңчул жана оңчул-борбордук партиялар басымдуулук кылган. Ушул күн революциянын бүткөн күнү деп эсептелинет.

*Революциянын жыйынтыктары. 1905–1907-жж. социалдык силкинүүлөрдүн башкы жыйынтыктары:* Россия жарандык коомду карай алгачкы кадамдарды жасай баштаган; революциянын жүрүшүндө мыйзам чыгаруучу өкмөт түзүлгөн; алдын-ала иш кылуучу цензура жоюлган; сөз жана басма сөз эркиндиги берилген; айыл-кыштактарда сатып алуу төлөмдөрү жоюлган; жумушчулардын социалдык деңгээлдери жогорулаган.

**Революция менен согуштун ортосундагы думалык монархия.** Россиядагы 1905–1907-жж. революциядан кийинки тартип *Үчүнчү июнь монархиясы* деген атка конгон. Бул саясий системанын маанилүү звеносу Мамлекеттик дума болгон.

III Мамлекеттик думанын (1907–1912) солчул жана оңчул канаттарынын ортосундагы «бонапарттык» иштин эбин табуучулукка жөндөмдүүсү Думанын 442 депутаттарынын ичинен 154 орунду ээлешкен октябристтер фракциясы болгон. Думанын төрагалык кызмат ордун октябристтер ээлешкен. Думадагы экинчи көпчүлүктү октябристтик-кадеттик фракция түзгөн. Ал фракцияны өкмөт тарабынан иштелип чыккан реформаларды ишке ашыруу үчүн Столыпин чебердик менен пайдаланган.

*П. А. Столыпиндин мамлекеттик ишмердиги.* Столыпин революциялык кыймылга каршы күрөштү ашынган ырайымсыздык менен жүргүзгөн. Өлүм жазасы көнүмүш ишке айланган: үч жылдын ичинде (1907–1909) соттун өкүмү менен 3,5 миң киши дарга асылган. Премьердин саясатынын өзөгүн реформаларды жүргүзүү түзгөн. Реформаларга мыйзамдык түр бериш үчүн Дума менен ымалалаш иш жүргүзүү керектигин Столыпин жакшы түшүнгөн. Столыпиндин 1907-ж. ноябрдагы өкмөттүк декларациясында жергиликтүү өз алдынча башкарууну, агартууну, жумушчуларды жана башкаларды камсыздандырууну реформалоо иштери убада кылынган. Ошондой эле өкмөттүн башкы милдети 1906-ж. 9-ноябрындагы жарлыкты турмушка

ашыруу болуп саналат деп жарыяланган. Ал жарлыкта падышалыктын агрардык саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү багыты бекитилген. 1906-ж. 9-ноябрындагы жарлык падышалык өкмөттүн 1910-ж. 14-июнундагы мыйзамы катары ишке ашырыла баштаган. Агрардык мыйзамдын башкы максаты жеке менчикке негизделген дыйкан чарбасын түзүү эле. Столыпин дыйкан чарбасын түзүүнүн жолун калктын бир кыйла каарданган бөлүгүн помещиктик чарбактардан алыстатуу жана борбордук губерниялардагы жерге болгон муктаждыкты азайтуу максатында чыгышты — Сибирди карай зордоп көчүргөн. Натыйжада 10 жыл ичинде 3 млндон ашуун киши күч менен Сибирге жөнөтүлгөн. Анын 0,5 млнго жакыны жаңы жердин шартына көнө албай, Европалык Россияга кайтып келишип, борбордогу жакырлардын санын ого бетер көбөйткөн.

Столыпиндин мыйзам чыгаруучулук ишмердигине дворяндардан жана эски бюрократиядан турган Мамлекеттик совет тоскоолдук кыла баштаган. Ошондуктан 1911-ж. мартта Столыпин Минск, Витебск, Могилёв, Киев, Подольск жана Волынск губернияларына земстволорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун четке каккан. Столыпиндин дворяндардын сословиелик тилектештигинин ордуна бүткүл «православиелик орустардын» тилектештигин орнотууга умтулуусу оңчулдардын кыжырына тийген. Столыпиндин катуулугу, чечкиндүүлүгү жана өз алдынчалуулугу падышаны кооптондурган. 1911-ж. 1-сентябрда Столыпин Киевдеги опера жана балет театрында террорчу Д. Богров тарабынан атылган.

Россиянын 1914-ж. 19-июлда (1-августта) согушка кириши анын ички саясий абалын бир аз стабилдештирген. Либералдар «ички тынчтык» урааны менен согушта жеңип чыгыш үчүн бийликти колдоого үндөп чыгышкан. Думада согуштук кредиттер үчүн большевиктерден башка фракциялардын баары добуш беришкен.

**Чыгыш фронтундагы согуштук аракеттер.** Чыгыш-Пруссия операциясы (1914-ж. август–сентябры) Россия үчүн ийгиликсиз аяктаган, Парижди басып алуу аракети ишке ашпай калган. Россиялык жоокерлер үчүн Галициядагы австрия-венгрлерге каршы жүргүзүлгөн согуштук аракеттер ийгиликтүү болгон. 1915-ж. немецтик командачылык согуштук планын таптакыр өзгөртүп, негизги күчтөрүн Чыгыш фронтуна топтогондон кийин россиялык армия Галицияны, Польшаны, Балтика боюнун жарымын, Белорусту душманга калтырып, чыгып кетүүгө аргасыз болгон.

1916-ж. май – июнунда генерал А. А. Брусиловдун армиясынын австрия-венгриялык фронтту жарып кирүүсү дүйнөлүк биринчи согуштагы эң зор окуя болду: фронт 350 *км* кеңдикте 120 *км* терендикке чейин үзүлүп калган. Брусиловдук жарып кирүү союздаштардын стратегиялык абалын оңогон, бирок россиялык армиянын өзүнүн бүткүл фронт боюнча чабуулга киришке дарманы жетпей калган.

**Тылды согуштук-экономикалык мобилизациялоо.** Согуштун башталышында падышалык өкмөткө колдоо көрсөткөн оппозициялык лидерлер аны менен кызматташ болобуз деп ойлошкон. Бирок алардын бул үмүттөрү ички ресурстарды фронтко мобилизациялоонун айрым маселелерин чечүү менен гана чектелип калган. Өкмөт земстволордун жана шаардык думалардын базасында армияларды жабдууда зор роль ойногон Башкы комитетти түзүүгө уруксат берген. Өнөр жай өндүрүшүн коргоо максатында *аскердик-өнөр жай комитеттери* түзүлгөн. Ага ири ишкерлер, банкирлер, техникалык интеллигенциянын өкүлдөрү кирген. Чарбалык жана административдик системалардагы иштерди жөнгө салуучу органдар — *өзгөчө кеңештер* (коргоо иштери, азык-түлүк, транспорт, качкындардын иштери боюнча ж. б.) түзүлгөн.

**Саясий кризистин бышып жетилиши.** Мамлекеттик башкаруу ишине императрицанын жана Г. Распутиндин кийлигишүүсү күчөгөн. Министрлердин бат-баттан алмашып туруусу өкмөттүк аппараттын биримдигинин ыдырашынын мүнөздүү белгиси эле.

1916-ж. тартып өлкөдө чарбалык кыйроо башталган. Отун жана металл таптакыр жетишпей калган. Өнөр жай ишканалары согуштук заказдарды аткара албай калган учурлар көбөйгөн, ташуулардын кескин түрдө көбөйүп кетишинен улам темир жол транспорту да жүктөрдү өз убагында жеткире албай калган. Ири шаарларда азык-түлүк жетишпей, көчөлөрдө узун кезек күтүүлөр көбөйгөн.

1916-ж. иш таштоочулардын саны мурунку жылга караганда эки эсеге өскөн. Согушуп жаткан армиядагы жоокерлердин арасында революциячыл, согушка каршы маанай жайылган: фронтто россиялык аскерлер офицерлерге баш ийбей, душман менен келишип кетишкен учурлар да болгон.

Өлкөдө радикалдык-буржуазиялык күчтөр түзүлө баштаган. Легалдуу күрөшүүдөн майнап чыкпастыгына көзү жеткен Мамлекеттик думанын төрагасы октябрист А. И. Гучков ордо төңкөрүшүн даярдоо жолуна түшкөн. Анын Николай IIни так-

тан түшүрүү жана падышалык тактыга анын өспүрүм уулун отургузуу идеясын москвалык буржуазиянын көрүнүктүү өкүлдөрү да колдошкон.

Думалык блок «бийликке каршы чабуулга» өтө баштаган: 1-ноябрда П. Н. Милюков Думада өкмөттүн иш билбестигин жана чыккынчылыгын айыптап сүйлөгөн.

«Распутиндин оозгу үйү аркылуу» жогорку кызматтарга келген өкмөт адамдарынын *компетенттүү* эместиги (өз кесиби боюнча ишти билбестиги) монархиялык бийликти жактоочулардын алдында да падышанын кадырын түшүргөн. Жогорку бийликтин «распутиндик» обочолонуусу падышалык жубайлар менен падышалык фамилиянын ортосунда жаңжалдын чыгышын шарттады. Ал эми 1916-ж. 16-декабрда кутумчулар тарабынан Распутиндин өлтүрүлүшү анын тышкы көрүнүшү болгон.

Ошентип, согуштун үчүнчү жылында Николай IIге жана анын жек көрүндү министрлерине каршы социалисттерден тартып улуу княздарга чейинкилерден куралган оппозициялык фронт калыптанган. Бирок 1917-ж. февралдагы окуялар падышалык өкмөт үчүн да, коомчулук үчүн да, либералдар үчүн да, революционерлер үчүн да күтүүсүз болгон.

Суроолор:

1. Падышалык өкмөттүн социалдык-экономикалык саясатына кандай мүнөздөмө берүүгө болот?
2. Саясий партиялардын түзүлүшүнө эмне себеп болгон жана кандай партиялар түзүлгөн?
3. 1905–1907-жж. революциянын чыгуу себептери кайсылар? Бул революция сөзсүз түрдө болуш керек беле?
4. Столыпиндин агрардык реформасы кандай реформа болгон?
5. Россиянын дүйнөлүк биринчи согушка кириши өлкөнүн ички саясий кырдаалына кандай таасир эткен? Согуштук аракеттер кандай болгон?

# III ГЛАВА
# СЛАВЯН ӨЛКӨЛӨРҮ

## § 11–12. Славян өлкөлөрү улуттук көз карандысыздык үчүн күрөштө

**Польшадагы улуттук-боштондук кыймыл.** 1846-ж. февралда Краковдо улуттук-боштондук көтөрүлүшү чыккан. Краковго австриялык, пруссиялык жана россиялык аскерлер киргизилген. Натыйжада Краков республикасы жоюлуп, аймак Австриянын курамына өткөн. 1863-ж. январь айынын аягында эзилген эл кайрадан көтөрүлүшкө чыккан. 1863–1864-жж. көтөрүлүш курамы жана программасы боюнча жалпы элдик демократиялык көтөрүлүш болгон. Ошондуктан 1864-ж. падышалык өкмөт дыйкандар реформасын жүргүзүүгө аргасыз болгон. Дыйкандар өздөрү иштеткен, жерлерге ээ болушкан, помещиктердин вотчиналык бийлигинен жана милдеткердиктеринен бошотулган. Алар волосттук өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укуктарына ээ болушкан. Жерсиз дыйкандардын бир бөлүгү чакан жер үлүштөрүн менчикке алышкан.

Польшадагы оккупациялык тартип дүйнөлүк биринчи согуш бүткөн кезде элдик улуттук көз карандысыздык үчүн күрөштүн натыйжасында жоюлган. 1921-ж. Рига тынчтык келишими менен Польша республикасынын чек аралары аныкталган, 17-марттагы сейм өлкөнүн конституциясын кабыл алган. Конституциянын негизинде сейм жана сенат бекитилген. Сейм менен сенаттын биргелешкен отурумунда республиканын президенти шайланган. Ошентип көз карандысыз Польша мамлекети калыбына келтирилген.

**Чехия жана Словакия XIX к. экинчи жарымында жана XX к. башында.** 1848–1849-жж. революция Чехиядагы феодалдык тартиптин калдыктарын жок кылган. XIX к. 60–70-жж. тартып Чехия Австрия империясынын экономикасында алдыңкы орунду ээлеп, анын өнөр жай өндүрүшүнүн $^3/_4$үн түзгөндүктөн, дүйнөлүк биринчи согушка чейин габсбургдук монархиянын «өнөр жай мастерскою» болуп келген.

*Чехословакия мамлекетин түзүүгө карай багыт.* 60-жж. башында Австрия Франция жана Пьемонт менен болгон согушта жеңилип калган. Бул өлкөдө саясий жана экономикалык кризистин болушун шарттаган. Натыйжада улуттук-боштондук кыймыл күч алган.

Дүйнөлүк биринчи согуш учурунда экономикалык абалдын начарлап кетишине байланыштуу улуттук-боштондук, согушка каршы кыймылдар кеңири жайылган. Чех буржуазиясынын эмиграцияда жүргөн ишмерлери 1916-ж. бирдиктүү саясий борборду – Чехословакиялык улуттук кеңешти түзүшүп, Антанта дөөлөттөрүнүн өкүлдөрү менен согуш бүткөндөн кийин Чехословакия мамлекетин таануу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзө башташкан. 1918-ж. 28-октябрда австрия-венгриялык монархиянын кулашы менен, чехиялык өнөр жай-каржылык жана агрардык буржуазиянын өкүлдөрү жетекчилик кылган Улуттук комитет жогорку мамлекеттик бийликтин иш-милдетин мойнуна алып, өз алдынча Чехословакия мамлекетинин түзүлгөндүгү жөнүндө жарыялаган.

*Словакия.* 1861-ж. улуттук программа — Словакия элинин меморандуму түзүлгөн. Анда Словакияга автономиялык укук берүү, словак тилин эркин колдонуу талаптары коюлган. Меморандумду Венгер королдугунун өкмөтү четке каккан. 1863-ж. гана «Словакия матицасын» — маданий-агартуу мекемесин ачууга араң уруксат алышкан.

1867-ж. Австрия-Венгриялык макулдашуу Словакиянын Венгриянын курамында экендигин бышыктаган. Анда словак эли «мадьяр элинин» курамдык бөлүгү катары каралган. XIX к. 70-жж. мадьярлаштыруу процесси кайрадан күч алган. 1875-ж. венгер өкмөтү «Словакия матицасын» жаап салган. Каршылык көрсөтүү белгиси катары словакиялык депутаттар венгер сейминен чыгып кетишип, 20 жыл бою өздөрүнчө обочолонуп, анын ишине катышышкан эмес.

Дүйнөлүк биринчи согуш кезинде согушка каршы жана улуттук-боштондук кыймылдардын натыйжасында 1918-ж. октябрда Словакиялык улуттук кеңеш түзүлгөн. Ал дагы 1918-ж. 28-октябрда Прагадагы Улуттук комитеттен кийин Чехословакия мамлекетинин түзүлүшүн жарыялаган.

**Болгария XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында.** XIX к. 30–40-жж. тартып осмон феодалдык системасынын бузула башташынын натыйжасында болгар элинин боштондук күрөшү күч алып, гайдуктардын ишмердиги жигерденген. 60-ж. аягынан тартып улуттук көз карандысыздык үчүн көтөрүлүшкө даярдык жүргөн. 1875-ж. сентябрда Осмон империясына каршы көтөрүлүш чыккан. Бирок ал 1976-ж. апрелде жеңилип калган.

Болгарияны орус армиясы боштондукка чыгарган. 1877–1978-жж. орус-түрк согушунда болгарлар орус армиясына кеңи-

ри колдоо көрсөткөн. 1877-ж. аягында Болгариянын борбору София шаары бошотулган. Ошондо султандык өкмөт тынчтык келишимин түзүүгө аргасыз болгон. 1878-ж. мартта Сан-Стефанда түзүлгөн тынчтык келишими боюнча Болгария «өз алдынча башкаруудагы, алым төлөп туруучу княздык» катары таанылган.

1879-ж. апрелде Болгариядагы орус комиссарынын алдындагы Кеңеш иштеп чыккан Тырнов конституциясы кабыл алынып, ал боюнча Болгария элдик өкмөт башкарган мурастык конституциялык монархия болуп жарыяланган.

1879–1885-жж. Болгар княздыгында өкмөт менен княздын ортосунда айыгышкан күрөш жүргөн. 1885-ж. Болгарияга серб аскерлери басып киришет, бирок жеңилип калышат. Сербия менен Болгариянын тирешүүсү күч алат. Европа дөөлөттөрү Болгарияны бириктирүү керектигин моюнга алышат.

1885–1886-жж. окуялар Европа дөөлөттөрүнүн Болгарияга ээ болуу үчүн күрөшүн курчуткан. 1886-ж. Болгариянын князы (немец принци) Баттенберг орусташкан офицерлердин тобу тарабынан камакка алынып, Болгариядан куулган. Стамболов баштаган регенттер аскер бөлүктөрүнүн жардамы менен бийликти колго алышат да, өз диктатурасын орнотушат. Натыйжада Болгария менен Россиянын ортосундагы дипломаттык мамилелер үзүлөт. 1887-ж. Германия, Англия жана Австрия-Венгрия колдоого алган Фердинанд Болгариянын князы болуп шайланган.

XIX–XX кк. чегинде Болгарияда негизинен тышкы саясий багыттары боюнча айырмаланышкан эки саясий лагерь калыптанган. Буржуазиянын бир бөлүгүнүн таламдарын коргогон либералдар Австрия-Венгрияга жана Германияга багытталган. Ал эми ири буржуазияга таянган элдик партия (народниктер) жана орто буржуазиянын таламдарын көздөгөн демократтар Англияга, Францияга жана Россияга ыктаган.

1896-ж. Болгария менен Россиянын ортосундагы дипломаттык байланыштар калыбына келтирилет. 1908-ж. 5-октябрда Болгария толук көз карандысыздыкты жарыялап, падышалык болуп атала баштаган. Князь Фердинанд «болгар падышасы» титулун алат.

Болгарияда XIX к. 80-жж. эле алгачкы жумушчу уюмдары түзүлө баштаган. 1991-ж. Д. Благоев жетектеген *Болгариялык социал-демократиялык партия* түзүлгөн. 1903-ж. ал тарап кетип, анын революциячыл, маркстык канаты партияга кабыл алуу учурунда кыстоо менен кабыл алынгандыктан, «тесняктар»

деп аталган. 1899-ж. *Болгариялык жер иштетүүчүлөрдүн элдик союзу* деп аталган дыйкандар партиясы түзүлгөн. Ал бийликти парламенттик жол менен женип алуу максатын койгон.

XX к. башында Болгариянын тышкы саясаты Түркияга каршы күрөштү улантууга багытталган.

**Хорватия, Словения жана Воеводина XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында.** 1851-ж. австриялык император Франц-Иосиф I 1848-ж. конституцияны алып салгандан кийин Австрияда абсолюттук монархия калыбына келтирилген. Өлкөдөгү саясий бийлик австриялык чиновниктер менен полициянын колуна өткөн. Демократиялык эркиндик толук жоюлган. Хорватиянын мектептерине немец тили киргизилип, иллиризмдин тарапкерлери куугунтуктала баштаган. Ошол эле учурда борбордук бийликти чыңдоо жана хорваттарды өз тарабына тартуу максатында алардын иши боюнча атайын канцелярия түзүлүп, хорват тили расмий тил катары таанылган, сабордун ишмердиги жаңыртылган. Ошондой эле Хорватиянын толук улуттук эгемендиги үчүн күрөшкөн чакан партия – «праваштар» пайда болгон.

1867-ж. Австрия Венгрия менен келишим түзүүгө аргасыз болуп, империя кош бирдиктүү конституциялык монархияга — Австрия-Венгрияга айланат.

XIX к. 80-жж. Хорватияда буржуазиялык реформалар жүргүзүлөт: сот администрациядан бөлүнөт, чиркөөнүн мектептердин үстүнөн көзөмөлдүк кылуусу жоюлат, жергиликтүү өз алдынча бийлик чыңдалат. Ошону менен бирге Венгрия мадьярлаштыруу саясатын жүргүзүп, 1868-ж. макулдашууну бузган. XX к. башында жумушчу кыймылынын ролу өсө баштаган. 1894-ж. эле Хорватиянын жана Словениянын социал-демократиялык партиясы түзүлөт. Ал Хорватиянын демократиялык эркиндиги жана каржылык автономиясы үчүн күрөшкөн. 1904-ж. хорватиялык дыйкандар партиясы түзүлгөн. Анын башкы милдети агрардык реформаны жүргүзүү жана хорват жерлерин Габсбург монархиясынын курамына киргизүү болгон.

1912-ж. 1-Балкан согушу югославиялык аймактардагы саясий чыгууларды жаратып, жашыруун (подпольелик) революциячыл топтор түзүлгөн. Алардын максаты Австрия-Венгрияны жоюу жана көз карандысыз Югославия мамлекетин түзүү болчу.

**Босния жана Герцеговина XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында.** XIX к. ортосуна карата Түркия Босниядагы сепаратисттик маанайдагы умтулууларды ырайымсыздык ме-

нен баскан. Босния менен Герцеговина Осмон империясынын провинциясына айланган, Сараев шаары вазирдик борбор болуп калган. XIX к. 60-жж. улуттук-боштондук кыймылдын жаңы этабы башталып, түрк өкмөтү ички автономияны берүүгө аргасыз болгон. Он эки жылдык тыныгуудан кийин, 1875-ж. жаңы көтөрүлүш чыгып, аны Түркия империясынын аймагындагы бүткүл христиан калкы колдогон. 1876-ж. Болгариядагы көтөрүлүш башталган, ага удаа Түркияга каршы Сербия жана Черногория согуш ачкан. Босния менен Герцеговина улуу дөөлөттөрдүн кийлигишүүсү менен эл аралык таануууга ээ болот.

1877–1878-жж. орус-түрк согушу Босния менен Герцеговинанын түрк үстөмдүгүнөн бошонушун шарттаган. Сан-Стефан тынчтык келишиминин IV статьясына ылайык, Босния менен Герцеговина башында христиандык губернатор турган автономиялуу облус болуп жарыяланган. Бирок Берлин конгрессинин чечими менен бул автономия жоюлуп калган. Австрия-Венгрия Босния менен Герцеговинаны «убактылуу оккупациялоо» укугуна ээ болот. Бул эки провинцияга жогорку суверенитеттик номиналдуу укук Түркиянын колунда калат.

XIX к. аягында Боснияда жана Герцеговинада православдардын жана мусулмандардын диний-мектептик автономия үчүн кыймылы башталган. 1905-ж. православдар чиркөөлүк, 1909-ж. мусулмандар мечиттик автономияга ээ болушкан. 1908-ж. Түркияда революциянын чыгышынан пайдаланган Австрия-Венгрия 30 жылдык оккупациядан кийин Босния менен Герцеговинаны аннексиялаган. Бир жылдан кийин Түркия бул облустарга карата өз укуктарынан баш тарткан. Көп өтпөй эле башка мамлекеттер да 1908-ж. актыны таанышкан. Босния менен Герцеговинадагы улуттук-боштондук кыймылды бошондотуш үчүн австриялык өкмөт конституция кабыл алууга, айрым саясий укуктарды жана эркиндиктерди берүүгө аргасыз болгон. Бирок бийлик австриялык чиновниктердин колунда кала берген.

**Түштүк славян жерлери Осмон империясынын бийлиги астында.** XIX к. 50-жж. аягынан тартып Сербияда ички саясий күрөш курчуган. Княздыкка кайрадан эле Милош Обреневич шайланган. Ал дүйнөдөн өткөндөн кийин анын уулу Михаил (1860–1868) князь болгон. Анын башкы максаты күч-кубаттуу көз карандысыз мамлекетти түзүү болчу. Ошондуктан мамлекеттик башкарууну кайра уюштурган реформаларды жүргүзгөн. Реформа тутумунда алгачкы жолу жалпы аскердик милдеткер-

дикти киргизген мыйзам өзгөчө орунду ээлеген. Михаилдин ички саясатына калк нааразы болгон.

XIX к. 70-жж. Балкан жарым аралын славян элдеринин улуттук-боштондук кыймылы каптаган. Россия Түркияны жеңип алгандан кийин Сан-Стефан тынчтык келишими боюнча Сербия княздыгы көз карандысыз, эгемен мамлекет болуп жарыяланган. 1878-ж. Берлин трактаты бул жобону бекемдеген.

1901-ж. эки палаталуу система: скупщинаны жана сенатты киргизген жаңы конституция жарыяланган. Реакциячыл тартип элдин нааразычылыгын туудурган. 1903-ж. Белградда өкмөткө каршы демонстрация болгон. 1903-ж. 29-майда Александр патриоттук маанайдагы офицерлер тарабынан өлтүрүлгөн. Көп өтпөй эле скупщина королдук такка Пётр Карагеоргиевичти (1903–1921) шайлаган жана 1888-ж. конституцияны калыбына келтирген. Бул окуялар Сербиянын тарыхындагы жаңы мезгилдин башаты болуп, ал буржуазиялык-парламенттик монархия болуп калган.

1912–1913-жж. Балкан согуштарынын натыйжасында мурдагы Сербиянын аймагын жана Македониянын көпчүлүк бөлүгүн кошуп алуунун натыйжасында Сербиянын аймагы кеңейип, калкы да эки эсеге жакын арбыган.

Черногориянын митрополити Пётр II Негоштун ордун баскан **Данило Негош** (1851–1860) Черногорияны княздык деп жарыялап, динсиз бийликти орноткон. Черногория тышкы саясатта Россиянын колдоосуна таянган. XIX к. экинчи жарымында Черногория Түркияга каршы айыгышкан согуш жүргүзгөн. Сан-Стефан тынчтык келишими боюнча Черногория көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланган, аймагы эки эсеге көбөйгөн. Бирок, Берлин конгресси Черногориянын деңиз жээктерине австриялык полициялык жана санитардык көзөмөлдү коюу менен, княздыктын көз карандысыз эгемендигин чектеп койгон.



Д. Негош.

Көз карандысыз Черногориянын экономикасы тез өнүгө баштаган. XX к. башында алгачкы банктар ачылып, өз монетасы чегиле баштаган. Анын экономикасында италиялык капитал орчундуу позицияны ээлеген. Экономиканын өнүгүшүнө коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр да өбөлгө болгон. Мамлекет башчысы Никола Петрович Негош (1860–1918) чексиз бийлик-

ке ээ болгон. 1905-ж. Черногорияда конституция кабыл алынган, бирок бийлик княздын колунда сакталып калган. 1910-ж. князь Никола Черногорияны королдук деп жарыялайт. Ошол кезде Балкан союзуна кирген Черногория Түркияга каршы согушка жигердүү катышкан.

**Түштүк славяндар дүйнөлүк биринчи согуштун жылдарында.** Балкан жарым аралында эки чоң топтун, бир тараптан Германия менен Австрия-Венгриянын, экинчи тараптан Англия, Франция жана Россиянын ортосундагы терең жана курч карама-каршылыктар, Австрия-Венгрия менен Сербиянын ортосундагы жаңжал дүйнөлүк биринчи согуштун чыгышына себеп болду.

Дүйнөлүк согушка кирген ар бир дөөлөттүн көксөгөн максаты болгон. Германия дүйнөнүн туш-тарабында зор колониялык ээликтери бар Англияны, ошондой эле Францияны талкалап жок кылып, француздук, бельгиялык жана португалиялык колонияларды басып алгысы жана Түркиянын эң бай арабдык провинцияларына ээлик кылгысы, Россиядан польшалык губернияларды тартып алгысы келген. Австрия-Венгрия Сербия менен Герцеговинанын күч алып кетишинен кооптонуп, Балкан согуштарынан кийин ал жерде үстөмдүк кылууну самаган. Түркия Германиянын колдоосу менен орус Закавказьесинин аймагын басып алууну каалаган.

Англия дүйнөлүк рыноктогу эң күчтүү атаандашы катары Германиянын таш-талканын чыгарууга умтулган. Франция болсо 1871-ж. Германия тартып алган Эльзас менен Лотарингияны кайтарып алууну каалаган. Россия Германияга каршы согушка Кара деңиз флотунун Босфор жана Дарданелл кысыктары аркылуу Жер Ортолук деңизине чыгуу жана Галицияны кошуп алуу максатында чыккан.

1914-ж. 28-июнда Сараев шаарында Австрия-Венгриянын так мураскери эрцгерцог Франц-Фердинанд өлтүрүлөт. Шылтоо таппайараң турган Австрия-Венгрия ошол эле күнү Сербияга согуш жарыялайт. 1-августта Германия Россияга согуш жарыялайт. Ошентип, австрия-сербия согушу бир нече күндүн ичинде дүйнөлүк согушка айланып кеткен. Тирешкен эки блок — Англия, Россия, Франция жана Германия, Австрия-Венгрия, Түркия (кийин Болгария кошулган) — көксөп жүргөн согуштук аракеттерин баштакшан.

Согуштун башында Сербия австрия-венгриялыктардын соккуларынын мизин кайтарып турганы менен, Болгариянын чыгыштан урган соккусуна туруштук бере алган эмес. Черногория тынчтык келишимин түзүүнү суранган. Король Никола өлкөдөн качып

кеткен. Сербиялык жана черногориялык аскерлердин калган-каткандары Корфу аралына сүзө качышкан. Ошентип, 1916-ж. башында австрия-венгриялыктар Сербия менен Черногорияны басып алышат.

Австрия-Венгриядагы түштүк славян элдеринин абалы аябай оордоп кеткен. Өкмөт улуттук жана диний эзүүнү күчөткөн. Монархиянын бүткүл аймагы боюнча өкмөттүк террор жайылтылган. Саясий партиялардын көпчүлүгү Сербияга каршы согушту колдогон. Буржуазиялык партиялардын анча-мынча эле чакан тобу Антантанын жеңишин жактаган. 1915-ж. эмиграцияда (Римде) Түштүк славяндык комитет түзүлгөн. Анын жетекчилиги Лондондо болгон. Ал комитет Австрия-Венгриянын түштүк славяндык облустарын Сербия менен автономиялык негизде бириктирүүнү жактап чыккан. 1917-ж. Корфу декларациясына кол коюлган. Декларация боюнча ал мамлекет Карагеоргиевичтер династиясынын башкаруусундагы конституциялык монархия болууга тийиш болгон. Декларацияны Босния менен Герцеговинанын өкүлдөрү жана Черногориялык улуттук бирим-дик комитети колдогон.

Болгария согушка 1915-ж. Германия тарабында кирген. Жылдын аягында анын армиясы Македонияны жана Сербиянын жарымын басып алган. Эгей деңизинен Адриат деңизине чейин англ-француз аскерлерине каршы Салоник фронту түзүлгөн. 1916-ж. Болгария Румынияга каршы согуш ачып, болгар аскер бөлүктөрү түрк армиясы менен бирдикте орус жана румын аскерлерине каршы согушкан. 1918-ж. Германиянын союздаштарынын абалы оордогон. Удаа-удаа жеңилүүлөрдөн кийин болгар аскерлери согушуудан баш тартышкан. Көтөрүлгөн аскерлер Радомирде республика жарыялап, Софияны көздөй бет алышкан. Шаарга жакындап калганда көтөрүлүшчүлөр талкаланат. Жаңы көтөрүлүштөн чочулаган болгар өкмөтү австрия-германиялык блоктон чыгып, Антанта менен келишим түзүүгө шашылган. Сентябрдын аягында Болгария капитуляцияланган.

### Суроолор:

1. Көз карандысыз Польша мамлекети кандайча түзүлгөн?
2. Эски чехтер деген кимдер, жаңы чехтер деген кимдер? Эмне үчүн антип аташкан?
3. Чехословакия мамлекети качан жана кандай шартта түзүлгөн?
4. Балкандагы кандай окуялар дүйнөлүк биринчи согуштун чыгышына себеп болгон?
5. Түштүк славяндык комитеттин мааниси эмнеде?
6. Болгария эмне себептен Германия тарапта согушкан?

# IV ГЛАВА
# ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР

## § 13. Биринчи дүйнөлүк согуш

**Согуштун башталышы.** XX к. башында ири дөөлөттөрдүн ортосунда дүйнөнү бөлүштүрүү негизинен аяктаган. Анын жыйынтыгында колониялардын көпчүлүгүн Англия, Франция ээлеп алып, Германия, АКШ жана Япониянын колониялары аз болуп калган. Ушундан улам бул мамлекеттер дүйнөнү кайра бөлүштүрүүгө аракеттене баштаган. Германия 1879-ж. согуш блогун топтоого киришип, Австрия-Венгрия менен согуштук союз түзгөн. 1882-ж. ага Италия кошулуп, *Үчтүктөр союзу* түзүлгөн. Буга жооп кылып, Англия, Франция жана Россия 1907-ж. согуштук коалицияга – *Антантага* биригишкен.

1914-ж. 28-июнда Боснияның борбору Сараевде сербиялык улутчулдар тарабынан Австрия-Венгрия тактысынын мураcчысы Франц Фердинанддын өлтүрүлүшү согуштун башталышына шылтоо болгон. Германиянын көкүтүүсү менен Австрия-Венгрия Сербияга орундалбас талап коюп, ага канааттандырарлык жооп албагандыктан, 15(18)-июлда Сербияга каршы согуш ачкан. Бул окуяга жооп катары Россия эртеси күнү эле мобилизациялоону баштаган. Германия Россиядан мобилизациялоону токтотууну талап кылат. Бирок оң жооп алалбаган Германия 1914-ж. 1-августта Россияга, 3-августта Францияга согуш ачат. Ортодогу Бельгиянын бейтараптыгынын бузулушу Улуу Британиянын согушка кирүүсүнө шылтоо болгон. Англия менен бирге анын доминиондору жана Индия да кошулган. 6-августта Россияга каршы Австрия-Венгрия согуш жарыяласа, буга жооп катары Англия менен Франция Австрия-Венгрияга согуш ачкан. Кытай да өз аймактарын кайтарып берүү талабы менен кайрылган. Япония Германиядан канааттандырарлык жооп ала албагандыктан, 15-августта ага каршы согуш жарыялайт. Ошентип, *Биринчи дүйнөлүк согуш* башталат. Мындан көп өтпөй эле согуштук кармашуулар Бельгиянын, Франциянын, Чыгыш Пруссия, Галиция, Сербия, Палестина, Закавказье жана Африкага, ошондой эле океандардагы аралдарга жайылып, согушка 38 мамлекет тартылган. 73,5 *млн* адам мобилизацияланып, анын 10 *млну* курман болгон.

**Согуштун жүрүшү.** Германия командачылыгы Россияда мобилизациялоо аяктаганга чейин Францияны басып алып, ан-


дан кийин Россияга каршы согушууну чечкен. Ал Францияны Бельгия аркылуу талкалоону пландаштырган. Согуштук аракеттер ийгиликтүү башталганы менен аскерлердин бир бөлүгүн чыгышка жиберүүгө туура келген. Абалдан пайдаланган француздар Марна дарыясынын жээгинде германиялык армиянын чабуулун токтотушкан. Көп өтпөй Үчтүктөр союзу тарабында Осмон империясы согушка кирген. Ал октябрь айынын аяк ченинде Кара деңизге немецтик «Гебен», «Бреслау» крейсерлерин киргизүүгө шарт түзүп, алар Россиянын Одесса, Севастополь, Новороссийск жана Феодосия шаарларына чабуул коюшуп, Россиянын согушка киришине шылтоо болгон. Түркияга каршы Англия жана Франция да согуш жарыялаган. Бул согуштук аракеттерге байланыштуу бир нече фронттор пайда болгон. Англиянын согушка кириши менен Дүйнөлүк океанда Үчтүктөр союзунун өлкөлөрүнө каршы деңиз блокадасы уюштурулуп, Африка жана Океаниядагы германиялык колонияларды англиялык флот басып алган.

1915-ж. Германия жана Австрия-Венгрия Россияны согуштан чыгарууга аракеттенип, катуу сокку урушат. Орус армиясы оор жоготууларга учураганына карабастан (өлгөн жана жарадар болгон аскерлердин саны 850 миңге жетип, 900 миңдей адам колго түшкөн), туруштук берген. Үчтүктөр союзуна Болгария кошулуп, алар Австрия-Венгрия менен бирдикте Сербияны талкалашат. Үчтүктөр союзу *Төрттүктөр* (Австрия-Венгрия, Болгария, Германия, Осмон империясы) деп атала баштайт. Ошол эле учурда Антантанын курамына Италия да кирет. Батыш фронтунда абал жыл бою өзгөрүүсүз болуп, эки тарап тең акырындык менен күч топтой беришет. 1915-ж. Германия Ипрдин алдында англичандарга карата тарыхта биринчи ирет уулуу хлор-газ чабуулун колдонуп, натыйжада 15 миң адам ууланып, анын 5 миңге жакыны каза тапкан. Ошондон тартып аскерлер милдеттүү түрдө противогаз колдоно башташкан. Эки тарап тең согушта ууландыруучу газ колдонууга тыюу салынган конвенциянын шартын бузуп, химиялык куралдарды жигердүү колдонушкан. 1916-ж. Батыш фронтунда Вердендин алдында немецтик аскерлердин чабуулу башталат. Бул эң оор, кандуу салгылаш Германияга жеңиш алып келген эмес. Ошол эле учурда орус армиясынын чабуулу башталат. Төрттүктөр союзунун абалы оордоп, британиялык флоттун согуштук блокадасы ого бетер алсыраткан.

1917-ж. Антанта бир мезгилде бардык фронтто чабуул коюуну пландаштырат. Германия болсо, тескерисинче, кургактагы




Дүйнөнүн саясий картасы. XX к. 30-жж. экинчи жарымы.


Мамлекеттердин борборлору
Колониялык ээликтердин борборлору
Калктуу башка пункттар
1914-ж. мамлекеттердин чек аралары
90
120
150
180
150
30
0
30
Жаңы Сибирь ар-ры
Врангель ар.
Иркутск
Чита
Омск
Урга
МОНГОЛИЯ
Ташкент
Пекин
Вэйхай
Токио
Алеут ар-ры
(АКШ)
Бонин ар-ры
(Яп.)
Гавай ар-ры
(АКШ)
Дели
ИНДИЯ
(Брит.)
Чандранагар
Диу
(Порт.)
Даман
(Порт.)
Панаджи
(Нова-Гоа)
(Порт.)
Махи
(Фр.)
Путтуччери
(Фр.)
Карайкал (Фр.)
Шри-Ланка ар.
(Цейлон)
(Брит.)
Мальдив ар-ры
(Брит.)
Сейшель ар-ры
(Брит.)
Бангкок
Ханой
Сянган (Гонконг)
ГУАНЧЖОУВАНЬ (Брит.)
(Фр.)
Манила
ФИЛИППИН
Маршалл ар-ры
Каролин ар-ры
МАЛАЙЯ
(Брит.)
Сингапур
(Брит.)
Джакарта
(Батавия)
(Нид.)
Ява ар.
Сулавеси ар.
Тимор ар.
(Порт.)
Соломон ар-ры
(Брит.)
Самоа ар-ры
(Герм.) (АКШ)
Фиджи ар-ры
(Брит.)
Жаңы Каледония ар.
(Фр.)
Мадагаскар ар.
(Фр.)
АВСТРАЛИЯ
(1901-жылдан Брит. доминиону)
Мельбурн
Тасман ар.
ЖАҢЫ ЗЕЛАНДИЯ
(1907-жылдан Брит. доминиону)
Веллингтон
Кергелен ар.
(Фр.)
О К Е А Н Ы

согуштук аракеттерди жүргүзүүдөн баш тартып, Англияга каршы суу астында согуш жүргүзүүнү чечет, 1917-ж. 1-февралда Англияга жакындаган германиялык кемелер биринен сала бири ырайымсыздык менен чөктүрүлгөн. Анын эртеси эле күнү АКШ Германия менен дипломатиялык мамилелерди токтотуп, согушка кирген. Германия өкмөтү Мексиканын президентине «эгерде АКШ Германияга каршы согуш ачса, аны басып алуу тууралуу сунушун» билдирип жазган каттын америкалыктар тарабынан кармалып калышы шылтоо болуп, АКШ 1917-ж. 6-апрелде Германияга каршы согуш жарыялайт. АКШнын согушка кириши Антантанын жеңишинин негизги фактору болгон. Германия абалынын оордогонуна карабастан, жеңиштен үмүтүн үзгөн эмес. Анткени, Чыгыш фронтунда Россиядагы Февраль революциясынан кийин согуштук аракеттер дээрлик токтоп, бийликке келген большевиктер менен Төрттүктөр союзунун ортосунда тынчтык келишими түзүлөт. Ошондуктан, Германия армиясынын негизги бөлүгүн батышка англ-француз аскерлерине каршы жиберет.

**1918-ж. башында** Чыгыш фронтунда Германия менен большевиктик Россиянын ортосунда *Брест тынчтык келишими* түзүлөт. Ал келишимдин шарты боюнча Россия Украинадан, Финляндияга жана Балтика боюндагы мамлекеттерге карата өз талаптарынан баш тартууга, Түркияга Карс, Ардаган жана Батуми аймактарын берүүгө, 6 млрд марка суммасындагы репарация төлөөгө мажбур болгон. Келишимге кол коюлгандыгына карабастан, герман армиясы чабуулун токтотпой, апрелде Крымды, майда Грузияны басып алат. Буга чейин эле немец аскерлери финн өкмөтүнүн суроосу боюнча Финляндияга киришкен. Румыния 1918-ж. январда Бессарабияны каратып алат. Антанта Россиядагы согушту аягына чыгаруу керек деген күчтөрдү (меньшевиктерди) колдоого аракеттенип, Франция Украина аркылуу, англдар Закавказье жана Мурманск аркылуу согуштук аракеттерди жүргүзүшкөн. Япондор жана америкалыктар Владивостокко келишип, Антантанын аскерлери большевиктерге каршы согушушкан. Алардын Чыгыш фронтун колдоого багытталган аракеттери Советтик Россияга каршы жүргүзүлгөн чет элдик интервенцияга негиз болгон.

1918-ж. март айында герман армиясы Батыш фронтунда чабуул баштаган. 18-июлда француз армиясы контрчабуулга өтүп, герман армиясы чегинүүгө аргасыз болот жана согуштук аракеттерде бурулуш башталат. Жеңилип бараткандыгына көзү жеткен герман армиясынын башчысы Гинденбург Император

Вильгельм IIге тынчтык жөнүндө сүйлөшүүлөрдү баштоону сунуш кылат. 1918-ж. күзүндө Болгария, Австрия-Венгрия жана Оттаман империясы согуштан чыгышат. **1918-ж. 11-ноябрда** Компьен токоюндагы Ретонд станциясына жакын жерде (Франция) жеңилген Германия менен АКШ, Улуу Британия, Франция жана башка өлкөлөрдүн ортосунда жарашууга кол коюлуп, биринчи дүйнөлүк согуш аяктайт.

**Компьен жарашуусу.** Келишимдин шарты боюнча, Германия Батыш Европадагы өзү басып алган аймактардан куралдуу күчтөрүн алып кетүүгө милдеттендирилген. Ал эми Германия басып алган советтик аймактан анын аскерлерин чыгаруу жөнүндө сөз болгон эмес. Бардык согуш туткундары жана согуштук мүлк союздаштардын карамагына берилген.

**Париж конференциясы.** Жеңген өлкөлөр менен жеңилген өлкөлөр ортосундагы тынчтык келишимдеринин долбоорун иштеп чыгуу максатында 1919-ж. 18-январда *Париж конференциясы* ишин баштаган. Конференция тыныгуулар менен 1920-ж. 21-январына чейин созулган. Ал АКШ, Улуу Британия, Франциянын үстөмдүгү астында өткөн. Германия жана анын союздаштары алар менен түзүлүүчү келишимдин долбоору иштелип чыккандан кийин гана конференцияга катыша баштаган. Советтик Россия болсо чакырылган эмес. Париж тынчтык конференциясы Германия, Австрия, Болгария, Венгрия, Түркия менен түзүлүүчү келишимдерди даярдап, Улуттар Лигасын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Конференция даярдаган келишимдер Вашингтон конференциясы кабыл алган келишимдер менен бирге Версаль-Вашингтон системасынын негизин түзгөн. Париж тынчтык конференциясы эки жаңы мамлекеттин – Польша жана Чехословакиянын түзүлүшүн бекемдеген. Андан тышкары, Европада мурдагы Россия империясынын курамынан бөлүнүп чыккан төрт мамлекет пайда болгон. 1917-ж. 31-декабрда Советтик Россия Финляндиянын, 1919–1920-жж. Эстония, Литва, Латвиянын көз карандысыздыктарын тааныган. Ошондой эле Австрия жана Венгрия өлкөлөрү түзүлгөн. Тынчтыкты сактоого багытталган эл аралык уюм — *Улуттар Лигасы* уюшулган.

**Версаль тынчтык келишими.** Германия менен түзүлгөн Версаль тынчтык келишиминин (1919) негизинде, Германия аймагынын $^{1}/_{8}$ бөлүгүнөн айрылган жана колонияларын Англия, Бельгия, Япония бөлүп алган. Эльзас жана Лотарингия Франциянын карамагына, 3 округу Бельгияга, Силезиянын бир бөлүгү Чехословакияга, Пруссиянын бир бөлүгү, Поморье, Познань

Польшага, Түндүк Шлезвиг Данияга өткөн. Анын армиясынын саны 100 миң адамдан ашпоого тийиш болгон. Германияга суу астында сүзүүчү кайыктарды, согуштук жана деңиз авиациясын кармоого, Рейн облусуна гарнизондорду жайгаштырууга тыюу салынган. 132 *млрд* алтын марка эсебинде репарация төлөөгө мажбур болгон. Анын 52% ын Франция, 22% ын Англия, 10% ын Италия алган.

Ушул сыяктуу тынчтык келишимдер Австрия, Болгария, Венгрия, Түркия менен да түзүлүп, натыйжада алар да бир топ аймактарынан ажыраган жана армияларынын саны кыскарган.

**Вашингтон конференциясы** 1921-ж. 12-ноябрынан 1922-ж. 6-февралына чейин болуп, ага АКШ, Улуу Британия, Кытай, Япония, Франция, Италия ж. б. өлкөлөр катышкан. Анда Азия өлкөлөрүндөгү абал жана куралсыздандыруу маселелери каралган. Советтик Россия, ошол мезгилдеги Ыраакы Чыгыш Республикасы да Вашингтонго чакырылган эмес. Конференциянын катышуучулары биринчи жолу эл аралык мамилелерде жарыша куралданууну чектөө жөнүндө, Кытайдын аймактык бүтүндүгүн таануу, аны бөлүштүрүүгө умтулбоо тууралуу макулдашышкан. Париж жана Вашингтон конференциялары эл аралык мамилелердин жаңы системасынын негизин түзүп, согуштан кийин эл аралык саясатта тынчтыкты сактоого зор таасири тийген. Бирок ал жаңы согуштун чыгышын токтото алган эмес. Анткени, жеңүүчүлөр жеңилгендерге согуштан кийин калыбына келтирүү иштеринде бүткүл оорчулукту аларга жүктөп койгон, ошондой эле аймактык бөлүштүрүүдө ошол аймакта жашаган жергиликтүү элдердин пикири эске алынган эмес. Кийинчерээк Германия Улуттар Лигасына кабыл алынып, репарацияны азайтышкан. Батыш өлкөлөрү Советтик Россияны таанышкан.

### Суроолор:

1. Биринчи дүйнөлүк согуштун чыгышынын себеби эмнеде болгон жана шылтоосу эмне эле?
2. Согуштук аракеттер кандай фронттордо жүргөн?
3. Компьен жарашуусунун шарттары кандай болгон?
4. Париж конференциясы качан болуп, эмне маселелер каралган?
5. Улуттар Лигасы кандай уюм?
6. Версаль тынчтык келишими качан түзүлгөн? Анын шарттары кандай болгон?
7. Вашингтон конференциясы качан болгон? Анда эмне маселелер каралган?

## § 14. Экинчи дүйнөлүк согуш

**Экинчи дүйнөлүк согуш башталар алдындагы тышкы саясат.** XX к. 30-жж. дүйнөдө согуш коркунучунун эки очогу түзүлгөн (Европада — Германия, Ыраакы Чыгышта — Япония). Германия бүткүл дүйнөгө өз үстөмдүгүн орнотууну, Япония менен Италия дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнү көздөшкөн. Алардын планы дүйнөнүн ири дөөлөттөрү АКШга, Улуу Британияга, Францияга, ошондой эле СССРге да коркунуч туудурган. Бирок ошол мезгилдеги дүйнөлүк экономикалык кризис эл аралык мамилелерди татаалданткан, эл аралык коомчулуктун тынчтыкты жана стабилдүүлүктү сактоо үчүн биргелешип күрөшүү жөндөмдүүлүгү начарлаган. 1931-ж. Япония Вашингтон конференциясынын Кытайдын аймактык бүтүндүгүн сактоо жөнүндөгү чечимин бузуп, Манчжурияны (Түндүк-Чыгыш Кытай) басып алган. 1935-ж. Италия Улуттар Лигасынын мүчөсү, көз карандысыз Эфиопия мамлекетин каратып алат. Гитлер бийликке келер менен Версаль келишиминин шарттарын аткаруудан баш тартат. Кризистен жапа чеккен Батыш өлкөлөрү согушту токтотуу үчүн чечкиндүү аракеттерди жүргүзө алышкан эмес. Гитлер ушундай шарттан пайдаланып, 1938-ж. Австрияны кошуп алып, Чехословакиядан немецтер отурукташкан Судет облусун кайтарып берүүнү талап кылат. Чехословакия бул талапты аткаруудан чечкиндүү түрдө баш тартат. Гитлер болсо жаңы согуш баштай тургандыгын билдирип, коомчулукту коркута баштайт. Чочулаган Англия менен Франция Мюнхен конференциясында Чехословакиянын Судет облусун Германияга берүү тууралуу чечим кабыл алышат. Алар согушту токтотуу үчүн Германияга карата «Тынчтандыруу» саясатын жүргүзүшкөн. Анын жигердүү жактоочусу Улуу Британиянын премьер-министри Н. Чемберлендин жана башка өлкөлөрдүн өкмөт башчыларынын пикири боюнча, эл аралык чыр-чатактардын катышуучулары менен байланышты үзбөй, көйгөйлүү маселелерди өз ара бири-биринин талаптарын аткаруу менен чечүү зарыл. Гитлер Судет облусун кошуп алган соң, Германия Борбордук Европадагы эң күчтүү мамлекетке айланат. 1938-ж. 15-мартта Германия Чехияны басып алат. Словакияда көз карандысыз мамлекет түзүлүп, Чехословакия жок болуп кетет. Гитлер Мюнхен келишиминин чечимдерин бузуп, Данцигди (Гданьск) берүүнү талап кылып, Литванын Мемель (Клайпеда) деген жерин басып алат. Токтобогон согуштук аракеттер «Тынчтандыруу» саясатынын кыйрашын билдирген. Англия жана Франция Германия менен

чектеш мамлекеттерди коргоого алышарын билдиришип, согушка даярдык көрө башташкан.

СССР 1934-ж. Улуттар Лигасына мүчө болуп, улуу дөөлөт катары таанылган. Гитлер Польшаны басып алып, анын аймагы аркылуу СССРдин чек арасына өтүүнү көздөгөн. Англия менен Франция Польшаны коргоо тууралуу билдиришкен соң, СССРдин позициясы Германия үчүн өтө маанилүү болгон. Эгерде СССР Германиянын согуштук аракеттерине каршы саясат жүргүзсө, анда Германия эки фронттуу согуштук абалда калмак. Ошондуктан Гитлер Сталинди өз тарабына тартууга аракеттенип, кол салышпоо жөнүндөгү пактыга кол коюп, Чыгыш Европаны бөлүштүрүү тууралуу сүйлөшүүнү сунуш кылган. 1939-ж. 24-августта бул келишимге кол коюлган. Келишимге кол коюу менен, СССР да жаңы согуштун башталышына катышуучу болуп калган.

**Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы.** Экинчи дүйнөлүк согуш **1939-ж. 1-сентябрда** Германиянын Польшага басып кириши менен башталган. Германия Улуу Британиянын жана Франциянын мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, Польшаны «чагылгандай тез согуш» — «блицкриг» планы менен тез арада басып алып, вермахтты батышка которууну көздөгөн. Согуштун жүрүшүндө герман армиясы ири танкалык күчтөрдү жана авиацияны пайдаланып, 16-сентябрда Польшанын борбору Варшаваны курчап алган. 17-сентябрда Польша өкмөтү өлкөнү таштап кеткен соң, советтик аскерлер эч кандай каршылыкка учурабастан Польшанын аймагына киришкен. (Варшавалыктар 28-сентябрга чейин салгылашкан). Польша армиясынын айрым топтору гана каршылык көрсөтүшкөн. 28-сентябрда советтик-германиялык согуштук кызматташуу достук жана чек аралар тууралуу келишимдер менен бекемделген. Бул келишим Польшанын бөлүнүшүн жана советтик-герман чек араларын белгилеген. Келишим боюнча поляктар жашаган жерлер Германияга бириктирилген, ал эми СССРге Литва берилген. Мындай аймактык өзгөртүүлөрдү, тактап айтканда, Польшанын бөлүнүшүн Советтер Союзу Батыш Украинаны жана Батыш Белоруссияны кошуу максатында «боштондукка чыгаруу жүрүшү» деп атаган. 2-октябрда Польша армиясынын акыркы бөлүктөрү багындырылган.

Польшалыктар германиялык агрессиянын жана нацисттердин расалык теориясынын алгачкы курмандыгы болушкан. Өлкөдө еврейлерди, интеллигенцияны жапырт кырып-жоюу башталган, миңдеген поляктарды Германияга жумушка алып

кетишкен. Польшаны басып алган соң, Германиянын армиясы батышка карай тездик менен жыла баштайт. Ошол эле учурда Германиянын чек арасына француздар, англдар жакындап келишкен. Алардын максаты Франциянын Бельгия жана Люксембург менен чек арасын бекемдөө болгон. Бул эки өлкө өздөрүнүн бейтараптыгы тууралуу жарыялашып, Германиянын аны бузары белгилүү болсо да, эч кандай согуштук аракет жүргүзүшкөн эмес. 1940-ж. апрель-майда Германия Дания, Норвегия, Люксембург, Бельгия жана Нидерландды каратып, бул мамлекеттер аркылуу Францияга чабуул койгон. 14-июнда анын борбору Парижге кирген. Эки күндөн кийин өкмөт башчысы Петэн элдешүүнү суранган. Келишим 1918-ж. Компьен токоюнда Германиянын жеңилүүсү тууралуу келишим Фоштун музейден алынып келинген штабдык вагонунда түзүлгөн. Франция эки бөлүккө бөлүнүп, түндүгү оккупацияланган, ал эми түштүгүндө француз өкмөтүнүн бийлиги жана чакан армиясы сакталган. Петэн башында турган өкмөт Германиянын кызыкчылыгын жактаган саясат жүргүзгөн. Франциянын конституциясы анын чексиз бийлигин бекемдеген жаңы конституциялык актылар менен алмашылып, демократия толугу менен жок кылынган. Бирок фашисттерге каршы француздардын ичинде каршылык көрсөтүү кыймылы башталган. Англияга кетүүгө аргасыз болгон генерал Шарль де Голль *«Эркин Франция»* деген антифашисттик комитетти түзгөн.

1940-ж. жайдын аягында Европада Германияга каршы тура алган бир гана Англия болгон. Англияны басып алуу үчүн Түндүк Францияга бүткүл авиациясын жиберген. Негизинен эки жарым миңге жакын немец самолёттору согушка катышып, июлда башталган согуш кеч күзгө чейин созулган. Англиянын багынбастан туруштук бериши Гитлер менен согуштагы алгачкы жеңиш болгон.

Африкадагы согуштук аракеттерди италиялык аскерлер жүргүзүп, алар Ливиядан Суэц каналына, ал эми Эфиопиядан Кенияга жана Суданга чыгышкан. Бирок англдар Эфиопиядагы италиялык аскерлерди талкалап, Египеттен сүрүп чыгарышкан. Гитлер италиялыктарга жардамга бронетанкалык жана авиациялык корпус жиберет. Мартта алар Нилге карай жыла башташкан, бирок бул чабуул Александрияга 100 *км* аралыкта англдар тарабынан токтотулуп, италия-германия аскерлеринин Суэц каналын басып алуу планы ишке ашпай калган. 1941-ж. мартта Грекияны басып алууну көздөгөн италиялыктардын армиясынын согуштук аракеттери гректердин катуу каршылыгы-

на туш болот. Ошол эле учурда Грекияда англдардын корпусу түшүрүлөт. Гитлер кайрадан Италия аскерлерине жардам көрсөтүп, 6-апрелде немецтик аскерлер Болгариядан Югославияга жана Грекияга чабуул коюп, Югославия 17-апрелде, Грекия 23-апрелде багынып берет. Британиялык корпус Египетке эвакуацияланат.

1940-ж. июль айында Гитлер вермахтка СССРге каршы кампаниянын планын иштеп чыгууну тапшырат. Ошол жылдын декабрында бул план («Барбаросс планы») бекитилет. СССРге кол салуу 1941-ж. жаз айларына белгиленет, бирок Балкандагы согуштук операцияларга байланыштуу 22-июнга жылдырылат.

СССР Польшанын бир бөлүгүн кошуп алгандан кийин Финляндияга чек арасын жылдырууну сунуш кылат. Финляндия баш тарткан соң, СССР ага каршы согуш ачат. Натыйжада 1939-ж. март айында Финляндия Карель мойногун Выборг ж. б. айрым жерлер менен бирге СССРге берүү жөнүндө келишимге кол коюп, өз көз карандысыздыгын сактап калат.

1940-ж. августта Балтика боюндагы өлкөлөр — Латвия, Литва, Эстония — СССРдин курамына кошулган. Ошол эле жылы июнь айында СССР Румыниядан Бессарабияны кайтарып берүүнү жана аны менен кошо Буковинаны (Буковина эч качан Россия империясынын курамында болгон эмес) берүүнү талап кылат. Румыния бул талапка макул болууга аргасыз болот. Кошулган аймактардын эсебинен өлкөнүн калкынын саны 23 *млн* адамга көбөйгөн.

1940-ж. 22-сентябрда Германия, Италия жана Япония **Үчтүктөр пактысына** — негизинен дүйнөнү бөлүштүрүү жөнүндөгү келишимге кол коюшат. Кийинчерээк бул келишимге Румыния, Венгрия, Болгария, Словакия, Хорватия да кошулат. Чыгыш Европада Германиянын үстөмдүгүнүн орношу менен, Европада зор өзгөрүүлөр болгон. Югославия өз алдынча өлкө катары жашоосун токтоткон, анын ордуна көз карандысыз Хорватия түзүлгөн, ал эми калган бөлүгүн Германия, Италия, Болгария жана Венгрия бөлүп алган. Румыния Гитлердин кысымы менен Венгрияга Трансильванияны берүүгө аргасыз болгон.

**Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы.** 1941-ж. башынан эле Сталин жаңы советтик чек араны бойлой немец аскерлери топтолуп жаткандыгы жөнүндө кабардар болгон. 1941-ж. 15-майда советтик чалгынчы Рихард Зорге немецтердин чабуулу 22-июнда башталары тууралуу Токиодон кабар берген. Бирок, Сталин маани бербей, бул кабарды Германия менен СССРди

кагыштырууга аракеттенген англдардын амалы деп түшүнгөн. Ага карабастан СССР армиясында согушка кызуу даярдык жүргөн. Сталинде Гитлер сөзсүз ультиматум коюп, согуш жарыялайт деген ишеним болуп, акыркы мүнөттөргө чейин аскерлерди согуштук даярдыкка келтирген эмес. Ошондуктан, германиялык аскерлердин чабуулунун башталышы СССРге зор жоготууларды алып келген. Күзүндө эле вермахт Москванын жана Ленинграддын алдына чейин кирип келген. Германиянын жетишкен ийгиликтерине карабастан, Англия менен согушту аягына чыгарбай туруп, ресурстарга өтө бай СССРге согуш жарыялашы Гитлердин чоң жаңылыштыгы болгон. Кызыл Армиянын Москванын алдындагы каршы чабуулу СССРди басып алуунун «Барбаросс планын» тез арада ишке ашыруу мүмкүн эместигин айкындаган.

**Япония.** Үчтүктөр пактысына кол койгон Япония Франция жеңилгенден кийин өз гарнизондорун анын колонияларына (Вьетнам, Лаос, Камбоджа) жайгаштырган жана Кытайдын бир топ жерин басып алган. 1941-ж. 7-декабрда япон эскадрасы АКШнын Тынч океандагы Пёрл-Харбор (Гавай аралдары) башкы аскердик-деңиз базасын басып алып, ошол эле күнү Англиянын колониялары — Малайяга жана Бирмага жөнөгөн. АКШ менен Англия Японияга, ага жооп иретинде Германия менен Италия СССРге согуш ачышат. Япондордун жүрүшү ийгиликтүү ишке ашып, 1942-ж. жазында Индияга чейин келишип, Сингапурду, көп өтпөй Индонезия, Филиппиндерди басып алышып, Жаңы Гвинеяга аскер түшүрүшөт. Бул Австралияга коркунуч туудурган. 1942-ж. жайына чейин Германия жана анын союздаштары зор аймакты басып алышкан.

**Экинчи дүйнөлүк согуштагы улуу бурулуш.** Үчтүктөр пактысынын өлкөлөрү согуштун башталышында алардын согушка чоң даярдыгы, ошондой эле согуштук аракеттерди тездик менен жүргүзүшүнүн натыйжасында ири ийгиликтерге жетишкен. Бирок зор аймактарды басып алуу менен ал жердеги аскерлерди жабдуу кыйындай баштаган. Мындай факторлор антигитлердик коалициядагы өлкөлөр үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн, ошентип согуштун жүрүшүндө алардын пайдасында бурулуш башталган. Коалициянын күчү Үчтүктөр пактысына салыштырганда бир топ жогору болгон. Анткени алардын катарында калкынын саны эң көп Кытай, Индия, СССР, АКШ сыяктуу мамлекеттер болгон. АКШ, СССР жана Улуу Британия өнөр жайы өнүккөн ири дөөлөттөр эле. 1941-ж. 12-июлда кызматташуу тууралуу советтик-англиялык келишим түзүлөт. 24-июнда

АКШнын президенти Рузвельт да СССРди колдой турганын билдирет. 1941-ж. 1-октябрда АКШ, Улуу Британия жана СССРдин ортосунда биринчи жолу өз ара жардамдашуу боюнча макулдашууга кол коюлат. Макулдашуунун шарты боюнча АКШ жана Улуу Британия СССРге курал-жарак, азык-түлүк жагынан жардам берүүгө милдеттенген. Союздаштар тарабынан жиберилген танк, самолёттор Москванын алдындагы салгылашта пайдаланылган. СССР жана Улуу Британия Ирандын Германия менен жакындашып кетүүсүнө тоскоолдук кылып, аны оккупациялашкан.

**Атлантика хартиясы.** 1941-ж. август айында Рузвельт жана Черчилль антигитлердик коалициянын негизги документтеринин бири болгон *Атлантика хартиясына* кол коюшат. Анда АКШ жана Англия басып алуучулук максаты жок экендиктерин басып алынган аймактардагы элдердин укуктарын калыбына келтирүүгө, согуштан кийин тынчтыкты орнотууга милдеттенгендиктерин билдиришкен. Кийинчерээк бул хартияга СССР да кол койгон. СССР Чехословакиянын, Польшанын да эмиграниттык өкмөттөрүн тааныган. АКШнын согушка кириши менен антигитлердик коалиция түзүлүп бүткөн. 1942-ж. 1-январда Атлантика хартиясынын принциптерин жана максаттарын колдогон 26 мамлекет *Бириккен Улуттардын Декларациясына* кол коюшкан.

**Экинчи фронт.** СССР союздаштарынан жардам ала баштаган, бирок 1942-ж. экинчи фронт ачылган эмес. Август айында союздаштардын Түндүк Франциянын Дьепп шаарына жакын жерге десант түшүрүү аракети ишке ашпай, экинчи дүйнөлүк согушта негизги фронт советтик-германиялык фронт бойдон кала берген. Анда румын, венгер, финн аскерлери да согуштук аракеттерди жүргүзүшкөн. СССРге союздаштар тарабынан 22 миң самолёт, 13 миң танк, 427 миң жүк ташуучу машина жана азык-түлүк (АКШдан эле 7000 миң *т* кант) келген. Союздаштар аскер техникасын өндүрүүнү көбөйтүшүп, 1942-жылдын аягында Үчтүктөр пактысынын өлкөлөрүнө караганда 3 эсе көп самолёт, танкаларды чыгарышкан. Согуш учурунда Т-34, ИС, КВ советтик танкалары, «Спитфайер» англис самолёту, ИЛ-2 советтик штурмалоочу, Б-17 америкалык бомбалоочу самолёттору сапаты жагынан мыкты болгон.

Японлор Тынч океандагы Мидуэй атоллундагы салгылашта америкалыктардан жеңилип калган соң, Япония Тынч океанда согуштук аракеттерди жүргүзүүдөн баш таркан.

1942-ж. октябрда англдар Түндүк Африкада генерал Б. Л. Монтгомеринин командачылыгы астында контрчабуул-

га өтүшүп, италия-герман аскерлери жеңилип калат. Ноябрда Мароккого Дуайт Эйзенхауэрдин командачылыгы менен америкалык аскерлер түшүрүлөт. Натыйжада, 1945-ж. 13-майда италия-герман аскерлери толугу менен капитуляцияланган.

**Муссолининин өкмөтүнүн кулашы.** 1943-ж. июлда союздаштар Сицилияны ээлеп, Муссолининин өкмөтү кулатылган. Жаңы өкмөттү маршал Бадольо жетектеп, фашисттик партия таратылган. Союздаштар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, 3-сентябрда Бадольо Бириккен Улуттар менен тынчтык келишимине кол койгон. Ушул мезгилде түндүктөн немец аскерлери кирип, Неаполдон түндүгүрөөктө дагы бир фронт пайда болот. Ал жерде немецтик армиянын күчүнө таянган Муссолини башында турган фашисттик тартип калыбына келтирилген. Бадольонун өкмөтү болсо Германияга согуш жарыялаган.

**Совет-герман фронтундагы бурулуш.** 1943-ж. жайында совет-герман фронтунда Сталинград жана Курск салгылаштарында советтик аскерлердин жеңишке жетиши менен *улуу бурулуш* башталып, Кызыл Армиянын өлкөнүн аймагын душмандан бошотуу аракеттери башталат. Согуштун жүрүшүндө советтик аскерлер душманды 500–1300 *км* чейин сүрүп чыгып, 218 дивизиясын талкалаган.

**Атлантика** союздаштардын самолёттору аркылуу көзөмөлдөнүп, германиялык суу астындагы флот зор жоготууларга учураган. 1942-ж. 200гө жакын суу астында жүрүүчү кемелер чөктүрүлгөн, натыйжада союздаштардын кемелери тоскоолдукка учурабастан эле океанды кесип өтө баштаган. 1943-ж. союздаштардын флоту Атлантика океанында толук үстөмдүк кылып, Тынч океанда стратегиялык демилгени колго алган.

**Каршылык көрсөтүү кыймылы.** 1942–1943-жж. согуштук абалга зор таасир тийгизген дагы бир фактор – *Каршылык көрсөтүү кыймылы* болгон. Немецтер басып алган аймактарда, өзгөчө славян элдери жашаган жерлерде нацисттер *геноцид* (грекче *genos* – урук, *caedo* – өлтүрөм) саясатын жүргүзө баштады. Алгач еврейлер, цыгандар, кийинчерээк славян элдери бул саясаттын курмандыгы болушкан. Европанын бардык аймактарында туткунга түшкөн советтик жоокерлер, Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкандар, жергиликтүү калк камалган концентрациялык лагерлер, эң ирилери Освенцим, Майданек, Треблинка, Дахау, Бухенвальд, Заксенхаузен, Равенсбрюк, Маутхаузен болгон. Жалпысынан алганда, 18 *млн* адам туткундалган, анын 12 *млну* өлтүрүлгөн. Миллиондогон элдер Германияга жумушка күч менен айдалган. Калкты коркутуп, баш ийдирүү максатында

айрым кыштактар жер менен жексен кылып жок кылынган. Мисалы, Франциядагы Орадур, Чехословакиядагы Лидице, Белоруссиядагы Хатынь кыштактарынын тургундарынан эч ким калган эмес.

**Антифашисттик күчтөрдүн биригиши.** 1941-ж. чейин коммунисттер менен антифашисттердин ортосунда мамиле болушу мүмкүн эмес болчу. Германия СССРге кол салгандан кийин Коминтерн компартияны антифашисттик күрөштү жандандырууга чакырган. Советтик элдин фашизмге каршы баатырдык менен күрөшү дүйнө элдеринде СССРге карата урматтоо сезимин пайда кылып, антикоммунисттик маанайды төмөндөткөн. 1943-ж. союздаштардын кысымы менен Коминтерн таркатылып, коммунисттик партиялар өз алдынча Каршылык көрсөтүү кыймылына биригишкен. Польшада, Югославияда, Албанияда, Грекияда партизандык отряддар түзүлгөн. Каршылык көрсөтүү кыймылынын жалпы жетекчилик жүргүзүүчү органдары уюштурула баштаган. Мисалы, Францияда генерал Шарль де Голлдун жетекчилиги алдында биригишкен.

**Тегеран конференциясы.** 1943-ж. аягындагы согуштук кырдаал союздаштардан 1944-ж. согуш пландарын тактоону талап кылган. Бул маселелер Тегеран конференциясында антигитлердик коалициянын негизги үч мамлекетинин башчылары – Франклин Рузвельт, Иосиф Сталин жана Уинстон Черчиллдин катышуусу менен каралды. Конференциянын негизги маселелеринин



Тегеран конференциясынын учурунда. У. Черчилль, Ф. Рузвельт, И. Сталин.

бири – экинчи фронтту ачуу мезгилин жана ордун так белгилөө жана 1944-ж. майда Франциянын түндүгүндө десанттык операцияларды баштоо тууралуу чечимди кабыл алуу болгон. СССР Германия талкаланган соң, Японияга каршы согушка кирүүгө макулдугун билдирген.

Тегерандан кайтып баратып Рузвельт менен Черчилль Каирде Чан Кайши менен жолугушуп, Каир декларациясына кол коюшкан. Декларацияда Японияга каршы согушуу, Кытайга Япония басып алган жерлерин кайтарып берүү, Кореянын көз карандысыздыгын калыбына келтирүү маселелери каралган.

**Экинчи дүйнөлүк согуштун соңку этабы.** 1944-ж. башында Советтик Армия душманга кыйраткыч сокку уруп, Балтика боюндагы советтик аймакты толук бошоткон. Ошол эле жылдын жай айларында Карелия мойногунда финн армиясына сокку урулган. Финляндиянын өкмөтү союздаштарга элдешүү тууралуу өтүнүч менен кайрылган. СССР менен Финляндиянын ортосундагы келишимдин шарты боюнча СССР 1940-ж. каратып алган аймактарын бекемдеген, андан тышкары, Печенги району да СССРдин карамагына өткөн. Октябрда бул районго өз көзөмөлүн орноткон Советтик Армия Норвегия өкмөтүнүн макулдугу менен анын аймагына кирип, бошотот.

**1944-ж. 6-июнда** союздаштардын аскерлери америкалык генерал Эйзенхауэрдин жетекчилиги астында Нормандияга (Түндүк Франция) келип түшүшү менен, *экинчи фронт ачылат.*

**1944-ж. июнь айында** советтик аскерлер белорус багытында **«Багратион»** согуштук операциясын башташкан. Минск шаарынын чыгыш жагында немецтик армиянын 100 миңдеген бөлүгүн курчоого алып, натыйжада *СССРдин аймагы толук бошотулуп,* Советтик Армия Чыгыш Пруссиянын жана Польшанын аймактарына кирген.

Июндун аягында союздаштар Түндүк Францияга жапырт чабуул башташат. Август айында америкалык жана француз аскерлери Франциянын түштүгүнө келип түшүшөт. 1944-ж. 18-августта өлкөдө фашисттерге каршы көтөрүлүш башталып, 4 күндүн ичинде Париж француздардын колуна өткөн. Жыл аягында Франция жана Бельгиянын басымдуу бөлүгү бошотулуп, союздаштардын армиясы Германиянын чек араларына жакындап келген.

Германиянын жана Япониянын 1944-ж. согуштук аракеттери кризиске учурай баштаган. Германияда вермахттын жогорку офицерлер тобу Гитлерге каршы кутум уюштурушат. 1944-ж. 20-июлда кутумдун катышуучусу полковник Клаус фон Штау-



К. Штауфенберг.

фенберг штабдын жыйыны өткөрүлчү кабинетке бомба салынган портфелди калтырып кеткен. Гитлер контузия гана болгон. Кутумдун катышуучулары тез арада камакка алынып, 5 миң адам даргага асылган (алардын ичинде 56 генерал, 1 фельдмаршал болгон), 4 фельдмаршал өзүн өзү өлтүргөн.

Июнь айында совет-герман фронтунун түштүгүндө Советтик Армиянын чабуулу башталат. Августта советтик аскерлер Румынияга киришет. 12-сентябрда түзүлгөн келишим боюнча Румыния СССРге Бессарабия жана Түндүк Буковинанын өтүшүн бекемдеген. Сентябрда Советтик Армия Югославияга кирген. Ал кезде анын көпчүлүк бөлүгү Иосиф Броз Титонун жетекчилиги менен бошотулуп калган.

**СССРдин тышкы саясаты.** Советтик Армиянын Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Европага чыгышы менен СССР бул өлкөлөрдөгү коммунисттерди ачык колдоп чыгып, ал аймактарда өз кызыкчылыгын көздөгөн иш-аракеттерди жүргүзүүгө АКШ менен Англиянын (Черчилль 1944-ж. Грекиядан башка бардык Балкан өлкөлөрүнүн СССРдин таасири алдындагы өлкө экендигин таанууга аргасыз болгон) макулдугун алган. 1944-ж. Польшада просоветтик өкмөт түзүлөт. Ал эми Лондондогу эмиграннтык Польша өкмөтү немецтик, да советтик да аскерлерге каршы күрөшүп, 1944-ж августта Варшавада көтөрүлүш башташкан. Аны немецтер ырайымсыздык менен басып салышкан. СССР менен АКШ жана Англиянын ортосунда Польша өкмөтү тууралуу өтө курч пикир келишпестиктер болот. 1944-ж. Германиянын абалы өтө оордойт. Союздаштардын аскерлери чек арага жакындап, Финляндия, Румыния, Болгария Германияга каршы согуш жарыялайт. Германияда жалпы мобилизация башталып, улгайган адамдардан, жаш балдардан элдик кошуун куралат. Союздаштар Германияны тынымсыз бомбалашып, Дрезден шаарында 135 миң адам курман болот. 1944-ж. немецтер Арденндеги союздаштардын аскерлерине каршы акыркы жолу ийгиликсиз чабуул уюштурат. 1945-ж. январда Советтик Армия Германиянын аймагына кирип, Берлинден 60 *км* аралыкка келип токтойт.

1945-ж. 4–11-февралда Ялтада АКШ, СССР, Англиянын катышуусу менен Крым конференциясы өтүп, анда Германияны кынк этпестен багындыруу жана оккупациялоо (СССР, АКШ,



Нюрнберг процесси.

Англия, ошондой эле Франция) жөнүндө маселелер каралган. 8-майда фельдмаршал В. Кейтель баш болгон германиялык жогорку командованиенин өкүлдөрү советтик аскерлер ээлеген Берлиндин жанындагы Карлхорстто Германиянын кыңк этпей багынып берүү актысына кол койгон.

1945-ж. 17-июнь – 2-августта СССР, АКШ жана Улуу Британиянын өкмөт башчылары катышкан Потсдам конференциясында Германияны толук куралсыздандырып, демократиялык негизде кайра түзүү жана согушка багытталган монополиялык бирикмелерди жок кылуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Советтик делегация союздаштарынын ишенимин аткарып, Японияга каршы согушка кирерин ырастаган. 26-июлда Улуу Британия, АКШ жана Кытай өкмөт башчыларынын атынан Потсдам декларациясы жарыяланып, анда Япониянын багынып берүүсү талап кылынган. Япон өкмөтү аны четке каккан. Ушундан пайдаланган АКШ согуштук жактан зарылдыгы болбосо да 6- жана 9-августта Хиросима жана Нагасаки шаарларына атом бомбасын таштап, 114 миң япон набыт болгон. 1945-ж. 9-августта СССР Японияга каршы согуш ачкан жана кыска мөөнөттө Манчжуриядагы Квантун армиясы толугу менен талкаланып, Кытайдын түндүк-чыгыш бөлүгү, Түндүк Корея, Сахалин жана Курил аралдары бошотулган. Түштүк-Чыгыш Азияда улуттук-боштондук кыймылы күч алып, 1945-ж. 17-августта Индонезия Республикасы, 2-сентябрда Вьетнам Демократиялык Республикасы түзүлгөн. **1945-ж. 2-сентябрда Япон өкмөтүнүн багынып берүү актысына кол коюшу менен экинчи дүйнөлүк согуш аяктаган.**

Экинчи дүйнөлүк согуш — адамзат тарыхындагы эң ири, кыйраткыч согуштардын бири. Согушка 72 мамлекет катышып,

согуштук аракеттер негизинен 40 өлкөнүн аймагында жүргөн, 110 *млндон* ашык адам катышып, согуштун жүрүшүндө 62 *млнго* жакын адам (анын ичинде 27 *млну* советтик жарандар) курман болгон. Экинчи дүйнөлүк согушту хронологиялык жактан 3 чоң мезгилге бөлүүгө болот.

*Биринчи мезгил* (1939-ж. 1-сентябрынан — 1942-ж. июнь айына чейин). Бул мезгилде согуш башталып, фашисттик Германиянын ийгиликке жетишкен учуру.

*Экинчи мезгил* (1942-ж. июнь айынан — 1944-ж. январына чейин). Согуштун жүрүшүндө антигитлердик коалиция демилгени колуна алып, жалпы стратегиялык чабуулга өткөн учур.

*Үчүнчү мезгил* (1944-ж. январынан — 1945-ж. сентябрына чейин). Антигитлердик коалиция Германияны толук талкалоону аяктаган, согуштун соңку этабы.

Экинчи дүйнөлүк согушта, адамзат тарыхындагы мурдагы согуштарга салыштырганда, аскер техникасы кеңири колдонулуп, армиянын куралдуу күчтөрүнүн согуштук аракеттерге жөндөмдүүлүгү жогорулаган. Согуштун аягында XX кылымдагы эң бир кыйраткыч, адамзат үчүн эң коркунучтуу ракеталык жана ядролук курал пайда болгон.

Бул согуш дүйнөлүк коомчулуктун каршылык көрсөткөнүнө карабастан, бир нече мамлекеттин дүйнөнү басып алуу максаты менен даярдалган аракеттеринин натыйжасы катары белгилүү. Согуштун жүрүшүндө алар басып алган аймактарда демократияны жок кылып, расалык жана улуттук дискриминацияны күчөтүп, эл аралык мамилелерде күчтүү мамлекеттердин үстөмдүгүн орното баштаган. Басып алуучулардын жеңиши адамзаттын тарыхында өнүгүүнүн артка кетишине, ошондой эле социалдык, саясий жана маданий деградацияга алып келмек. Ошондуктан, аларга каршы согушкандарга адилеттүү күрөш жүргүзгөн деп баа берсе болот. Фашизмди талкалоодо СССРдин салымы өтө салмактуу.

**Суроолор:**

1. Экинчи дүйнөлүк согуш алдындагы эл аралык абал кандай эле?
2. Кандай согуш очоктору түзүлгөн?
3. Экинчи дүйнөлүк согуш качан башталган? Улуу Ата Мекендик согуш деген эмне? Ал качан башталган?
4. Экинчи дүйнөлүк согуштагы улуу бурулуш качан болгон?
5. Каршылык көрсөтүү кыймылынын мааниси эмнеде?
6. Тегеран конференциясы качан болгон? Анын мааниси эмнеде?
7. Ялта конференциясы качан болгон, кандай маселелер каралган?
8. Экинчи фронт качан ачылган?
9 Экинчи дүйнөлүк согуш кандай хронологиялык мезгилдерге бөлүнөт?

## V ГЛАВА
## ЧЫГЫШ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

### § 15. Монголия. Кытай дөөлөтү. Сянган (Гонконг). Аомынь (Макао)

**Монголия** эки кылымдан ашуун мезгил (XVII к. аягы – XX к. башы) манчжур-кытай үстөмдүгүнүн астында болгон. XIX к. соңунан тартып Монголия Кытайдын, Япониянын, АКШнын, Англиянын, Германиянын жана падышалык Россиянын жарым колониялык эксплуатациясына кириптер болгон. Мал жана тери чийки заттары арзыбаган баага сатылып алынып, Кытай аркылуу Европанын жана Американын рыногуна чыгарылган. Ал эми ал өлкөлөрдөн алынып келинген товарлар эң кымбат баада сатылган. XX к. башында Монголиянын калкы коло доорундагыдай турмуш-шартта жашаган.

Туш-тарабынан кошоктолгон эзүүдө калган элдин чыдамы түгөнүп, өлкөдө манчжурларга каршы элдик көтөрүлүштөр чыга баштаган. 1905-ж. Россиядагы революциялык окуялардын, 1911-ж. Кытайдагы буржуазиялык-демократиялык революция жана Цин династиясынын кулатылышынын таасири жер-жерлерде чыгып келген элдик көтөрүлүштөрдүн монгол араттарынын бирдиктүү, кубаттуу элдик-боштондук кыймылга айланышына түрткү болду. Бирок бул кыймылдын бышып жетиле электигине жана жетекчилик феодалдардын колунда болгондугуна байланыштуу бийликке Богдо-геген жетектеген феодалдык-теократиялык топ келген. Жаңы өкмөт 1911-ж. декабрда Тышкы Монголиянын көз карандысыздыгын жарыялаган. Арийне, падышалык Россиянын, Кытайдын, АКШнын, Франциянын жана Англиянын башкаруучу төбөлдөрү колдорунан келишинче Монголиянын көз карандысыз болушуна жол беришкен эмес. Мына ушул өлкөлөрдүн чечими менен, 1915-ж. Кытай жана Россия кол койгон актыга ылайык, Тышкы Монголия автономиялык бүтүмгө макул болууга аргасыз болгон.

Монголияда 1917-ж. Россиядагы Октябрь социалисттик революциясынын таасири астында жана Советтик Россиянын жардамы менен, ошондой эле революциячыл күчтөрдүн каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында 1921-ж. чет өлкөлүк көз карандылыктан бошотулган. Өлкөдө антифеодалдык, антиимпериалисттик элдик-демократиялык революция жеңип чыккан. **Сухэ-Батордун** жетекчилиги менен 1921-ж. түзүлгөн *Монгол элдик-революция-*



Д. Сухэ-Батор.

*чыл партиясы* (*МЭРП*) башкаруучу партия болгон. 1924-ж. Улуу элдик хуралдын I съездинде Монгол Эл Республикасы жарыяланган.

1917-ж. Совет өкмөтү Монголиянын падышалык Россияга болгон карыздарын жоюп, дипломаттык мамиле түзүүгө даяр экендигин билдирген. Бирок Монголияда да революция чыгып кетишинен чочулаган Богдо-гегендин өкмөтү мындай сунуштан баш тартып, 1918-ж. өлкөгө кытай милитаристтеринин аскерлерин киргизген. Автономия жоюлуп, армия куралсыздандырылган.

1919-ж. күз мезгилинен тартып өлкөдө Д. Сухэ-Батордун жетекчилиги менен революциячыл маанайдагы күчтөр бириге баштаган. Монгол элинин бул даңктуу уулу Сухэ-Батор менен В. И. Лениндин 1921-ж. 5-ноябрында Москвадагы жолугушуусу Монголия үчүн тарыхый окуя болгон.

1921-ж. Монгол элдик-революциячыл партиясы жана Монгол элдик-революциячыл армиясы түзүлгөн. Монголиянын Убактылуу өкмөтүнүн өтүнүчү боюнча Совет өкмөтү тарабынан жиберилген Кызыл Армиянын бөлүктөрүнүн жардамы менен элдик революциячыл күчтөр монгол феодалдарынын армиясын жана аны колдогон орус ак гвардиячылары талкалап, Монголиянын борбору Урга шаарын (азыркы Улан-Батор) бошоткон. Ошентип, 1921-ж. 11-июлу расмий түрдө элдик революциянын Жеңиш күнү болуп калган.

Ошондой болгону менен, өлкөнүн идеологиялык, саясий жана экономикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу, мамлекеттин теократиялык бийлик башчысы Богдо-геген дүйнөдөн өткөндөн кийин гана, тактап айтканда, 1924-ж. Улуу элдик хуралдын I съездинде Монгол Эл Республикасы жарыяланган жана алгачкы конституция кабыл алынган. Революциянын 1921–1940-жж. демократиялык өнүгүү этабында феодалдар табы жоюлган, жеке менчик чет өлкөлүк капитал сүрүлүп салынган, өлкөнүн чарбасын өнүктүрүү чаралары көрүлүп, экономиканын мамлекеттик жана кооперативдик сектору түзүлгөн, маданий революция жүргүзүлгөн.

**Маданияты.** Монголдордун бүткүл тарыхындагы негизги кесиби — көчмөн малчылык. Көчмөндөрдүн жашоо ыңгайы алардын чарба жүргүзүү өзгөчөлүктөрүнө жараша болгон. Башкы көлүгү — жылкы, күч унаасы — төө жана өгүз. Турак жайы —

көчүп-конуп жүрүүгө ыңгайлуу болгон боз үй. Боз үйдүн эшиги ар дайым түштүктү, жылуу жакты каратып тигилет.

Монголдордун материалдык маданияты көчмөн жашоо ыңгайына жараша өнүгүп келген. Көчмөндөрдүн чарбалык-маданий тиби маданияттын дыйканчылык тибине караганда артта калган деп эсептелингени менен, бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келаткан ат жабдыктарын, көчүрүп кетүүгө оңой болгон боз үй менен чатырды, сүт азыктарын көпкө сакталгыдай иштетүүнү, кийиз жасоо өнөрүн мына ошол көчмөндөр жараткан.


Монголдордун азыркы мезгилдеги турмуш-тиричилиги олуттуу өзгөргөн. Ага, негизинен, көчмөндөрдүн жапырт отурукташуусу себеп болду. Жапырт отурукташууга монгол экономикасынын өнүгүшү зор мүмкүнчүлүк түзүп берди. Фабрика-заводдордун иштетилиши менен алардын продукциялары — эмеректер, идиш-аяктар, буюм-тайымдар — турмуш-тиричиликте кеңири колдонула баштады. Элдин социалдык мобилдүүлүгү артты. Жапырт сабатсыздыкты жоюунун, башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларынын кеңири тармагынын түзүлүшүнүн натыйжасында квалификациялуу улуттук кадрлар өсүп-өнүктү. Саламаттыкты сактоо тармагы да учурдун талабына жараша өнүктүрүлдү.

1921-ж. Монгол Эл Республикасында Окумуштуулар комитети түзүлгөн. Ал 1961-ж. МЭРдин Илимдер комитети болуп калган. Андагы айыл чарбасы, табигый жана коомдук илимдер боюнча жүргүзүлгөн иштер өлкөдө илимий тармактын өнүгүүсүнө өбөлгө болууда.

**Кытай дөөлөтү жана анын тарыхындагы урунттуу учурлар.** Кытай дөөлөтү — дүйнөдөгү калкы эң көп жана жыш жайгашкан мамлекет. Мамлекеттин түпкү калкы болгон кытайлар (ханьдар) негизинен өлкөнүн чыгыш тарабындагы ойдуңдарда жашашканы менен, бүткүл Кытайга чачырап кетишкен. Ал эми 500дөн ашуун улуттагы башка элдер (хань эместер) өлкөнүн Батыш, Түштүк-Батыш жана Түндүк-Батыш бөлүктөрүндөгү тоолуу аймактарда жашашат.

КЭРдин жогорку бийлик органы — Эл өкүлдөрүнүн жалпы кытайлык жыйыны. Өкмөтү — Мамлекеттик кеңеш. Жергиликтүү бийликтер аймактык эл өкүлдөр жыйындарына тиешелүү.

КЭРдин азыркы аймагы XVIII к. Тибеттеги Жунгар хандыгы баш ийдирилгенден кийин калыптанган. XVIII к. аягында өз товарларын сатып өткөрүү рыногуна айландыруу максатын көздөгөн капиталисттик дөөлөттөр, биринчи кезекте Англия,



Улуу Кытай дубалы.

Кытайга кирүүгө аракет жасай башташкан. Кытайга Англия тарабынан таңууланган «апийим» согуштары алардын басып кирүү доорунун башталышы эле. Натыйжада Кытай адегенде Англия, анан АКШ, Франция жана башка өлкөлөр менен теңсиз келишимдерди түзүүгө мажбур болгон.

**1949-ж. Кытай Эл Республикасынын** түзүлүшү менен өлкөдө кеңири коомдук кайра курууларга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Кытай Эл Республикасынын аймагы эки ири тарыхый-этнографиялык регионго бөлүнөт: *чыгыш азиялык* жана *борбордук азиялык*. Чыгыш азиялык тарыхый-этнографиялык регионго түндүктөгү Хейлунцзяндан тартып, түштүктөгү Гуандунга чейинки чектен чыгышты карай жайгашкан провинциялар кирет. Борбордук азиялык тарыхый-этнографиялык регионго Ички Монголия автономиясы, Ганьсунун көпчүлүк бөлүгү, Тибет жана Синцзян-Уйгур автономиялары кирет. Бул тарыхый-этнографиялык региондор өз ичинен бир нече тарыхый-маданий облустарга бөлүнөт. Ар бир тарыхый-маданий облус, эреже катары, азыркы кездеги заманбап жана илгертен сакталып калган ар кыл чарбалык-маданий типтерден турат. Ошол эле учурда көпчүлүк чарбалык-маданий типтер ар кайсы тарыхый-маданий облустардан кездешет. Арийне, ар бир чарбалык-маданий типтин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болгону менен, тропиктик жана субтропиктик жер иштетүүдөгү салттуу эмгек

куралдары – кетмен, соко, мала — негизинен окшош. Айырмасы, түндүк аймактардагы элдерде негизги күч унаа ат менен өгүз болсо, түштүктөгүлөрдүкү — буйвол. Дыйканчылык шаймандары жана айыл чарба техникалары убакыттын өтүшү жана доорлордун алмашуусу менен, ошондой эле жылуу жана нымдуу климаттык шарттардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө жараша өркүндөтүлүп келген. Азыркы Кытайдын аймагында жер иштетүүнү билбеген бир дагы эл жок. А бирок өлкөнүн түндүк жана батыш провинцияларында жашаган элдерде мал чарбачылык-маданий тип кеңири жайылган. Бул типтин экономикалык базасы сезондуу көчмөнчүлүк жашоо ыңгайындагы комплекстүү малчылык болуп саналат.

1949-ж. Кытай Эл Республикасынын түзүлүшү менен билим берүү системасы советтик үлгүдө өнүгүүгө өткөн. 1966–1969-жж. *«маданий революциянын»* жылдарында билим берүү тармагы өнүктүрүлбөй калган. 1970-жж. билим берүү тармагы кайрадан жолго коюлган.

«Маданий революциянын» жылдарында байыркы доордон бери өнүгүп-өсүп келаткан прогрессивдүү кытай адабияты да дымый түшкөн. Көптөгөн акын-жазуучулар негизсиз жана адилетсиз куугунтукталган. Алардын көбү Мао Цзедун дүйнөдөн өткөндөн кийин реабилитацияланган. Кытайдын классикалык драмалык искусствосу эң байыркы доордо эле жаралып, өлкөгө кеңири таралган. XX к. 20-жж. азыркы кытай драматургиясы калыптанган. Азыркы учурда Кытайда кеңири жайылган салттуу театр да, заманбап драма театры да бирдей өнүккөн.



Мао Цзедун.

Б.з.ч. 1-миң жылдыкта эле пайда болгон салттуу кытай живописинин негизги жанрларына портрет, пейзаж, жан-жаныбарларды, гүлдөрдү жана канаттууларды тартуу кирет.

Кытай Эл Республикасында XX к. 50-жж. аягында расмий түрдө кабыл алынган бөлүштүрүүгө ылайык, өлкөнүн аймагы 6 ири экономикалык аймактан турат. Алар: Түндүк-Чыгыш Кытай аймагы, Түндүк Кытай аймагы, Чыгыш Кытай аймагы, Борбордук-Түштүк Кытай аймагы, Түштүк-батыш Кытай аймагы, Түндүк-Батыш Кытай аймагы.

**Сянган (Гонконг)** – КЭРдеги Чжуцзян дарыясы Түштүк-Кытай деңизине куйган жердеги 200дөн ашуун аралдарды жана

Цзюлун жарым аралынын жарымын камтыган ээлик. Административдик жактан Улуу Британия тарабынан 1841- жана 1860-жж. «апийим» согуштарынын натыйжасында басылып алынган жана 1898-ж. 99 жылдык мөөнөт менен Кытайдан ижарага алган колониялардан турат. Сянган – Түштүк-Чыгыш Азиядагы эң ири порт, өнөр жай, каржы жана тышкы соода-сатык борбору. XX к. 60–70-жж. Сянган электрондук, радиотехникалык жана электр-техникалык продукцияларды – транзистордук радио кабылдагычты, телевизорду, электрондук оюнчуктарды жана оюн автоматтарын, электр лампаларын, фонарларды – эң ири өндүрүүчүгө жана экспорттоочуга айланган.

Административдик борбору — Сянган аралында жайгашкан Сянган шаары. Бул шаарда Чыгыштын да, Батыштын да белгилери, модерн жана эзелки каада-салттар, ашынган көрөсөн жасалгалар жана чектен ашкан жакырдык чырмалыша айкалышкан. Сянган шаары — Британ империясынын качандыр бир кездеги күч-кубаттуулугунун символдору сакталып калган саналуу шаарлардын бири. Алып айтсак, Георг VIнын жана королева Викториянын эстеликтери, Викториянын доорунда курулган кирпич жана таш имараттар. Борбордук көчөсү Куинз-род («королеванын жолу») деп аталат.

Сянган — азиялык, европалык жана америкалык көптөгөн эң ири фирмалардын, банктардын, камсыздандыруу компанияларынын эң маанилүү ишкердик борборлору. Түнкүсүн алардын көк тиреп заңгыраган имараттарындагы зор неон жарнамалары жаркылдап жанып турат. Борбордук көчөлөрүндө заманбап маркалардагы жеңил автомобилдер, бир жана эки ярустуу автобустар, эки ярустуу трамвайлар зымырайт. Алардын катарында велорикшалар да жүрүшөт. Сянган аралы менен Цзюлун жарым аралы темир жол жана автострада өткөрүлгөн суу астындагы туннель аркылуу туташтырылган. Ошондой эле Сянган аралы континент жана башка аралдар менен кемелер жана паромдор аркылуу байланыштырылган. Сянгандагы Квай Чун порту дүйнөдөгү эң ири контейнердик терминалдардын бири болуп саналат. Ал Нью-Йорк, Роттердам жана Кобадан кийинки төртүнчү орунду ээлейт.

**Аомынь (Макао)** — Чжуцзян дарыясынын дельтасында жайгашкан чакан ээлик. Аомында кол өнөрчүлүк буюмдарын өндүрүү кеңири жайылган. Алар экспорттолот. Тайпа аралы петардаларды жана фейерверктерди өндүрүү жагынан өзгөчө даңазалуу. Калкынын басымдуу көпчүлүгүн кытайлар түзөт (97 %).

Алар негизинен балык уулоочулук менен кесиптенишет. Бирок аомындыктардын жашоо ыңгайы кесиптик эмгектенүү менен эмес, кумар оюндары, кыянатчылык иштердин чордону, алтын жана баңги заттарын сатуу сүткорлугу менен мүнөздөлөт. Аомынды «азиялык Монако» деп коюшат. Укмуштуудай кооз жасалгалуу заңгыраган ар кандай оюн үйлөрү Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү көп сандаган бай кардарларды өзүнө тартып турат. Каалоочулар үчүн оюн автоматтарынын эшиги ар дайым ачык. Аларды жергиликтүү элдер «ач арстандар» деп аташат. Сүзүп жүрүүчү зор казинодо алардын эбегейсиз көп байлыктары көз ачып жумгучакты колдон колго өтүп турат.

Бул ээликтин административдик борбору — Аомынь шаары. Андагы имараттык курулуштарда жана үйлөрдө түштүк европалык жана кытайлык стиль айкалышкан.

Суроолор:

1. Монголияны жана Кытай Эл Республикасын картадан чектеп көрсөтүп бергиле.
2. Монголияда социалисттик түзүлүш кантип орногон? Сухэ-Батор деген ким болгон?
3. Кытай Эл Республикасы кандай экономикалык аймактарга бөлүнөт экен?
4. Сянган ээлигин дүйнөлүк атакка бөлөгөн эмне экен?
5. Аомындын дүйнөлүк маанидеги артыкчылыгы эмне менен мүнөздөлөт?

## § 16. Корея. Япония

**Кореядагы маанилүү тарыхый окуялар.** XVI–XIX кк. корей коомунда капиталисттик өнүгүү жолунун өбөлгөлөрү калыптанган. XIX к. аягында корей өкмөтү ири капиталисттик өлкөлөрдүн кысымы менен аларга өлкөнү «ачууга» мажбур болгон. Кореяга адегенде Япония 1876-ж. тең укуксуз соода-сатык келишимин таңуулаган. Андан соң АКШ (1882-ж.), Англия (1883-ж.) жана Россия (1884-ж.) соода-сатык келишимдерин түзүшкөн.

Чет өлкөлүк соода-сатык үчүн ички рыноктун ачылышы жана европалык арзан товарлардын агылып кириши феодалдык мамилелердин ыдырашын тездеткен. Кореяда алгачкы өнөр жай ишканалары пайда болгон. Бирок япондордун XIX к. соңундагы агрессиясынын натыйжасында Кореянын улуттук экономикалык жана маданий өнүгүү процесси кескин кетенчиктей баштаган. Ага каршы корей калкы улуттук-боштон-

дук күрөшкө чыккан. Ошентип, дыйкандардын 1894–1896-жж. бүткүл өлкөнү каптаган антифеодалдык кыймылы (Тонхак көтөрүлүшү) японцорго да каршы багытталган. 1905-ж. япондук протекторат орнотулгандан кийин жалпы элдик көтөрүлүштөр жана партизандык кыймыл ого бетер күчөгөн. Корей элинин улуттук-боштондук кыймылы өлкө япондук колонияга айландырылгандан кийин деле улантыла берген (1910–1945-жж.). Дээрлик бүтүндөй өлкөнү камтыган 1919-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүш үч айга созулган. Көтөрүлүшчүлөр японцордун өлкөдөн чыгып кетишин жана көз карандысыздыкты талап кылышкан.

1925-ж. Кореянын коммунисттик партиясы (Чосон Консандан) жана коммунисттик жаштар союзу түзүлгөн. Вонсандагы жумушчулардын 1929-ж. иш таштоосунан тартып жумушчулардын кыймылдары тез-тез боло баштаган. 1930-ж. Синхын шахтасында, Пусандагы текстиль фабрикасындагы жана Пхеньяндагы резина фабрикасында жапырт иш таштоолор уюштурулган. Ошондой эле дыйкандардын күрөшү жана корей интеллигенциясынын патриоттук кыймылы күч алган. 1932-ж. Кореянын Түндүк-Чыгыш Кытай менен чектешкен аймактарында элдик партизандык аракет кыла башташкан. Японцорго каршы Улуттук фронт уюму катары 1936-ж. *Ата Мекендин Кайра жаралуу лигасы* түзүлгөн.

Экинчи дүйнөлүк согушта милитаристтик Япониянын жеңилиши жана Кореянын советтик армия тарабынан боштондукка чыгарылышы менен, япон колониячыларынын үстөмдүгү токтотулган. Союздаштардын келишимине ылайык, Кореянын аймагы эки зонага бөлүнүп калган: советтик – 38-параллелден түндүктү карай жана америкалык – ошол чектен түштүктү карай. Өлкөнүн түндүк бөлүгүндө элдик бийлик орногон. Түштүк бөлүгүндө болсо бийликке помещиктер менен ири буржуазиянын проимпериалисттик блогу келген.

1948-ж. августта Түндүк жана Түштүк Кореяда жалпы корейлик жогорку бийлик органы болгон Жогорку элдик жыйынга шайлоолор жүргүзүлгөн. Түштүк Кореядагы шайлоо катуу репрессиянын шартында өткөрүлгөн. Натыйжада ушул эле август айында америкалыктардын колдоосу менен марионеттик Корей Республикасы түзүлгөн. Ал эми 9-сентябрда Жогорку элдик жыйындын биринчи сессиясында Корей Элдик-Демократиялык Республикасы жарыяланган, Конституциясы кабыл алынган. Ошондой эле КЭДРдин Бирдиктүү демократиялык ата мекендик фронтко (БДАФ) бириккен Эмгек партиясынын (Коммунисттик

жана Жаңы элдик партиялардын биригишинин натыйжасында 1945-ж. түзүлгөн) жана башка партиялардын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган өкмөт түзүлгөн.

Түштүк Кореяда, элдин эркинен тышкары, АКШ оккупациялык тартипти сактап калган жана социалисттик өлкөлөргө каршы аскердик-стратегиялык плацдармды жайгаштырган. 1950-ж. 25-июнда АКШнын колдоосуна таянган түштүк кореялык армиянын провокациялык аракеттеринин натыйжасында үч жылга созулган (1950–1953-жж.) согуш башталган. Бул согушта 1,5 *млн* киши өлгөн, өлкөнүн чарбасына зор материалдык зыян келтирилген. Согушта жеңилип калган түштүк кореялык жана америкалык агрессорлор 1953-ж. 27-июлда тынчтык келишимине кол коюуга аргасыз болушкан.

Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр КЭДРдин көз карандысыздыгын жана эгемендигин коргоп калууда, өлкөдө социализмди курууда олуттуу жардам беришкен. 1949-ж. 17-мартта КЭДР менен СССРдин ортосунда экономикалык жана маданий кызматташтык жөнүндө макулдашууга кол коюлган. 1961-ж. июлда КЭДР менен СССРдин ортосунда достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндө келишим түзүлгөн. Бул корей жана советтик элдердин ортосундагы достук мамилени чыңдаган.

**Маданияты.** Корей жарым аралынын аймагында эң байыркы кезден тартып эле отурукташкан дыйкандардын күрүч эгүүгө негизделген чарбалык-маданий тиби басымдуулук кылып келген. Дарыя бойлорунда жана деңиз жээктеринде жашаган корейлер балык уулоочулук жана жыйноочулук менен кесиптенишкен. Салттуу айыл чарба шаймандары кош тиштүү же бир тиштүү соко, мала, орок жана жаргылчак болгон.

Корейлердин сандаган кылымдарды камтыган тарыхы бар улуттук турак жайынын өзүнө мүнөздүү бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Биздин күндөрдө да эски типте курулган үйлөр көп кездешет. Корейлердин турак жай курулушундагы мүнөздүү өзгөчөлүк – *ондоль* («жылуу пол») жылытуу системасы. Мурдагы доорлордо мештен чыгарылган түтүк полдун астынан бир нече катарлаштырылып өткөрүлгөн. Ал түтүк аркылуу аралап чыккан жылуу түтүндүн жардамы менен үй жылыган. Түтүктүн мору үйдөн алыс аралыктан чыгарылган. Ондоль салты биздин күндөрдө да катуу сакталып калган. Айырмасы азыркы ондолдун түтүктөрү аркылуу ысык суу өткөрүлөт. Жылуу пол адамдын жашоо-тиричилиги үчүн да, үйдүн жасалгасы үчүн да

абдан ыңгайлуу келет, үйдүн ичи ар дайым таза жана иреттүү болуп турат. Корейлердин азыркы кездеги турак жайларынын курулуш архитектурасындагы өзгөчөлүк – салттуу турак жай курулушунун эң мыкты белгилери колдонулгандыгы. Ошондуктан ал үйлөр эл арасында *«мунхва чип»* («маданий үйлөр») деген атка конгон.

Элдик түзүлүштүн орношу менен, өлкөнүн түндүк бөлүгүндөгү корейлердин турмуш-тиричилигинде жана каада-салттарында олуттуу өзгөрүүлөр болду. Эң башкысы, аялдар саясий да, экономикалык да, коомдук да, маданий да тең укуктуулукка жетишишти. Мыйзам үй-бүлөдө да аялдардын тең укуктуулугун орнотту.

Корейлердин балдары өз ата-энелерине терең урмат менен мамиле кылууга тарбияланышат. Корей фольклорунда жана адабиятында ата-энесин чексиз берилүү менен сүйгөн уул-кыздардын поэтикалык образдары көп берилгендиги бекеринен эмес. Бүгүнкү күндө да ата-энелердин балага болгон жан аябаган сүйүүсү жана балдардын ата-энелерин жан-дили менен терең урматтоосу — бул өлкөнүн искусствосунун негизги темаларынын бири. Корейлер ар бир адамдын турмушунда үч чоң майрам болот дешет: баланын төрөлүшү, үйлөнүү тою жана алтымыш жылдык юбилей.

КЭДР — Түндүк Корея — Батыш, Чыгыш жана Түндүк деген үч экономикалык аймакка бөлүнөт. КЭДРдин борбору Пхеньян шаары – дүйнө жүзүндөгү эң байыркы шаарлардын бири.



Пхеньян шаары.



Сеул шаары.

Түштүк Корея Кенгиканвон, Борбордук жана Түштүк-Чыгыш экономикалык аймактарынан турат. Анын борбору Сеул шаары өлкөдөгү башкы өнөр жай борбору болуп саналат.

**Япониядагы маанилүү тарыхый окуялар.** Япония 1854-ж. өз чек арасын Тынч океан бассейнинде саясий жана соода-сатык экспансияларын улам кеңейтип жаткан батыш дөөлөттөрүнө ачууга мажбур болот. Ушундай жагдайда буржуазияга айланып кетишкен самурайлар рониндер менен шаардыктарга таянып, сёгундук өкмөттү кулаткан, даймёлорду (княздарды) өздөрүнүн феодалдык укуктарынан баш тартууга жана чарбактарынын көпчүлүк бөлүгүн аларды иштеткендерге (соодагерлерге жана буржуазияга айланып кетишкен самурайларга) таратып берүүгө аргасыз кылышкан. Өлкөдөгү бийлик толугу менен буржуазиянын таптык таламдарын коргогон императордук өкмөткө өткөрүлүп берилген. 1968-ж. «Мэйдзи революциясы» мына ушундайча болуп өткөн. Ал революция капиталисттик өнүгүүгө жол ачканы менен, биротоло аягына чыгарылган эмес. Япониянын социалдык жана экономикалык түзүмүндө феодализмдин калдыктары сакталып кала берген. Япон капитализминин өнүгүп-өсүүсү европалык технологиянын жана административдик башкаруу системасынын киргизилиши, уюмдашкан жумушчу жана дыйкандар кыймылы, Япониянын империалисттик экспансия саясатын жүргүзүүгө өтүшү менен коштолгон. 1894-ж. Япония Кытайдан Тайвань аралын, 1905-ж. Россиядан Сахалиндин түштүк бөлүгүн тартып алган, Ляодун жарым аралын, ал эми 1910-ж. Кореяны басып алган.

1917-ж. Россиядагы Улуу Октябрь социалисттик революциясы Япониядагы тап күрөшүнө катуу таасир эткен. 1918-ж. өлкөдө «күрүч» козголондору болуп өткөн, 1922-ж. Япониянын Коммунисттик партиясы жашыруун абалда түзүлгөн.

1931-ж. Япониянын Кытайдагы агрессиясынын жаңы этабы башталган. Ошол мезгилде япон милитаристтери Советтер Союзунун Ыраакы Чыгыштагы чек араларында — 1938-ж. Хасан көлүнүн жанында, 1939-ж. Халхин-Гол дарыясынын жээгинде СССРге жана МЭРге каршы провокацияларды уюштурган. 1940-ж. япон өкмөтү Германия жана Италия менен үчилтик союзун түзүп, өлкөдө милитаристтик тартипти орноткон, оппозициялык саясий партиялардын баарын таркатып салган. Япония 1941-ж. 7-декабрда Гавай аралдарында жайгашкан Пёрл-Харбордогу америкалык аскердик базага кутүүсүздөн кол салуу менен, Тынч океанда фашисттик Германия жана Италия тарабында дүйнөлүк согушка кирген. Япония Түштүк-Чыгыш Азиянын жана Океаниянын басымдуу бөлүгүн басып алган. 1945-ж. СССРдин Японияга каршы согушка кириши милитаристтик Японияны талкалоону тездеткен. Согуш бүтүп калган маалда АКШ согуштук-стратегиялык зарылдыгы болбосо да, япондук Хиросима жана Нагасаки шаарларына атом бомбаларын таштаган.

Япония капитуляцияланганда кийин, Советтер Союзу Потсдам конференциясынын япон коомун демократташтыруу боюнча чечимдеринин аткарылышын талап кылганына карабастан, АКШ ага өзү жалгыз ээлик кылып алган. Ошентип ал бул өлкөдө япондук монополисттик капиталды жана анын «дзайбацуларын» — ири топторун анча-мынча гана бошондоткон реформаларды жүргүзгөн. Ошентсе да, Япония боюнча союздук кеңешке советтик өкүлдөрдүн да кириши америкалык оккупациялык бийликти бир катар радикалдуу демократиялык кайра курууларды ишке ашырууга аргасыз кылган. 1945-ж. октябрда Япониянын Коммунисттик партиясы ачыкка чыккан. Андан бир айдан кийин Япониянын Социалисттик партиясы ишке киришкен.

1947-ж. 3-майда Япониянын жаңы конституциясы кабыл алынган. Анын 9-статьясында Япониянын өз куралдуу күчтөрүн түзүүдөн жана качандыр бир кезде согуш жүргүзүүдөн баш тартуусу жарыяланган. Бирок кийинчерээк, конституцияда көрсөтүлгөнүнө карабастан, адегенде резервдик полициялык корпус, андан кийин өз алдынча коргонуу күчү деген аталыштагы куралдуу күчтөр түзүлгөн. Жаңы конституция мыйзам чыгаруу

жаатындагы демократташтыруу чараларын, буржуазиялык жарандык эркиндиктерди камсыз кылууну, диндин мамлекеттен бөлүнүшүн белгилүү бир өлчөмдө бекемдеген. 1946–1949-жж. агрардык реформа негизинен помещиктик жер ээликтерин жойгон жана айыл чарбасын капиталисттик негизде өнүктүрүүгө жол ачкан.

1948-ж. аягынан тартып англиялык-америкалык империалисттик чөйрөлөр тарабынан «кансыз согуш» маанайынын күчөтүлүшүнө байланыштуу Япониядагы америкалык оккупациялык бийлик япон буржуазиясынын консервативдүү жана реакциячыл чөйрөлөрүн колдоого алып, Японияда СССРге каршы болочок агрессиянын плацдармын түзүүгө багыт алган.

1951-ж. 8-сентябрда Сан-Францискодо өткөн конференцияда Япония менен АКШнын ортосунда тынчтык келишимине кол коюлган жана япондук-америкалык «коопсуздук келишими» түзүлгөн. Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр Сан-Франциско тынчтык келишимине кол коюудан баш тартышкан. Анткени ал келишим Япониянын тынчтыкты сүйгөн жана демилитаризацияланган мамлекет катары өнүгүшүнө кепил боло алган эмес. Советтер Союзу советтик-япондук алакаaны жакшыртуу ниетиндеги саясий багытты карманган. 1956-ж. Япония менен Советтер Союзунун ортосундагы дипломаттык мамилелер оңолгон.

Экинчи дүйнөлүк согуштун жылдарында япон экономикасына олуттуу залал келтирилгенине карабастан, Япония АКШнын колдоосу менен, бүлүнгөн чарбасын тез эле калыбына келтирмек тургай, алдыңкы капиталисттик өлкөлөрдүн катарына кошулган. 1950-жж. ортосунан тартып экономикасы туруктуулук менен жогорулай баштаган, ал эми 1960-жж. өндүрүштүн жалпы көлөмү боюнча Япония капиталисттик өлкөлөр арасында дүйнө боюнча АКШдан кийинки экинчи орунга чыккан.

Бирок 70-жж. башында Япониянын экономикасынын темпи 60-жж. караганда басаңдай баштаган. Ал тургай, 1973-ж. ашыра өндүрүү кризисинин кесепетинен улам, кескин төмөндөмөк тургай, бүткүл капиталисттик дүйнөнү каптаган валюталык-каржылык жана энергетикалык кризистердин чиркелишинин натыйжасында теңирден тескери кеткен. 1976-ж. гана япон элинин жашоо-тиричилигин тукулжуратып салган кризистен эптеп-септеп чыга баштаганы байкалган. Ошондой болсо да, токтобогон инфляция, дыйкандардын жана майда кол өнөрчүлөрдүн жакыр абалы, жаратылыш чөйрөсүнүн бузулуу масштабынын кеңейиши Япониянын калкын кооптондурган эң маанилүү проблемалардын башкылары эле.

**Маданияты.** Япон калкынын сансыз кылымдардан берки негизги кесипчилиги — күрүч өндүрүү. Япониядагы бул чарбалык-маданий тип биздин заманга чейинки мезгилдеги яёи маданиятынын тушунда калыптанган. Салттуу айыл чарбасындагы көпчүлүк жумуштар кол менен иштетилет. Маселен, жөөктөрдү отоо, күрүчтүн көчөттөрүн отургузуу өндүү эмгекти өтө көп талап кылуучу жумуштар. Жер иштетүүгө чейинки эң байыркы чарбалык маданий тип болгон балык уулоочулук жана жыйноочулук өлкөнүн жээктик аймактарында сакталып калган. Балык уулоо менен кесиптенген дыйкандар эзелтен бери эле жакыр жашашат. Балык уулоодон тышкары, башка деңиз азыктарын – балыр өсүмдүктөрүн, деңиз кирпилерин, ар түрдүү үлүлдөрдү, кальмарларды, осьминогдорду, моллюскаларды чогултуу жана кармоо чоң роль ойнойт.

Климаттык шартынын ар түрдүүлүгүнө карабастан, япондордун салттуу турак жайында тоолук жана аралдык этнографиялык топтордун башкача түзүлүштөгү турак жайлары бүгүнкү күндө жергиликтүү тарыхый эстелик болуп саналат. Көп кабаттуу заманбап курулуштардын жасалгаларында сакталып калган салттуу белгилерде япондордун этногенезинин, алардын маданиятынын генезисинин компоненттери чагылдырылган.

### Суроолор:

**1.** Корей жана Япон мамлекеттеринин аймактарын картадан көрсөткүлө.
**2.** Корей эли эмне себептен эки өлкөгө бөлүнүп калган?
**3.** Сёгундар деген кимдер жана сёгундук бийлик деген эмне?
**4.** Япониянын тез өнүгүшүнүн себеби эмнеде?
**5.** Япондордун маданий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү эмнеде?

## VI ГЛАВА
## ТҮШТҮК-БАТЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

### § 17–18. Вьетнам. Лаос. Кампучия. Тайланд. Бирма

**Вьетнам Социалисттик Республикасы.** XVI к. тартып XIX к. башына чейин Вьетнамдагы феодализм терең кризисти башынан кечирген. Бул 300 жылдык кризис уруулук чыр-чатактар жана чабыштар, дыйкандардын кыймылдары менен коштолгон. XVIII к. аягынан тартып француз колониячылары Вьетнамдын ички иштерине кийлигише баштаган. 1858-ж. Данангдагы провокацияны уюштуруп, 1862-ж. Түштүк Вьетнамды басып алышкан. 1884-ж. Нгуендин өкмөтү чыккынчылык келишимге кол койгондон кийин Вьетнамдын бүткүл аймагы француздук протекторат болуп жарыяланган. Француз колониячыларынын максаты Вьетнамды өз товарларын сатып өткөрүү рыногуна, метрополиянын чийки заттык кампасына айландыруу, арзан жумушчу күчүн эксплуатациялоо болгон. Алар Вьетнам элин эзүүнүн жана басынтуунун куралы катары феодалдык түзүлүштү сакташкан; өлкөнү үчкө бөлүп туруп, ар бирине өзүнчө мыйзам актыларын киргизишкен. Ошентип Вьетнам колониялык, жарым феодалдык өлкөгө айланган. Натыйжада Вьетнам эли менен колониячылардын ортосундагы жана дыйкандар менен помещиктердин ортосундагы эки негизги карама-каршылык пайда болгон. Бул карама-каршылыктар курчуп отуруп XIX к. аягында улуттук-боштондук кыймылга айланган.

XX к. башында коомдук күрөш майданына жаңы күчтөр — жумушчу табы жана буржуазия кошулган. Кылымдын алгачкы он жылдыктарында француздарга каршы кыймылга улуттук буржуазиянын жана майда буржуазиялык интеллигенциянын өкүлдөрү жетекчилик кылышкан. А бирок алардын *«Вьетнам куок зан данг» (Вьетнамдын Улуттук партиясы)* партиясы 1930-ж. Йенбай көтөрүлүшү жеңилип калгандан кийин тарап кеткен.

Россиядагы Октябрь социалисттик революциясы Вьетнам революционерлерине күчтүү таасир этип, эркиндикке чыгуучу жолду көрсөтүп берген. Вьетнамда маркстык-лениндик идеяларды жайылтууда **Нгуен Ай Куок (Хо Ши Мин)** зор уюштуруучулук иштерди жүргүзүп, 1925-ж. Вьетнам революциячыл жаштарынын шериктештигин түзгөн. Анын өзөгүндө коммунисттик топ турган.

1930-ж. 3-февралда коммунисттик топтордун бириккен конференциясында Индикытайдын Коммунисттик партиясы (ИККП) түзүлгөн. Ал пролетариатты, дыйкандарды, патриоттук күчтөрдү бириктирип, улуттук көз карандысыздык жана социалдык эркиндик үчүн чечкиндүү күрөшкө үндөгөн. ИККП Саясий программанын негизинде иш жүргүзгөн. Анда Вьетнамдагы революция эки этапта жүргүзүлүшү керектиги айтылган. Биринчи этабы — буржуазиялык-демократиялык революция, экинчи этабы — капиталисттик өнүгүү жолун айланып өтүү менен, социализмди курууга киришүү. 1931-ж. апрелде ИККП Коминтернге кабыл алынган.

1930–1931-жж. Вьетнамда улуттук-боштондук күрөш курчуган. ИККПнын жетекчилиги менен Нгеан жана Хатинь провинцияларында советтердин түзүлүшү анын туу чокусу болгон. Колониячылар менен жергиликтүү феодалдардын кандуу репрессиясынан улам элдик кыймыл убактылуу басандаган. Францияда Элдик фронттун бийликке келиши менен Вьетнамдагы абал жумшарып, ИККП өз ишин кайрадан жандандырган. 1936–1939-жж. Индикытайдын Демократиялык фронтун түзүү кыймылынын мезгилинде партия элди демократиялык эркиндик жана тынчтык үчүн фашизмге каршы күрөшкө үндөп, бириктире алган. 1941-ж. *Вьетминь улуттук патриоттук фронту* түзүлгөн. 1944-ж. декабрда *Вьетнамды Боштондукка чыгаруу армиясы* уюштурулган. 1945-ж. 9-мартта ИККП мамлекеттик төңкөрүштү уюштуруп, француз администрациясын жоюп, өлкөдө өзү жалгыз кожоюндук кылып калган.

Советтер Союзунун күчү менен Квантун армиясынын талкаланышы Вьетнамдагы элдик көтөрүлүштү тездеткен. Натыйжада ал 19-августта жеңип чыккан. Революция 11 күндүн ичинде бүткүл өлкөгө тарап, феодалдык-монархиялык бийлик француз жана япон колдоочулары менен бирге жок кылынган.

Элдик бийликтин жылдарында мазмуну боюнча социалисттик, формасы боюнча улуттук маданият ар тараптуу өнүгө баштаган.

**Лаос** Индикытай жарым аралынын чордонунда, Меконга дарыясынын ортоңку агымын бойлото жайгашкан анчалык чоң эмес мамлекет. Ал аймагынын аянты боюнча Улуу Британия менен бирдей болуп кетет — 237 миң $км^2$. Лаос түндүгүнөн Кытай, чыгышынан Вьетнам, түштүгүнөн Кампучия, батышынан Тайланд жана түндүк-батышынан Бирма менен чектешет. Мамлекеттик түзүлүшү — демократиялык республика. Борбору — Вьентьян шаары.

Азыркы Лаостун аймагында XVII–XIX кк. уруулар аралык чыр-чатактардын жана чабыштардын натыйжасында Лаос мамлекети алсырап, майда хандыктарга бөлүнүп кеткен. Алар адегенде өздөрүнүн кубаттуу коңшулары Сиам (Тайланд) менен Вьетнамга көз каранды болушкан, ал эми 1893-ж. Индикытай союзуна бириктирилип, француздардын ээлигинде болуп калышкан. Кампучия менен Вьетнамдан айырмаланып, колониячылар үчүн Лаостун экономикалык мааниси менен да стратегиялык мааниси зор болгон. Колониялык бийлик Лаосто Лан Санг доорунан бери кылымдар бою өкүм сүрүп келаткан социалдык-экономикалык түзүмдү жана иерархиялык тепкичти сактап калганы менен, бул өлкөдө өздөрүнүн толук көзөмөлүн орноткон.

Колониячылар Лаостун экономикасынын монополиялык капиталдын таламдарына жооп берген тармактарын гана өнүктүрүшкөн. Жол курулуштары толугу менен метрополиянын аскердик жана экономикалык максаттарына баш ийдирилген. Жаратылыш ресурстары эбегейсиз зор киреше алып келе турган болсо жана өндүрүүгө оңой болгудай болуп жер үстүндө жатса гана иштетилген. Алар коло кени жана токой продуктулары (чайыр жана жыгач) болуп саналат. Ушундай жагдайдан улам, Лаос «француздук колониялык империянын Золушкасы» деген атка конгон. Бирок Лаос калкы жарым кылымдан ашуун убакытты камтыган француздук колониялык үстөмдүктүн мезгилинде өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн тынымсыз күрөшүп келишкен.

1941–1945-жж. япондук оккупациянын жылдарында лаостуктардын көз карандысыздык үчүн күрөшү курчуган. Баскынчылар өлкөдөн куулуп, лао эли француз колониячыларына каршы улуттук көз карандысыздык үчүн күрөшкө чыккан. Ошентип 1945-ж. 12-октябрда Лаос көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланган. Ал эми 1954-ж. Женева конференциясында эл аралык таанымга ээ болгон. Бирок өлкөдөгү патриоттук күчтөрдүн ички жана эл аралык реакцияга каршы күрөшү дээрлик 20 жылга созулган.

**Маданияты.** Лаостун материалдык маданияты байыркы заманда эле салттуу дыйкан чарбасынын негизинде түптөлгөн. Лаостогу негизги этностук топтор бири-биринен жашоо-тиричилик ыңгайы менен айырмаланышат. Маселен, сугат жерлерин иштеткен айыл-кыштактарда лаолор же тайлар жашашат. Алар өрөөндөгүлөр менен да, тоолуктар менен да соода-сатык алакаларында болушат.

Лаостун руханий маданиятында будда дини өтө таасирдүү болуп саналат. Ар бир айылдын ортосунда пагода-храм заңгырап турат. Ал бышкан кыштан тургузулган баарынан бийик да, кооз да имарат.

Буддалык календарь жыл сезондоруна жараша түзүлгөн. Ал григорий календары менен бир катарда пайдаланылат. 12 айдан турган жыл декабрь айынан башталат. 12 жаныбардын аты менен аталган жылдар 12 жылда кайталанып турат. Бардык чыгыш элдериндегидей эле, ошол 12 жыл бир мүчөл болуп саналат.

**Кампучия** — Индикытай жарым аралынын түштүгүндөгү мамлекет. Ал чыгышынан Вьетнам, батышынан жана түндүк-батышынан Тайланд, түндүгүнөн Лаос менен чектешет. Түштүк-батыш тарабынан Сиам булуңунун анчалык терең эмес суулары чулгап жатат. Борбору — Пномпень шаары.

Кампучияга XIX к. биринчи жарымында француз колониячыларынын ачыктан-ачык агрессиясы башталган. 1863-ж. Франция Кампучияга протектораттык жөнүндө келишимди таңуулаган. XIX к. аягында Кампучия француз колониячылары тарабынан колониялык башкарууну борбордоштуруу максатында түзүлгөн Индикытай союзуна Вьетнам жана Лаос менен бирге кирген. Колониялаштыруу Кампучия элинин жигердүү каршылыгын жараткан. XIX к. акыркы чейрегинде буддалык диний кызматкерлердин жана кхмер аристократиясынын патриоттук маанайдагы өкүлдөрү тарабынан уюштурулган дыйкандардын бир нече антиколониялык көтөрүлүштөрү болгон.

Француздук үстөмдүктүн мезгилинде Кампучия коомдук турмушунда жарым феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган, артта калган агрардык өлкө бойдон кала берген. 1941-ж. бул өлкөнү япон аскерлери басып алган. 1945-ж. августта милитаристтик Япония талкалангандан жана Вьетнам Демократиялык Республикасы түзүлгөндөн кийин Кампучияда колониялык бийлик жоюлган. Бирок ошол эле жылы октябрда француз колониячылары кайрадан өз аскерлерин жөнөткөн. Француз интервенциясына каршы Кампучияда улуттук-боштондук кыймыл ого бетер күчөгөндүктөн, француз бийлиги бул өлкөгө көз карандысыздыкты берүүгө аргасыз болгон. 1954-ж. Индикытай маселеси каралган Женева кеңешмесинде Кампучия кандайдыр-бир аскердик союзга кирүүгө макул эместигин жана өзүнүн аймагында эч кандай аскердик базанын түзүлүшүнө жол бербестигин билдирген.

Кампучия 1955-ж. БУУга мүчө болуп кирген. 1956-ж. СССР, Чехословакия, Польша менен, кийинчерээк башка социалисттик өлкөлөр менен дипломаттык мамилелерди түзгөн. 1957-ж. Өлкөнүн тышкы саясатынын бейтараптуу багыты конституциялык түрдө бекемделген. Кампучиялык бийликтин мындай багыты бул өлкөнү өзүнүн Индикытайдагы экспансиясынын таяныч базасына айландырууну көздөп жүргөн америкалыктардын таламдарына каршы келген. Ошондуктан АКШ, ошондой эле сайгондук тартип жана Тайланддын реакциячыл чөйрөлөрү Кампучиянын чек араларындагы куралдуу провокацияларын токтоткон эмес жана өлкөнүн ичиндеги оңчул элементтердин оппозициялык иш-аракеттерин жигердүүлүк менен колдошкон.

1970-ж. мартта армиялык төбөлдөргө таянган оңчул күчтөр мамлекеттик төңкөрүш жасашкан. Ошол эле жылы апрелде АКШ Кампучиянын ички иштерине ачыктан-ачык эле кийлигишип, өлкөгө америкалык-сайгондук аскерлерди киргизген. Вашингтондун бул акциясы Түштүк-Чыгыш Азияда коркунучтуу согуш очогун түзгөн. Бирок ошол эле жылы июнда АКШ өз аскерлерин Кампучиядан чыгарып кетүүгө аргасыз болгон. Ошентсе да 1974-ж. 15-августуна чейин америкалык авиация бул өлкөнү топтоштуруп бомбалап турган.

1970-ж. майда Кампучиянын Улуттук бирдиктүү фронту (КУБФ) түзүлгөн. Анын саясий программасында «патриоттордун башкы максаты — улуттук эгемендикти, бейтараптыкты жана аймактык бүтүндүктү сактоо, өлкөнү элге каршы марионеттик тартиптеги бийликтен куткаруу болуп саналат» деп баса белгиленген. Эркиндик жана көз карандысыздык үчүн беш жылга созулган күрөш патриоттук күчтөрдүн жеңиши менен аяктаган. 1975-ж. апрелде Кампучиянын элдик куралдуу күчтөрү өлкөнүн борбор шаары Пномпенди жана башка борборлорду бошотушкан.

Ошентип Кампучия элинин тынчтык жол менен өнүгүүсүнө кенен жол ачылган. А бирок өлкөдөгү күтүүсүз окуялар эл мүдөөсүнө карама-каршы өнүккөн. Пекиндин колдоосуна таянган зордукчул реакциялык чөйрө революциянын жеңиштерине чыккынчылык кылып, кампучия элин болуп көрбөгөндөй кыйноого салган. Алар кытайлык «маданий революциянын» үлгүсү менен чыныгы элдик патриотторду жапырт куугунтукка алган. Эгерде 1970–1975-жж. чейин Кампучияда 600 миң адам курман болгон болсо, ушул төрт жылга жетпеген убакыттын ичинде ачкачылыктан жана ар кандай оору-сыркоолордон 2–3 *млндой* киши кырылган.

Бул кездеги бийликтин социалдык-экономикалык саясаты да орто кылымдардагы варвардык тартипте жүргүзүлгөн. Шаар калкы күч менен айыл жерине көчүрүлгөн. Ал жакта көчүрүлүп барылган шаар калкынан жана жергиликтүү тургундардан кытайлык үлгүдөгү «коммуналар» жана «эмгек армиялары» – концентрациялык лагерлердин жаңыча түрлөрү түзүлгөн. Жеке менчиктер менен кошо өздүк менчиктер да жоюлган. Акча жүгүртүүдөн алынып салынып, соода-сатык натуралай алмашуу жолу менен жүргөн. Окуу жайлары жабылып, кинотеатрлар, теле көрсөтүү иштебей калган. Бүткүл өлкөгө болгону бир барак маалымат баракчасы чыгарылган. Ошентип Кампучия тышкы дүйнөдөн обочолонгон эч жылчыксыз түрмөгө айландырылган.

Кытай үчүн иштеген бийлик ээлери Индикытай элдеринин алакалашуу мамилелерин үзүү максатында боордош вьетнам элине каршы чек ара согуштарын жүргүзүшкөн. Жалгыз эле Вьетнам эмес, коншулаш өлкөлөрдүн баары тең агрессия объекттерине айланышкан. Кытай жетекчилиги өзүнүн Түштүк-Чыгыш Азия элдерине каршы багытталган улуу дөөлөттүк, экспансиялык мүдөөлөрүн ишке ашыруу үчүн Кампучияны ушундайча дүрмөттөгөн. Пномпендик реакциячыл тартиптин элге каршы жүргүзгөн саясаты өлкө жарандарынын нааразылыгын күчөткөн. Натыйжада 1978-ж. декабрда өлкөнүн бошотулган аймактарынын биринде өткөрүлгөн конгрессте *Кампучияны улуттук сактап калуунун бирдиктүү фронту (КУСБФ)* түзүлгөн. 1978-ж. декабрда революциячыл куралдуу күчтөр бүткүл өлкөнүн масштабындагы чоң чабуулду уюштурушкан. Ошентип 1979-ж. 7-январда реакциячыл бийлик кулаган. 11-январда Кампучия Эл Республикасы жарыяланган. Жаңы Кампучиянын өкмөтүнүн иш-милдеттерин өз колуна алган Элдик-революциялык кеңештин манифестинде жеңип чыккан революциянын негизги максаты – тынчтыкты сүйгөн, көз карандысыз, демократиялык, бейтарап, социалисттик жол менен өз алдынча өнүккөн Кампучияны куруу деп жазылган.

**Маданияты.** Кампучияда аңчылардын жана жыйноочулардын чарбалык-маданий тибине кирген элдер азыркы кезге чейин сакталып калган. Маселен, пор жана чон элдери. Порлор XIX к. ортосуна чейин королдук кулдар болушкан. Алар аңчылыктан тапкан-ташыгандарынын жарымын ордого өткөрүүгө милдеттүү болушкан.

Кампучиянын байыркы маданиятынын эң белгилүү жана эң көрүнүктүү эстелиги – Ангкор. Бул Түштүк-Чыгыш Азиядагы башка архитектуралык ансамблдердин ичинен бир кыйла

мыкты өркүндөтүлгөн, бай жасалгалуу ордо сарайлардын жана храмдардын бирдиктүү комплекси. Ангкор архитектуралык ансамблинин Ангкор-Ват тоо-храмы жана Байон храмы өзгөчө керемет курулуштардан.

Байыркы замандан бери эң жогорку чеберчиликте аткарылып келген бий искусствосу Ангкордун ажайып кереметтүү рельефтери менен айкалышып тургандай. Кхмер балети — ошол байыркы бий искусствосунун чырайлуулукту, көркөмдүктү жана чен-өлчөмдүктү чебер айкалыштырган ырааттуу уландысы.

Кампучиянын борбору Пномпень шаары XIV к. негизделген. Шаардын аталышы «Пень дөңсөөсү» дегенди билдирет. Пень — уламышка караганда, бул дөңсөөгө эң алгач байырлаган жана пагоданы курган аялдын ысмы.

**Тайланд королдугу** Индикытай жарым аралынын чордонунда жана Малакка жарым аралынын түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Түндүк-чыгышынан жана чыгышынан Лаос, түштүк-чыгышынан Кампучия, чыгышынан Малайзия, батышынан жана түндүк-батышынан Бирма менен чектешет. Өлкөнүн түштүк-батыш жээктерин Андаман деңизи, түштүк жээктерин Сиам булуңу чулгап жатат. Тайланддын аймагына көп сандаган аралдар кирет, алардын ичинен эң ирилери — Сиам булуңундагы Самуй, Пханган, Чан аралдары жана Андаман деңизиндеги Пхукет (Саланг), Торутао, Ланта, Пратонг аралдары.

Тайланд — көп улуттуу мамлекет. Мында 30дан ашуун улут жашайт. Эң көп сандагы эл — тай (сиам) калкы. Бул өлкөнүн расмий аталышы бир нече жолу өзгөртүлгөн. Орто кылымдардан тартып 1939-ж. чейин Сиам деп аталган. «Сиам» деген сөз санскриттен (сайэм) которгондо «кара терилүү» дегенди билдирет. Тайланд калкы алардын мекени бүткүл тарыхында эч качан чет жерликтердин үстөмдүгүндө болбогондугун баса белгилеп, өз өлкөсүн Мыангтай («Эркин элдердин өлкөсү») деп аташкан. 1939-ж. тартып бул өлкө Тайланд — «Тай өлкөсү» деп аталат. Борбору — Бангкок шаары. Мамлекеттик түзүлүшү — конституциялык монархия. Мамлекет башчысы — король. Мыйзам чыгаруу органы — Улуттук ассамблея (парламент). Аткаруу бийлиги Министрлер кеңешине таандык. Тайланддын негизги административдик-аймактык бирдиги чангват (провинция) болуп саналат.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XIX к. ортосунан тартып Индикытай жарым аралында батыш дөөлөттөрүнүн колониялык экспансиясынын мезгили башталган. Англия, Франция жана АКШ тарабынан таңууланган тең укуксуз келишимдердин натыйжасында Тайланд XX к. 30-жж. чейин формал-

дуу түрдө көз карандысыз мамлекет статусуна ээ болгону менен, иш жүзүндө жарым колониялык абалда болгон. Тайланд 1932-ж. чейин феодалдык монархия болгон. XIX к. ортосунда королдун кол астындагыларга өлүм жазасы аркылуу королдук процессияга байкоо жүргүзүүгө, королго колун тийгизүүгө тыюу салынган, алар король турган жерде үстөмөнүнөн жыгыла чөгөлөп жүгүнүп турууга милдеттүү болушкан. Король эң жогорку жер ээси болгон. Тай коомундагы адамдын абалы королго кызмат кылгандыгына жараша аныкталган ранг боюнча алган жер үлүшүнүн өлчөмүнө жараша болгон. Коомдук тепкичтин төмөнкү баскычын королдун жана феодалдардын пайдасына милдеткердиктерди төлөп турушкан дыйкандар менен кулдар ээлеген. Кулдар согуш туткундары жана карызынан кутулуш үчүн өзүн саткан дыйкандар болгон. Өлкөнү бир ууч ак сөөктөр башкарган. Алардын жарымынын бийлиги мурасталган, жарымы дайындалган.

XIX к. ортосунан тартып Рам Vнин (Чулалонгкорн) тушунда мамлекеттик аппаратты кайра куруу башталган. Кулчулук жоюлган, мамлекеттик башкаруу, сот жана армия кайрадан уюштурулган. Агартуу тармагы реформаланган. Кылымдардан бери буддалык храмдарда диний тексттерди жаттоо менен чектелген агартуу системасына мамлекеттик мектептерде жарандык окутуу киргизилип, аларды окутуш үчүн англиялык мугалимдер чакыртылган. Тай ак сөөктөрүнүн өкүлдөрү билим алуу үчүн Европага жөнөтүлгөн. XIX к. 80–90-жж. орус мамлекети менен да байланыштар түзүлө баштаган.

Тайланддын азыркы чек арасы XIX–XX кк. чегинде калыптанган. Лаосто жарым колониялык тартип орнотулгандан кийин, 1893-ж. Сиам менен Франциянын ортосунда келишим түзүлгөн. Ал келишим боюнча Тайланд Меконгдун оң жээгиндеги аймактардагы лаостук хандыктарга вассалдык ээлик кылуудан баш тартып, анын ордуна өз аймагынын бүтүндүгүн сактап калган. Тайланддык-лаостук чек ара 1902–1907-жж. такталып чектелген (демаркацияланган). 1907-ж. Кампучия жана Малайзия менен чектешкен чек аралар такталган.

1932-ж. мамлекеттик төнкөрүштүн натыйжасында Тайланд конституциялык монархия болуп калган.

Экинчи дүйнөлүк согушта Тайланд Япония тарабында болгону менен, иш жүзүндө япондор аны басып алышкан. Тайланд Япониянын макулдугу менен Лаостун, Кампучиянын, Малайзиянын бир катар провинцияларын басып алат, бирок согуш бүткөндөн кийин ал аймактарды кайтарып берген. Согуш

мезгилинде тайланддыктар *«Эркин тай»* жашыруун уюмунун жетекчилиги менен япондук баскынчыларга каршы боштондук күрөшкө чыгышкан.

Согуштун акыркы жылдарында АКШнын таасири күч алып, Тайланд Кореяга каршы согушка катышкан, 1954-ж. СЕАТО блогуна кирген. 1960-жж. Тайланддын аймагына АКШнын аскердик базалары курулуп, аскерлери жайгаштырылган. Ошондуктан АКШнын авиациясы Вьетнамды, Лаосту жана Кампучияны тайланддык аймактан учуп чыгып бомбалап турган. Тайланд Вьетнам менен Лаоско каршы агрессияга өз аскерлерин жиберген. Натыйжада өлкөдө аскердик-полицейлик диктатуранын тартибине каршы нааразылык күчөгөн. Эл массасынын нааразылыгынан улам чыккан көтөрүлүш 1973-ж. октябрда Тайландда дээрлик 40 жылдан бери өлкөнү башкарып турган кезектеги аскердик хунтаны кулаткан.

Ошентип Тайланд өнүгүүнүн жана көз карандысыздыгын чыңдоонун жаңы этабына өткөн. Өлкөдөгү АКШнын базалары жоюлган, америкалык аскерлер чыгарылган. Тышкы саясатында бир тараптуу АКШга багыт алуудан баш тартып, социалисттик өлкөлөр менен байланыштарын кеңейте жана коңшулаш мамлекеттер менен мамилелерин жөнгө сала баштаган. Тайландда демократиялык маанайдагы маанилүү окуялар болгон. 1974-ж. жаңы конституция (тогузунчу) кабыл алынып, саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдар кабыл алынган. Улуттук ассамблеяга шайлоолор өткөрүлүп, ага ири саясий күчкө айланган солчул күчтөрдүн жана студенттердин өкүлдөрү тарыхта биринчи жолу ачык катышкан. Тайланд өкмөтү өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалды стабилдештирүүгө багытталган иш-чараларды жүргүзгөн.

Бирок өкмөттүн ички жана тышкы саясаттагы иш-аракеттери оңчул күчтөрдүн жана реакциячыл аскердик чөйрөлөрдүн катуу каршылыктарына тушуккан. Диктатура кулатылгандан кийин алардын таасири бошондоп калса да, алар Тайланддын саясий турмушунда мурдагыдай эле маанилүү орунду ээлешкен. Анын үстүнө, ашынган оңчул күчтөрдүн кысымы астында өлкөдө аскердик хунта тарабынан кабыл алынып, солчул жана демократиялык күчтөргө каршы колдонулган антикоммунисттик мыйзам жоюла элек болчу. Ушунун баары өлкөдө саясий туруксуздукту түзүп, аскердик диктатуранын проамерикалык тартибин калыбына келтирүүгө өбөлгө болгон. Өкмөт ички жана тышкы реакциянын кысымына туруштук берүүгө жөндөмсүз эле. 1976-ж. 6-октябрда аскердик төңкөрүш болуп,

согуштук абал киргизилген. Конституциянын иши токтотулуп, шайланма парламент таратылган, жарандык соттордун иштерин аскердик трибуналга өткөрүлүп берилген. Басма сөз катуу көзөмөлгө алынган. Бийликке келген аскердик хунтанын саясаты демократиялык эркиндиктерди чектөөгө багытталган. Өлкөдөгү саясий абал жана коңшу өлкөлөр, өзгөчө Лаос менен болгон мамилелер начарлаган.

1977-ж. октябрда Тайландда кансыз төңкөрүш болуп, бийлик толугу менен жарандык өкмөттүн колуна өткөн. Жаңы өкмөт өлкөдөгү саясий абалды акырындык менен демократиялаштырууга багыт алган. Тайланддын тышкы саясатында да олуттуу оң өзгөрүүлөр болуп, Индикытай өлкөлөрү, биринчи кезекте Вьетнам менен мамилелерин ондоого киришкен жана башка социалисттик өлкөлөр менен ымалалашуу чараларын көрө баштаган.

**Маданияты.** Тайландда бакубат жашоону камсыз кылуунун эң маанилүү шарты, башка коңшулаш өлкөлөрдөй эле, күрүч өндүрүү болгондуктан, тайлардын негизги тамак-ашы да күрүч болуп саналат. Борбордук жана Түштүк аймактарында ак күрүч, Түндүк жана Түндүк-Чыгыш аймактарында илээшкек кызгылтым күрүч колдонулат.

Тайланддыктардын күндөлүк турмушундагы коомдук мамилелерде сансыз кылымдар бою калыптанган иерархия катуу сакталат. Тай коомунда, өзгөчө айыл жеринде, нарк-дөөлөттү сактоо өтө маанилүү. Адамдын өзүнүн иерархиялык баскычынын ичиндеги абалына анын диний ишеними, кызмат абалы, жаш курагы таасир этет; нарк-дөөлөт жагынан алып караганда, байлык анчалык деле барк-бааны түзбөйт. Үй-бүлөлүк мамиледеги сый-урмат жаш курагына жараша катуу сакталат, т. а. кичүүсү улуусуна кынк этпестен баш иет.

Буддалык диний адеп боюнча жашоо-тиричиликте эркектерге караганда аялдар басыңкы роль ойношот. Эгерде эркек монастырга барып сыйынып жүрсө, бүткүл үй-бүлө үчүн сыймык, ал эми аял сыйына турган болсо, анда ал анын өзү үчүн гана жакшы, башкаларга эч кандай тиешеси жок. А бирок калган жашоо-тиричиликте (мурастоодо, ажырашууда) аялдар эркектердей эле укуктарга ээ.

Тай маданияты адегенде мондор менен кхмерлердин маданиятынын таасири астында өнүгүп, ал аркылуу буддизмдин түштүк бутагынын — хинаяну, же тхераваду — көптөгөн элементтерин кабыл алган. Тайлардын салттуу искусствосу буддизм менен тыгыз байланыштуу. Тай буддачылары тхеравадунун эки

сектасына — маханикай жана дхамутхитникай секталарына кирет. Буддалык сангха уюмун патриарх жетектейт жана Сангхалардын жогорку кенеши башкарат. Ал кеңеш администрациялык иштерди жана диний билим берүү тармагын тейлейт. Тайландда буддалык университеттер жана диний колледждер иштейт. 60-жж. аягында өлкөдө 21 минден ашуун буддалык храмдар болгон. Королдук храм-монастырлар (100дөн ашуун) ажайып көркөмдүүлүгү менен айырмаланып турат. Буддалык храмдар диний жана коомдук турмуштун очогу, маалымат борбору болуп саналат. Храм дубалдарынын боору «Рамакиен» поэмасы жана *жатакалар* — Будда жөнүндө ангемелер боюнча сүрөттөр менен кооздолгон; ошондой эле мифологиялык, астрономиялык, медициналык, тарыхый, географиялык темалардагы сюжеттер да бар; ал тургай, батыш турмушунан алынган «экзотикалык» көрүнүштөр, европалык пейзаждар кездешет.

XIX к. чейин Сиамдагы адабий чыгармалар кол жазма түрүндө гана болгон: алар пальма жалбырактарына (бир жалбыракка узатасынан 4–5 сап баткан) же гармошка кылып бүктөлгөн калың кагазга жазылган. Пальма жалбырактарындагы кол жазмалар — Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү китептин эң байыркы түрү. Тайланддагы буддалык храмдарда миңдеген пальма китептери сакталып турат. Алардын айрымдарында миниатюралык сүрөттөр тартылган. XIX к. аягында пальма жалбырактарына уч жана сыя менен жаза баштаткан. 1828-ж. алгачкы басмакана түзүлгөн. Классикалык тай адабиятына жатакалардан тышкары «*Рамакиен*», «*Инао*», «*Пра Апхай Мани*», «*Кунчанг Кунпэн*» поэмалары жана тай тилине которулган кытай романы «*Үч падышалык*» кирет.

Тайландда театрдын бир нече түрү бар. Кон — маскачан эркектердин *понтамимо* театры. Лакон — маскасыз, гримделген актёрлордун театры. Тай театрларында бийге өзгөчө роль таандык. Азыркы кездеги эң кеңири таралган театр жанры ликей болуп саналат. Анын репертуарына негизинен тарыхый темадагы драмалар жана комедиялар кирет. Тай музыкасы, индикытайлык башка элдердикиндей эле, европалык музыкадан таптакыр айырмаланып турат. Тай гаммасы — беш баскычтуу (пентатоникалык).

1921-ж. жалпы башталгыч билим берүү жөнүндө мыйзам кабыл алынган. 70-жж. аягында 7 класстык көлөмдөгү милдеттүү окутуу киргизилген, бирок өлкөдө мектептер жана мугалимдер жетишкен эмес. Өлкөдө бир нече университеттер, политехникалык институт бар. Тайланддык студенттер АКШда, Англияда

ж. б. өлкөлөрдө окушат. Тай интеллигенциясы өз элинин маданий мурастарын сактап калууга умтулууда. Алардын күч-аракеттери менен бир нече тарыхый-этнографиялык музейлер уюштурулган. Көптөгөн архитектуралык курулуштар, айкелдер жана живопистик чыгармалар реставрацияланууда.

**Экономикалык жактан өнүгүү өзгөчөлүктөрү** боюнча Тайланд төрт аймакка бөлүнөт: Борбордук, Түндүк, Түндүк-Чыгыш жана Түштүк.

**Бирма** Индикытай жарым аралынын батыш бөлүгүн жана жээкке жакын бир катар аралдарды камтыйт. Борбору — Рангун шаары. Бирма батышынан Бангладеш, чыгышынан Лаос жана Тайланд менен чектешет. Түштүгүнөн жана түштүк-батышынан Андаман деңизинин жана Бенгал булуңунун суулары чулгап жатат. Бирма негизинен бирма эли жашаган жети административлык округдан (Тенассерим, Пегу, Рангун, Иравади, Магуэ, Мандалай, Сагайнг) жана жети улуттук облустан (Качин, Шан, Каренни, Кая, Чин, Мон, Аракан) турат.

Бирманын жогорку мыйзам чыгаруу органы — Элдик жыйын (Пьитту Хлутто). Элдик жыйын Мамлекеттик кеңешти шайлайт. Аткаруу бийлиги — Министрлер кеңеши. Ал Мамлекеттик кеңештин сунушу боюнча Элдик жыйын тарабынан шайланат.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Европалык колониялык экспансиянын алгачкы мезгилинде деңиз соода-сатык жолдорунан окчун жайгашкан жана башка өлкөлөрдөй болуп ар түркүн татымалдары болбогон Бирма португалдар менен голланддарды көп деле кызыктырган эмес. XVIII к. бирмалык порттор кеме ондоочу жана тыныгуучу база катары мааниге ээ боло баштаган. Ошол кезде гана европалыктар ага көңүл бурушуп, орун-очок алууга аракеттене башташат. Анын үстүнө Бирманын тиктери кеме курууда зарыл материал болчу. XIX к. Бирманын көз карандысыздыгына реалдуу коркунуч туулган. Анткени ошол мезгилде Англиянын Индиядагы колониялык ээликтеринин чеги бирмалык чек арага жакындап калган жана европалык дөөлөттөрдүн азиялык рынок үчүн таймашуусу күчөгөн.

*Биринчи англ-бирма согушунда* (1824–1825-жж.) Бирма түштүктөгү Танинтайн (Тенассерим) жана Ракхайн провинцияларынан жана түндүктөгү бир катар аймактарынан ажырап калган. Бирок англдар ушуну менен эле тынчып калышпастан, 1852-ж. *экинчи англ-бирма согушун* башташкан. Натыйжада Бирма өзүнүн түштүктөгү провинцияларынын баарынан кол жууп, деңизден бөлүнүп калган. XIX к. экинчи жарымында

Бирманын падышасы Миндондун бир катар реформаларынан жана Англияга каршы күрөшүү үчүн европалык жана азиялык дөөлөттөр менен келишим түзүүгө жасаган аракеттеринен эч майнап чыккан эмес. 1885-ж. *Үчүнчү англ-бирма согушунун* жыйынтыгында Бирма көз карандысыздыгынан ажыраган жана Британиялык Индиянын курамындагы провинция болуп калган. 90-жж. ортосуна чейин англиялыктар бирмалыктардын партизандык кыймылдарын баса албай убара тартышкан.

Британиялык империяда Бирма чийки заттар, биринчи кезекте күрүч, тик, нефти жана башка кендер менен жабдып туруучунун ролун аткарган. XIX к. аягында Бирмада капитализм өнүгө баштаган. Өлкөнүн чарбалык турмушунда анын социалдык жана экономикалык жактан өнүгүүсү жөнүндө ойлоп да койбогон чет өлкөлүктөр — англиялык, индиялык жана кытайлык билермандар башкы ролду ойношкон.

XX к. башында Бирмада улуттук-боштондук кыймылы жандана баштаган. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Россиядагы Октябрь революциясынын таасири астында бул кыймыл ого бетер жогорулаган. 20-жж. аягындагы дүйнөлүк кризис учурунда бирмалык дыйкандардын абалы өтө начарлап кеткендиктен, 1930-ж. Сая Сандын жол башчылыгы менен дыйкандар көтөрүлүшү чыгып, ал 1932-ж. ырайымсыздык менен басылган. 30-жж. ортосунан тартып улуттук-боштондук кыймылдарга демократиялык күчтөр — Добама Асиайон («Биздин Бирма» ассоциациясы же такиндер партиясы) жетекчилик кыла баштаган («такин» – «мырза» дегенди билдирет). 1936-ж. университеттик байкот жарыяланып, Бирманын улуттук баатыры **Аун Сан** жетектеген *Бүткүл бирмалык студенттер лигасы* түзүлгөн. Нефти промыселдеринде ири иш таштоолор болуп, профсоюздар түзүлө баштаган. 1939-ж. Бирманын Коммунисттик партиясы түзүлгөн. Уламдан-улам күч алып бараткан улуттук-боштондук кыймылынын кысымы астында Улуу Британия Бирмага айрым жеңилдиктерди берүүгө мажбур болгон. 1935-ж. кабыл алынган конституция боюнча Бирмада колониялык парламент түзүлгөн, 1937-ж. ал Индиядан бөлүнгөн.


А. Сан.

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде бирмалык улуттук-боштондук кыймылында карама-каршылыктар боло баштаган. Улуу Британиянын душманы катарында

Япония менен союздаш болууну жактагандар пайда болгон. Алар тажрыйбасыздык кылып, эгерде согушта Япония жеңип чыкса, Бирмага көз карандысыздык алып берет деп ишенишкен. Аун Сан баштаган бирмалык патриоттор тобу согуштун башында Япониядан аскердик даярдыктан өтүп келишкен. 1942-ж. бир нече жума бою англиялык аскерлерди талкалап, өлкөнү оккупациялаган япондук армиянын курамында бирмалыктар да бар болчу. 1943-ж. Бирма көз карандысыз республика делип жарыяланганы менен, иш жүзүндө эч кандай укуксуз, ырайымсыздык менен эксплуатацияланган япон колониясына айланган. Оккупация жылдарында мурда япондорго ишенип, алар менен кызматташып келген патриоттордун бир тобу жана подпольеде жүргөн коммунисттер биригип, башында Аун Сан турган *Эл эркиндигинин антифашисттик лигасын (ЭЭАЛ)* түзүшкөн. 1945-ж. 27-мартта англиялык аскерлер чабуул коюп жаткан кезде Аун Сан жана Не Вин баштаган бирмалык армия жана ЭЭАЛ отряддары япондорго каршы көтөрүлүш чыгарышып, аларды Бирмадан кууп чыгышкан.

Бирмага кайтып келишкен англдар өлкөдөгү абалдын өзгөрүлүп калганын жана ЭЭАЛдын таасиринин күчтүүлүгүн эске албастан, кайрадан согушка чейинки колониялык саясатын уланта беришкен. 1946-ж. сентябрда бүткүл өлкө боюнча уюшулган жалпы элдик иш таштоонун көтөрүлүшкө айланып кетишинен кооптонгон англдар Лига менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аргасыз болгон. 1947-ж. январда Лондондо Бирмада Уюштуруу жыйынына жана бирмалыктардын өз алдынча өнүгүүгө укуктуулугу жөнүндө шайлоолорду өткөрүү тууралуу келишим түзүлгөн. Ошол эле жылы апрелде өткөрүлгөн шайлоолордо ЭЭАЛ баарынан көп добушка ээ болгон. 1947-ж. февралда Панлондогу конференцияда улуттук республикалардан турган Бирмалык Союзду түзүү жөнүндө чечим чыгарылган. Реакциячыл күчтөрдүн тоскоолдуктарына, ошол жылы июль айында Аун Санды жана анын кабинетинин министрлерин өлтүрүп кетишкенине карабастан, 1948-ж. 4-январда Бирманын улуттук көз карандысыздыгы жарыяланган.

Согуштан жана чет өлкөлүктөрдүн баскынчылык саясатынан улам бүлүнгөн экономиканын ансыз да оор абалы саясий жиктешүүлөрдүн натыйжасында ого бетер кыйындаган. Натыйжада 1948-ж. мартта жарандык согуш башталган. ЭЭАЛ өкмөтүнө коммунисттер жана солчул уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле сепаратисттер каршы чыгышкан. У Ну башкарган ЭЭАЛ өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдүн ыркы жоктугунан жана

чечкинсиздигинен пайдаланып, шаарларга жана негизги чарбалык аймактарга көзөмөлдүк кылууну сактап калган. 1950-ж. кийин согуш аракеттери токтогон. Өлкө андан ары карама-каршылыктуу өнүгө баштаган: расмий социалисттик ураандарга карабастан, капиталисттик жол менен өнүккөн; ЭЭАЛ өкмөтүнүн жер реформасын өткөрүү жөнүндө убадасын ишке ашыруу кечеңдеген; өнөр жайы өтө жайбаракаттык менен өнүккөн; ар кайсы партиялардын жана топтордун күрөшү өлкөнүн биримдигин ыдыраткан.

Курч саясий кризистин шартында 1962-ж. 2-мартта бийликке генерал Не Вин жетектеген Революциялык кеңеш баштарган армия келген. 30-апрелде социалисттик өнүгүү жолуна багыт алган. *«Социализмди карай бирмалык жол»* саясий декларациясы жарыяланган. Кийинки жылдары банктар, нефти өнөр жайы, дүң соода-сатыгы жана башкалар мамлекеттештирилген. Сүткорлорго жана помещиктерге каршы мыйзамдар кабыл алынган, жумушчу жана дыйкандар кеңештери түзүлгөн. 1974-ж. башында өткөрүлгөн референдумдун натыйжасында Бирма элинин капиталисттик эмес өнүгүү жолундагы ийгиликтерин бекемдеген жаңы конституция кабыл алынган.

Бирма тышкы саясатында бейтараптык жана кошулбоо саясатын жүргүзүп, бардык өлкөлөр менен бирдей жакшы мамиледе болууга умтулат.

**Маданияты.** Бирмада эки негизги чарбалык-маданий тип — соко менен айдап жер иштетүү жана кетмендеп, жумшартып жер иштетүү басымдуулук кылат. Биринчи типке бирма эли жана шан, карен деген майда этностор, экинчисине калган этностордун баары кирет.

Бирмада айыл чарба жумуштарына байланыштуу майрамдар шаңдуу белгиленет (кош айдоо, түшүм жыйноо). «Тхинжан» — суу майрамы бирмалык Жаңы жыл менен дал келет. «Тхадинжут» — от майрамында храмдардын тепкичтерине шамдарды тизип коюшат жана дарыя-деңиздерге шам жагылган кооз кайыкчаларды коё беришет.

Бирмалыктарда мурда денени кулагынын учунан балтырына чейин татуировка менен кооздоо адаты сөзсүз түрдө сакталчу: бирма жана шан элдериники — эки түстүү (көк жана кызыл), мондордуку — бир түстүү (кочкул көк). Адам кайсы уруудан же элден экени ошол татуировкасы боюнча билинчү.

Бирмалыктардын көркөм табити жана чебер устачылыгы колдонмо искусствосунда терең чагылдырылган. Салттуу «пан» кол өнөрчүлүгүнүн 12 түрү бар. Алардын ичинен бир кыйла ка-

дырлуулары: «пан пу» — жыгачтагы, пилдин сөөгүндөгү, алебастрдагы жана таштагы оюулар; «пан тан» — коло буюмдарын жасоо (конгуроо, барабан, гонга ж.б. буюм-тайымдар); «пан тхим» — алтын буюмдарды, лак жана керамика буюмдары менен идиш-аяктарды жасоо; «пан та мо» — асыл таштардан кооздук буюмдарын жасоо. Мында рубин жана нефрит жогору бааланат. Храмдарды жана монастырларды курууда кол өнөрчүлүк чеберчилиги өзгөчө даана көрүнөт. Ага Бирманын байыркы борбору Паган күбө. Бул кеңири аймакты ээлеген өлүк шаар азыр дагы зор фантастикалуу кызыгууну туудурат. Пагандын белгилүү курулушу — Ананды храмы — орто кылымдарда гүлдөп өнүккөн Бирманын ажайып көркөм үлгүсү.

XX к. 70-жж. чейин бирмалыктардын бүткүл турмушу жана коомдук жашоо ыңгайы дин менен тыгыз байланышта болгон. 1974-ж. конституция боюнча адамдын диний ишенимине эркиндик берилгенден кийинки жылдарда *секуляризация* (диндин мамлекеттен бөлүнүшү) *процесси* жүрүүдө. Диний мекемелер мамлекеттен бөлүнгөндөн кийин расмий статусту мамлекеттик мекемелер гана сактап калгандыктан, монастырдык мектептердин таасири бошондоп кетти.

Көз карандысыздык жарыялангандан кийин өкмөт акысыз жалпы башталгыч билим берүүнү киргизген. Билим берүүнүн жаңыча системасы түзүлгөн. Окуучуларга идеологиялык таалим-тарбия берүүгө жана улуттук техникалык кадрларды даярдап чыгарууга өзгөчө көңүл бурулууда. Окуу программаларын бир түргө келтирүү (унификациялоо) — билим берүүдөгү мүнөздүү өзгөчөлүк. Ал тургай, монастырдык мектептер да мамлекеттик программаларга ылайык окутууга милдеттүү.

Бирма элинин фольклору өтө бай жана көп кырдуу. Элдик фольклордук чыгармаларда, элдин патриоттук руху берилген жомоктордо Буддага берилгендик бар. Диний эмес адабият колониячыларга каршы жарандык кыймылдын, улуттук биримдик сезиминин жогорулашынын натыйжасында XIX к. өнүгө баштаган. Заманбап адабиятта өлкөнүн ички жана тышкы саясий турмушунун татаалдыгын чагылдырган идеологиялык күрөш жүрүүдө. Анын башкы темасы – патриотизм, тынчтык үчүн, жаңы коомду куруу үчүн күрөш.

**Суроолор:**

1. Вьетнам, Лаос, Кампучия, Тайланд жана Бирма мамлекеттерин картадан көрсөтүп бергиле.
2. Булардын көз карандысыздыкты жеңип алууда кандай окшоштуктары бар?
3. Бул өлкөлөрдүн маданий-тарыхый өнүгүүсүндө диндин ролу кандай болгон?

4. Бул өлкөлөрдүн ичинен кайсылары социалисттик өнүгүү жолун тандап алышкан? Эмне үчүн?
5. Бирма союзу кандайча түзүлгөн? Аун Сан деген ким болгон?

## § 19. Малайзия. Сингапур. Бруней

**Малайзия Федерациясы** 1963-ж. сентябрда түзүлгөн. Борбору – Куала-Лумпур шаары. Анын курамына 1957-ж. саясий көз карандысыздыкка ээ болгон Малайя Федерациясы, Саравак жана Сабах кирет (1965-ж. чейин Сингапур да кирген). Булардын баары тең мурда Улуу Британиянын колониялары болгон. Малайзия Түштүк-Кытай деңизи аркылуу бири-биринен окчунураак жайгашкан чыгыш жана батыш бөлүктөрдөн турат. Батыш Малайзия — Малакка жарым аралынын түштүк бөлүгү; аны Малайя деп атоо кабыл алынган. Чыгыш Малайзия (Саравак жана Сабах) Калимантан аралынын түндүк жээктерин бойлото узун тилке түрүндө жайгашкан. Малайзиянын Калимантан аралындагы кургактык чек аралары Индонезия жана Бруней өлкөлөрү менен, ал эми Малакка жарым аралында Тайланд менен чектешет, Сингапурдан Жохор кысыгы бөлүп турат.

Малайзиянын мамлекеттик түзүлүшү өзүнчө бир уникалдуу түзүлүш. Бул федерациялык конституциялык шайланма монархия. Федерацияда 13 штат бар. Анын 9 штатын мураскер башкаруучулар – султандар башкарат, калган 4 штатын (Пинаг, Малакка, Саравак, Сарбах) губернаторлор башкарат. Жогорку өкүмдарды султандар шайлайт, губернаторлордун андай укуктары жок. Жогорку мыйзам чыгаруу органы – эки палаталуу парламент (өкүлдөр палатасы, сенат). Аткаруу бийлиги премьер-министр башкарган федерациялык өкмөткө таандык.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** 1641-ж. азыркы Малайзиянын аймагы голландиялык колониячылардын колуна өткөн. Ага чейин ал 130 жылдан ашуун убакыт Португалиянын колониясы болгон. Ошол эле учурда Малаккага англдар да көз артышкан. Эки өлкөнүн ортосундагы талаш-тартыш 1825-ж. Түштүк-Чыгыш Азиядагы таасир этүү чөйрөлөрүн бөлүшүп алышкандан кийин тынчыган. Ал боюнча Индонезия жана Суматрадагы Бенкулу Голландияга өткөн. Англия Малакка жарым аралынын бир бөлүгүн, Сингапурду жана Пинанг аралын бириктирип, Стрейтс-Сеттльментс колониясын түзүп алган. Малакка жарым аралынын калган бөлүгү мурдагыдай эле малайлык султандардын номиналдуу башкаруусунда болуп калган. Британиялык колониячылар аларга тең укуксуз келишимдерди таңуулап, кынк эткис вассалдарына айландырып алышкан.

Түндүк Калимантанда колониялык мезгилге чейин курамына Саравак жана Сабах кирген феодалдык Бруней султандыгы өкүм сүргөн. Бул аймакка англдар XIX к. ортосунда басып киришкен. Ал эми кылымдын аягында Улуу Британия Түштүк-Чыгыш Азиянын бул аймагында өзүнүн экинчи дүйнөлүк согушка чейин өкүм сүргөн үстөмдүгүн биротоло орноткон.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Түштүк-Чыгыш Азиядагы башка өлкөлөрдөй эле британиялык колониялар япон аскерлери тарабынан оккупацияланган. Япония талкалангандан кийин англиялыктар мурдагы колониялык администрациясын калыбына келтирүүгө ашыгышкан. 1946-ж. Малакка жарым аралындагы британиялык колониялардын баары Малайя союзу деп аталган бир колонияга бириктирилген. Ал 1948-ж. Малайя Федерациясы деп өзгөртүлгөн (Сингапур өзүнчө колония болуп калган).

Бирок Малайянын жана Түндүк Калимантандын япон басынчыларына каршы каармандык менен күрөшкөн эли алар куулгандан кийин англиялык колониялык үстөмдүктүн орнотулушун каалашкан эмес. 1848-ж. аягынан тартып Малайяда партизандык согуш башталган. Элдик-боштондук кыймылдын кеңири кулач жайышынан коркуп кеткен британиялык колониячылар малайлык феодалдык чөйрөлөр, жергиликтүү кытайлык жана индиялык буржуазия менен макулдашып, өлкөгө көз карандысыздыкты жогортодон бермек болушат. Макулдашуунун натыйжасында 1957-ж. Малайя Федерациясы Улуттардын британиялык шериктештигине кирген көз карандысыз мамлекет болуп калган.

Колониялык ээликтер бойдон калган Саравак, Сабах жана Сингапур калкынын боштондук күрөшү басылбагандыктан, англиялыктар аларга да эркиндик берүүгө аргасыз болушкан. Ошентип 1963-ж. Саравак, Сабах, Сингапур жана Малайя биригип, жаңы мамлекеттин чегиндеги Малайзия Федерациясы түзүлгөн. Ички карама-каршылыктардан улам 1965-ж. Сингапур бул Федерациядан чыгып кеткен. Британиялык шериктештиктин курамында калып жана алдыңкы капиталисттик өлкөлөр менен тыгыз алакада болуу менен, Малайзия эл аралык мамилелерин, атап айтканда, башка өлкөлөр менен да соода-экономикалык жана маданий байланыштарды кеңейтүүгө умтулууда.

**Маданияты.** Малайзия Федерациясынын этностук картасы төмөнкүдөй: Малакка жарым аралынын өздөштүрүлгөн аймактарында жана Саравак менен Сабахтын жээктеринде малайя-

лар, шаарларда, Малакка жарым аралынын батыш жээгиндеги штаттарда жана Пинангда кытайлар жашашат. Тамилдер ж. б. түштүк азиялык уруулар плантациялуу аймактарды байырлашат. Өлкөнүн индустриялаштырылуу процессине жана өнөр жай борборлорунун пайда болушуна байланыштуу Малайзия Түштүк-Чыгыш Азиядагы Сингапурдан кийинки урбанизацияланган мамлекет болгондуктан, калкынын 40%дан кем эмес бөлүгү шаарларда жашашат.

Малайзиянын этностору өзүнүн улуттук маданиятын сактап калган. Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин улуттук маданиятты жана мамлекеттик тил болуп саналган малайя тилин өнүктүрүү жаатында көп иштер иштелди. Илимий-изилдөө, китеп басып чыгаруу иштеринин очогу болгон, өзүнүн чоң китепканасы бар Куала-Лампур шаарындагы Тил жана адабият институту бул багытта жигердүүлүк менен иш жүргүзүүдө. Институтта малайя тилиндеги окуулук, илимий жана көркөм адабияттар чыгарылат. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү саясаты башка тилдерге эч кандай кысым көрсөтпөйт. Өлкөдө малайя, кытай, тамил жана англис тилиндеги мектептер бар. Гезит-журналдар да ушул төрт тилде чыгарылат.

Экономикалык жактан өнүгүү өзгөчөлүктөрү боюнча Малайзия Батыш жана Чыгыш аймактарга бөлүнөт. Алардын жаратылыш шарттарында көптөгөн окшоштуктар болгону менен, чарбалык жана маданий-тарыхый өнүгүүсүндө бир топ айырмачылыктар бар.

**Сингапур Республикасы** — Түштүк-Чыгыш Азиядагы эң кичинекей, ээлеген аянты 0,6 миң *км²* түзгөн шаар-мамлекет. Сингапур аралы Инди жана Тынч океандарын кошуп турган Малакка кысыгынын түштүк тарабында жайгашкан. Анын коңшулары — түндүктөгү Малайзия жана түштүктөгү Индонезия. Дүйнөнүн саясий картасында Сингапур мамлекети 1965-ж. пайда болгон. Мамлекеттик түзүлүшү — буржуазиялык парламенттик республика. Мыйзам чыгаруу бийлиги — бир палаталуу парламент.

Сингапурда Европадан Ыраакы Чыгышка, Япония, Кытай, Филиппинден Австралияга кеткен деңиз жолдору кесилишет. Сингапурдун тогуз жолдун тоомунан орун алган географиялык абалы XIX к. эле аны Азиядагы белгилүү деңиз порту жана соода-сатык борбору катары бүткүл дүйнөгө таанылткан. Бүгүн Сингапур порту – дүйнөдөгү эң ири порттордун бири: жүк айлантуусу жана техникалык жактан жабдылышы боюнча Роттердамдан, Нью-Йорктон жана Йокогамадан кийинки төртүн-

чү орунда турат. Ошондой эле Сингапур аркылуу эң маанилүү трансконтиненттик авиа жолдору да өтөт.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XIX к. башында Сингапурдун ордунда малайя жана кытай конуштары болгон. Аралды чулгап жаткан деңиз жана кысык өтө тынчы жок аймак болчу. Ошондуктан: «Жөнөкөй адамдарды тим эле коёлу, деңиз каракчыларынын чапкындарынан улам, Сингапурдун айлана-тегерегинде жин-шайтандар да сүзүп жүрүүдөн сестенишет», – деп жазган малайялык хроникачы.

Ошол кездеги Түштүк-Чыгыш Азиядагы англиялык колониялык саясатты жүргүзүүчүлөрдүн бири, Яванын губернатору сэр Стамфорд Раффлз бул аралдын мындай коркунучтуу абалынан тайсалдап коркпостон, уруулук чыр-чатактардан пайдаланып, 1819-ж. Сингапурдун өкүмдары менен аралды англдарга берүү жөнүндө макулдашууга кол койгон. Ошентип Сингапур жүз жылдан ашуун мезгил бою Улуу Британиянын Түштүк-Чыгыш Азиядагы башкы базасы болгон. Сингапур «Британиялык таажынын Чыгыштагы сыймыгы» деп аталган.

1943-ж. Сингапурду Япония басып алган. 1945-ж. Англия кайтарып алган. Бирок согуштан кийинки мезгилде британдык колониялык империя Азия жана Африка өлкөлөрүндөгү улуттук-боштондук кыймылдарынын кубаттуу соккусунан кулаган. Бирок Сингапур жана Малайзия дароо эле көз карандысыздыкка ээ болушкан жок. Англдар бул аймакта кандайдыр бир көзөмөлдүктү сактап калыш үчүн ар кандай аракеттерди жасашкан. Ошондуктан 1963-ж. араң дегенде Сингапур курамына кирген Малайзия Федерациясы түзүлгөн. Федерациянын ички карама-каршылыктарынын натыйжасында 1965-ж. августта Сингапур андан бөлүнүп кеткен. Сингапур Республикасынын өкмөтү кошулбоочулук жана бейтараптык принцибин карманyу менен, дүйнөдөгү бардык өлкөлөр менен достук жана тең укуктуу кызматташтык байланышта болууну каалайт.

**Бруней султандыгы** — Түндүк Калимантандын жээгиндеги чакан эки анклавдан турат. Кургактык жагынан Малайзия менен чектешет. Ээлеген аянты — 5,8 миң *км*². Султандыктын борбору — Бандар-Сери-Бегаван шаары. Брунейдин өз султаны жана өкмөтү бар, бирок чыныгы көз карандысыздыкка ээ эмес. Мамлекеттик дини — ислам дини. Калкынын 60%дан ашууну мусулмандар.

Азыркы Бруней XIX к. ортосунда Түндүк Калимантан англиялык колониялык экспансиянын объекти болуп калган. Ички чыр-чатактардын айынан алсыраган Бруней султандыгы

улам бир аймагынан ажырай баштаган. 1888-ж. англиялык колониячылар Брунейге протектораттыкты тануулаган. 1906-ж. нефти кени ачылгандан баштап дайындалган англиялык резидент бул чакан өлкөнүн башкаруучусу болуп калган. Ал кезде Брунейдин аймагы азыркы чек арасынын өлчөмүндө болуп калган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү улуттук-боштондук кыймылдарынын кулач жайышынын натыйжасында британиялык колониячылар султандыкта бир катар реформаларды жүргүзүүгө мажбур болушкан. 1959-ж. Брунейде алгачкы конституция кабыл алынган. Ал боюнча Өкүлдүк Мыйзам чыгаруу кеңеши түзүлгөн, а бирок иш жүзүндө ал жалган өкүлдүк орган болгон. Резиденттин ордуна Лондондогу өкмөткө түз баш ийген жогорку комиссар рангындагы британиялык өкүл дайындалган. Ал султандыктын өкмөтүн толугу менен көзөмөлдөп турган. Британиялыктардын көрсөтмөсү боюнча султандык 1963-ж. Малайзия Федерациясына «кирүүнү каалабай тургандыгын» билдирген. Бруней — экватордук өлкө. Жаратылышы жана климаты Калимантандын башка аймактарына окшош. Өлкөдө дарыялар көп. Бул кичинекей өлкөнүн батышынан чыгышына чейин автомашина менен 2 саатта басып өтүүгө болот.

Бруней көп улуттуу султандык. Калкынын жарымынан көбү — малайялар. Абориген элдердин (даяк) өкүлдөрү да бир топ: кедаян, дусун, меланау, ибан, мурут. Кытайлар, индиялыктар жана англдар бар. Малайялар айыл чарбасында, кол өнөрчүлүктө жана балык уулоочулукта кесиптенишет, султандын ордо кызматкерлеринин жана администрациялык аппаратынын негизги бөлүгүн түзүшөт. Кытайлар соода-сатык, ишкердик менен алектенишет. Алардын арасында квалификациялуу жумушчулар бар. Даяктар — балык уулоочулар, анчылар, жер иштетүүчүлөр.

Нефти өндүрүү — өлкөнүн экономикасынын башкы тармагы. Ири калктуу конуштардын баарында жайгашкан май куйгучтарда деңиз үлүлү — «Шелл» компаниясынын эмблемасынын сүрөтү тартылып турат. Бул эмблема султандыктын чыныгы кожоюну ким экендигин билдирип турат. «Шелл» фирмасы 1929-ж. Бруней султандыгындагы Сериа аймагында «Бруней шелл петролеум компани» филиалын ачкан. 50-жж. ортосунда Сериада бензин өндүрүүчү завод курулган. 1973-ж. жаратылыш газын өндүрүүчү ири завод иштей баштаган. Анын продукциясынын баары Японияга экспорттолот. Бруней экспортунун 95%ын нефти продуктулары түзөт. Өлкө экономикасында айыл

чарбасы анчалык көп деле орунду ээлебейт. Айдоо жеринин жарымынан көбү каучук жана калемпир өндүрүүчү плантациялар. Шаардын чет-жакаларында кытайларга таандык бир нече ири жашылча-жемиш чарбалары жана мал өстүрүүчү фермалар бар.

Бруней султандыгы дүйнөлүк рынокко толугу менен көз каранды мамлекет. Ал өнөр жай өндүрүшүнүн продукцияларын эле эмес, азык-түлүк продукцияларынын көпчүлүк түрлөрүн да ташып кирет.

### Суроолор:

1. Малайзия Федерациясынын, Сингапур Республикасынын жана Бруней султандыгынын ээлеген аймактарын картадан көрсөтүп бергиле.
2. Малайзия Федерациясынын тарыхый орду кандай?
3. Сингапур кандай мамлекет? Ал кандай тарыхый шартта түзүлгөн?
4. Бул өлкө эмне үчүн Сингапур деп аталып калыптыр?
5. Бруней султандыгы кандай мамлекет?

## § 20. Индонезия. Чыгыш Тимор. Филиппин

**Индонезия.** 1945-ж. дүйнөнүн саясий картасында ири көз карандысыз мамлекет — Малайя архипелагынын чоң бөлүгүн ээлеген Индонезия Республикасы пайда болгон. Бул аймактагы «Индия» деген аталышты жана «несос» («аралдар») деген грек сөзүн кошуп Индонезия деп 1884-ж. немец саякатчысы, географ жана этнограф А. Бастиан атаган. Ал эми бул аймакта жашаган элди индонезиялыктар — «Индия аралдарынын тургундары» деп атоону сунуш кылган. Анткени архипелагдагы негизги элдердин маданияты материктик индиялык маданиятка абдан окшош болгон.

Индонезия Республикасынын борбору — Жакарта шаары. Индонезия аянты боюнча дүйнөдө 5-орунда турат (КЭР, Индия, Россия, АКШдан кийин).

Мамлекеттик түзүлүшү — парламенттик республика. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы — Элдик консультациялык конгресс (ЭКК). Мамлекет башчысы — президент. Аткаруу бийлиги — парламент же Эл өкүлдөрүнүн кеңеши (ЭӨК). Эл өкүлдөрүнүн кеңешинин чечими менен 1973-ж. тогуз партиянын ордуна эки партиялуу система бекитилген — *Демократиялык партия* (улутчул жана христиандык партиялар кирген) жана *Биримдик жана өнүгүү партиясы* (мусулман партиялары). Бул партиялардын ишмердиктери катуу регламенттелген. Алардан тышкары ГОЛКАР («функциялык топтор») — аскер

кызматкерлеринин жетекчилигиндеги ар кандай уюмдардын бирикмеси бар. Эл өкүлдөрүнүн кеңешинде депутаттык мандаттардын көпчүлүгү ГОЛКАРга тиешелүү.

Индонезия — полиэтностук өлкө. Бул өлкөдө жашаган элдердин жалпы саны аныкталган эмес: алар 150дөн кем эмес, айрым маалыматтар боюнча, 300дөн ашуун. Эң ирилери деп эсептелген 16 этностун өкүлдөрү өлкөнүн калкынын 83%ын түзөт. Тилдердин жана диалектилердин саны 1000ден ашат. Мамлекеттик тили — индонезия тили. Ал тил өзүнүн жөнөкөйлүгү жана малайя тилине жакындыгы менен этностор аралык байланыш каражатына айланган. Азыркы учурда республиканын жарандарынын баары (түпкү элдер — индонезиялыктар, папуастар, хальмахерлер жана келгиндер — кытайлар, арабдар, индиялыктар ж.б.) өздөрүн «оранг Индонесия» же индонезиялыктарбыз деп аташат.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XVI–XIX кк. европалык баскынчылар архипелагга каптап кире башташкан. Европалык колониячылардын басып кирүүсү олуттуу тарыхый, социалдык-экономикалык жана маданий залал келтирген.

Колониялар үчүн күрөш этностук жактан жакын, ал тургай, бир элдин колониялык дөөлөттөр ортосунда бөлүнүп калышына алып келген. 1859-ж. Голландия менен Португалиянын ортосундагы келишим Тимор мамлекетинин аймагын жана элин экиге бөлүп салган. Колониячылардын мындай жоруктарына Индонезия эли куралдуу көтөрүлүштөр жана өз жерин кайрадан тартып алуулар менен жооп беришкен. Түндүк Суматрадагы яче эли көз карандысыздык үчүн 1873–1903-жж. 30 жылдан ашуун согушкан. Айрым жерлерде каршылык көрсөтүү согуштары 1913-ж. чейин созулган. Нидерландиялык Ост-Индия компаниясында XX к. башынан тартып улуттук-боштондук күрөшүү доору башталган. Эгерде буга чейин Голландияга каршы кыймылдар жер-жерлерде болуп келсе, эми жалпы индонезиялык мүнөзгө өткөн. Анткени XIX к. аягында улуттук буржуазия жана пролетариат пайда болуп, жалпы индонезиялык жакындашуу тенденциясы жүргөн. *«Буди утомо»* (*«Умтулуу»*, 1908), *«Сарекат ислам»* («Ислам союзу», 1912) ж.б. жалпы индонезиялык уюмдар түзүлгөн. В. И. Ленин өзүнүн *«Азиянын ойгонушу»* деген макаласында Индонезиядагы улуттук-боштондук кыймылдын жогорулоосу жөнүндө жазган. 1914-ж. майда өлкөдө алгачкы социал-демократиялык бирикме пайда болгон. 1920-ж. майда Индонезиянын Коммунисттик партиясы түзүлгөн.


Сукарно.

Тарыхый себептерден улам индонезиялык улуттук-боштондук күрөштөгү жетекчилик ролду улуттук буржуазия жана радикалдык улуттук интеллигенция ойногон. 1927-ж. майда буржуазиялык интеллигенциянын өкүлдөрү Сукарно жана башкалар Индонезиянын Улуттук партиясын түзүшкөн. Ал улутчулдук жана мархаэнизм – жөнөкөй элдин таламдарын коргоо (индонезиялыктарча «мархаэн» – жөнөкөй адам, эмгекчи) идеологиясын жүргүзгөн. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин өлкөнүн маданияты, жалпы улуттук аң-сезим тездик менен өнүгө баштаган. 1928-ж. индонезиялык жаштардын конгрессинин жыйынтыктоочу документинде: «Бир Ата Мекен, бир эл, бир тил!» – деген бirimдик урааны көтөрүлүп чыккан.

Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Индонезияны япондор басып алган. Голланддардын дээрлик 350 жылга созулган үстөмдүгүнөн кийин япондук оккупациянын (1942–1945-жж.) кайгылуу жылдары келген. Бул үч жыл жүз миңдеген индонезиялыктардын өмүрү менен бааланган. Бирок бул жылдар улуттук-боштондук үчүн күрөштүн каардуу мектеби болду. Япондук баскынчыларга каршы күрөш күч алган. Япония согушта жеңилип калгандан кийин дароо эле 1945-ж. 17-августта Индонезиянын көз карандысыздыгы жарыяланган. Эгемендүү эркин өлкөнүн тунгуч президенти болуп Сукарно шайланган. Саясий чыңалуудан улам өлкө башынан кечирип жаткан кыйынчылыктарга карабастан, 1950-ж. Индонезиянын Жаңы Гвинеянын батыш бөлүгүнөн башка бардык аймагы бириктирилген. 1963-ж. республиканын курамына Батыш Ириан (азыркы — Ириан-Жая, же Улуу Ириан) кошулган.

50–60-жж. Индонезияда «багыттоочу демократия» тартиби орнотулган. Ал президенттик бийликтин күч алышын билдирет. Президент Сукарно өзүнүн кеңири ыйгарым укуктарын демократиялык кайра курууларды жүргүзүүгө пайдаланат деп ишенген солчул күчтөр бул саясий өзгөрүүлөрдү колдошкон. Бирок «багыттоочу демократиянын» үзүрүн демократиялык иш-чараларды жүзөгө ашырууну каалабаган жарандык жана аскердик бюрократия гана көргөн. Өлкө ашкере кеңейтилген аскердик машинаны жана бюрократиялык аппаратты кармап турууга кеткен эбегейсиз зор чыгымдардын натыйжасында оор

экономикалык кризиске кабылган. Курч экономикалык жана саясий карама-каршылыктар 1965-ж. 30-сентябрындагы кайгылуу окуяларга алып келген. Айрым солчул уюмдардын лидерлери колдоо көрсөткөн жана пекиндик жетекчилерге жетеленме солчул маанайдагы офицерлердин тобу мамлекеттик төңкөрүш жасоого аракет кылышкан. Ал эми оңчул күчтөр үчүн бул окуя жумушчу табына, солчул интеллигенцияга, дыйкандардын прогрессивдүү уюмдарына, эң башкысы өнүгүп келаткан өлкө ичиндеги эң ири коммунисттик партияга каршы ырайымсыз репрессияны жүргүзүүгө шылтоо болгон. Натыйжада 500 миңден ашуун адам эч кандай тергөөсүз жана сотсуз өлтүрүлгөн. Компартияга жана башка солчул уюмдарга тыюу салынган. Президент Сукарно акырындык менен четтетилип, бийликке аскердик төбөлдөр келген.

**Маданияты.** Индонезиянын маданияты башкалардын таасирисиз өзүнчө өнүккөн көп кырдуу маданият; өлкөдөгү көп сандаган элдер өздөрүнүн эң байыркы каада-салттарын жана үрп-адаттарын бапестеп сактап келишүүдө. Ал каада-салттар менен үрп-адаттар башка маданияттарды алып жүрүүчү элдер менен (индиялыктар, арабдар, перстер, кытайлар, португалдар, голланддар, англдар ж.б.) алакалашуунун натыйжасында ого бетер баюуда жана өнүгүп-өсүүдө.

Индонезия эки ири — батыш жана чыгыш этномаданий аймактарга бөлүнөт. Батыш этномаданий аймагына Чоң Зонд аралдары жана Бали кирет. Анда түштүк азиялык расалык топтогу элдер жайгашкан. Алар өздөрүнүн өнүгүү деңгээлинин жогорулугу менен чыгыштагылардан айырмаланып турат. Окумуштуулар «түпкү индонезиялык маданият» деп айтышканда, демек, кеп батыш аймактын тургундарына мүнөздүү жалпы белгилердин комплекси жөнүндө болуп жатканы. Бул аймакта калк жыш жайгашкан. Батыш этномаданий аймагында сугат жерлерин иштетүүдө (күрүч өстүрүү), буйвол жана өгүз (мусулман эмес элдерде чочко) багууда окшоштуктар бар. Материалдык маданиятына (сваялуу турак жайлар, кайыктар, кемелер, эмгек шаймандары), социалдык жана руханий маданиятына (уруулук жана жамааттык уюмдар, ата-бабалардын арбагына сыйынуу жана жан жөнүндө түшүнүк, көлөкө театры, гамелан оркестри) бир катар жалпы белгилер мүнөздүү.

Чыгыш этномаданий аймагына Молукк, Кичи Зонд аралдары жана Ириан-Жая кирет. Бул аймакта чыгыш индонезиялык жана папуастык-меланездик расалык топторго кирген элдер жашайт. Алар жемиш тамырдуу өсүмдүктөрдү өстүрүшөт,

саго (пальмадан же картөшкөдөн алынуучу акшак) өндүрүшөт. Чыгыш аймактын калкы коомдук түзүлүшү жана руханий маданияты боюнча батыштыктардан таптакыр айырмаланып турат. Батыш этномаданий аймагында чыгыш аймактык маданиятындагы элдер жашаган анклавдар бар, жана анын тескерисинче да.

Ява жана Мадур элдери Яваны «өлкөнүн мээси жана жүрөгү» деп коюшат. Явалыктардын турмуш-тиричилигиндеги көпчүлүк белгилер жалпы индонезиялыктарга мүнөздүү. Бүткүл Ява — зор күрүч талаасы. Ошондуктан явалыктар — мыкты дыйкандар. Явалыктар — чебер кол өнөрчүлөр. Явалык батик кездемеси бүткүл дүйнөлүк атакка ээ. Айылдык темир усталар өтө кадыр-барктуу. Алар айыл чарба шаймандарын, турмуш-тиричиликке керектүү буюм-тайымдарды жана кооздуктарды өтө чеберчилик менен жасашат. Кол өнөрчүлүктүн эң кеңири таралган түрү: өрүү, согуу, эшүү, тордоо. Жыгачты, мүйүздү, сөөктү, кокос жаңгагын оюп, кесип кооздоо да мыкты өнүккөн. Негизги тамак-ашы — миң түрлөнтүп бышырылган күрүч. Жашылча-жемиштерден жана балыктын түрлөрүнөн даярдалган ар түркүн татымалдар, жүгөрү жана жүгөрү унунан даярдалган азыктар, маниоки тамырдуу жемишинен даярдалган ун — тапиоки кеңири колдонулат.

Явалыктарда этикет катуу сакталат. Сүйлөшкөндө адамга тийиштүү сөз менен кайрылуу, сөздү салмак менен, орундуу сүйлөп, кыймылдарды туура жасоо керек. Кичүүсү эч убакта улуусунан озунуп сүйлөбөйт, сөздү бөлбөйт.

**Балиликтер.** Индонезиялыктар Балини «жер бермети» дешет. Бул чакан арал жаратылышынын ажайып кооздугу жана калкынын жаркын улуттук маданияты менен даңкы чыккан аймак. Балиликтердин бою явалыктарга караганда бийигирээк, териси агыраак келет. Балилик аялдар явалыктардан чырайлуу. Бали — аз калктуу тенггер конушун кошпогондо, Индонезиядагы бирден-бир индуизм очогу. Бирок бул жердеги индуизмдин өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүгү бар.

**Суматра калкы.** Суматранын маданий дүйнөсү өзүнчө бир башкача. Мында негизинен малайя эли жашайт. Суматралык малайялар менен малайзиялык малайялардын ортосунда анчалык деле айырмачылык жок, тили да окшош; лексикасындагы айырмачылык 10%га жетпейт. Батыш Суматрада минангкабау деген байыркы эл жашайт. Бул элдин мүнөздүү өзгөчөлүгү — мусулман динин тутушканы менен, энелик-уруулук түзүлүштүн каада-салтын сакташкандыгы. Эң маанилүү социалдык бир-

диги — энелик чоң үй-бүлө — сапаруи. Сапаруи түшүнүгү «бир курсактан чыккандар» дегенди билдирет. Сапаруинин өзөгүн эне тарабындагы тууган-уруктар түзөт. Бир эненин кыздары жана анын кыз укум-тукумдары бир чоң үй-бүлө болуп жашайт, сапаруидеги башкаруу иштерин жүргүзүшөт, андагы мал-мүлккө укуктуу. Үй-бүлөнүн келгин бөлүгү — кыздардын күйөөлөрү. Алар сапаруиде турмуш-тиричилик жүргүзүүгө катышканы менен, мал-мүлккө укуктары жок.

Айыл жерлеринде жашаган уруулук топтор биригип нагари жамаатын түзөт. Нагари — коңшулук-чоң үй-бүлөлүк типтеги энелик жамаат. Суматрада батак, каро, батин, кубу, акит, энгано ж. б. элдер жашайт.

Индонезияда булардан тышкары Калимантан эли — даяктар, Сулавеси элдери — бугалар жана макасарлар (мусулмандар), минахастар (христиандар) ж. б. майда уруулар, Кичи Зонд жана Молукк аралдарынын элдери — амбондор (христиандар), тиморлор, кайлар, Ириан-Жая эли — папуастар жашашат.

Индонезия экономикалык жактан мүнөздүү жаратылыштык, этномаданий жана чарбалык өзгөчөлүктөрүнө жараша төмөнкүдөй ири аймактарга бөлүнөт: Ява, Суматра, Калимантан, Сулавеси, Кичи Зонд аралдары, Молукк аралдары жана Ириан-Жая.

**Тимор** — Кичи Зонд архипелагындагы аралдардын эң ириси. Анын чыгыш бөлүгүндө **Чыгыш Тимор** жайгашкан. Анын аймагына жакын жайгашкан Камбинг жана Яко аралдары, Окуси анклавы кирет. Борбору — Дили шаары.

Түштүк-Чыгыш Азиядагы башка өлкөлөрдөй эле, бул аймакка европалыктар XVI к. келе башташкан. XVII к. башында голландиялыктар келишкен. 100 жылдан ашуун мезгилге созулган согуштан кийин алар бул аралдын түштүк-батыш тарабын ээлеп алышкан; түндүк-чыгыш тарабын португалдар басып алышкан. Бирок Голландия менен Португалиянын ээликтеринин ортосундагы чек ара XX к. башында гана аныкталган. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Япония басып алган. 1945-ж. батыш (голландиялык) бөлүгү Индонезия Республикасына өткөн, чыгыш бөлүгү Португалияныкы бойдон калган. Улуттук-боштондук кыймылдын күч алышынын натыйжасында Чыгыш Тимор 1973-ж. Португалиянын автономиялуу провинциясы болуп жарыяланган. 1975-ж. августта көз карандысыздыкты жактоочулардын жана ага каршылардын ортосунда жарандык согуш башталган. Ошол эле жылы 28-ноябрда көз карандысыз Чыгыш Тимор Элдик-Демократиялык Республикасы түзүлгөн. Бирок

декабрда индонезиялыктар Дилини жана Чыгыш Тимордун аймагынын көпчүлүк бөлүгүн басып алып, 1976-ж. жайында Чыгыш Тимордү кошуп алгандыгын жарыялаган. Бирок Индонезиянын бул акциясын БУУ тааныган эмес жана Индонезиянын куралдуу кийлигишүүсүн айыптап, анын бул өлкөдөн чыгып кетишин талап кылган. Ошентип Чыгыш Тимордун аймактык бүтүндүгү жана биримдиги сакталып калган.

Чыгыш Тимор тышкы дүйнө менен бир гана авиа жолу аркылуу байланышат. Ал — Дилини Австралиядагы Дарвин шаары менен байланыштыруучу авиа каттамы. Чыгыш Тимордун экономикасынын негизин айыл чарбасы түзөт. Экспорт үчүн кофе, каучук, кокос, тери өндүрүлөт. Жаратылыш шарты мал чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Буйвол, эчки, жергиликтүү тукумдагы жапыз бойлуу жылкы өстүрүлөт.

**Филиппин Республикасы** — Түштүк-Чыгыш Азиядагы Индонезиядан кийинки ири аралдык мамлекет. Филиппин архипелагында 7 миңден ашуун аралдар бар, албетте, анын так санын көрсөтүү мүмкүн эмес. Филиппин аралдары Евразия материгинин түштүк-чыгышын тегерете курчап жатат. Аларды Түштүк-Чыгыш деңизи Кытайдан, Вьетнамдан, Тайланддан, Батыш Малайзиядан жана Сингапурдан, ал эми Сулу жана Сулавеси деңиздери Индонезия менен Чыгыш Малайзиядан бөлүп турат. Борбору — Манила шаары. Мамлекеттик түзүлүшү — буржуазиялык республика. Мамлекет башчысы — президент.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XIX к. экинчи жарымында Филиппинде жергиликтүү калкты улуттук жана саясий дискриминациялоого каршы буржуазиялык-реформатордук кыймыл башталган. Анын эң көрүнүктүү идеологу коомдук ишмер, акын жана жазуучу, публицист, окумуштуу-гуманист **Хосе Рисаль (1861–1896)** болгон. 1892-ж. башында «улуу плебей» Андрес Бонифасио турган Катипунан — элдик революциялык уюм түзүлгөн. 1896-ж. Катипунандын жетекчилигиндеги көтөрүлүш башталган. Колониячылардын 300 жылдык үстөмдүгүн жок кылган 1896–1898-жж. Филиппин революциясы Азиядагы жеңишке ээ болгон алгачкы антиколониялык революция болгон. 1898-ж. 12-июнда Филиппиндин көз карандысыздыгы жарыяланып, жарым жылдан кийин демократиялык конституция кабыл алынган. Ал конституция боюнча Филиппин республика болуп таанылган. 12-июнь — улуттук майрам — Көз карандысыздык күнү.

Бирок Филиппин эли өзүнүн жеңишинин үзүрүн көпкө деле көрө алган жок. Тарпы чыккан испан монархиясынын орду-

на жаш империалисттик мамлекет АКШ келген. Филиппиндиктер 1899–1901-жж. америкалык колониячыларга каршы тең укуксуз, каармандык күрөш жүргүзүшкөн. 1901-ж. АКШ Филиппинди аннексиялаганы (басып алганы) менен, партизандык согуш жана дыйкандардын толкундоолору басылган эмес. XX к. 20-жж. маркстык идеялар таралган. 1930-ж. Коммунисттик партия түзүлгөн.



Хосе Рисаль.
(1861–1896)

Улуттук-боштондук кыймылдын кысымы астында АКШ Филиппинге 1934-ж. автономиялык тартип орнотууга аргасыз болгон. 1935-ж. автономиялык өкмөт түзүлүп, конституция кабыл алынган. Ал конституция 1972-ж. чейин колдонулган.

Экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде (1941–1944-жж.) Филиппинди Япония басып алып, марионеттик өлкөгө айландырган. Жергиликтүү олигархиянын япондор менен кызматташ болгонуна карабастан, каршылык көрсөтүү кыймылы кеңири кулач жайган. 1942-ж. япондорго каршы элдик армия – Хукбалахап түзүлгөн. Хукбалахап япон баскынчыларын талкалоодо чоң роль ойногон.

Согуштан кийин колониализмдин дүйнөлүк системасы кулагандыгына байланыштуу АКШ Филиппинге эркиндик берүүгө аргасыз болгон. Ошентип 1946-ж. 4-июлда көз карандысыз Филиппин Республикасы жарыяланган.

70-жж. башында Филиппин терең экономикалык, социалдык жана саясий кризистин коркунучу алдында болуп калган. Анын себеби — бышып жетилген экономикалык жана социалдык проблемалардын чечилбегендиги. Ошондуктан 1972-ж. сентябрда чукул абал киргизилген. Армияга жана полицияга таянган президент жана жаңы багыттын тарапкерлери помещиктик олигархиянын өкүлдөрүнө тиешелүү жеке менчик армияларды тараткан, оппозицияны кысымга алган. Көпчүлүк гезит-журналдар, радиостанциялар, телекөрсөтүү компаниялары жабылган; калгандары президенттик көзөмөлгө алынган.

Ошол эле мезгилде өкмөт социалдык-экономикалык кайра куруулардын кеңири программасын ишке ашырууга киришкен. Негизин агрардык реформа түзгөн бул программанын башкы 6 милдети болгон: жумуштуулукту кеңейтүү, экономикалык өсүш темпин жогорулатуу, кирешелерди калктын ар кайсы топторуна мүмкүн болушунча бирдей бөлүштүрүү, четки аймак-

тарды өнүктүрүү жана индустриялаштыруу, социалдык тейлөө кызматтарын кеңейтүү, бааны жана төлөм балансын стабилдештирүү. Социалдык-экономикалык кайра куруу программасы ишке ашуу менен ири помещиктик жер ээлөө жоюлуп, капиталисттик өнүгүү багытына жол ачылган.

**Маданияты.** Экономикалык прогресстин, урбанизациянын, ички миграциянын натыйжасында өлкөнүн калкы жалпы өнүгүү процессине аралашып, коомдук мамилелердин кыйла жогорку түрүнө өтүшөт. Бир кыйла өнүккөн этностор заманбап шаардык маданияттын күчтүү таасирине кабылышкан: сабаттуулук деңгээли жогорулаган, шаардыктардын сансыз көп катмарлары бири-бири менен аралашып сиңишип кеткен. Ага карабастан, калктын ар кайсы топторунун этномаданий өзгөчөлүктөрү туруктуу сакталып кала берет.

Филиппиндер бамбуктан жана ротангдан эшип тордолгон буюмдарды жасоодо жогорку чеберчиликке жетишти. Тагал кездемелери синамай (абак буласынан жасалат), хуси (жибек), ананас буласынан жасалган үлбүрөк пинья Филиппиндин чегинен тышкары да кеңири таанымал. Кездемелер өзүндөй түстөгү жип менен коздолуп саймаланган.

Филиппиндер ыр-бийге шыктуу эл. Кеңири таралган музыкалык аспап — гитара. Бамбуктан жана жыгачтан музыкалык аспап ар бир айылда жасалат. Ар бир провинциянын өзүнүн бийи бар.

Христиан дини филиппиндердин аң-сезимине терең сиңгени менен, алар өздөрүнүн салттуу ишенимдеринен биротоло баш тартып кетишкен жок.

Мусулмандык түштүк элдери этномаданий жактан өзгөчөлөнүп турат. Алардын каарман деңизде сүзүүчүлөр жана каардуу деңиз каракчылары деген атагы эбак эле унутта калган. Бирок азыркы кезде деле алардын жашоо-тиричилиги деңиз менен байланыштуу. Турмуш-тиричилигинде балыкчылык жана деңиз чарбасы маанилүү роль ойнойт.

Өнүгүп келаткан өлкө үчүн Филиппиндин сабаттуулук деңгээли жогору. Калкынын $^4/_5$ бөлүгүнүн сабаттуу болушу, албетте, жогорку көрсөткүч. Маниладагы 1908-ж. негизделген Филиппин университети өлкөдөгү алдыңкы окуу жайы жана ири илимий борбор болуп саналат.

Филиппин адабиятында ар түрдүү маданий элементтердин өз ара таасири байкалат. Заманбап жазуучулар чыгармаларын тагал тилинде, өнүккөн региондук тилдерде жана англис тилинде жазышат. Жыл сайын чыгарылуучу фильмдердин саны

боюнча Филиппин АКШны кууп өтүп, Индия менен Япониядан кийинки орунда турат.

Жаратылыш шартына, этностук жана маданий өзгөчөлүктөрүнө, чарбалык өнүгүү деңгээлине жараша Филиппин 6 экономикалык аймакка бөлүнөт: Түндүк Лусон, Борбордук Лусон, Чоң Манила, Түштүк Лусон, Виссай, Минданао-Сулу. Булардын ичинен Чоң Манилага өзгөчө орун таандык.

### Суроолор:

**1.** Индонезия Республикасынын аймагынын жайгашуу өзгөчөлүгү эмнеде?
**2.** Чыгыш Тамор кайсы архипелагдан орун алган?
**3.** Индонезия, Чыгыш Тамор жана Филиппин мамлекеттик түзүлүштөрү кандай өлкөлөр?
**4.** Индонезия жана Филиппин кандай экономикалык аймактарга бөлүнөт?

# VII ГЛАВА
# ТҮШТҮК-БАТЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

## § 21. Афганстан. Иран. Түркия

**Афганстан** — Азиянын ички бөлүгүндөгү өлкө. Борбору — Кабул шаары. Мамлекеттик түзүлүшү — республика. Аткаруу бийлиги президентке жана премьер-министр башында турган өкмөткө таандык. Мыйзам чыгаруу бийлигин бир палаталуу парламент ишке ашырат.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Кылымдарга созулган көчмөндөрдүн чапкындары, кагылыштар жана согуштар өздөрүнүн кетпес тагын калтырбай койгон жок. Афган шаарларынын ызы-чуулуу базарларында жана тынчы жок көчөлөрүндө ар кайсы улуттардын өкүлдөрүн: афгандарды, тажиктерди, хазарларды, чараймактарды, белужилерди, башкалардан өзгөчө айырмаланып турган көк көздүү, сары чачтуу нуристандыктарды кездештирүүгө болот.

1747-ж. түзүлүп, XVIII к. аягына чейин өкүм сүргөн алгачкы ири жана күч-кубаттуу феодалдык мамлекети — Дуррани дөөлөтүн Ахмад шах негиздеген. Адегенде анын борбору Кандагар, андан кийин Кабул болгон. Кийин Дуррани дөөлөтү көз карандысыз майда ээликтерге бытырап кеткен. Ошондон пайдаланган Англия Афганстанды басып алганга эки жолу — 1838–1842-жж. жана 1878–1881-жж. — катуу аракет жасайт. Ал аны Индиядагы ээлигине кошуп алып, Орто Азияны көздөй жылууга плацдарм кылууну көздөгөн. Бирок эки жолу тең афган элинин каршылыгына учурап, өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болот. Акыры 1879-ж. Гандамак келишими жана 1880-ж. макулдашуу боюнча Англия Афганстанды өзүнүн вассалына айландырып алат.

XIX к. аягында товардык-акча мамилелеринин өнүгүшү жана экономикалык байланыштардын чыңдалышы мамлекетти бекемдеген. Абдуррахман эмирдин тушунда (1880–1901) азыркы Афганстандын чегинде феодалдык-абсолюттук типтеги борбордошкон мамлекет калыптанып, ага өз алдынчалыгын узакка сактап калышкан алыскы аймактар каратылган. Алар өлкөнүн чордонундагы Хазаражат – хазарлардын мекени жана чыгыштагы Кафирстан — өздөрү байыркы диний ишенимдерин сакташып, ислам динине бурулбай койгон «капырлардын» жери эле. Капырларга күч менен ислам динин туттурушуп, ал аймакты Нуристан деп атап коюшкан.

Абдуррахмандын уулу Хабибулла эмирдин (1901–1919) башкаруу жылдарында өлкө мурдагыдай эле тышкы саясий обочолонуу абалында болгон. Индиядагы улуттук-боштондук кыймылдын жогорулашы жана Россиядагы Улуу Октябрь социалисттик революциясы 1919-ж. Афганстандын улуттук-патриоттук күчтөрүнүн жеңип чыгышына түздөн-түз өбөлгө болду. Англдардын афган элин кулга айландырууга жасаган үчүнчү жолку аракети ишке ашпай, Англия Афганстандын көз карандысыздыгын жана эгемендүүлүгүн таанууга мажбур болот. Ошол кезде Афганстандын жеңишин кубаттап чыккан алгачкы өлкө жаш Совет Республикасы болгон. 1921-ж. афган-совет достук келишими түзүлгөн.

1919-ж. бийликке келген Аманулла хандын өкмөтү соода-сатыкты, өнөр жайды, транспортту өнүктүрүүгө, мамлекеттик аппаратты модернизациялоого, конституциялык өкүлдүк органдарды түзүүгө, салттуу мусулман билим берүүсүнөн тышкары, светтик билим берүүнү киргизүүгө багытталган бир катар реформаларды жүргүзгөн. Ошондой эле өлкөдө болуп жаткан социалдык-экономикалык өнүгүү процессине жараша орто кылымдардан бери келаткан көптөгөн салыктарды жана милдеткердиктерди жойгон, жерге жана малга болгон салыкты натуралдык түрүнөн акчалай түргө которгон, жерге болгон сөзсүз түрдөгү жеке менчикти эркин сатууга жана сатып алууга боло турган (мурдагы вакфтык жана мамлекеттик жерлерди кошо алганда), облустар аралык соода-сатыкка карата бажылык тосколдуктарды жойгон реформалар жүргүзүлгөн.

Бул реформалар негизинен «жаңы» помещиктердин жана көпөстөрдүн таламдарын көздөгөн. Натыйжада адегенде чачкын чыгуулар бара-бара өкмөткө каршы ири көтөрүлүшкө айланып, Аманулла ханды бийликтен кулаткан. Анын ордуна көтөрүлүштүн жол башчысы Бачаи Сакао («Суу ташыгычтын уулу») Хабибулла деген ысым менен падышалык такка отурат. Ал адегенде дыйкандардын абалын жеңилдетүү максатында салыктарды жоюу урааны аркылуу чыкканы менен, дин кызматчыларынын жана хандардын реакциячыл чөйрөсүнүн таасирине алдырып жиберген. Бачаи Сакаонун бийлиги Мухаммад Надир шах жетектеген күчтөрдүн соккусу менен кулап, М. Надир шах Афганстандын королу болуп калат.

Мухаммад Надир шахтын тушунда мурдагыдай эле улуттук соода-сатык капиталын топтоо жана аны акционердик компанияларга (ширкеттерге) концентрациялоо үчүн ыңгайлуу шарт түзүү багыты улантылып, алгачкы улуттук банк түзүл-

гөн. 1931-ж. Афганстандын буржуазиялык укуктарды жана эркиндиктерди декларациялаган конституциясынын кабыл алынышы менен, «жаңы» помещиктер жана соода буржуазиясы саясий каттоодон өтүп, эки палаталуу парламент түзүлгөн.

30-жж. аягында, Мухаммад Закир шахтын тушунда, өлкөнүн тышкы жана ички соода-сатыгын толугу менен чет өлкөлүк банкирлерди жана компрадор-көпөстөрдү, англиялык-индиялык фирмаларды сүрүп чыгарышкан ширкеттер жана банк көзөмөлдөп турган. Топтолгон соода-сатык капиталы фабрикалык-заводдук өнөр жайды, негизинен жеңил жана тамак-аш өнөр жайын түзүүгө жумшалган. Борбордук мамлекеттик эмиссиялык банк түзүлгөн.

Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда бейтарап өлкө боюнча калган Афганстан экономикалык өз алдынчалыкка согуштан кийин гана жетишкен. Ал СССРдин жардамы менен империалисттик өлкөлөрдүн агрессивдүү согуштук блокторго кошуп алуу аракеттерин четке каккан. 50-жж. ортосунан тартып 70-жж. башына чейин экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрүүнүн үч беш жылдык планы ишке ашырылган. Натыйжада бир катар заманбап өнөр жай жана энергетика тармактары түптөлгөн, шоссе жолдору, аэродромдор, суу порту, сугат курулуштары курулган.

1973-ж. монархия кулатылгандан кийин бийликке келген Афган өкмөтү жер реформасын жүргүзүүнү, коомдук турмушту демократташтырууну жана башка прогрессивдүү кайра курууларды ишке ашырууну убада кылган. Бирок алардын бири да ишке ашырылбагандыктан, элдин наразылыгын туудурган. 1978-ж. 27-апрелде Кабулда Элдик-демократиялык партия (1965-ж. түзүлгөн) жетектеген армиянын куралдуу революциялык көтөрүлүшү болгон. Бийлик прогрессивдүү, демократиялык күчтөрдүн колуна өтүп, Афганстан Демократиялык Республикасы жарыяланган.

Жаңы бийликтин алгачкы мыйзам актыларынын бири королдук династиянын байлыгын мамлекеттештирүү жөнүндөгү чечим болду. Өкмөттүк программада маанилүү социалдык-экономикалык кайра куруулар белгиленди: демократиялык жер реформасын жүргүзүү, эксплуатациянын бардык түрлөрүн жоюу, өлкөнү индустриялаштыруу, калктын жашоо деңгээлин көтөрүү, эмгекчилердин укуктарын жана эркиндиктерин, аялдардын, улуттардын тең укуктуулугун камсыз кылуу, сабатсыздыкты жоюу жана акысыз башталгыч билим берүүнү киргизүү.

Афганстанда жарандык согуш башталып, бийликтин таламын коргоого көмөк көрсөтүү максатында 1979-ж. советтик аскерлер киргизилген. Алар 1989-ж. өлкөнүн аймагынан чыгарылганына карабастан, өкмөт менен моджахеддердин ортосундагы согуштун натыйжасында Афган өкмөтү кулатылган. 1992-ж. апрелде өлкө Афган Ислам мамлекети деп аталып, бийлик Жихад Кеңешине өткөн.

Көз карандысыз Афганстанда колдонмо искусствонун бөтөнчө каада-салттары сакталган: металлды көркөмдөп коздоо, жыгачты жана ташты чегип коздоо, даңазалуу гераттык килем токуучулук.

1921-ж. Кабулда көркөм сүрөт чеберчилик жана графика мектеби түзүлгөн. Анын негиздөөчүсү Гулям Мухаммад афгандык туңгуч живописчи болгон. Анын чыгармачылыгында элдик көркөм сүрөт өнөрүнүн салттык өзгөчөлүктөрү жана европалык искусствонун мүнөздүү белгилери куюлуша айкалышып турган. Сүрөткер художниктер реалисттик багыттагы көркөм сүрөт өнөрүн өнүктүрүшкөн.

Афганстан апрель революциясынан кийин агартууну, илимди жана маданиятты өнүктүрүүдө да ийгиликтерге жетишкен. Өзгөчө сабатсыздыкты жоюу жана акысыз жалпы билим берүү багытында көп иштер жүргүзүлгөн. Өлкөдө жогорку окуу жайлары ачылган.

Афганстанда элдик спорттун түрлөрү, өзгөчө күрөш (пахлавани), найза менен кол ойнотуу (незабази) жана улак тартыш (бузкаши) кеңири жайылган.

**Иран Ислам Республикасы** Түштүк-Батыш Азиядагы ири өлкөлөрдүн бири. Мамлекеттик түзүлүшү — Исламдык Республика. Борбору — Тегеран шаары. Аткаруу бийлиги аятоллага, президентке таандык. Мыйзам чыгаруу бийлигин аятолланын көзөмөлү алдында бир палаталуу парламент — Ислам комитетинин жыйыны (*межлис*) ишке ашырат.

Өлкөнүн Иран деген аталышы эң байыркы Ариана — «арийлер өлкөсү» — деген аталыштан келип чыккан. Иранды өз эли эзелки замандан бери эле ушул аталыш менен атайт. Европада жана Америкада аны Персия деп аташчу. Ирандын түпкү калкы фарси тилинде сүйлөшкөн перстер. Андан кийинки чоң элдер — азербайжандар жана курддар.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Европада капитализмдин өнүгүүсүнүн жана империалисттик дөөлөттөрдүн сатып өткөрүү рыногу, сырьё булактары жана капиталды жайгаштыруу чөйрөсү үчүн күрөшүнүн шартында феодалдык Иран алар-

дын эксплуатациялык объектисине айланган. Англия, АКШ, падышалык Россия, Франция, Германия Иранга тең укуксуз келишимдерди, көз каранды кылуучу зайымдарды таңуулашкан, анын ички жана тышкы саясаттарына, экономикалык өнүгүүсүнө кийлигишишкен. Ошентип Иран XIX к. аягында – XX к. башында империалисттик дөөлөттөрдүн күчкө салуусу менен толук көз каранды өлкөгө айланган.

Россиядагы Октябрь революциясы, Европа өлкөлөрүндөгү жана колониялардагы революциялык толкундоолор Иран элин толук көз карандысыздык үчүн күрөшкө чыгууга шыктандырган. Совет өкмөтү өзүнүн тышкы саясатынын принциптерине таянып, падышалык өкмөттүн Ирандын өзү менен, башка бир үчүнчү өлкө менен түзгөн тең укуксуз келишимдеринин жана конвенцияларынын баарын жойгон. Совет мамлекети Иранды капитуляциялоо тартибинен жана башка артыкчылыктардан баш тартып, Россияга тиешелүү болуп эсептелген көп сандаган ишканаларды, темир жана шоссе жолдорун, эсептик-ссудалык банктарды Иранга өз ыктыяры менен акысыз өткөрүп берген, падышалык өкмөттүн зайымдарын жойгон.

Совет өлкөсүнүн ушундай саясатынан улам АКШнын, Англиянын жана Германиянын башкаруучу чөйрөлөрү Ирандагы капитуляциялык тартиптен баш тартууга аргасыз болушуп, аны менен тең укуктуу мамиледе болуу жөнүндө ойлорун билдиришкен. Ошондой болсо да алар Иранды колдорунан чыгарып жиберүүнү каалашкан эмес жана аны СССРге каршы агрессивдүү блокко кошуп алууга аракеттенишкен. 30-жж. экинчи жарымында Иранга Германиянын кирүүсү башталган. Ошондуктан 1941-ж. августунда Ирандын аймагына советтик жана англиялык аскерлер басып киришкен. Алар өлкөдөн 1945-ж. аягы – 1946-ж. май айында чыгарылган.

Империалисттик дөөлөттөрдүн Иранга карата саясаты экинчи дүйнөлүк согуштан кийин күчөгөн. Англия жана АКШ өкмөттөрү Ирандын өкмөтүнө улуттук-боштондук кыймылды (өзгөчө Ирандык Азербайжандагы) басууга жардам берип, ошонун шылтоосу менен бир катар аскердик жана экономикалык келишимдерди түзүшкөн. Англия менен АКШны Ирандын Советтер Союзуна чектештиги жана нефтиси кызыктырып, 1955-ж. Иранды СССРге жана башка социалисттик өлкөлөргө каршы багытталган Багдад пактысына (СЕНТО) киргизип алышкан. 1954-ж. түзүлгөн Эл аралык нефти консорциуму аркылуу берилген зайымдар, ар түрдүү «кайтарымсыз» субсидиялар, кредиттер Ирандын экономикасынын өнүгүшүнө көмөк болгон. Бирок бир катар аскердик

келишимдер жана макулдашуулар, анын ичинде 1959-ж. америкалык-ирандык макулдашуу, Ирандан көптөгөн өндүрүштүк эмес чыгымдарды талап кылган. Ушунун баары ички социалдык-экономикалык кыйынчылыктар жана феодалдык чарба басымдуулук кылган айыл чарбасындагы, өнөр жайындагы, каржы системасындагы кризис менен айкалышып, 50-жж. аягында – 60-жж. башында банкротко дуушар болгон калктын нааразылыгын туудурган.

Ушундай шартта өлкөнүн башкаруучу чөйрөсүнө саясатты олуттуу өзгөртүүгө туура келген. Ички саясат планында феодалдык тартипке каршы багытталган жана капиталисттик өнүгүүгө жол ачкан «ак революция» деп аталган социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзгөн. Тышкы саясатында СССР жана башка социалисттик өлкөлөр менен мамилени оңдоо чаралары көрүлгөн.

Ирандын жаңыча саясаты өз үзүрүн берген: экономикада бир кыйла жылыштар болуп, негизинен айыл жерлериндеги жарым феодалдык өндүрүштүк мамилелер жоюлган. Экономикасынын өсүш темпи артып, улуттук дүң продуктуда айыл чарбасынын үлүшүнө караганда өнөр жайынын үлүшү көбөйгөн. Арийне, жаңы экономикалык саясат терс натыйжаларды да берген: товарлардын, турак жайдын баасы, жумушсуздук болуп көрбөгөндөй тез өсүп кеткен. Иранды милитаризациялоого, куралдардын жаңы түрлөрүн сатып алууга эбегейсиз зор сумма сарпталган. Натыйжада карапайым калк ого бетер жакырданган.

Ички социалдык-экономикалык кыйынчылыктардын күч алышынан улам, Иранда бир нече жолу өкмөткө каршы жапырт демонстрацияларга чыгуулар болгон. Нефти өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коммуналык чарбанын кызматкерлери менен жумушчуларынын жапырт иш таштоолору башталган. Иран эли саясий, социалдык, экономикалык жана маданий тармактарда түп-тамырынан бери кайра куруулардын болушун талап кылган. Буга чейин өлкөдө саясий күрөш мынчалык катуу чыңала элек болчу. Шахтын борбордогу жана башка ири шаарлардагы жан-жөкөрлөрү бүт бойдон бийликтен алынган.

Иран элинин басымдуу көпчүлүгүнүн, баарынан мурда перстердин өздөрүнүн салттык чарбалык кесиптеринин өзгөчөлүктөрүнө караганда, бул жерде жер айдоо дыйканчылыгын жана кургакчыл аймактардагы малчылыктын чарбалык-маданий тиби сакталып калган. Өлкөдө түздүктүү (бахтиарлар, каш-

кайлар, арабдар) жана тоолуу (курддар, лурлар) аймактардагы көчмөн жана жарым көчмөн малчылыктын чарбалык-маданий тиби болгон.

Көп сандаган элдик майрамдардын ичинен эң маанилүүсү жана шаңдуусу Жаңы жыл – Нооруз (Ноузур) майрамы. Нооруз беш күн бою майрамдалат. Ал фарвардин айынын биринчи күнүнө, же болбосо жазгы күн-түн теңелүүсүнө – 21-мартка туура келет. Бул күн жаз келип, жагымдуу жазгы аба ырайы түзүлгөн учур болуп саналат.

Нооруз майрамына карата үй-жайларын тазалашып, майрамдык тамак-аштарды даярдап, жаңы кийимдерди камдап, алдын-ала камынышат. Эски жылдын соңку шаршембисинде короолорго от жагышып, от үстүнөн секиришип, төлгө ачышат. Нооруз болор кечте фейерверк жасашат. Ноорyздун биринчи күнүндө ар ким өз үйүндө өз үй-бүлөсү менен майрамдайт. Нооруздук дасторкон хафт син деп аталат. Ал «жети С» дегенди билдирет. Дасторкондо персче аталышы «с» тамгасы менен башталган жети даамдын түрү болууга тийиш. Алар: алма, өндүрүлгөн буудай, чеснок, уксус ж.б. Экинчи күнү ата-энелерине барып куттукташат, кийинки күндөрү катыштарыныкына конокко барышат, же аларды коноктошот. Жашылча кошулган палоо бышыруу салтка айланган.

Ирандагы тарыхый эстеликтер улуттук энчи катары мамлекеттин коргоосуна алынган. Өлкөдөгү археологиялык жана этнографиялык музейлерде, элдик искусство музейлеринде, ошондой эле Голестан сарайында эң байыркы доордон бери келаткан эң баалуу буюм-тайымдар чогултулган.

Ирандын коомдук турмушундагы жылыштар жана экономиканын өнүгүшү агартуу, илим, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында белгилүү прогресске алып келди.

**Түркия Республикасы.** Түркия — дүйнө жүзүндөгү аймагы дүйнөнүн эки бөлүгүнөн: Европа менен Азиядан орун алган саналуу өлкөлөрдүн бири. Анын негизги бөлүгү — Анадолу (жалпы аянтынын 97%) Азияда жайгашкан. Ошондуктан Түркияны Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштагы азиялык өлкөлөрдүн катарына кошушат. Түркиянын европалык бөлүгү (тарыхый аталышы Чыгыш Фракия) — бул Балкан жарым аралынын эң четки түштүк-чыгыш бөлүгү.

Түркия Азияны Европа менен, Кара деңиз боюндагы өлкөлөрдү Жер Ортолук деңизинин боюндагы өлкөлөр менен бириктирүүчү тогуз жолдун тоомунда жайгашкан мамлекет. Түркиянын Мрамор деңизин жана Босфор менен Дарданелл

кысыктарын камтыган суу системасы Кара деңизди Дүйнөлүк океан менен бириктирүүчү эң маанилүү эл аралык байланыш түйүнү болуп саналат. Түркия аркылуу Азиянын көптөгөн шаарларын Европа менен туташтыруучу темир жол жана шоссе жол магистралдары өтөт.

Борбору — Анкара. Түркия парламенттик республика. Мамлекет башчысы — президент, парламент тарабынан 7 жылга шайланат. Өкмөт башчысы — премьер-министр президент тарабынан шайланат. Административдик жактан өлкө вилайеттерге, же илдерге бөлүнөт, алар илчелерге, илчелер буджактарга бөлүнөт. Эң төмөнкү административдик бирдик — мухтарлык бир-эки же бир нече майда айылдарды бириктирет.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Өнөр жай революциясынын жана капитализмдин өнүгүү доорунда Осмон империясында аскердик-феодалдык уюм жана феодалдык мамилелер сакталып калган. Бул анын артта калуусуна жана акыр-аягында кулоосуна себеп болгон. Түркия XIX к. карата мурдагы күч-кубаттуулугун жоготкон, ал эми XX к. башталышына карата империалисттик дөөлөттөрдүн жарым колониясына айланып калган.

Султандык Түркия биринчи дүйнөлүк согушка Германия тарабында катышып, жеңилип калгандан кийин Германиянын жарым колониясына айланган. Ал аз келгенсип, 1920-ж. Антанта дөөлөттөрү Түркияга оор тынчтык келишимин таңуулашкан. Натыйжада түрк эли куралдуу улуттук-боштондук күрөшкө чыккан. Түрк элинин 1919-ж. башталган улуттук-боштондук күрөшү 1922-ж. чейин созулган. Анын башкы идеологдору жана уюштуруучулары аскер кызматкерлери жана интеллигенция болгон. Аларды талanttуу аскер башчы **Мустафа Кемаль** жетектеген. Жеңишке жетишкен соң, 1923-ж. 29-октябрда түрк межлиси (парламент) Түркияны республика деп жарыялап, М. Кемалды президенттикке шайлаган. Мустафа Кемаль 1934-ж. Ататүрк — «түрктөрдүн атасы» деген ысымды алган. Ошондон кийинки чыгуулардын баары тең анын ысмы менен кемалчылар деп аталган. Түрктөрдүн интервенттерди жеңип чыгышында Совет өлкөсү чоң роль ойногон. 1925-ж. Түркиянын Коммунисттик партиясы түзүлгөн.



М. Кемаль.

1923-ж. Лозанна тынчтык келишими боюнча Антанта мамлекеттери Түркиянын аймактык бүтүндүгүн жана мамлекеттик көз карандысыздыгын таанууга мажбур болгон. 1923-ж. 29-октябрда Анкарада замбиректен 101 жолу ок атылган. Жаңы борбор жаңы республиканын жаралышын бүткүл дүйнөгө ушундайча жар салган.

Кемалдык революция империализмге эле каршы чыкпастан, феодалдык-клерикалдык тартипке да каршы багытталган. Бийликке келген улуттук буржуазия 20–30-жж. Түркиянын капиталисттик жол менен үзүрлүү өнүгүүсү үчүн шарт түзүүчү бир катар реформаларды жүргүзгөн. Султандык жана халифтик бийликтер жоюлган, чиркөө мамлекеттен ажыратылган, мусулмандык укук (шарият) заманбап укук системасы менен алмаштырылган. Чет өлкөлүк концессиялар жоюлуп, улуттук өнөр жайды түзүү чаралары көрүлгөн.

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Түркия фашисттик өлкөлөр үчүн ыңгайлуулукту түзгөн бейтараптык абалды сактаган. «Кансыз согуш» мезгили башталгандан тартып Түркияны өзүнүн СССРдин жана башка социалисттик өлкөлөрдүн чек араларындагы бастиону катары пайдаланууга умтулган америкалык империализм ага жакындай баштайт. Натыйжада Түркия НАТО жана СЕНТО агрессивдүү аскердик-саясий уюмдарына мүчө болуп кирип, түрк жеринде чет өлкөлүк аскер базалары түзүлөт.

1960-ж. мамлекеттик төңкөрүш 1850-ж. бери бийлик жүргүзүп келген Баяр-Мендерестин реакциячыл тартибин кулаткан. Өлкө жетекчилиги Батыш менен тыгыз аскердик-саясий кызматташ болуу менен бирге, башка бардык өлкөлөр менен дагы, баарынан мурда коңшу өлкөлөр менен алакалаш болууга ниеттенген саясий топтордун колуна өткөн. Натыйжада Түркиянын Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр менен мамилеси оңолуп, 1972-ж. Түрк Республикасы менен СССРдин ортосундагы ынтымактуу коңшулук мамилелер принциптери жөнүндө декларация кабыл алынган.

60–70-жж. Түркиянын ички саясатында түрк элинин толук улуттук эгемендүүлүк жана экономикалык өз алдынчалык үчүн, демократиялык укуктарды кеңейтүү жана материалдык жыргалчылыкты жакшыртуу үчүн антиимпериалисттик жана жалпы демократиялык кыймылы күчөгөн. 1971-ж. мартта армия жетекчилигинин саясатка кийлигишүүсүнүн натыйжасында өлкөдө конституциялык кризис пайда болгон. 1971–1973-жж. аскердик командачылыктын көзөмөлдүгү менен түзүлгөн өкмөт-

түк иш-аракеттер негизинен демократиялык кыймылды басууга багытталган. Солчул күчтөргө каршы жүргүзүлгөн репрессиялар өлкөдөгү саясий абалды курчуткан.

1973-ж. октябрда өткөрүлгөн парламенттик шайлоолор өлкөнү башкаруунун конституциялык формаларына кайткандыгын далилдеген. Ошентсе да буржуазиялык-помещиктик партиялардын ортосундагы бийлик үчүн күрөштүн натыйжасында ички саясий абал оордогон. 1977-ж. парламенттик шайлоодон кийин деле өлкөдөгү саясий абал оңолгон эмес.

Түрктөрдүн материалдык жана руханий маданиятында, каада-салттарында жана үрп-адаттарында түрк урууларынын, мусулмандардын, жергиликтүү кичи азиялыктардын каада-салттары жана европалык жаңы салттар айкалышып турат.

Суроолор:

1. Түштүк-Батыш Азия өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрүндө кандай айырмачылыктар бар?
2. Афганстандын азыркы абалы кандай?
3. Ирандын маданиятынын өзгөчөлүктөрү кандай экен?
4. Түркиянын тарыхында Мустафа Кемаль Ататүрк кандай роль ойногон?
5. Азыркы учурда Түркия менен Кыргызстандын өз ара мамилеси кандай?

## § 22. Сирия. Ливан. Иордания. Ирак

**Сирия Араб Республикасы** 1516-ж. тартып биринчи дүйнөлүк согуш бүткөнгө чейин Осмон империясынын курамында болгон.

1920–1943-жж. Сирия Франциянын мандатынын астындагы аймакка кирген. Сириялыктардын 1925–1927-жж. улуттук-боштондук күрөшү жалпы элдик антиимпериалисттик көтөрүлүшкө чейин өсүп жеткени менен, француз колониячылары тарабынан ырайымсыз түрдө басылган. Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышында Сирия фашисттик өлкөлөрдүн көзөмөлдүгү астында болуп калат. 1941-ж. жайында анын аймагына Англия менен Франция басып кирген. Ошол эле жылы ноябрда улуттук-боштондук кыймылдын күч алышынын натыйжасында француздук аскер бийлиги Сириянын көз карандысыздыгын таанууга аргасыз болгон. Ошентип 1943-ж. тунгуч улуттук өкмөт түзүлгөн. 1946-ж. 17-апрелде өлкөдөн акыркы чет өлкөлүк аскерлер чыгарылган. Бул күн Сирияда «Эвакуация күнү» делип белгиленет.

1958-ж. февралда Сирия менен Египет Бириккен Араб Республикасы (БАР) болуп биригишкен. Бирок 1961-ж. күзүн-

дө Сирия анын курамынан чыгып, өз алдынча Сирия Араб Республикасы (САР) болуп аталып калган. 1963-ж. 8-мартта бийликке 1947-ж. түзүлгөн *Арабдык социалисттик кайра жаралуу партиясы* (*Баас*) келген. 1966-ж. февралда анын солчул канаты бийликке келгенден тартып сириялык өкмөт буржуазиялык-помещиктик чөйрөлөрдүн ой-максаттарына жана чет өлкөлүк капиталдын киргизилишине каршы, жалпы элдин абалын жакшыртууга багытталган бир катар прогрессивдүү социалдык кайра курууларды ишке ашырган.

1967-ж. 5-июнда Израил Сирияга каршы агрессиясын баштап, Голан дөбөсүн басып алган. 1973-ж. октябрда Сирия менен Израилдин ортосунда дагы согуштук кагылыштар болгон. 1974-ж. Сирия-Израил фронтундагы аскерлерди эки жакка бөлүп кетүү жөнүндө макулдашууга ылайык, сириялык аймактын бир аз бөлүгү Сирияга кайтарылып берилген. Сирия эли Израил оккупациялап алган жерлерин толугу менен кайтарып алуу үчүн, Палестинадагы араб элинин мыйзамдуу укуктарын сактоо үчүн, Жакынкы Чыгышта адилеттүү жана бекем тынчтык орношу үчүн каармандык менен күрөшүүдө.

Сириялыктар өздөрүнүн улуттук каада-салттарын өтө урматташат, элдик чыгармачылыкты жакшы көрүшөт. Ошону менен бирге Европанын таасиринин күч алып баратканы байкалат.

**Ливан Республикасындагы** капиталисттик мамилелер XIX к. калыптана баштаган. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, англиялык жана француздук өкмөттөрдүн Сайкс-Пико макулдашуусу деп белгилүү болгон жашыруун бүтүмү боюнча, Ливанды Франция оккупациялап алып, мандатарий өлкөсүнө айландырган.

Бул өлкөнү экономикалык жана саясий жактан толук көз каранды кылууну көксөгөн француздук администрация христиандык буржуазияга таянууга аракет кылган. Бирок коомдун бардык катмарында, бардык диний жамааттарда көз карандысыз болууга умтулуу сезими андан күчтүү болгон. Ошентип, ливандыктардын бир катар антиколониялык чыгууларынын натыйжасында Франция чегинүүгө мажбур болгон. 1943-ж. 22-ноябрда Ливан көз карандысыз республика болуп жарыяланган.

**Иордан Хашимит Королдугу.** Иордания XVI к. башынан тартып биринчи дүйнөлүк согуш бүткөнгө чейин Осмон империясынын бийлигиндеги Дамаск вилайетинин курамында болгон.

Биринчи дүйнөлүк согушта жеңип чыгышкан империалисттик дөөлөттөр Осмон империясынын жерин бөлүштүргөндө, Трансиорданияга ээлик кылуу мандаты Англияга тийген. Англияны Трансиорданиянын дүйнөлүк коммуникациянын эң маанилүү звенолорунун бири, эбегейсиз зор араб дүйнөсүнүн азиялык бөлүгүнүн чордонундагы Суэц каналына жакын жайгашкан стратегиялык абалы кызыктырган. Тансиорданияда бекем орун-очок алуу Англиянын Египетке жана Палестинага, Иракка жана Персия булуңундагы княздыктарга көзөмөлдүк кылуусун күчөтүүгө, француздук мандаттагы Сирия менен Ливанга таасир этүүсүнө онтойлуу болгон. Ошентип көз каранды Трансиордания эмирлигине Хашимиттер династиясынан чыккан Абдаллах эмир болуп калат. Англиялык мандаттык башкаруу жылдары өлкөнүн тарыхындагы эң оор мезгил болгон. Эмирликтеги бир катар антиимпериалисттик чыгуулардын жана улуттук-боштондук күрөштөрдүн натыйжасында империалисттик Англия 1946-ж. жана 1948-ж. эрксиз келишимдер боюнча өз мандатынан баш тартууга аргасыз болуп, Трансиорданияга формалдуу көз карандысыздыкты берген.

Палестинадагы 1948–1949-жж. араб-израил согушунан кийин жана 1950-ж. апрелде Палестинанын чыгыш бөлүгү Иорданияга кошулган. 1950-ж. апрелде Трансиорданияга Иордан дарыясынын Батыш жээгиндеги аймактар кошулуп, өлкө Иордан Хашимит Королдугу деп аталып калган. 1948-ж. тең укуксуз келишим 1956-ж. аягында гана, бийликте Улуттук фронттун өкмөтү турган кезде жоюлган. 1957-ж. тартып Иорданиядагы бардык саясий партиялар мыйзамсыз болуп калган.

1962-ж. Иорданиянын тышкы саясатында бир кыйла жылыштар болгон. Бир катар өлкөлөр менен дипломатиялык байланыштар түзүлүп, маданий жана илимий, экономикалык жана техникалык жана аба байланышындагы кызматташуулары чыңдалган.

1967-ж. июнда Израил Иордан дарыясынын Батыш жээгин оккупациялап алган. 5,9 миң *км*² түзгөн бул аймак жана Палестинанын ага канаатташ жаткан аймактары, БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1947-ж. 29-ноябрындагы резолюциясына ылайык, араб мамлекетинин аймагын түзмөк, тилекке каршы, израилдик агрессиясынын натыйжасында андай болгон жок.

1970- жана 1971-жж. Иорданиянын аймагынан Израилге каршы күрөш жүргүзүп жаткан палестиналык партизандар менен өкмөттүк аскерлердин ортосунда куралдуу кагылыштар болгон. Мындай өзүн өзү кыргынга учураткан кагылыштар көп-

чүлүк араб өлкөлөрүнүн башчыларынын кийлигишүүсү менен токтотулганына карабастан, согуштук операциялардын натыйжасында палестиналык партизандардын Иорданиянын аймагындагы базаларынын баары жок кылынган.

Иордания өкмөтүнүн бир катар маселелер боюнча тышкы саясий багыты негизинен Батыштын, баарынан мурда, АКШ жана Англиянын позициялары менен аныкталат. Батыш өлкөлөрү менен өз ара мамилелешүүдө экономикалык факторлор да чоң роль ойнойт. Иордан Королдугу жаңы түзүлгөн кезде эле англиялык казынадан субсидияларды алат. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШдан экономикалык жардам алган. Ошондой болсо да, Иордан өкмөтү, эреже катары, жалпы арабдык таламдарга жооп берүүчү тышкы саясий багытты карманат.

Иорданиянын аймагы, айрыкча ал 1950–1967-жж. көзөмөлдөп турган, андан соң анын Израил оккупациялап алган Батыш жээги дүйнөлүк маданияттын эң байыркы очокторунун бири.

Иордания Хашимит Королдугунун калкы отурукташкан жана көчмөн болуп эки топко бөлүнөт. Алардын ортосундагы өтмө топту жарым көчмөндөр түзөт.

Иорданиянын аймагында бул өлкө байыркы заманда эле эң жогорку маданияттуу өлкө болгондугун даңазалаган көп сандаган тарыхый эстеликтер бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Алар — б.з.ч. I к. 30-жж. курулган Геркулес храмынын жана цитаделдин урандылары, бийик дөбөнүн бооруна курулган 6000 орундук зор Рим амфитеатры. Азыр бул амфитеатрдын байыркы таштары кайрадан жаралгандай болду, анткени анда ар кандай оюндар көрсөтүлүп турат.

**Ирак Республикасы.** Ирак XVI к. аягынан тартып биринчи дүйнөлүк согуш бүткөнгө чейин дээрлик 400 жыл бою осмон-түрктөрдүн үстөмдүгү астында болгон. Ошол эле мезгилде жергиликтүү жана түрк феодалдарынын эзүүсүнө батыш европалык дөөлөттөрдүн, өзгөчө Англиянын, экспансиясы кошулган. Ошентип XIX к. ортосунда Ирак Англиянын жарым колониясына айланган.

Иракка толук ээлик кылууну көздөгөн Англия дүйнөлүк согуштун алгачкы жылдарында иракттык арабдардын түрктөргө каршы улуттук-боштондук күрөшүнө колдоо көрсөтө тургандыгын жарыялаган. Бул дүйнөлүк согушта Түркия жеңилип калгандан кийин Англия 1920-ж. Улуттар лигасынын Ирак-ты башкарууга укуктуулугун ырастаган мандатын алган. Бирок буга каршы өлкөдөгү жалпы эл көтөрүлүп чыккандыктан, 1921-ж. Хашимиттер династиясы башкарган Ирак Королду-

гун түзүүгө аргасыз болгон. Ал эми 1922-ж. Улуттар лигасынын мандаты «союздук» келишим катары каралып, англдар Ирактын орчундуу экономикалык жана аскердик-саясий позицияларын тейлөө укугуна ээ болгон. Мындай абал 1932-ж. улуттук-боштондук кыймылдын кысымы астында Англия Ирак Королдугуна көз карандысыздыкты бергенден кийин да сакталып калган.

Ирактын аймагы Улуу Британиянын батышта Чыгыш Африкадан тартып, чыгышта Малайяга чейинки эбегейсиз зор колониялык ээликтерин бириктирип туруучу борбордук звено катары кызмат кылган. Ошентип, Ирак анын аскердик-аба базалар тармагынын стратегиялык плацдармына айланган. Англиялык империалисттер бул плацдармды ушул чөлкөмдөгү башка өлкөлөргө басып кирүү үчүн пайдаланууга аракет кылышкан. Советтик Закавказьеге каршы багытталган генерал Денстервилдин англиялык аскердик экспедициясы 26 бакулук комиссарды жырткычтык менен өлтүргөнү буга мисал болот.

Англиялык колониячылар королдук бийлик тартибине жана ири феодалдарга таянган. Алар курддар менен ассириялыктардын, сунниттер менен шииттердин ортосунда улуттук жана диний араздашууларды жараткан чыр-чатактарды чыгарып турушкан. Боштондук кыймылдар британиялык оккупанттар жана эл арасында «Улуу урматтуу арабдар» деген атка конгон феодалдык-монархиялык башкаруучулар тарабынан ырайымсыздык менен басылып турган.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Ирактын феодалдык-монархиялык башкаруучу төбөлдөрү өлкөнү агрессивдүү Багдад пактысын түзүүгө кириптер кылган. Ошондой болсо да өлкөдө ирак элинин англиялык жана жаңыдан башталган америкалык экспансияга каршы күрөшү күчөгөн. Элдик улуттук-боштондук кыймылга улуттук буржуазиянын жана армиялык офицерлердин айрым бөлүктөрү да кошулган, бир нече көтөрүлүштөр болгон. 1957-ж. өлкөнүн патриоттук күчтөрүнүн өкүлдөрүн бириктирген Улуттук биримдик фронту түзүлгөн. Ошентип, 1958-ж. 14-июлда антиимпериалисттик жана антифеодалдык революция ишке ашкан. Реакциячыл королдук өкмөт кулатылып, Ирак республика болуп жарыяланган. Революциянын башкы кыймылдаткыч күчү кеңири патриоттук чөйрө болгон.

Ирактын тунгуч республикалык өкмөтү бир катар прогрессивдүү иш-чараларды жүзөгө ашырган: позитивдүү бейтараптык саясат жарыяланган, Багдад пактысына катышуудан баш тарткан, Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр менен

достук мамилелер түзүлгөн, өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү планы жана агрардык реформаны жүргүзүү мыйзамы кабыл алынган.

1958-ж. Ирак революциясы империализмдин стратегиялык планына жана анын Жакынкы Чыгыштагы нефти монополияларына каршы катуу сокку урган.

1963-ж. февралда бийликке Баас партиясы (Арабдык социалисттик кайра жаралуу партиясы) келген. А бирок, ал ошол эле жылдын ноябрь айында аскердик топтун күчү менен бийликтен четтетилген. 1968-ж. июлда Арабдык социалисттик кайра жаралуу партиясы кайрадан бийликке келген. Жаңы өкмөт прогрессивдүү социалдык-экономикалык кайра курууларды ишке ашыруу жана антиимпериалисттик тышкы саясатты жүргүзүү, Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр менен кызматташтыкты өнүктүрүү жолуна түшкөн.

Агрардык реформа боюнча жаңы мыйзам кабыл алынган, эмгек мыйзамы ишке киргизилген. Мамлекеттештирүүнүн натыйжасында өлкөдөгү бардык нефти өндүрүү өнөр жайы өкмөттүн көзөмөлдүгүнө алынган.

1972-ж. ирактык-советтик Достук жана кызматташтык жөнүндө келишим түзүлгөн. 1973-ж. курамына Баас партиясы жана Ирак компартиясы кирген Прогрессивдүү улуттук-патриоттук фронт түзүлгөн.

**Маданияты.** Ирактын материалдык жана руханий маданияты — б.з.ч. IV к. тартып Месопотамия жергесинде бирин-бири алмаштырып келген көптөгөн цивилизациялардын мураскери. Ошондуктан Түштүк-Батыш Азиядагы көптөгөн башка өлкөлөр сыяктуу эле Ирак Республикасы — адамзаттын маданий өнүгүүсүнүн эң байыркы очокторунун бири.

Өлкөдө мусулмандык диний майрамдардын баары тең: Мухаммед пайгамбардын туулган күнү, орозо айт (ид-аль-фитр), курман айт (ид-аль-адха) белгиленет. Ошондой эле исламга чейинки ырым-жырымдар: Нооруз, талаа жумуштарынын башталышы, кыркын ж.у.с сакталып калган. Ошону менен бирге эле жаңыча улуттук майрамдар да белгиленет: Республиканын күнү, Эмгек майрамы, Армиянын күнү.

Ирак дөөлөтү байыртадан эле көркөм кол өнөрчүлүгү: темирге чегилген оюу-чийүүлөрү, оймо түшүрүлгөн сафьян жана жүн буюмдары, түстүү айнектери, оймолонуп коодолгон чопо жана жыгач буюм-тайымдары, идиш-аяктары менен даңкталып келген өлкө. Багдад, Мосул жана Басра шаарларындагы ак

сарайлардын, мечиттердин, күмбөздөрдүн жана башка имараттардын маңдайкы беттеринин оймолонуп кооздолушу дүйнөлүк көркөм сүрөт өнөрүнүн баа жеткис үлгүлөрүнөн болуп саналат. Арийне, бул оймолонгон көркөм кооздуктардан ирандык үлгүлөрдүн таасири байкалып турат.

Ирак Республикасындагы социалдык-экономикалык өнүгүүлөр, баарынан мурда, билим берүү тармагындагы реформалар, калктын маданий деңгээлинин жогорулашын тездетти. Калктын жапырт сабатсыздыгына, диний көз караштын үстөмдүгүнө, дин кызматкерлеринин жигердүү каршылыгына карабастан, бир кыйла ийгиликтер болгон.

1958-ж. революциядан кийин мурда тыюу салынып келген гезит-журналдар кайрадан чыгарыла баштаган жана Ирак Жазуучулар союзу түзүлгөн. Мындан 1000 жылдан ашуун мезгил мурда, Аббасиддердин доорунда, Басрага жакын жердеги Марбат оазисинде араб дүйнөсүнүн акындары чогулуп, өздөрүнүн поэмаларын — *касыддарын* — окушчу. Эми ошол байыркы салт кайрадан жаңыртылып, поэзия фестивалдары өткөрүлө баштаган.

Күрөш, таамай атуу, ат чабыш жана чуркоо эң байыркы замандан бери эле ирактык арабдардын улуттук спорт оюндары болуп саналат. Өлкөдө спорттун заманбап түрлөрүн өнүктүрүүгө зор көңүл бурулат.

Суроолор:

1. Сирия, Ливан, Иордания жана Ирак мамлекеттеринин жайгашкан ордун картадан көрсөтүп бергиле.
2. Сирия, Ливан, Иордания жана Ирак мамлекеттеринин ортосунда кандай окшоштуктарды байкадыңар?

## § 23. Сауд Арабстаны. Йемен. Оман. Бириккен Араб Эмирлиги. Бахрейн

**Сауд Арабстаны** Арабия жарым аралынын дээрлик $^2/_3$ бөлүгүн, Кызыл деңизди жана Персия булуңун бойлото жайгашкан бир катар аралдарды ээлейт. Түндүгүнөн Иордания, Ирак, Кувейт менен, түштүгүнөн жана түштүк-чыгышынан Йемен Араб Республикасы, Йемен Элдик Демократиялык Республикасы, Оман, Бириккен Араб Эмирлиги жана Катар менен чектешет. Ирак Республикасы менен Бейтарап зона (биринчи дүйнөлүк согуштун натыйжасында түзүлгөн) деп аталган чакан аймак аркылуу чектешип турат. Сауд Арабстанын чыгышынан

Персия булуңу, батышынан Кызыл деңизи чулгап жатат. Калкынын басымдуу көпчүлүгү арабдар. Алардын жарым-жартылайы көчмөндөр. Борбору — Эр-Рияд шаары.

Сауд Арабстаны — абсолюттук теократиялык монархия. Мамлекет башчысы — король. Мыйзам чыгаруу бийлиги да, аткаруу бийлиги да королдун колунда. Ошондой эле мамлекеттин диний төбөлү да король. Өлкө администрациялык жактан Нежд, Хижаз, Асир жана Чыгыш деп аталган төрт провинцияга бөлүнөт.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Сауд Арабстанынын аймагы — араб урууларынын тарыхый Ата Мекени. Бир катар окумуштуулардын пикирлери боюнча, бул арабдар батыштагы негроид жана чыгыштагы австралоид расаларынын байланыштыргыч звеносу болуп саналат. Анткени алар ушул чөлкөмдөгү уруулардын баарын ассимиляциялап алышкан.

Сауд эмирлеринин бийлигинин аймагы XIX к. бирде кичирейип, бирде кайрадан чоңоюп, кээде жоюлуп кетип турган. XX к. башынан тартып түрк баскынчыларына каршы күрөш кайрадан күч алган. Түрктөргө жана англдарга каршы күрөштүн күч алышынын натыйжасында нежддик Сауд эмирлери Түндүк жана Борбордук Арабияны бириктирип алышкан. Улуттук көз карандысыздык үчүн күрөштө алар өзгөчө диний уюм болгон *ихвандар* (*«бир туугандар»*) *кыймылына* таянышкан. Ихвандардын башында эмир өзү турган. Ихвандардын өтө бекем биримдиктеги күчтүү армиясынын жардамы менен Сауддар 1920-ж. Тоолуу Асирди, 1921-ж. Жебель Шаммарды, 1926-ж. Хижаз менен Асирди ээлеп алышкан. Натыйжада 1932-ж. Арабдык Сауд королдугу түзүлгөн. Ошол эле учурда мамлекетти борбордоштуруу чаралары көрүлгөн: көчмөн уруулар провинциялардын губернаторлоруна баш ийдирилген, уруулук укук нормаларынын ордуна шарият киргизилген, атылуучу ок-дарыларга мамлекеттик монополия орнотулган ж.б.

Борбордошкон феодалдык Арабдык Сауд королдугу башка араб өлкөлөрүндө феодалдык экономикалык жана саясий мамилелер жоюлуп жаткан учурда түзүлгөн. Арабстандын өнүгүү шартында бул прогрессивдүү тарыхый көрүнүш болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Сауд Арабстанында нефтинин мол запасынын ачылышы анын америкалык монополиянын экспансиясынын объектисине айландырган. 30-жж. бул өлкөдө америкалык нефти компаниясы түзүлгөн.

Сауд Арабстанынын феодалдык жана жарым феодалдык артта калуусунун шартында өлкөнүн калкынын басымдуу бө-

лүгү чөлдүк көчмөн малчылардын байыркы чарбалык-маданий тибин сактап калган.

Арабстандагы жүз жылдап созулган солгундоонун кесепетинен улуттук руханий маданиятта XX к. 60-жж. чейин башкы орунду бедуин фольклору гана ээлеп келген. Музыкалык аспабы — рабаб. Элдик көркөм өнөр чыгармачылыгында күмүштү же жезди чегүү, териге ныгыра басып наар түшүрүү, жыгач оюулары, килем токуу жана саймачылык өнүккөн.

Араб адабиятынын башаты эрте орто кылымдарда жаралган. Проза жанрынын алгачкы үлгүсү болгон «Куран» VII к., Имруль-Кайс, алгачкы поэзиялык чыгармалар — *касыддар* — VIII к. жазылган. Ошентип сауддук араб адабияты жаңы мезгилдин аягына чейин өзүнүн архаикалык үлгүсүндө кала берген. XX к. 20-жж. Хижазда салттуулукка каршы турушкан жаш адабиятчылардын тобу түзүлгөндөн баштап гана өзгөрүүлөр боло баштаган. XX к. 70-жж. тартып башталгыч (куттаб) жана орто билим берүү иши жөнгө салынган.

**Ички айырмачылыктары жана шаарлары.** Сауд Арабстаны географиялык, социалдык-экономикалык жана тарыхый факторлорунун өзгөчөлүктөрү боюнча үч аймакка бөлүнөт: Чыгыш, Борбордук жана Батыш.

Персия булуңундагы Эль-Хаса деген ойдуңдуу түздүктү ээлеген **Чыгыш аймагы** бир кыйла өнүккөн өнөр жайлуу аймак. Бул аймакта Сауд Арабстанынын нефти жана жаратылыш газы кендеринин дээрлик бүткүл запастары жайгашкан. Дүйнөдөгү эң зор Гавар жана ушул шельфтеги эң зор Сафания нефти талаалары ушул аймакта иштетилет.

**Батыш аймагы** Кызыл деңизди бойлото созулуп жаткан Тихаму түздүктүү тилкесин жана Хижаз тоо кыркаларын камтыйт. Хижаз тоо кыркалары түштүктү карай бийиктеп отуруп, Йемен менен чектешкен жериндеги чокулар деңиз деңгээлинен 3500 м бийиктикке чейин жетет. Батыш аймагынын түштүк бөлүгү Асир деп аталат. Асир өлкөдөгү жери жасалма сугатсыз иштетилген бирден-бир чөлкөм. Аймактын түндүк-батыш тарабында Кызыл деңиздин боюнда өнөр жай өндүрүшүнүн борбору Жидда шаары жайгашкан. Жидда — Сауд Арабстанынын дипломаттык борбору.

Өлкөнүн батышындагы экинчи ири шаар — Мекке — бүткүл дүйнө жүзүндөгү мусулмандардын ыйык туткан борбору. Ал деңиз жээгинен 77 *км* алыстыкта, деңиз деңгээлинен 280 *м* бийиктикте жайгашкан. Мекке шаары Хижаз провинциясынын административдик борбору. Тогуз жолдун тоому

болгон бул шаарда ислам дининин негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбар төрөлгөн. 630-ж. бери исламдын диний борбору болуп саналат. Меккеде жалпы мусулмандар эң ыйык туткан Кааба мечити (арабча, «куб», төрт чарчы дегенди билдирет) жайгашкан. Каабанын чыгыш тарабындагы дубалдарынын бирине метеориттик кара таш орнотулган. Ага арабдар исламга чейинки мезгилден бери эле сыйынып келишкен. Кааба мечити — сегиз мунаралуу көгүлжүн түстөгү заңгыраган бийик имарат. Ал 160 миң $м^2$ аянтты ээлейт. Кааба мечитинин короосунда суусу укмуштуудай даамдуу ыйык Зем-зем булагы агат. Мечит 300 миң сыйынуучу сыйгыдай көлөмдө салынган. Мекке – диний буюм-тайымдар: коралл жана пластмасса теспелер, атайын кийим-кечелер, ыйык китептер сатылган, гүлдөгөн соода-сатык борбору.

Сауд Арабстанынын түндүк-батышында жайгашкан Медина — мусулмандардын Меккеден кийинки ыйык шаары. Анын арабча толук аталышы — Медина-Рам-эль-Алла, же Медина-эн-Наби, т. а. «пайгамбардын шаары». 622-ж. чейин ал Ясриб (Ятриб) деп аталчу. Мединада Мухаммед пайгамбардын чоң мечити бар. Анын ээлеген аянты 163 миң $м^2$. Ал мечит пайгамбар көз жумган үйдүн ордуна салынган деген кеп бар. Мечитте Мухаммед пайгамбардын жана алгачкы араб халифтеринин табыттары коюлган. 1961-ж. Мединада дүйнөдөгү бардык мусулман өлкөлөрүнөн келген студенттер окуй турган Ислам университети ачылган.

Шаар тургундарынын басымдуу бөлүгү диний буюм-тайымдарды өндүрүшөт, соода-сатык кылышат, сыйынууга келгендерди тейлешет. Калган бөлүгү бакчылык жана огородчулук менен кесиптенишет.

Ыйык Мекке жана Медина шаарларына мусулмандар гана киргизилет.

**Йемен Республикасы** Арабия жарым аралынын түштүк-батыш тарабында жана Кызыл деңиз менен Инди океанынын бир катар аралдарында (эң ириси — Сокотра) жайгашкан.

Йемен Республикасы түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан Сауд Арабстаны менен, түштүгүнөн жана түштүк-чыгышынан Оман менен чектешет. Батыш тарабынан Кызыл деңиз, түштүгүнөн Арабия деңизинин Аден булуңу чулгап жатат. Борбору — Сана шаары. Мамлекеттик түзүлүшү — республика. 1990-ж. Йемен Араб Республикасы менен Йемен Элдик Демократиялык Республикасы бириктирилип, Йемен Республикасы түзүлгөн. Аткаруу бийлиги Президенттик Кеңешке жана Премьер-министр башында турган Министрлер Кеңешине, Мыйзам

чыгаруу бийлиги бир палаталуу парламентке — депутаттар палатасына таандык.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XVIII к. аягында Түштүк Арабиянын жээктеринде англиялык Ост-Инди компаниясынын кемелери пайда болгон. Ошентип, 1802-ж. англдар Аденге ээлик кылып турган Лахж султаны менен шаарга кирүү жөнүндө келишим түзөт. Ошондон тартып Аден «англиялык кемелер тартып келген товарлар үчүн ачык портко» айланат. 1839-ж. Ост-Инди компаниясынын чөгүп кеткен кемесин талап-тоноону шылтоо кылган англдар Аденге өз аскерлерин түшүрөт да, аны колонияга айландырып алат.

1872-ж. Суец каналынын ачылышы менен өлкөнүн түндүгүн кайрадан түрктөр басып алган. Ошондон тартып биринчи дүйнөлүк согуш бүткөнгө чейин ал эркин тоолуктар менен осмон баскынчыларынын ортосундагы тайманбас күрөш майданына айланган.

1918-ж. Осмон империясы кулагандан кийин гана Түндүк Йемен көз карандысыздыкка ээ болуп, зейдит имамы Яхья (1904-ж. шайланган) король титулун алган. Йемен 1945-ж. Араб өлкөлөрүнүн лигасына, 1947-ж. Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУ) мүчө болуп кирген.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Түштүк Йеменде демократиялык идеялардын таасири жогорулап, улуттук-боштондук күрөш күч алган. 1959-ж. Англия өзүнүн саясий позициясын чыңдаш үчүн марионеттик Түштүк Арабия Федерациясын түзгөн. Ага 1962-ж. Аден да кирген.

1963-ж. өлкөдө куралдуу көтөрүлүш башталат да, англдарга көз каранды султандыктардын баары биринин артынан бири боштондукка чыга баштайт. Натыйжада 1967-ж. 29-ноябрда англиялык резиденциянын флагштогуна республиканын туусу орнотулат. Ал эми 30-ноябрда Аденде жаңы көз карандысыз мамлекет – Түштүк Йемен Элдик Республикасы жарыяланат. 1970-ж. ал Йемен Элдик Демократиялык Республикасы (ЙЭДР) болуп аталып калат. Ошентип, 1967-ж. чейин аймагында Улуу Британияга көз каранды эмирликтер, султандыктар жана шейхтиктер жайгашкан Түштүк Йемен көз карандысыз, эгемендүү өз алдынча мамлекетке айланат.

1975-ж. ЙЭДРдин үч прогрессивдүү партиясы биригип, бирдиктүү саясий уюмду — Улуттук фронтту, анын базасында 1978-ж. октябрда Йемен социалисттик партиясын түзгөн.

80-жж. эки өлкөнүн ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүп, натыйжада 1990-ж. 21-майда бирдиктүү бир мамлекет — Йемен Рес-

публикасы түзүлгөн. Конституциялык монархиянын ордуна республикалык түзүлүш орногон.

Йемен Республикасы — контрасттуу өлкө. Республиканын батыш бөлүгү чыгышынан абдан айырмаланып турат. Өлкөнүн борбору Аден шаары өлкөнүн жалпы фонунан өнүккөн өнөр жайы менен өзгөчөлүп турат. Мында өнөр жай өндүрүшүнүн 80%ы, эл аралык маанидеги транспорт түйүнү жайгашкан. Аден бири-биринен окчунураак жайгашкан конуштардан турат. Шаардын байыркы борбордук бөлүгү Кратер башка бөлүктөрүнө салыштырмалуу кыймылдуу келет. Анда өкмөттүк мекемелер жана банктар жайгашкан.

Өлкөнүн чыгыш аймагында орто кылымдарда пайда болгон Шибам, Тарим жана Сайвун шаарлары жайгашкан. Аден булуңунун бухталарынын биринде, Аль-Кара тоолорунун этегинде Аденден кийинки чоңдуктагы Эль-Мукалла шаары созулуп жатат. Африка материгинин үзүндүсү болгон тоолуу Сокотра аралдары Эль-Мукалла шаарына жакын аралыкта жайгашкан. Сокотра аралдарынын тургундары аралаш кандуулар. Анткени бул аралда ар кайсы мезгилдерде гректер, индустар, португалдар, сомалилер, арабдар жашашкан. Ошондуктан аларды кайсы бир этностук топко кошуу кыйын. Аралдын борбордук бөлүгүндө көчмөндөр жашайт. Аларда уруулук-уруктук түзүлүш сакталып калган. Калкынын түс-келбеттери да ар түрдүү: өрөөндө жашагандар кара торусунан келип, жапалдаш бойлуу, деңиз жээктеринде — кара жүздүү негроиддер, тоолуктар болсо узун бойлуу, ак жуумал келишет. Алар ар түрдүү тилдерде сүйлөшөт. Аялдары көз карандысыз абалда жашашат. Буларга кошумча алардын учурашуусун айта кетүүгө болот. Жакын адамдар жолугушканда бири-бири менен оң колдорун кармашып, анан мурундарынын учтарын тийгизип учурашышат. Өбүшүп учурашканга барабар болгон мындай учурашуу Чыгыш Арабиянын айрым султандыктарында да кездешет.

**Оман султандыгы** (1970-ж. августуна чейин Оман имамдыгы жана Маскат султандыгы) Арабия жарым аралынын түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Мусандам жарым аралынын түндүк четинде султандыктын өлкөнүн негизги аймагынан бөлөк жайгашкан чакан аймагы бар. Андан тышкары, Араб деңизиндеги Масир аралы да Оманга тиешелүү. Оман султандыгы түндүгүнөн Бириккен Араб Эмирлиги, түндүк-батышынан — Сауд Арабстаны, батышынан — Йемен Республикасы менен чектешет. Борбору — Маскат шаары. Мамлекеттик түзүлүшү — абсолюттук монархия. Мамлекеттин жана өкмөттүн башында султан турат. Мыйзам чы-

гаруу бийлигин Улуттук жыйын жүргүзгөнү менен, мыйзам чыгаруу бийлиги да, аткаруу бийлиги да султандын колунда. Оман азыркы кезге чейин деле орто кылымдардагыдай феодалдык өлкө бойдон калууда. Султандыктын өкүмдарлары аны XXI к. таасиринен коргоп келишет. Ошентсе да, Омандын экономикасында жана маданиятында кандайдыр бир өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы байкалат.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** 1798-ж. Англия Оманга өлкөнү кулга айландыргыдай шарттагы тең укуксуз келишимди тануулаган. XIX к. экинчи жарымында Оман британиялык протекторат болуп жарыяланган. 1920-ж. Англиянын омандык көтөрүлүшчүлөргө каршы жүргүзгөн жети жылдык согушу ийгиликсиз аяктап, акырында Оман имамдыгынын көз карандысыздыгын тааныган Сиб келишимине кол койгон.

Оманда нефти кендери ачылгандан кийин 1955-ж. Маскат султандыгынын жардамы менен Англия Оман имамдыгына каршы интервенциясын баштаган. 1957-ж. баскынчыларга каршы жалпы эл көтөрүлгөн. Боштондук кыймылы 1965-ж. өзгөчө күчөп, Дофар платосунда Элдик фронт жетектеген партизандык кыймыл жайылган. Жалпы элдик кыймылды басууга күчү жетпей калган Англия 1970-ж. реакциячыл султан Саид ибн Теймурдун ордуна анын уулу Кабустун султан болуусуна көмөктөшөт. Султан Кабус Маскат султандыгын жана Оман имамдыгын бириктирген. 1971-ж. Оман султандыгы Араб өлкөлөрүнүн лигасына жана БУУга мүчө болуп кирген.

Омандын жаратылыштык-климаттык шарты Йемендикине окшош болгондуктан, калкы да өзгөчө Дофар провинциясынын тургундары, йемендиктердей эле түштүк азиялык жана чыгыш африкалык таасирге тушуккандыктан, улуттук материалдык жана руханий маданияты да окшошуп кетет.

1970-ж. кийин Оманда билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактары өнүгө баштаган. Бирок ал өзгөрүүлөр элдин муктаждыктарын толук канааттандыра элек. Азыркы учурда Оман султандыгы начар өнүккөн араб өлкөлөрүнүн катарында.

**Бириккен Араб Эмирлиги.** БАЭ — Абу-Даби, Дибай (Дубай), Шаржа, Ажман, Умм-эль-Кайвайн, Рас-эль-Хайма, Эль-Фужайра деген 7 эмирликти бириктирген федерация — Арабия жарым аралынын чыгыш тарабында, Перс жана Оман булуңдарынын жээктеринде жайгашкан. Батышынан жана түштүгүнөн Сауд Арабстаны жана Оман менен чектешип турат. БАЭнин аймагына Перс булуңундагы аралдар (Дальма, Эль-Ясат ж.б.) да кирет. Федерациянын борбору — Абу-Даби шаары. Аткаруу

бийлиги президентке, ошондой эле Башкаруучулардын Жогорку Кеңешине таандык. Мыйзам чыгаруу бийлигин бир палаталуу Федерациянын Улуттук Кеңеши ишке ашырат.

БАЭ — феодалдык калдыктар катуу сакталып калган жана капиталисттик элементтери бар өнүгүп келаткан өлкө. Абу-Дабиден башка эмирликтердин баары тең абсолюттуу монархиялар.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** БАЭнин байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы Омандын тарыхы менен бирдей. Анткени бул эмирликтер Омандан XIX к. башында бөлүнүп чыгышкан. Англиялык Ост-Инди компаниясына каршы куралдуу күрөштөрү үчүн англдар бул эмирликтерди «жапайылардын жээги» деп аташчу.

1820-ж. жергиликтүү өкүмдарлар (Эль-Фужайра эмиринен башкасы) Ост-Инди компаниясы менен түбөлүк тынчтык келишимин түзүшкөн. 1853-ж. бул Генералдык келишим түбөлүктүү мезгилге узартылган. Ошол учурдан баштап «жапайылардын жээги» «жоошутулган жээкке» айланган. Эмирлер Абу-Дабидеги жана Дибайдагы англиялык саясий агенттерге баш ийишкен. Улуу Британия 1892-ж. бул «жоошутулган жээктин» протектораттыгын расмий түрдө жарыялаган.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин БАЭде улуттук-боштондук кыймылы башталган. 50-жж. бул жерде нефти кени ачылгандан кийин ал кыймыл күч алган. Дүйнөлүк колониялык системанын кризисинин шартында англиялык өкмөт 1968-ж. өзүнүн Суец каналынын чыгышында, т. а. Перс булуңунда, жайгашкан аскердик базаларынан аскерлерин чыгарып кетүүгө аргасыз болот. 1971-ж. декабрда 6 эмирликтен турган эгемендүү федерациялык мамлекет – Бириккен Араб Эмирлиги түзүлгөн. 1972-ж. февралда ага Рас-эль-Хайма эмирлиги кошулган. БАЭ жарыялангандан кийин протекторат жөнүндө макулдашуулар «достук жөнүндө келишим» менен алмаштырылган. Ага ылайык, Англия БАЭде өзүнүн кеңешчилерин сактап калган жана андагы өзүнүн куралдуу күчтөрүнүн бирикмелерине келип турууга укук алган. Англия өзүнүн аскердик базаларын федерациялык өкмөткө формалдуу түрдө өткөрүп берген жана эмирликтерге аскердик жана экономикалык «жардам» берип турууга убада берген. 1971-ж. аягында БАЭ Араб өлкөлөрүнүн лигасына жана БУУга мүчө болуп кирген.

Бириккен Араб Эмирлигинде азыр деле байыркы сугат системасы жана деңиз чарбачылыгы басымдуулук кылат. Ошого жараша сугат жана жер иштетүү шаймандары, балык уулоо

шаймандары, жакут-берметтерди өндүрүү жолдору салттуу мүнөзгө ээ.

**Бахрейн мамлекети** Түштүк-Батыш Азияда, Перс булуңундагы Бахрейн архипелагында жайгашкан. Архипелагдын курамына көлөмү ар түрдүү болгон 33 материктик жана кораллдык аралдар кирет. Алардын эң ириси Бахрейн. Ал эми Мухаррак, Ситра, Умм-Наасан, Хавар, Жида ж.б. аралдар андан кыйла кичине. Борбору — Манама — Бахрейн аралында жайгашкан. Мамлекеттик түзүлүшү — конституциялык монархия. Мамлекет башчысы — эмир; эмирдин бийлиги мурасталат. Аткаруу бийлиги премьер-министрге таандык.

Бахрейн — Перс булуңундагы нефти өндүрүүчү чакан эмирлик. Ал 1971-ж. англиялык протектораттыгы жоюлгандан кийин көз карандысыз өлкө болуп калган. Ошондо шейх өзүн эмир деп жарыялаган. 1973-ж. бери эмирдин бийлигин аз да болсо чектеген конституция иштейт. Улуттук жыйын (парламент) 1975-ж. таратылгандыктан, мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктары Министрлер кабинетине берилген.

Бахрейн деген сөз арабчадан которгондо «эки деңиз» дегенди билдирет. Байыркы заманда бул аралды ортосун суу бөлүп турган имиш. Ошондон улам ушинтип аталып калган болуш керек деген уламыш кеп айтылат. Көлөмү чакан болгонуна карабастан, Бахрейн байыртадан бери эле Чыгышка да, Батышка да жакшы таанымал өлкө. Уламышка караганда, «Миң бир түн» жомогундагы деңизде сүзүүчү Синдбад ушул жерде жашаптыр. Бул жерде көрүнүктүү араб географы Ибн-Батута жана италиялык саякатчы Марко Поло болушкан экен.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XIX к. башында архипелаг Англиянын таасир этүү чөйрөсүндө болуп калган. 1820-ж. Бахрейн Персия булуңундагы эмирликтер менен Улуу Британиянын ортосундагы Башкы келишимге кошулууга аргасыз болот. 1861-ж. англдар Бахрейнге толук ээлик кыла баштаган жана 1871-ж. англиялык протекторат болуп расмий түрдө жарыяланган. Биринчи дүйнөлүк согуш башталар алдында жана согуш мезгилинде бул жерде Персия булуңундагы эң ири англиялык аскердик база орнотулган. Согуштан кийин Бахрейнге америкалык капитал киргизиле баштаган. 20-жж. чалгындоо иштери жүргүзүлүп, 1932-ж. тартып нефти өндүрүлө баштаган. Англия архипелагдагы саясий позициясын чыңдоо максатында Бахрейнди «аны менен өзгөчө союздук келишим» боюнча байланыштагы «көз карандысыз араб мамлекети» деп жарыялаган. Иш жүзүндө бийлик мурдагыдай эле Манамадагы британиялык

резиденттин жана шейхтин көп сандаган англиялык кеңешчилеринин колунда бойдон кала берген. Ага карабастан Бахрейнде 1918-ж. эле боштондук кыймылы башталган. Ал Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Англияга каршы ири чыгууларга айланган. 1955-ж. башында Бахрейндин улуттук-боштондук фронту түзүлгөн. Ал 60-жж. бир катар иш таштоолорго жана демонстрацияларга жетекчилик кылган. Натыйжада 1971-ж. Бахрейн көз карандысыз эмирлик болуп жарыяланган. Бирок өлкөдө англиялык аскердик базалар сакталып кала берген, ал эми Бахрейн менен Улуу Британиянын ортосундагы «өзгөчө союздук келишим» «достук жөнүндөгү келишим» менен алмаштырылган. Өлкөдө саясий партияларга тыюу салынган.

Бахрейндиктерде, Түштүк-Батыш Азиядагы башка араб элдеринен айырмаланып, шаардык жана айылдык тургундардын салттуу маданиятында кескин айырмачылыктар бар. Арабия жарым аралынын жаңы тургундары бахарналардын – ирандашкан арабдардын маданияты алардан да өзгөчөлөнүп турат.

Коомдук жана үй-бүлөлүк тиричиликте сунниттер менен шиит-бахарналардын ортосунда айырмачылыктар бар. Ал тургай, шаарларда да алар өз-өзүнчө топтолуп жайгашышат. Сунниттер бедуиндерден таралганына жана алыс болсо эмирдин үйү менен тууган-урукташ болушканына сыймыктанышат. Шиит-бахарналар Мухаммед пайгамбардан таралгандыктан, өздөрүн эмирдин үйүнөн жогору коюшат. Алар башка бахрейндиктерге караганда динчилирээк жана консервативдүү келишет. Иранда XX к. 20–30-жж. жүргүзүлгөн маданий-тиричиликтик реформалар аларга таасир эткен деле жок. Сунниттердин өздөрүнүн соту — казысы — бар, шииттердики өзүнчө сот. Өлкөдө XX к. 70-жж. гана жогорку сот органы түзүлүп, эки жактын тең сот иштерин жүргүзө баштады.

Бахрейнде шарият менен мыйзамдаштырылган патриархаттык тартип сакталып калган. Аялдар тең укуксуз. Шаардык суннит аялдар бетин жоолук менен жаап жүрүүгө милдеттүү. Ал эми дыйкан бахарна аялдар беттерин жоолук менен жабышпаганы менен, үйдөн алыс чыкканда же башкалар үйгө келип калганда беттерин чадырдын учу же колу менен жаап алышат.

Перс булуңундагы эң алгачкы «нефтилүү мамлекет» болгондуктан, Бахрейнде заманбап өзгөрүүлөр көп. Манаманын деңиз жээгине жакынкы бөлүгүндө ультразаманбап администрациялык жана ишкердик имараттар мечиттин мунаралары менен бой тирешип турат. Аларга улай ар кандай түстөгү, индиялык

стилдеги учтугуй аркалуу жана лоджиялуу эки кабат коттедждердин кварталдары пайда болду. Эмирдин жаңы ордосунун эшиктери фотоэлементтик сигнал менен автоматтуу түрдө ачылат.

Бахрейнде маданий, адабий жана спорттук клубдардын саны арбууда.

XX к. 50-жж. тартып мектептерде окутуу акысыз. Мектеп программаларында диний предметтерге чоң көңүл бурулат. Мамлекеттик медициналык тейлөөгө өзгөчө көңүл бурула баштады.

Суроолор:

1. Сауд Арабстанынын аймагында Араб халифтигинин негизделиши менен кандай өзгөрүүлөр болгон?
2. Бүгүнкү күндө анын маданиятында кандай өзгөчөлүктөр байкалат?
3. Мекке жана Медина шаарлары тууралуу дагы кандай маалыматтарды билесиңер? Алардын мусулман турмушундагы ролу кандай?
4. Йемен Республикасы кандайча пайда болгон?
5. Оман менен Бириккен Араб Эмирлигинин тарыхый өнүгүүлөрүндө кандай жалпылыктар жана айырмачылыктар бар?

## § 24. Катар. Кувейт. Израил. Кипр

**Катар мамлекети.** XVIII к. Катарда феодалдык шейх династиясы ат-Тани башында турган чакан эмирлик түзүлгөн. Ал XIX к. бүткүл Катар жарым аралын бириктирген. Ошондо ат-Тани менен Бахрейндин өкүмдары аль-Халифтин ортосунда бийлик үчүн күрөш башталган. Ушундай жагдайдан пайдаланган Англия 1868-ж. Катарга «союздаштык» деп аталган алгачкы тең укуксуз келишимди таңуулаган. А бирок 1872-ж. Катарды түрктөр кайрадан басып алышкан. Ошентип, Дохадагы түрк гарнизону Биринчи дүйнөлүк согуш башталганга чейин турган. 1914-ж. англ-осмон келишиминин негизинде формалдуу түрдө Катардын көз карандысыздыгы таанылган. Ал эми 1916-ж. Катардын шейхи Англия менен протектораттык жөнүндө келишимге кол коюуга мажбур болгон.

1930-жж. Катарда нефти кени табылган жана экинчи дүйнөлүк согуштан кийин өндүрүлө баштаган. Жергиликтүү жумушчу табынын түзүлүшү менен англиялыктарга каршы боштондук күрөшү жана демократиялык кыймыл башталган. 60-жж. тартып өлкөдө нефтичилердин профсоюзу жана прогрессивдүү саясий партиялар пайда боло баштаган. Ошондуктан өкмөт айрым, негизинен маданий, реформаларды жүргүзүүгө арга-

сыз болгон. 1970-ж. убактылуу конституция кабыл алынган. 1971-ж. Катар көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланганына карабастан, өлкөдө Англиянын таасири күчтүү бойдон кала берген. Ошентип, ошол эле жылы экономикалык, аскердик-саясий жана маданий кызматташтыкты караган англ-катар «достук келишими» түзүлгөн.

Катарда дыйканчылык кылууга жарактуу жер өтө аз. Эгерде башка араб өлкөлөрүндө көчмөнчүлүктөн отурукташууга өткөн эл сугат жерлерин өздөштүрүүгө өтүшсө, катарлыктар негизинен деңизде сүзүүчүлөр, балыкчылар, бермет алуучулар, кеме куруучулар болуп калышкан. Катардагы уруу мүчөлөрү деңиз жаныбарлары менен тамактанышса да, алардын шейхтери өздөрүнүн бедуиндик каада-салтын сакташууда. Азыр алар аңчылыкка алгыр шумкарлары жана күлүк тайгандары менен чыгышканы менен, мурдагыдай атчан эмес, автомобилдер менен мергенчилик кылышат.

Чарбанын бир кыйла өнүккөн тармагы нефти өндүрүү өнөр жайы болуп саналат. 1938-ж. Духандын жанында алгачкы скважина бургулана баштаган, ал эми 1949-ж. ноябрда Катардан Европага алгачкы танкер сүзүп кеткен. 1968-ж. Нефти өнөр жайын өнүктүрүүнүн улуттук компаниясы — НОДОКО — негизделген. 1974-ж. аягында Катар өкмөтү чет өлкөлүк нефти компанияларына көзөмөлдүк орноткон.

Өлкөнүн коомдук турмушунда туугандык байланыштар жана патриархалдык-феодалдык уруулук каада-салттар чоң роль ойнойт. Ага өкмөттөгү дээрлик бардык жогорку кызматтарды ат-Тани үйүнүн мүчөлөрү ээлеп тургандыгы далил болуп саналат.

Катарда диний ишеним да катуу сакталган. Катарлык ваххабилер фанаттардан болушпаса да, аларда өздөрүн Мухаммед пайгамбардын тукумдарыбыз деп эсептешкен сейиддер урматталат. Алар коомдук тепкичтин феодал ак сөөктөрдөн кийинки баскычында турушат. Алардан кийинки баскычты «асылзада» уруулардын мүчөлөрү ээлешет. Алардын соңунда калган калайык-калк турат. Эң акыркы баскычтагылар — мурдагы кулдар жана алардын тукумдары. Бул салттуу иерархия азыркы учурдагы оокаттуулардын жана оокатсыздардын, ар кандай жеңилдиктерге ээ катарлыктар менен андай укуктары жок иммигранттардын карама-каршылыктары менен толук айкалышып турат. Ал эми коомдо жана үй-бүлөдө аялдардын тең укуксуз абалы сакталып калган. Маселен, телестудияда аял диктордун иштеши үчүн эмирдин атайын уруксаты керек болгон.

Катар мамлекети калктын жан башына карата деңгээли боюнча дүйнөдөгү алдыңкы орундардын биринде турат. Билим берүү жана медициналык тейлөө акысыз. Мектеп окуучулары мамлекеттин эсебинен тамактанышат, окуу китептерин алышат жана кийинишет. Мектептерде мусулман дининин негиздерин окутууга өзгөчө көңүл бурулат. Эркек жана кыз балдар эки башка окутулат. Окуучулардын жарымына жакыны — кыздар. Бул ислам өлкөсү үчүн адаттагыдан тышкаркы көрүнүш. Катар эмирлигинин адабий тили — араб тили. Сүйлөшүүдө араб диалектиси колдонулат. Ал эми билимдүү катарлыктар англис тилинде сүйлөшүшөт.

**Кувейт мамлекетинин** XIX к. формалдуу түрдө осмон ээлиги бойдон калган жана ас-Сабах шейхтери башкарган Кувейт барган сайын британиялык жарым колонияга айланып кеткен. XIX к. соңунда Германия менен Франциянын саясий жигердүүлүгүнүн күч алышынын натыйжасында Англия шейх менен өлкөдөгү британиялык артыкчылык жөнүндө жашыруун макулдашат, ал эми 1914-ж. Кувейтти Англиянын протектораты деп жарыялайт.

Дүйнөдөгү эң ири нефти өндүрүүчү өлкөгө айланган Кувейт саясий көз карандысыздыкка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин гана ээ болгон. Ал 1961-ж. көз карандысыз эмирлик болуп жарыяланган. 1966-ж. эмиратта демократиялык кыймылдын кысымы менен бир катар экономикалык жана маданий реформалар жүргүзүлгөн. Көз карандысыз Кувейт мамлекети позитивдүү бейтараптык саясатты жүргүзүп келет.

Чоңдугу жагынан өлкөдө экинчи орунду ээлеген Мина-эль-Ахмади шаары өлкөнүн башкы нефти экспорттоочу порту болуп саналат. Анын кеме токтоочу жайында күнү-түнү менен ар кайсы өлкөлөрдүн желектери желбиреген танкерлер үзүлбөй келип-кетип турат. Мина-эль-Ахмадиде «Кувейт ойл компании» нефти компаниясынын башкармалыгы жайгашкан.

Кувейттин эң зор нефтилик кирешелери маданиятты өнүктүрүүгө кеңири материалдык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. XX к. 60-жж. тартып өлкөнүн борбору Эль-Кувейт таанылгыстай болуп өзгөрүлдү. Темир-бетон плиталардан тургузулган өкмөттүк мекемелердин имараттарынын, байлардын ак сарайлары менен чоң-чоң үйлөрдүн архитектурасында европалык стиль басымдуулук кылат. Кувейттин калган шаарлары да толугу менен кайрадан курулду жана курулуп жатат. Айыл-кыштактарында да заманбап курулуштар курулууда. Бирок көчмөндөр-

дүн жана жарым көчмөндөрдүн турак жайлары мурдагыдай эле жалпы арабдык типтеги кара кийиз жабылган чатыр бойдон калууда.

Кувейт коомчулугунда модернизациялоо процесси жүргөнү менен, эски каада-салттардын калдыктары дагы деле болсо сакталып калган. Диний ишенимдери күчтүү бойдон. Орозо кармоодон тышкары, беш негизги мусулман майрамы белгиленет. Алар: Мухаммед пайгамбардын туулган күнү, Жаңы жыл (Мухаммед пайгамбардын Меккеден Мединага кеткен күнү), *мираж* (Мухаммеддин асманга саякаты) *ид сагир* (ооз ачуу, орозо айт), *ид кабир* (орозодон кийин 70 күн өткөндөн кийинки курмандыкка чалуу, курман айт). Бул майрамдардын баары тең мечитте жана үйдө кудайга сыйынуу жана куран окуулар менен коштолот.

Үй-бүлөлүк турмушта эски арабдык салт дале болсо катуу сакталып калган. Айыл калкынын оокаттуу катмарында бөлүнбөстөн, чоң үй-бүлө болуп жашагандар бар. Эркектердин үйлөнө турган курагы 15 жаштан башталат, кыздардыкы — 12 жаш. Калың берүү, туугандык нике сакталып калган. Консервативдүү төбөлдөрдүн арасында көп аял алуучулук бар. Балдары ата-энесин, кичүүлөр улууларды ызааттап сыйлоого милдеттүү. Үй-бүлөлөр көп балалуу. Бала, өзгөчө эркек бала төрөгөн аялдардын үй-бүлөдөгү орду бекем.

Урбанизация процесси үй-бүлөнүн кенже мүчөлөрүнүн көз карандылыгын бир аз жеңилдетти. XX к. 60-жж. жаштар жана аялдар кыймылдары пайда болуп, жаштар жана аялдар уюмдары түзүлө баштады. Алар аялдардын үй-бүлөдөгү патриархалдык-шарияттык тең укуксуздугуна каршы иш жүргүзүшүүдө.

Көз карандысыз Кувейт мамлекетинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактары өнүктүрүлө баштады. 70-жж. ортосунда өлкөнүн калкынын 70%ы сабатсыздыгын жойгон. Эркек жана кыз балдар эки башка окутулат. Шарияттын негиздерин окутуу — милдеттүү предметтерден болуп саналат.

Кувейттиктер кувейттик эместерге караганда зор артыкчылардан пайдаланышат. Өлкөдөгү мамлекеттик жана жеке менчик жогорку кызматтардын баарын кувейттиктер гана ээлешет. Ишке орношууда талапкерлер жок болуп калган учурда гана иммигранттарды алышат. Кара жумуштардын баарын кувейттик эместер аткарышат. Квалификациясыз жумушчулардын орточо эмгек акысы башка араб өлкөлөрүнүн баарынан жогору.

Кувейт мамлекетинин адабий тили — араб тили. Сүйлөшүүдө анын араб диалектиси колдонулат. Түштүк Ирак менен тыгыз

байланышта болгондуктан, ирак тилинин таасири күчтүү. Оозеки сөзүндө фарси сөздөрү да көп кездешет. Ишкер чөйрөдө жана интеллигенттер арасында англис тили көбүрөөк колдонулат.

**Израил мамлекети** Жер Ортолук деңизинин түштүк-чыгыш жээгинде жайгашкан. Ал Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Генералдык Ассамблеясынын 1947-жылдын 29-ноябрдагы Палестинага болгон англиялык мандатты жоюу жана анын аймагында эки — арабдык жана еврейлик — көз карандысыз мамлекетти түзүү жөнүндө чечимине ылайык, 1948-ж. 14-майда түзүлгөн. Мамлекеттик түзүлүшү — унитардык парламенттик республика. Израилдеги бүткүл бийлик сионисттик буржуазиянын колунда. Мамлекет башчысы — парламент тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланган президент. Израилдин конституциясы жок. Анын ордуна негизги мыйзамдар деп аталган мыйзам актылары колдонулат. Мыйзам чыгаруу бийлиги бир палаталуу парламентке (кнессет) таандык.

Экинчи дүйнөлүк согушка чейин Осмон империясынын курамына кирген Палестина XIX к. ортосунда эле империалисттик дөөлөттөрдүн тирешүү объектисине айланган. Арабдык Чыгыштын ушул бөлүгүнө ээлик кылууну көздөгөн колониялык дөөлөттөр XIX к. 90-жж. пайда болгон еврейлик буржуазиялык-улуттук сионисттик уюмду пайдаланышып, Палестинага ар кайсы өлкөлөрдө жашаган еврейлерди көчүрүп баруу саясатын жүргүзүшкөн.

1917-ж. ноябрда Улуу Британиянын тышкы иштер министри Бальфур белгилүү сионисттик ишмер, банкир Ротшильдге британиялык өкмөттүн Палестинада «еврей элинин улутттук очогун» түзүү идеясына көз карашы түз экендигин билдирген кат жөнөткөн. Өкмөттүк расмий документтин күчүнө ээ болгон бул кат «Бальфурдун декларациясы» катары таанылa баштайт.

Биринчи дүйнөлүк согушта Осмон империясын жеңилишке учураткан англиялык өкмөт мына ушундай мүдөө менен Палестинада өзүнүн оккупациялык аскерлерин калтырып койгон да, кийин өлкөнү башкаруу мандатын алууга жетишкен.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Жакынкы Чыгыштагы бардык өлкөлөрдөгүдөй эле Палестинада да улуттук көз карандысыздык үчүн элдик кыймыл катуу күч алгандыктан, англиялык өкмөт Палестинадан чыгып кетүүгө жана анын согуштан кийинки статусу жөнүндө маселени чечүү вазийпасын Бириккен Улуттар Уюмуна өткөрүп берүүгө аргасыз болгон.

1947-ж. БУУнун Генералдык Ассамблеясы өзүнүн атайын комиссиясынын Улуттар лигасынан Палестинаны башкаруу жө-

нүндөгү мандатты алуу жана аны эгемендүү эки мамлекетке бөлүү жөнүндөгү чечимин көпчүлүк добуш менен бекиткен. Ошентип Палестина арабдык жана еврейлик эки мамлекетке бөлүнүп калган. Арабдык бөлүгүнүн аймагы 11,1 миң *км*², еврейлик бөлүгүнүн аймагы 14,1 миң *км*² түзгөн. Иерусалим шаары БУУнун өзгөчө эл аралык көзөмөлүндөгү өз алдынча администрациялык бирдик болуп калган.

Англиялык мандаттын таасир этүү мөөнөтү бүтүп, Израил мамлекети жарыяланган күндүн эртесинде согуш башталган. Англиялык, арабдык реакциячыл күчтөр жана агрессивдүү сионисттик чөйрөлөр тарабынан көкүтүлгөн бул согуш араб элинин да, еврей элинин да таламдары үчүн жат эле. Бул согуштун кесепеттери палестиналык арабдар үчүн өзгөчө трагедиялуу болгон. Израил 1948–1949-жж. Палестинага тиешелүү деп эсептелинген аймактын 6,7 миң *км*² басып алган. Анын калган бөлүгү (Иордан суусунун батыш жээги жана Газа аймагы) Иордания менен Египеттин көзөмөлдүгүндө болуп калган. Ошентип, палестиналык арабдар өз алдынча болуу укугунан ажырап, Палестина мамлекети түзүлбөй калган.

Учурдан пайдаланган Израил Иерусалимдин батыш бөлүгүн да басып алат (анын чыгыш бөлүгү Иорданияга өткөн). 1950-ж. Израилдин өкмөтү БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1947-ж. 29-ноябрындагы резолюциясын бузуп, Иерусалимди өз мамлекетинин борбору деп жарыялап, ага парламентин жана башкы өкмөттүк мекемелерин жайгаштырып алат. Арийне, СССР, АКШ ж.б. дүйнөлүк улуу дөөлөттөр бул актыны таанышкан эмес.

1949-ж. февраль–июль айларында Израил менен ага коңшу мамлекеттердин (Египет, Иордания, Ливан жана Сирия) ортосунда 1239 *км* аралыктагы чек араны белгилөө жөнүндө тынчтык макулдашууларына кол коюлган. Кол коюлгандан кийин Израил 20,7170 миң *км*² аянттагы аймакты көзөмөлдөп алган. Израилдик өкмөт куугунтукка алган 900 миңге жакын палестиналык арабдар, качкындар үчүн атайын лагерлерге жайгаштырылган. Израил мамлекети түзүлгөндөн бери анын жетекчилиги коңшу араб өлкөлөрүнө каршы агрессивдүү согуштук кампанияларды жүргүзүп келүүдө.

1956-ж. Израил Франция жана Улуу Британия менен бирге Египетке каршы агрессиялык согуш жүргүзгөн. 1967-ж. июнда израилдик өкмөт Египетке, Иорданияга жана Сирияга каршы агрессивдүү согуш ачкан. Натыйжада Египетке тиешелүү Синай жарым аралын жана анын көзөмөлүндөгү Газа секторун,

Иорданиянын батыш аймактарын (анын ичинде Иерусалимдин чыгыш бөлүгүн) жана Сириянын аймагындагы Голан тоолорун — бардыгы болуп 1,5 *млн* калкы бар 68,7 миң $км^2$ араб жерлерин оккупациялап алган. БУУнун Коопсуздук Кеңеши өзүнүн 1967-ж. 22-ноябрдагы чечими менен Израил өкмөтүнөн басып алынган аймактан аскерлерин чыгарып кетүүнү талап кылган. Бирок Израил Коопсуздук Кеңешинин резолюциясын аткаруудан баш тарткан. Израил өкмөтүнүн агрессивдүү тышкы саясаты, оккупацияланган араб жерлеринен чыгып кетүүдөн кыйыктанып баш тартышы 1973-ж. октябрда Жакынкы Чыгышта жаңы согуштун чыгышына себеп болгон. Ал согушта Израил адамдарынан да, техникасынан да чоң жоготууларга учураган.

Жакынкы Чыгыштагы абалды жөнгө салуу боюнча 1973-ж. декабрда БУУнун Коопсуздук Кеңешинин Женева конференциясы ачылган. А бирок ал тез эле бүтүп калып, бир да маселе чечилбей калган. Анын ортосунда, америкалык дипломатия Жакынкы Чыгыш кризисин «этап-этабы менен жөнгө салуу» керек деген бир тараптуу планды көтөрүп чыккан. 1974–1975-жж. АКШнын ортомчулугунда Египет менен Израилдин ортосунда эки макулдашууга кол коюлган. Натыйжада израилдик аскерлер Суэц каналынан бир канча аралыкка алыстаган, бирок Синай жарым аралынын аймагынын 87%ы израилдик оккупациянын астында кала берген.

БУУнун чечими менен палестиналык араб элинин өз алдынча болуу жана өз мамлекетин түзүү укугу таанылган. Палестиналыктардын улуттук-боштондук кыймылын жетектеген Палестинаны боштондукка чыгаруу уюму (ПБУ) 1974-ж. Бириккен Улуттар Уюму тарабынан палестина элинин бирден-бир мыйзамдуу өкүлү катары таанылган. Палестинаны боштондукка чыгаруу уюму БУУдагы туруктуу байкоочу статусуна ээ болуу менен, БУУнун эгидасы (калкасы, камкордугу) астында өткөрүлгөн Жакынкы Чыгыш маселелерин талкуулоого толук укукта катышуу үчүн чакырылып турган. Палестиналык каршылык көрсөтүү кыймылы — Жакынкы Чыгыштагы улуттук-боштондук кыймылынын маанилүү топторунун бири.

Оккупацияланган араб жерлеринде көп сандаган израилдик конуштардын түзүлүшү аймактагы демографиялык курамды жана укуктук статусту өзгөртүүгө багытталгандыктан, Израил өкмөтүнүн бул мыйзамсыз аракеттери БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан бир добуштан айыпталууда. 1979-ж. Израил менен Египеттин ортосунда тынчтык келишими түзүлүп,

1982-ж. Синай жарым аралын Египетке кайтарып берген. 1991-ж. бери Жакынкы Чыгыштагы абалды жөнгө салуу боюнча сүйлөшүүлөргө катышат. 1993-ж. Израил менен ПБУнун ортосунда Газа секторундагы жана Иерикон зонасындагы Убактылуу Палестина автономиясын таануу тууралуу макулдашууга кол коюлган.

Израилдин аймагы (1949-ж. тынчтык жөнүндө макулдашууларда көрсөтүлгөн чектерде) түндүктөгү Галилей тоолорунан тартып түштүктөгү Кызыл деңиздин Акаб булуңуна чейин 426 *км* тегиз эмес узун тилке болуп созулуп жатат. Чыгышынан батышына чейинки максималдуу кеңдиги 112,5 *км*, минималдуусу (четки түштүктөгү Эйлата туш) – 10,5 *км*. Израил мамлекети түндүгүнөн Ливан, түндүк-чыгышынан Сирия, чыгышынан Иордания, түштүк-батышынан Египет менен чектешип турат. Өлкөнүн аймагы алты администрациялык аймакка бөлүнөт: Борбордук, Хайфа, Иерусалим, Түндүк, Түштүк, Тель-Авив.

Израил мамлекетинин өкүм сүрүү мезгили, тарыхый масштабдан алып караганда, кыска болгондуктан жана аны жерденген еврей калкынын ар кылдыгынан улам, бул өлкөдө кандайдыр бир бүтүндүктү түзгөн улуттук маданият али калыптана элек. Бул өлкөдө еврейлердин ар түрдүү этномаданий шарттарда өнүккөн этнолингвистикалык топторуна мүнөздүү болгон бир нече маданий комплекстердин конгломераты топтолгон. XX к. экинчи жарымында мына ошол комплекстердин синтези жаңыдан гана калыптана баштаган. Ал комплекстер: Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндөгү еврей калкынын кеңири массасынын диний жана маданий обочолонуусунун, еврейлердин жогорку катмарынын космополиттүүлүгүнүн, сефарддардын жана чыгыш еврейлеринин маданий баалуулуктарынын, кандайдыр бир деңгээлде байыркы еврей калкынын тарыхый мурастарынын элементтеринин укмуштуудай айкалышуусунан жаралган ашкеназ маданияты.

Израил мамлекетиндеги араб калкынын материалдык жана руханий маданияты коңшулаш Иордания жана Сирия өлкөлөрүндөгү арабдардын маданиятына тектеш келет. Арийне, бул өлкөдөгү араб калкынын дискриминацияланышы анын маданиятынын өнүгүшүнө кедерги болууда.

**Кипр Республикасы** Жер Ортолук деңизинин чыгыш тарабындагы аралда жайгашкан мамлекет. Эл аралык деңиз жана аба жолдорунун тоомунда жайгашкандыктан, Кипр бул чөлкөмдө маанилүү саясий жана стратегиялык мааниге ээ. Ал Түркиядан 65 *км*, Сирия менен Ливандан 110 *км*, Египеттен 400 *км*

алыстыкта орун алган. Өлкөнүн Кипр деген аталышы жездин латынча айтылышынан — cuprum — келип чыккан. Анткени бул өлкө эзелтен бери эле өзүнүн жез кени менен белгилүү.

Кипрдин мамлекеттик түзүлүшү — президенттик республика. Президент мамлекет жана өкмөт башчысы болуп саналат. Аткаруу бийлигин президент башында турган Министрлер Кеңеши жүргүзөт. Мыйзам чыгаруу бийлиги парламентке — өкүлдөр палатасына — тиешелүү. Тышкы саясатында Кипр Республикасы аскердик жана саясий блокторго кошулбоо багытын көздөйт. Борбору — Никозия (Никосия) шаары. Администрациялык жактан алты округга бөлүнөт.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** Кипрде 1878-ж. (формалдуу түрдө 1925-ж.) тартып англиялык колониячылар бийлик кылып калган. Кипрликтердин көз карандысыздык үчүн күрөшү токтобой койгондуктан, Англия Кипрге көз карандысыздыкты берүүгө аргасыз болгон. Ошентип 1960-ж. 16-августта көз карандысыз Кипр Республикасы жарыяланган. Бул кипр калкынын тарыхый өнүгүүсүндөгү олуттуу окуя болгон. Ошол эле учурда цюрихтик-лондондук макулдашуулар деп аталган таңуулаган система республиканын эгемендүүлүгүн чектеп койгон. Бул макулдашуулардын негизинде Англия, Грекия жана Түркия Кипрдин көз карандылыгынын «гаранттары» болуп жарыяланып, Англия Кипрдеги эки аскердик базасын сактап калган, ошондой эле Грекия менен Түркия да өздөрүнүн аскердик бөлүктөрүн кармоого укук алышкан.

НАТО баштаган тышкы империалисттик күчтөр Кипр Республикасы түзүлгөндөн тартып эле анын ички иштерине кийлигишип келишкен. Алардын түпкү максаты «энозис» ураанын боюнча Кипрди Грекияга кошуу менен, НАТОнун тигил же бул формадагы орбитасына айландыруу болгон. Ошону менен бирге эле бул аралды Грекия менен Түркияга тең бөлүп берүүгө багытталган иштер да жүргүзүлгөн. Кыскасы, аларга көз карандысыз Кипр Республикасын жоюп салуу керек болгон. Натыйжада Кипрдеги абал өтө курчуп, кипрликтердин гректер жана түрктөр менен куралдуу кагылыштарына чейин барган.

1964-ж. Кипр өкмөтүнүн өтүнүчү боюнча өлкөгө БУУнун куралдуу күчтөрү киргизилген. 1968-ж. тартып бирдиктүү Кипр мамлекетин түзүү жана анын ички түзүлүшү боюнча жамааттар аралык сүйлөшүүлөр жүргүзүлө баштаган. Арийне, тышкы күчтөрдүн жана ички реакциянын таасиринен улам, андан эч майнап чыккан эмес.

1967-ж. Грекиядагы аскердик төңкөрүштөн жана 1974-ж. июлдагы өкмөткө каршы козголондон кийин, ага удаа Кипрге түрк аскерлеринин түшүрүлүшү менен, республикадагы абал ого бетер курчуган. Түрк аскерлери өлкөнүн түндүк бөлүгүн (аралдын аймагынын 40%ы) басып алышкан. 1974-ж. башында бул аймактагы түрк жамаатынын жетекчилиги бир тараптуу түрдө «Түрктүк Кипр федеративдүү мамлекетинин» түзүлгөндүгүн жарыялаган. Ал эми НАТО өзүнүн аскердик-стратегиялык позициясын чыңдоо максатында кипр маселеси БУУнун чегинде каралышына каршы болууда.

Кипрдин эмгекчи калкынын прогрессивдүү партиясы (1926-ж. түзүлгөн компартиянын мураскери) өлкөнүн бардык прогрессивдүү күчтөрүнүн биримдигин чыңдоо максатындагы ишти жүргүзүүдө.

Кипр — Египеттеги жана Грекиядагы байыркы цивилизациялардын таасири менен, Чыгыш Жер Ортолук деңизиндеги материалдык жана руханий маданияты эрте өнүгө баштаган өлкө. Киприктер – басып алууларга жана батыштык таасирлерге карабастан, байыркы жана орто кылымдардагы ажайып көркөм маданий каада-салттардын мураскерлери жана улантуучулары.

Түштүк-Батыш Азиянын башка элдериндей эле киприктер шайыр жана мамилечил келишет. Алар оюн-тамашаны, ырдап-бийлегенди, шаңдуу майрамдарды жакшы көрүшөт. Түшүм жыйноо мезгили дайыма оюн-зоок менен аяктайт. Жыл сайын февралда Фамагустта апельсин майрамы, сентябрда Лимсолдо вино майрамы белгиленет. Май айынын башында жазгы гүл майрамы майрамдалат. Христиандардын да, мусулмандардын да рождество, пасха, орозо айт, курман айт өңдүү диний майрамдары, карнавалдык жүрүштөр, элдик сейилдөөлөр, ыр-бийлер жана оюн-зооктор менен өтөт. Аларга жаш-кары, аял-эркек дебей, элдин баары катышат. Даңктуу даталар да өз шааниси менен белгиленет.

Кипрде театр сүйүүчүлөрдүн оюн-зооктору кеңири таралган. Театрдык оюндар көбүнчө ачык асман алдында байыркы амфитеатрлардын сахналарында, орто кылымдык византиялык храмдардын, кресттүүлөрдүн готикалык сепилдеринин жанында коюлат. Жыл сайын элдик ырлардын жана бийлердин фестивалы өткөрүлөт. Көп кырдуу фольклордук жанрлардын сакталып калышы менен, Кипрде адабий чыгармачылык да, өзгөчө патриоттук мотивдеги поэзия күчтүү өнүккөн. Тарыхый эстеликтерге жана реликвияларга өзгөчө көңүл бурулат.

Кипрдин эл агартуу тармагы зор прогресске жетишкен: башталгыч жана орто билим акысыз, кесиптик-техникалык билим берүү тармагы системалаштырылган, жогорку техникалык жана токой чарба институттары жана башка жогорку окуу жайлары ачылган. Көптөгөн кипрликтер чет өлкөлөрдө да билим алышат.

### Суроолор:

1. Катар мамлекетинде кандай тарыхый окуялар болгон экен?
2. Катар мамлекетинин Доха шаарында 2005-ж. өткөрүлгөн Азия өлкөлөрүнүн олимпиадалык оюндары жөнүндө айтып бергиле. Ал Азия оюндарында Кыргызстандан барган спортчулар кандай көрсөткүчтөргө ээ болушту?
3. Кувейт мамлекетинин экономикалык жана социалдык өнүгүүсү кандай экен?
4. Израил мамлекети качан жана кандайча түзүлгөн?
5. Кипр жергеси жөнүндө эмнени билдиңер?

# VIII ГЛАВА
# ТҮШТҮК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

## § 25. Индия. Пакистан. Бангладеш

**Индия Республикасы.** Капиталисттик мамилелердин калыптануу процесси жүрүп жаткандыгына байланыштуу XIX к. ортосунда Индияда улуттук кыймылдар күч алган. Алардын жол башчылары түздөн-түз эле англиялык үстөмдүккө каршы чыгышпастан, алар ошол доордогу коомдун алдыңкы жана европалык таалим-тарбия алган адамдарынан болгондуктан, феодалдык түзүлүшкө жана анын калдыктарына каршы күрөшүү менен, Индияда социалдык, экономикалык жана ушул сыяктуу реформалардын жүргүзүлүшүн талап кылышкан.

XIX к. 60-жж. англиялык колониялык бийлик бир катар административдик реформаларды жүргүзгөн. Ага чейин 1858-ж. Ост-Индия компаниясы жоюлган; колонияны башкаруу ишин борбордоштуруу максатында жогорку бийлик британиялык өкмөткө өткөрүлүп берилген. Өлкөнүн феодалдык төбөлдөрүнүн социалдык таянычына ээ болуш үчүн колониячылар Индияда 500дөн ашуун майда жана вассалдык княздыктарды сактап турган, көптөгөн феодалдарга жер үлүштөрү жана пенсиялар берилген. Ошол эле учурда алар касталык жана диний араздашууну тымызын уюштуруп, калк арасына от жагып турган.

XIX к. ортосунда Индияда мануфактуралык жана фабрикалык өндүрүш дүркүрөп өнүккөн, сүткордук жана касталык куугунтук да күчөгөн. XIX к. аягында фабрикалык-заводдук өндүрүштөгү жана плантациялык чарбадагы акционердик капиталдын $^2/_3$ бөлүгү англиялыктарга, $^1/_3$ бөлүгү гана индиялыктарга тиешелүү болгон. Капитализмдин өнүгүшү менен өнөр жайлуу аймактарда, негизинен Бомбейде жана Калькуттада, жумушчу табы пайда болгон. Эмгек шартынын оордугунан, социалдык куугунтуктан жана дискриминациядан улам иш таштоо күрөштөрү көбөйгөн. 80–90-жж. токуу ишканаларынын жумушчулары өзгөчө жигердүүлүк менен чыгышкан.

XIX к. аягында индиялык улуттук кыймылда эки агым пайда болгон. Алардын бири *буржуазиялык либералдык кыймыл.* Анын өкүлдөрү негизинен реформа жүргүзүүнү талап кылышып, колониялык тартипке каршы деле болушпай, элди колдошкон эмес. Экинчиси — *солчул радикалдар.* Алардын лидерлери майда буржуазиялык демократтар болгон. Солчул радикалдар про-

грессивдүү улуттук багытта чыгышып, колониялык жана феодалдык эзүүнү токтотууну талап кылышкан.

1885-ж. негизинен индиялык буржуазиянын жана улуттук маанайдагы помещиктердин таламдарын жактаган жалпы индиялык партия – *Индиялык улуттук конгресс* түзүлгөн.

XX к. башында бекем позицияны ээлеген индиялык улуттук буржуазия менен англиялык колониячылардын ортосундагы карама-каршылык күчөгөн. Колониялык бийликтин дискриминациялык саясаты жана Россиядагы революция тууралуу кабар улуттук аң-сезимге таасир эткен жана 1905–1908-жж. революциянын чыгышына өбөлгө болгон. Индияда *свадеши* — англиялык товарларга байкот жарыялоо (сатып албай коюу) жана ата мекендик товарларды гана сатып алуу кыймылы кеңири жайылган. Анын кульминациясы (туу чокусу) Бомбейдеги саясий стачка болгон. Жумушчулардын кесиптик бирикмелери, Бүткүл индиялык профсоюздардын конгресси түзүлгөн.

Биринчи дүйнөлүк согуштан жана Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин Индияда улуттук-боштондук кыймыл кайрадан күчөгөн. М. К. Гандинин жетекчилиги менен *сатьяграхи* — жарандык кыймыл кеңири кулач жайган. Улуттук конгрессте радикалдык багыттагы лидерлердин таасири күчтүү болгон. Мурда эле пайда болгон маркстык топтор 1925-ж. Индиянын Коммунисттик партиясына бириккен.

Англиялык колониялык бийлик 30-жж. башындагы боштондук кыймылдын жаңы жогорулашын, жапырт иш таштоо кыймылдарын жана дыйкандардын чыгууларын ырайымсыздык менен баскан. Бирок социалдык карама-каршылыктардын курчушунан жана колониячыларга каршы чыгуулардан улам, англиялык өкмөт 1935-ж. Индияны Башкаруу жөнүндө мыйзам кабыл алууга аргасыз болгон. Ал Мыйзам боюнча Индияда Мыйзам чыгаруу органы түзүлгөн (ал иш жүзүндө кеңеш берүүчү гана орган болгон) жана индиялык коомчулуктун төбөлдөрүнө шайлоо укугу берилген. Ал Мыйзам боюнча деле бүткүл бийлик иш жүзүндө колониялык администрациялык аппараттын колунда болгон. Колониялык бийлик жаңы Мыйзамдын жардамы менен мурдагыдай эле диний-жамааттык араздашууну курчутууну уланта берген. Ага ыктаган жергиликтүү реакциячыл жардамчылар элди боштондук кыймылынын ыркын бузган кандуу индус-мусулман кагылыштарына тукуруп турушкан. Индияда феодалдык эзүүнүн жана реакциячыл куугунтуктун уюткусу болгон княздыктар сакталып кала берген.

Экинчи дүйнөлүк согуштун жылдарында улуттук-боштондук күрөш күч алган. Гитлердик Германия жана милитаристтик Япония талкаланып, Советтер Союзу баштаган прогрессивдүү күчтөрдүн зор жеңишке ээ болушу менен согуш аяктаган маалда Индиядагы улуттук-боштондук кыймыл өз кульминациясына жетип турган. 1945–1946-жж. боштондук кыймылы армиянын жана аскер-деңиз флотунун бөлүктөрүнө жайылган. Шаарларда демонстрацияга чыккан эл менен полициянын кагылышы күчөгөн. Натыйжада колониячылар Индиядан кетүүгө мажбур болушкан.

1947-ж. августта Түштүк Азиядагы Британиялык колониялык империянын ордуна көз карандысыз мамлекеттер — Индия Союзу жана Пакистан мусулман мамлекети түзүлгөн.

*Индиянын көз карандысыздыгы 1947-ж. 15-августта жарыяланган.* Улуттук-боштондук кыймылдын көрүнүктүү жетекчиси Жавахарлал Неру өлкөнүн премьер-министри болуп калган.


Ж. Неру.

Ж. Нерунун өкмөтү согуштан кийинки депрессиядан жана оор запкыдан, Британдык Индияны эки доминионго бөлүп салуунун кесепетинен улам түзүлгөн кыйынчылыктардан (токуу өнөр жайын чийки зат менен камсыз кылуучу аймактар Пакистанга карап калган) жабыр тарткан өлкөнү экономикалык, социалдык жана маданий жактан өнүктүрүү саясатын жүргүзүүгө багыт алган. Ошентип, жаңы өкмөт аралаш экономиканы түзүүгө киришкен. Аралаш экономика — жеке ишкердикти сактоо жана ага кеңири мүмкүнчүлүк берүү аркылуу күчтүү жана динамикалуу мамлекеттик сектор. Өлкөнүн резервдик банкы мамлекеттештирилген, жеке менчик акционердик банктардын ишмердигине мамлекеттик көзөмөл орнотулган. Княздыктардын Индия Союзу менен интеграцияланышы Ж. Нерунун өкмөтү жүргүзгөн эң маанилүү иш-чара болду. Интеграциялоонун жүрүшүндө 1947–1949-жж. Индия Союзуна 555 княздык кирген. 1953–1956-жж. административдик реформанын натыйжасында штаттар улуттук-тилдик белгилери боюнча түзүлгөн.

1950-ж. 26-январда Индия республика болуп жарыяланган. Жаңы конституция өлкөнүн көз карандысыздык жылдарда жетишкен ийгиликтерин бекемдеген. «Нерунун багыты» боюнча

жаңы өнөр жай тармактары: металлургия, нефти, химия, машина куруу, электрондук ж.б. тармактар түзүлгөн. Аларды түзүүдө Индиянын Советтер Союзу жана башка социалисттик өлкөлөр менен өз ара пайдалуу кызматташуусу зор роль ойногон.

Агрардык реформанын натыйжасында дыйкандарды феодалдык жана жарым феодалдык эзүүнүн бир кыйла реакциячыл түрлөрү жоюлганы менен, айыл чарбасындагы абал оор бойдон кала берген, өлкөнүн тамак-аш азыктарына болгон муктаждыктары камсыз кылынган эмес. Анткени дыйкан чарбаларынын өндүрүмдүүлүгү төмөн эле, жер ээлери дыйкандарды ырайымсыздык менен эзүүнү уланта беришкен. Айыл чарба продуктуларынын түшүмдүүлүктөрүн арттыруу максатында «жашыл революция» иш-чарасы жүргүзүлгөн. Ал — агротехникалык иш-чаралардын комплекси, же болбосо, жер семирткичтерди, сорттуу үрөндөрдү кеңири жайылтуу ж.у.с. «Жашыл революциянын» натыйжасында дан өндүрүү кыйла арбыган. Бирок, ал оокаттуу дыйкандар үчүн эле ыңгайлуу болуп, социалдык теңсиздик күч алган.

1950-жж. башынан тартып Индияда экономиканы көтөрүү, баарынан мурда, мамлекеттик секторду чыңдоо максатында беш жылдык пландар иштелип чыккан. 30 жылдык көз карандысыздык мезгилинде өнөр жай өндүрүшү 3 эсеге, айыл чарба продукциясын өндүрүү 2 эсеге өскөн.

Индия тышкы саясатында бардык өлкөлөр менен өз ара кызматташтыктагы бейтараптык багытты ээлеген. 1955-ж. Бхилаидеги металлургиялык комбинатты курууга жардамдашуу боюнча Индия менен СССРдин ортосунда түзүлгөн келишим бул эки өлкөнүн ортосундагы кеңири кызматташтыкка жол ачкан.

Адегенде империалисттик күчтөрдүн, андан кийин пекиндик гегемончулардын — дүйнөлүк үстөмдүк кылууга умтулгандардын бир нече жолку аракеттери (1962-ж. Индиянын аймагынын канча бир бөлүгүн басып алгандагы чек ара жаңжалы) Индия Республикасын ал өзү тандап алган кошулбоо саясатынан баш тарттыра алган жок. Бир катар жаңжалдардын натыйжасында Индиянын Пакистан менен мамилеси да бузула баштаган.

70-жж. Индиянын экономикалык абалы начарлап социалдык карама-каршылыктар курчуган, таптык жана саясий күчтөрдүн тирешүүлөрү күчөгөн. Улуттук конгресс өкмөтү 1975-ж. жайында өлкөдө чукул абал жарыялаган, бирок андай чара өлкөдөгү олуттуу маселени чечүүгө жардам берген эмес. Ошен-

тип 1977-ж. парламенттик шайлоодо андан бир аз мурдараакта эле түзүлгөн Жаната парти (Элдик партия) жеңишке ээ болгон. Ал өлкөдөгү негизги социалдык-экономикалык милдеттерди чече албагандыктан, эл мүдөөсүн актай алган жок. Ошондуктан 1980-ж. январындагы шайлоодо Жаната парти жеңилип калган.

Бул парламенттик шайлоодо Индира Ганди жетектеген *Индиялык улуттук конгресс* жеңишке ээ болгон. Анын жеңишке ээ болушунун себеби, И. Ганди өзүнүн шайлоо алдындагы сөздөрүндө ички жана тышкы саясатта Нерунун багытын кыйшаюусуз жолдой тургандыгын баса көрсөтүп айтуу менен, өлкөдө саясий стабилдүүлүктү орнотуп, тартипти жана мыйзамдуулукту камсыз кылууну, анын өкмөтү 1975-ж. түзгөн калктын жакыр катмарынын абалын жакшыртууга багытталган социалдык-экономикалык иш-чаралар программасын ишке ашырууну убада кылган.

1980-ж. парламенттик шайлоонун дагы бир артыкчылыгы, 1964-ж. Индиянын жикке бөлүнүп кеткен Коммунисттик партиясынын биримдикте чыгышы болду (бири — марксчылар). Өлкөнү ички саясий жана экономикалык жактан өнүктүрүү багытында эки партия тең бирдей позицияны ээлегендиктен, ушундай кызматташтык түзүлгөн.

**Пакистан Ислам Республикасы.** Улуу Моголдор империясынын кулашы, уруулук чыр-чатактар, иран жана афган феодалдарынын чапкындары англиялык колониячылардын баскынчылык пландарын ишке ашырышына жол ачты. Ошентип англиялыктар 1843-ж. Синдди, 1845–1849-жж. Пенжабды, 1854–1893-жж. узакка созулган кандуу кармаштардын натыйжасында чыгыш пушта урууларынын жана княздыктарынын жерлерин жана Белужстанды күч менен кошуп алган.

XIX к. экинчи жарымында бул региондун элдеринин улуттук-боштондук кыймылы башталып, XX к. башында революциячыл-демократиялык багыт калыптанган. Анын өнүгүшүнө Батыш Европадагы революциячыл маанайлар, Россиядагы революциялар таасир эткен. 1896–1908-жж. Синддеги хурлардын көтөрүлүштөрү, Белужистандагы 1897–1900-жж. 1915–1916-жж., 1925–1928-жж. көтөрүлүштөр, чек арадагы пушту урууларынын 1919–1921-жж. көтөрүлүшү колониячылардын бийлигин бошондоткон.

Колониялык көз карандылыктын мезгилинде Түштүк Азия субконтинентинин түндүк-батыш аймактары буудай, пахта жана башка айыл чарба продуктулары боюнча ири өндүрүүчүгө

айланган. Алардын жарымынан көбү метрополияга ташылып кеткен. Ошол эле учурда бул аймактардын өнөр жай өндүрүшү өтө начар өнүккөн. Өнөр жай ишканаларынын көпчүлүгү айыл чарба сырьёлорун алгачкы кайра иштетүүчү сезондук ишканалар болгон. Түндүк-батыш аймактардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жергиликтүү бай помещиктер менен индиялык буржуазиянын жогорку топторунун (марвар-гужараттык) экономикалык таламдарынын ортосунда кагылыштар болгон. Индиялык ири буржуазия өз ишканаларын чет өлкөлүк фирмалардын конкуренциясынан коргой турган протекциялык бажылык тарифтерди орноткон. Ошондой эле ал өзүнүн завод-фабрикалары үчүн арзан айыл чарба сырьёлорун алууга да кызыкдар болчу. Ал эми түштүк-батыш аймактардын (өзгөчө Пенжабдын) ири жер ээлери болсо өздөрүнүн айыл чарба продукциясын тышкы рынокторго чыгаруу үчүн «эркин соода-сатык» тармагын түзүп, ал жактардан чет өлкөлүк өндүрүштүн арзан өнөр жай товарларын сатып алышкан.

Субконтиненттин түштүк-батыш аймактарындагы ири жер ээлери менен Хиндустандын жана Батыш Индиянын ири буржуазиясынын экономикалык таламдарынын эки башкалыгы алардын ортосундагы саясий жиктелүүгө негиз болгон. 1923-ж. түндүк-батыш аймактарынын мамлекеттик-административдик өзгөчөлөнүшү боюнча талаптар коюла баштаган. Өзгөчөлөнүү тенденцияларын чындоого дүйнөлүк биринчи жана экинчи согуштардын аралыгындагы жылдарда жергиликтүү майда жана орто буржуазиянын, буржуазиялык интеллигенциянын өсүшү, көпчүлүк майда помещиктердин жана айылдык байлардын ишкердик кылууга өтө башташы таасир эткен. Колониялык Британиялык Индиянын шартында бул тенденциялар диний-жамааттык маанайда болгон.

Мусулман лигасынын 1940-ж. 22–24-мартта Лахордо өткөн XXVII сессиясында Индиядагы колониялык Британиялык империянын түндүк бөлүгүндө эки көз карандысыз мусулман мамлекеттерин түзүү талабы коюлган резолюция кабыл алынган. Алардын бири — түндүк-батышта (Пенжаб, Синд, Түндүк-Батыш Чек аралык провинция, Белужистан жана Кашмир), экинчиси — түндүк-чыгышта (Бенгалия, Ассам) түзүлүүгө тийиш болгон. Ал эми мусулман-парламентарийлердин 1946-ж. 8-апрелиндеги конференциясында бирдиктүү көз карандысыз мусулман өлкөсүн — Пакистанды түзүү чечими кабыл алынган.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялык системага каршы кыймылдын күч алышынын натыйжасында англиялык



Мухаммад Али Жинна.

колониячылар Түштүк Азиядан чыгып кетүүгө мажбур болушат. Ошентип, Британиялык Индиянын ордуна эки доминион — Индия Союзу жана Пакистан пайда болгон. Пакистандын тунгуч генерал-губернатору Мусулман лигасынын лидери жана Пакистан мамлекетин түзүү кыймылынын жетекчиси **Мухаммад Али Жинна (1876–1948)** болгон.

1947-ж. августта көз карандысыз Индия жана Пакистан мамлекеттеринин түзүлүшү Түштүк Азиядагы Британиялык колониялык империянын кулга айландырылган элдеринин улуттук-боштондук күрөшүнүн эң башкы жана маанилүү жеңиши болгон. Ошону менен бирге эле Британиялык Индиянын көз карандысыз эки мамлекетке бөлүнүү шарты (индустардын жана мусулмандардын массалык миграциясы, империалисттик жана ички реакциячыл күчтөрдүн тукуруусу менен болгон индус-мусулман кандуу кагылыштары) Пакистанды да, Индияны да алсыраткан жана ал экөөнүн көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки мамилелеринин бузулушуна алып келген.

Пакистан Чыгыш жана Батыш облустардан турган. Ортодон Индиянын 1600 *кмге* созулган аймагы кесип өткөн. Пакистанга саны жагынан мусулмандар басымдуулук кылган аймактар кирген.

Пакистан англиялык үстөмдүк доорунан колониялык типтеги артта калган экономиканы мурастаган. Калкынын 90%ы айыл-кыштактарда жашаган. 1948-ж. фабрикалык өнөр жай өлкөнүн улуттук кирешесинин бар болгону 1,4%ын гана түзгөн. Экономиканын негизги тармактарындагы олуттуу позицияны чет өлкөлүк монополия ээлеген. Өлкөнүн көз карандысыздыгын чыңдоо, аймактардын экономикалык өнүгүүсүндөгү ажырымдыктарды жоюу жана колониялык эзүүнүн мурастарын жок кылуу үчүн радикалдуу социалдык, экономикалык жана административдик реформаларды жүргүзүү керек болгон. Анткени Чыгыш Пакистан Батыш Пакистанга караганда кыйла артта калган эле. Мына ошол реформалардын мүнөздөрүн, багыттарын жана темптерин аныктоо үчүн күрөш Пакистандын саясий турмушунун өзөгүн түзгөн.

Пакистандын саясий турмушунда 1954-ж. чейин Мусулман лигасы үстөмдүк кылган. Анын жетекчилигинин иш-аракети Батыш Пакистандын жер ээлөөчү магнаттарынын жана ири му-

сулман буржуазиясынын позицияларын чыңдоого багытталган. 1948–1950-жж. салык өлчөмү жогорулатылып, жер рентасы өскөн. Мындай саясат кеңири нааразылыкты туудуруп, жумушчу кыймылы жандана баштаган. 1948-ж. Пакистандын Коммунисттик партиясы (ПКП) түзүлгөн. Ошондой эле дыйкандардын кыймылы да күч алып, башкаруучу төбөлдөр бир катар агрардык мыйзамдарды кабыл алууга аргасыз болушкан. Чыгыш Пакистанда мамлекет помещиктердин жерлерин сатып ала баштаган да, мураскер ижарачы дыйкандар мамлекетке салык төлөөчү мураскер жер ээлерине айланышкан. Батыш Пакистанда мураскер ижарачылар өз жер үлүштөрүн сатып алуу укугуна ээ болушкан.

Пакистанды өнүктүрүүнүн башкы проблемалары чечилбегендиктен, калктын кеңири катмары Мусулман лигасынан четтей баштаган жана анын ичинде фракциялык күрөш күчөгөн. 50-жж. башында алгачкы оппозициялык буржуазиялык-демократиялык партиялар пайда болгон. Бийлик чөйрөсүндөгү күрөш курчуган. 1951-ж. 16-октябрда Пакистандын туңгуч премьер-министри Лиакат Али хан (1895–1951) өлтүрүлгөн.

1953-ж. декабрда түзүлгөн оппозициялык партиялардын Бириккен фронту 1954-ж. марттагы шайлоодо Мусулман лигасын баш көтөргүс кылып жеңип чыккан. Өз бийлигин сактап калыш үчүн башкаруучу бийлик Чыгыш Пакистанга чукул абал киргизет. 1954-ж. 5-июлда Чыгыш, 24-июлда Батыш Пакистанда ПКПнын ишмердигине тыюу салынган. Ошол эле жылы 24-октябрда өлкө боюнча чукул абал жарыяланып, Уюштуруу жыйыны таркатылган.

Ички саясий абалынын стабилсиздигинен пайдаланып, АКШ менен Англия Пакистанды СЕАТОго (1954-ж. 8-сентябрда) жана Багдад пактысына (1954-ж. 23-сентябрда) киргизишкен.

1955-ж. июнда II Уюштуруу жыйыны шайланып, анда башкаруучу чөйрөнүн биротоло кулаганы айкындалган. 1956-ж. 29-февралда Уюштуруу жыйыны Конституцияны кабыл алган. Ага ылайык, доминион Пакистан 1956-ж. 23-мартта Пакистан Федеративдүү Ислам Республикасы деп аталган. Бул Конституция өлкөдө парламенттик башкаруу формасын орноткон. Ошентсе дагы, үстү-үстүнө алмаштырылган өкмөттөр өлкөнү өнүктүрүү проблемаларын чече алган жок. 1957-ж. июлда бир нече прогрессивдүү партиялар жана уюмдар биригип, Улуттук элдик партия түзүлгөн. Ага карабастан башкаруу чөйрөсүндөгү ар кайсы топтордун ортосундагы саясий күрөш өкмөттүк кри-

зиске алып келген. Ошентип, 1958-ж. 7–8-октябрда мамлекеттик төңкөрүш болот да, конституция алынып салынат, өлкөгө аскердик абал киргизилип, саясий партияларга тыюу салынат. 27-октябрда армиянын башкы командачысы, аскердик администрациянын жетекчиси генерал М. Айюб хан президенттик милдетти өз колуна алат.

50-жж. аягы – 60-жж. башында бир катар реформалар жүргүзүлүп, натыйжада агрардык мамилелер, агартуу, сот системалары жана башка турмуш-тиричилик тармактары өткөндүн калдыктарынан арылтылган; улуттук өндүрүштү өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Бирок бул реформалар ырааттуу жүргүзүлгөн эмес. Өлкөдө аскердик тартипке каршы оппозиция күч алган.

1962-ж. 8-июнда аскердик тартип жоюлгандан кийин өлкөдөгү саясий турмуш кайрадан жигердене баштаган. Бийлик коммунисттик партиядан башка саясий партияларга уруксат берген. 1965-ж. январда президенттик шайлоо болуп, М. Айюб хан кайрадан бийликке келген.

Пакистан 60-жж. бир тараптуу батыш дөөлөттөрүнө ыктоодон баш тартып, социалисттик өлкөлөр жана өнүгүп келаткан мамлекеттер менен кызматташуусун өнүктүрүп, эл аралык майданда өз алдынчалуулугун бекемдөөгө умтулган. Бирок анын Индия менен мамилеси оңолгон эмес. 1965-ж. пакистандык-индиялык согуштук кагылыш Пакистандын экономикасына өтө терс таасирин тийгизген. 60-жж. экинчи жарымында өлкөдөгү саясий абал курчуп кеткен. 1967-ж. түзүлгөн Пакистан элинин партиясы өлкөнүн саясий турмушунда маанилүү роль ойной баштаган. Ал элдик партияны З. А. Бхутто жетектеген.

1969-ж. 25-мартта президент М. Айюб хан өз ыктыяры менен иштен кетип, бийликти башкы командачы А. М. Яхья ханга өткөрүп берген. Өлкөдө кайрадан аскердик тартип орнотулган. Аскердик бийлик элдин наразылыгын басыш үчүн бир катар иш-чараларды жүргүзгөн. Алсак, бирдиктүү Батыш Пакистандын ордуна кайрадан төрт провинция — Пенжаб, Синд, Түндүк-Батыш Чек аралык провинция (ТБЧП) жана Белужистан түзүлгөн.

1970-ж. декабрда Пакистандын тарыхында алгачкы жолу жалпы элдик шайлоо өткөрүлүп, анда демократиялык кайра курууларды жүргүзүү программасы менен чыгышкан партиялар жеңишке ээ болушкан. Алар: Чыгыш Пакистанда — «Авами лиг» партиясы, жетекчиси Шейх Муджибур Рахман, Чыгыш

Пакистанда — *Пакистан элинин партиясы*, жетекчиси **Зульфикар Али Бхутто.** «Авами лиг» партиясынын жетекчилиги бийликти Улуттук ассамблеяга өткөрүп берүүнү жана Чыгыш Пакистандын региондук автономиясын конституциялык таанууну талап кылган. Пакистандын башкаруу чөйрөсүнүн калктын басымдуу бөлүгүнүн эркин билдирген бул талаптарды аткаруудан баш тартуусу эң курч саясий кризиске алып келген. Чыгыш Пакистан элинин аскердик диктатуранын тартибине каршы куралдуу күрөшүнүн натыйжасында Бангладеш Элдик Республикасы түзүлгөн. Даккадагы пакистандык аскерлер 1971-ж. 16-декабрда капитуляцияланган. Эки күндөн кийин батыштагы согуштук аракеттер да токтогон. Ошентип, 1971-ж. 20-декабрда генерал А. М. Яхья хан бийликти З. А. Бхуттого өткөрүп берип, өзү отставкага кеткен.


Зульфикар Али Бхутто.

Аскердик диктатура кулап, бийликке жарандык өкмөт келгенден кийин оор өнөр жайынын ири жеке менчик ишканалары, камсыздандыруу компаниялары жана жеке менчик банктар мамлекеттештирилген. Нефти продуктулары менен соода-сатык кылуучу компаниялар жана кеме куруучу компаниялар жарым-жартылай мамлекеттештирилген же алардын үстүнөн мамлекеттик көзөмөл орнотулган. Айыл-кыштактарда кооперативдик кыймылды өнүктүрүү чаралары көрүлгөн.

1972-ж. 21-апрелде аскердик тартип жоюлган. 1973-ж. 14-августта жаңы Конституция кабыл алынып, тарыхта биринчи жолу жогорку палата – сенат түзүлгөн. Сенатта ар бир провинциядан бирдей сандагы өкүл болгон. 1972-ж. 10-февралда эмгек мыйзамына реформа жүргүзүлүп, профсоюздардын укуктары кеңейтилген. Ошол эле жылы августта Коммунисттик партияга салынган тыюу алынып ташталган.

Пакистандын тышкы саясатында да олуттуу жылыштар болду. 1972-ж. Пакистан Британ шериктештигинен жана СЕАТОдон чыккан, Вьетнам Демократиялык Республикасын, Корей Элдик Демократиялык Республикасын тааныган, Германия Демократиялык Республикасы менен дипломаттык байланыш түзгөн. 1972-ж. Симле макулдашуусунан кийин Индия менен мамиле да оңоло баштаган. 1974-ж. Бангладеш Элдик Республикасын тааныган. СССР менен Карачиге жакын жерде жы-

лына 1 *млн т* болот эрите турган кубаттуулуктагы металлургиялык заводду куруу боюнча, билим берүү, илим, маданият жаатындагы алмашуулар боюнча келишимдер түзүлгөн.

1977-ж. марттагы парламенттик шайлоодо Пакистан элинин партиясы (ПЭП) кайрадан жеңишке ээ болот. А бирок шайлоо алдында түзүлгөн оппозициялык Пакистандык улуттук альянс шайлоонун жыйынтыгын тааныбай, ПЭПтин отставкага кетишин талап кылуу кампаниясын жүргүзгөн. ПЭПтин альянстын жетекчилиги менен макулдашууга жасаган аракетинен эч майнап чыккан эмес. Мына ушундай кырдаалда 1977-ж. 5-июлда өлкөдөгү бийликти генерал Зия-уль Хак баштаган куралдуу күчтөрдүн жетекчилиги тартып алат. Ошентип, 1978-ж. сентябрда ал президент болуп калат. Ал эми мурдагы тартиптин көпчүлүк жетекчилери камакка алынат. З. А. Бхуттого болсо саясий өлтүрүүнү уюштурган деген айып коюлуп, 1979-ж. апрелде даргага асылган. Өлкөдө пакистандык коомду исламдаштыруу күч алат. Экономика жеке менчик секторду өнүктүрүү багытында өнүгө баштайт, айрым ишканалар менчиктештирилет, чет өлкөлүк инвесторлорго жана каржылык уюмдарга жаңы жеңилдиктер жана артыкчылыктар берилет.

Пакистан 1979-ж. СЕНТОдон чыгып, кошулбоо кыймылынын мүчөсү болуп калат.

**Бангладеш.** Бул өлкөнүн аймагынын азыркы кездеги чек арасы 1947-ж. Британиялык Индиянын бөлүнүшү жана Пакистандын түзүлүшү менен калыптанган. Бенгал элинин кажыбас кайраттуулук менен жүргүзгөн улуттук-боштондук күрөшүнүн натыйжасында бул аймакта 1971-ж. 16-декабрда көз карандысыз Бангладеш Элдик Республикасы түзүлгөн. 1972-ж. январда Пакистандагы камактан бошонуп келген «Авами лиг» партиясынын лидери Шейх Мужибур Рахман бул өлкөнүн өкмөтүн жетектеп калган.

Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин Бангладештеги бенгал эместер өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушуна кийлигишүүдөн четтетилген. Жаш республикадагы саясий бийлик бенгал улуттук буржуазиясынын, бай жер ээлеринин жана алар менен алакалашкан орто катмардын колуна өткөн. Өнөр жай өндүрүшү жана башка тармактардын баары тең жапырт мамлекеттештирилген. Мамлекеттик сектор өлкөнүн жалпы улуттук таламдарына толук жооп берүү менен, социалдык-экономикалык кайра куруулар үчүн, көз карандысыздыкты чыңдоо милдеттерин чечүү, эл чарбасын калыбына келтирүү жана

аны пландуу негизде кайра куруу үчүн, улуттук ресурстарды көпчүлүк элдин таламдарында сарамжалдуу пайдалануу жана аларды өнүктүрүү темптерин тездетүү үчүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген.

Өлкөдөгү жумушсуздуктун жана инфляциянын өсүшү, согуштук аракеттер саясий чыңалуунунун курчушуна алып келген. 1975-ж. январда башкаруунун президенттик формасы жана бир партиялуу система орнотулган. Бирок абал оңолгон эмес. Ошол эле жылы 15-августта офицерлердин тобу төңкөрүш жасап, Мужибур Рахманды өлтүрүп салышат. Жаңы бийлик администрациясы күзгө чейин гана араң карманып турат. 1975-ж. ноябрда бийлик генерал Зиаур Рахман баштаган армиялык жетекчиликке өтөт. 1977-ж. апрелде Зиаур Рахман президент болот да, Бангладешти экономикалык жактан өнүктүрүүнүн «19 пункттан турган программасын» жарыялайт. Анда айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүгө басым жасалган. Өкмөт өзөктүү тармактарды мамлекеттин колуна алуу менен бирге, жеке ишкердикке жол ачып, экономиканы капиталисттик өнүгүү жолуна багыттоого умтулган. 1975-ж. августта орнотулган аскердик абал 1979-ж. апрелде жоюлган.

### Суроолор:

1. Индия колониячыларга каршы кандай күрөш жүргүзгөн?
2. Пакистандын тарыхындагы орчундуу учурлар кайсы тарыхый окуялар?

## § 26. Непал. Бутан. Шри-Ланка. Мальдив Республикасы

**Непал королдугу.** Тоолуу Непал өлкөсү жолунун татаалдыгынан жана ага жетүүнүн кыйындыгынан Улуу Британиянын сырьёлук базасына айланган эмес. Непал жоокерлеринин каармандык сапаттарын жана чыдамкайлыктарын байкаган англиялыктар кийин Непалды Индиядагы жана башка колонияларындагы элдик каршылык көрсөтүүлөрдү басыш үчүн түзүлгөн өзүнүн колониялык армиясын толуктоочу базага айландырган. Бирок бул кийинчерээк болгон. Ага чейин, алгачкы англиялык резидент Катмандуга келген кезде непалдык бийлик Инди компаниясы менен соода-сатык келишимин да түзгөн эмес.

Англиялык резидент бийликтин саясатына наразы болгондорду пайдаланып, мухтияр Бхим Сен Тхапаны жалган жалаа менен абакка отургузганда, ал өзүн өзү өлтүргөн. Кандай жол менен болсо да бийликке жетүүнү көксөп жүргөн Жанг Бахадур

Ран аттуу феодал англиялык резиденттин жардамы менен кылдат даярдалган кутумду ишке ашырган. 1846-ж. 15-сентябрга караган түнү Жанг Бахадур ораттардын жардамы менен кандуу кыргын уюштуруп, өзүнүн атаандаштарынын баарын кырып жок кылган. Королдун жетиле элек тестиер бакма уулу такка отургузулуп, чындыгында Жанг Бахадур бийлик жүргүзүп калат. Мына ошондон тартып жүз жыл бою Бангладешти англиялык колониячылардын каалаган кишиси — Рандын үй-бүлө мүчөлөрү жана алардын укум-тукумдары бийлеп калат. Король падышалык кылганы менен, эч кандай бийлик жүргүзгөн эмес. Рандын олигархиясы өлкөдө ачыктан-ачык эле өз диктатурасын орноткон. Ал англиялык колониячыларга кыңк этпей кызмат өтөп, демократиянын жана прогресстин келишпес душманы болгон. Непал Рандардын олигархиясы бийликтен куулган 1951-ж. чейин тышкы дүйнөдөн обочолонуп калган.

1951-ж. өлкөдө агрардык реформа жүргүзүлгөн, алгачкы өнөр жай ишканалары пайда болгон. Ошондой болсо да ал бүгүнкү күндө экономикалык өнүгүүсү бошоң өлкөлөрдүн катарында. Непал мурдагыдай обочолонбой, тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн 1955-ж. БУУга мүчө болуп кирет. 1955-ж. тартып чейрек кылымдан ашуун Советтер Союзу менен дипломаттык, экономикалык жана маданий байланышта болот. Непалдык жаштар СССРден жогорку билим ала башташат. 1982-ж. тарыхта биринчи жолу советтик альпинисттердин Жомолунгма чокусуна чыгуусу ишке ашырылган.

Непал элинин материалдык маданияты өзүнүн бөтөнчөлөнгөн өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат жана анын сансыз кылымдарды камтыган өзөктүү тарыхы бар.

Непалдыктардын руханий маданияты динге байланыштуу өнүккөн. Адабият, живопись, скульптура, жыгачтан оюп кесүү, бий, музыка храмдардын, ыйык майрамдардын урматына арналып жаралган.

Непалдык маданий өнүгүүнүн аймактык өзгөчөлүктөрү буддалык (ламалык) маданиятты (Башкы Гималайя зонасы), индустук маданиятты (түштүк аймактар), буддалык жана индустук маданияттардын айкалышуусунан жаралган пахари маданияты (Ортоңку Непал) менен айырмаланып турат.

Катманду өрөөнүндөгү шаарлардагы невардык королдордун ордо сарайлары Непалдын жарандык архитектурасынын эң көрүнүктүү эстеликтери болуп саналат. Алардын ичинен өзгөчө көрктүүсү Бхактапурдагы 1427-ж. курулган «55 терезелүү ордо».

Рана олигархиясы кулатылганга чейин байыркы маданияттын өлкөсү болгон Непалдын калкынын 96%ы сабатсыз болгон. Азыркы кезде Гималайдын койнунда жаткан алыскы айылдарда да жалпы билим берүүчү мектептер бар. 1957-ж. Королдук академия түзүлгөн. 1959-ж. Киртипурда университет ачылган. Айыл чарба адистерин, медициналык кызматкерлерди, мугалимдерди даярдап чыгаруучу кесиптик орто окуу жайлары иштейт. Өлкөдөгү китепканалардын эң ириси – Мамлекеттик улуттук китепкана. Анда азыркы китептер менен бирге байыркы санскритте жана башка тилдерде жазылган манускрипттер сакталып турат. Улуттук музейде Непалдын маданий жана руханий маданиятынын ар кандай предметтеринин кызыктуу коллекциясы топтолгон.

**Бутан королдугу.** Бутандын XVI к. чейинки тарыхы боюнча маалыматтар өтө эле аз. Кыйыр түрдөгү айрым маалыматтар боюнча, VI–VII кк. Анын аймагы азыркы индиялык Ассам штатынын аймагында өкүм сүргөн Камарупа мамлекетинин курамында болгон. Камарупа кулагандан кийин Бутанга тибеттиктер тынымсыз кол салып турушкан. Алар акырындык менен Бутандын өрөөндүү аймактарына келип отурукташып алышкан да, жергиликтүү тургундар менен ассимиляцияланып кетишкен. Тибеттиктер Бутанга өз маданиятын жана байыркы дукпа сектасынын окуусу түрүндөгү ламаизмди жайылтышкан. Борбордук чиркөөлүк уюмга ээ болушкан дукпа окуусун улантуучулар XVII к. Бутанды көз карандысыз теократиялык (диний кызматкерлер башкарган) мамлекетке айландырышкан. Бирок борбордук бийликтин бошондугунан, коммуникациялык кыйынчылыктардан жана чарбанын натуралдык мүнөзүнөн улам өлкөдө динсиз феодалдардын — пенлоптордун (Батыш жана Чыгыш Бутандын губернаторлорунун) жана дзонгпондордун (чеп башчыларынын) ролу жогорулай баштаган. 1907-ж. англдардын жардамы менен Бутанда Вангчуктар династиясынын светтик монархиясы орнотулган. Англиялык колониялык бийлик Бутандын тышкы иштерине көзөмөлдүк кылганы менен, ички иштерине кийлигишкен эмес, аны өзүнүн колониялык ээлигине да кошуп алган жок. Англдар кеткенден кийин 1949-ж. Бутан Индия менен ушундай эле шарттагы келишим түзгөн. Бутандын дипломатиялык элчилиги Делиде жана БУУда (1971-ж.) эле бар.

Бутан агрардык өлкө. Негизги азык-түлүк маданияты — күрүч. Бутан — азыркы мезгилдин таасири дээрлик тие элек, өзүнчө бир башкача жаркын маданияттуу өлкө.

Руханий маданияттын сактоочулары – ламалар (кечилдер). Алар дарыгерлик кылышат, ар кандай турмуштук жагдайларда кеп-кеңештерин беришет, диний салтанаттарды уюштурушат, үй-бүлөлүк майрамдарда каада-салттарды жүргүзүшөт. Кечилдердин көпчүлүгү билимдүү, ал эми жогорку рангдагы ламалар Дракондор өлкөсүндө жалпы таанылган диний трактаттарды, сыйынуу сүрөөлөрүн жана каргыш сүрөөлөрүн жатка билишет. Ири монастырларда кол жазмалардын жана ксилографтардын чоң китепканалары бар. Алардын жер төлөлөрүндө сейрек кездешүүчү кенчтер: алтын идиштер, байыркы кылычтар кыны менен, носорогдун мүйүзүнөн алтын чегерилип жасалган калкандар, топоздун терисинен сомдолуп жасалган замбиректер жана башка көптөгөн буюм-тайымдар бар. Паро өрөөнүндө жыл сайын жазында бутандыктардын эң сүйүктүү майрамы болгон Паро-Чхе-Чху фестивалы өткөрүлөт. Беш күн бою зор Randzonge монастырында керней-сурнайлардын, барабан, цимбалдардын коштоосунда беткептерди кийип алышып, театрлаштырылган салтанаттуу оюн-зоок өткөрүшөт.

Гималайдагы Бутан королдугу эл аралык майданда эч убакта кандайдыр бир роль ойногон эмес. Ал өзү менен өзү болуп, обочолонуп өкүм сүрүп келүүдө. Бул өлкөдө бүгүнкү күндө да орто кылымдардагы каада-салттар, үрп-адаттар сакталып калган. Соңку жылдарда экономикалык, социалдык жана маданий прогрессти карай анча-мынча кадам жасалганы менен, өз жетишкендиктери жана кемчиликтери бар Бутан королдугу азыркы цивилизацияга өтө кылдаттык менен шашылбастан аралашууда.

**Шри-Ланка** (мурдагы Цейлон) — Инди океанындагы ушундай эле аталыштагы аралда жайгашкан мамлекет. 1978-ж. бери Шри-Ланка Демократиялык Социалисттик Республикасы деп аталат. Борбору — Коломбо шаары. Мамлекет башчысы — президент.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** XIX к. капиталисттик мамилелердин өнүгүшү менен, Шри-Ланкада улуттук буржуазия жана жумушчу табы калыптанган. Экинчи дүйнөлүк согуштун жылдарында көз карандысыздык үчүн күрөшкө жетекчилик кылган саясий партиялар пайда болгон. 1943-ж. Коммунисттик партия түзүлүп, ал колониячыларга каршы күрөшүү, эл чарбасынын негизги тармактарын мамлекеттештирүү, радикалдуу агрардык реформаларды жүргүзүү коомдук жана саясий турмушту демократташтыруу программасы менен чыккан. Компартия өнөр жайдын жана айыл чарбасынын алдыңкы жумушчуларына жана интеллигенцияга таянган. Экинчи дүйнөлүк согуштан

кийинки дүйнөдөгү саясий өзгөрүүлөрдүн жана ланка элинин узакка созулган баатырдык күрөшүнүн натыйжасында 1948-ж. 4-февралда Шри-Ланка колониялык кулчулуктун торунан бошонуп, көз карандысыздыкка ээ болгон.

1946–1951-жж. өлкөнү компрадордук буржуазиянын жана ири жер ээлери болгон плантаторлордун таламдарын коргогон Бириккен улуттук партия жетектеген өкмөт башкарып турган. 1951-ж. ал партиянын саясатына нааразы болгон топ бөлүнүп чыгып, Соломон Бандаранаикенин жетекчилигиндеги Шри-Ланканын Эркиндик партиясын түзгөн. Бул партиянын Демократиялык программасы анын катарынын өтө тездик менен өсүшүн камсыз кылган. Натыйжада ошол эле Бандаранаике жетектеген Бириккен элдик фронт түзүлгөн. 1956-ж. апрелдеги парламентке шайлоодо Бириккен элдик фронт жеңип чыккан.

С. Бандаранаикенин өкмөтү бир катар маанилүү демократиялык кайра курууларды ишке ашырган. Улуттук көз карандысыздыкты чындоого өзгөчө көңүл бурулган. Англиялык аскердик базалар жоюлган. Республиканын өкмөтү СЕАТО согуштук блогуна катышуудан баш тарткан, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн Бандунгда өткөн конференциясында кабыл алынган принциптерди ырааттуулук менен сактаган. 1949-ж. түзүлгөн тамилдик Федералчылар партиясынын лидерлери менен макулдашууга жетишкен. Советтер Союзу менен дипломатиялык байланыш түзүлгөн.

Өлкөдөгү абалдын бир калыпка келтирилиши, прогрессивдүү тышкы саясий багыт, демократиялык кайра куруулар оңчул жана ультраулутчул күчтөрдүн күчтүү оппозициясын жараткан. Ошолордун көрсөтмөсү менен 1959-ж. 25-сентябрда Шри-Ланканын премьер-министри Соломон Бандаранаике өлтүрүлгөн. Анын өлүмүн Шри-Ланканын коомчулугу ланка элинин демократиялык жеңиштерине каршы реакциячыл күчтөрдүн кутуму деп эсептеген. Эркиндик партиясынын башчылыгына өлтүрүлгөн премьер-министрдин жубайы Сиримаво Бандаранаике шайланган. Ал 1960-ж. парламенттик шайлоодо премьер-министр болуп шайланган. Сиримаво Бандаранаикенин өкмөтү бир катар социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүп, экономиканын мамлекеттик секторун чыңдаган, жер реформасы боюнча мыйзамды кабыл алган. Бирок Эркиндик партиясынын чечкинсиздиги эл арасында нааразылыкты күчөткөн. Ошентип, 1977-ж. парламенттик шайлоодо Бириккен улуттук партия жеңишке ээ болгон. Ошол эле жылдын май айынан баштап курамында коммунисттик жана социалисттик партиялар, демократиялык профсоюздук жана жаштар уюмда-

ры болгон Бириккен солчул фронт аракет кыла баштайт. Ал фронттун максаты — элдин таламдарындагы радикалдуу социалдык-экономикалык кайра куруууларды ишке ашыруу.

Шри-Ланканы мекендеген элдердин маданиятынын өнүгүшүнө ал элдердин кылымдардан бери бири-бири менен тыгыз байланышта болушу жана аралдын ар кайсы жерлериндеги зоналык өзгөчөлүктөр да таасир эткен.

**Мальдив Республикасы** Инди океанынын экватордук сууларындагы Мальдив архипелагында жайгашкан. Мальдив Республикасынын борбору жана архипелагдагы бирден-бир шаар жана порт Мале ушундай эле аталыштагы арал-атоллдо жайгашкан. Мамлекеттик түзүлүшү — президенттик республика. Жогорку мыйзам чыгаруу органы — элдик жыйын (межлис). Мамлекет башчысы — президент.

**Маанилүү тарыхый окуялары.** 1558-ж. Малени португалиялыктар басып алышып, порт курушкан. Бирок 15 жылдан кийин, 1573-ж. мальдивдер көтөрүлүш чыгарып, аларды кууп чыгышкан. Бул жакта бир канча жыл голланддар да үстөмдүк кылып турушту. 1887-ж. Мальдивге Англия өз протектораттыгын тануулаган.

1964-ж. апрелде Мальдив аралдарынын, негизинен Малелин тургундары англиялык колониялык үстөмдүккө каршы көтөрүлүш чыгарышкан. Көтөрүлүшкө жалпы эл — порттогу жумушчулар, балыкчылар жана кол өнөрчүлөр, устаканалардын жумушчулары, окуучулар жана интеллигенция катышкан. Көтөрүлүшчүлөр Хулуле аралындагы англдардын аэродромун талкалашып, Англия резидентинин үйүн камоого алышкан. Ошентип 1965-ж. англиялык өкмөт Мальдив архипелагына саясий көз карандысыздык берүүгө аргасыз болгон. Өлкө ошол эле жылы БУУга мүчө болуп кирген. 1968-ж. 11-ноябрда өткөрүлгөн референдумдун негизинде Мальдив республика болуп жарыяланган.

1948-ж. чейин Мальдивде диний мектептер гана болгон. Азыр калктуу конуштардын баарында тең мектептер бар. Аларда кыз балдар өзүнчө, эркек балдар өзүнчө окуп билим алышат. Саламаттыкты сактоо тармагында да ийгиликтер болду. Маледе мамлекеттик госпиталь бар.

### Суроолор:

1. Непал, Бутан, Шри-Ланка жана Мальдив өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрүндөгү айырмачылыктарды көрсөтүп бергиле.
2. Непалдын маданиятынын өнүгүшүнө кандай факторлор таасир тийгизген?
3. Бутандын тарыхында кандай маанилүү окуялар болуптур?
4. Непал, Бутан, Шри-Ланка, Мальдив мамлекеттери кайда жайгашкан?

# IX ГЛАВА
# АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ

## § 27. Колониялык Африка. Латын Америкасында көз карандысыз мамлекеттердин өнүгүшү

**Колониялардын түзүлүшүнүн себептери.** XIX к. экинчи жарымында улуу дөөлөттөрдүн ортосунда колониялык ээликтерди кеңейтүү боюнча мелдеш башталган. Англия, Франция жана Россиянын ортосундагы колониялар үчүн күрөшкө Германия, Япония, АКШ жана Италия кошулган. Колониялык басып алуулардын эң башкы объектиси Африка континенти болгон. Африканы XIX к. 80–90-жж. Англия, Франция, Германия, Бельгия, Италия, Португалия жана Испания өлкөлөрү бөлүп алышкан.

XX к. башталышына карата дээрлик бүткүл дүйнө жүзү улуу дөөлөттөрдүн ортосунда бөлүнүп калган. Колониялардын жалпы аянты Жер шарынын аймагынын 68%ын түзгөн, колонияларда жана жарым колонияларда (көз каранды өлкөлөрдө) дүйнө калкынын 60%ы жашаган. Африка континентинде Эфиопия менен Либерия гана көз карандысыздыктарын сактап кала алышкан. (Азияда толук көз карандысыз жалгыз өлкө Япония болгон.) Дүйнөнү бөлүштүрүүнүн натыйжасында бүтүндөй бир колониялык империялар пайда болуп, алардын аймагы метрополиялардыкынан бир нече эсеге ашып түшкөн. Ошол себептүү XIX к. экинчи жарымындагы мезгил *империализм доору* деп аталып калган.

XIX к. биринчи жарымында африкалык колониялардан негизинен азык-түлүк, татымалдар жана чийки заттар (пахта, кендир, жибек чийки заты, боёктор) чыгарылып кеткен. Колонияларга өтө кымбат баадагы кездемелер, металл буюмдары жана жарым фабрикаттар сатылган. Ошентип *бул мезгилде көз каранды өлкөлөрдүн рынокторуна батыш* ***товарларын ташып киргүү*** *колонияларды эксплуатациялоонун башкы жолу* болгон.

XIX к. экинчи жарымында колонияларды эксплуатациялоонун башкы жолу ***капиталды ташып чыгаруу*** болуп калган. Ал эки түрдө болгон: *каржылык* (зайымдар жана кредиттер) жана *өнөр жайлык* (фабрика-заводдорду, темир жолдорду, банктарды куруу) *капитал.* Колониячыл дөөлөттөр эмне үчүн товарларды ташып чыгаруудан капиталды ташып чыгарууга өтүшкөн? Анын себеби метрополияларда конкуренция күчөп, улам көбүрөөк

пайда табууну көксөгөн ишкерлер өз өндүрүштөрүн арзан жумушчу колдору жана арзан чийки заттары бар аймактарга көчүрө баштаганы менен түшүндүрүлөт. Метрополияларда пайданын орточо көлөмү 3 %ды гана түзгөн болсо, колонияларда 15 %ды түзгөн.

**Африкадагы колониализм.** Эксплуатациялоонун жол-жоболорун жана ыкмаларын өзгөртүү Африка элдеринин өсүп-өнүгүшүнө жолтоо болгон. Колонизаторлор мурда африкалык өлкөлөрдүн ички иштерине эч кийлигишпеген болсо, жаңыча жагдайда алар бүт бардык иштерге кийлигише баштагкан. Бул Африка өлкөлөрүнүн табигый өсүп-өнүгүүсүнө кедергисин тийгизген. Колониялар менен метрополиялардын ортосундагы тыгыз байланыш бул өлкөлөрдөгү соода-сатык өндүрүшүнүн жана товардык-акча байланыштарынын өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Өз колонияларын товар өндүрүүчү өлкөлөргө айландырыш үчүн колониячылар жерге болгон жеке менчикти орнотуучу экономикалык реформаларды жүргүзүшкөн. Чет өлкөлүктөрдүн өнөр жай ишканаларын, темир жолдорду курушу, телеграфтык линияларды жүргүзүшү Африка өлкөлөрүнүн азыркы кездеги экономикалык секторунун пайдубалын түзгөн. Колониячылар мамлекеттин экономикага көзөмөлдүк кылуусун бошондотуу менен, жергиликтүү ишкерлерди өнүктүрүүгө жол ачкан. Ошондой эле колониячылардын Африка өлкөлөрүндөгү кул сатуучулукка, бир катар варвардык каада-салттарга тыюу салуусу, европалык үлгүдөгү мектептерди ачышы прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Ошону менен бирге колониячылар традициялык коомдун бузулушун тездетип, өнүгүүнүн жаңыча үлгүлөрүн калыптандырууга, африкалык өлкөлөрдүн өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Ошол эле учурда бул объективдүү, прогрессивдүү өзгөрүүлөр калктын жакырдануусу, жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн бүлүнүшү, ачарчылык, калыптанып калган турмуш ыңгайынын бузулушу менен коштолгон.

Колониялык тартиптин орнотулушу менен, африкалык колониялардан чийки зат, азык-түлүк, акча каражаттар түрүндөгү эбегейсиз зор байлыктар чыгарылып кетип турган. Прогрессивдүү өзгөрүүлөргө карабастан, колониялардын экономикасы бир тараптуу гана өнүккөн, анткени колониячылар акча каражаттарын өздөрүнө пайда алып келе турган өндүрүш тармактарына гана сарпташкан. Алар көз каранды өлкөлөрдүн улуттук өнөр жай өндүрүштөрү калыптана баштагандан тартып алардын өнүгүшүн атайлап жайлатуунун айла-амалдарын колдонушкан. Колониячылардын колониялардагы ролу көз көрүнөө карама-

каршылыктуу болгон. Бир жагынан, алар африкалык өлкөлөрдүн өнүгүүсүн тездетүүгө объективдүү таасир этишсе, экинчиден, бул тездетүү колонияларды жана жарым колонияларды талаптоноо менен коштолуп, жергиликтүү калктын кыргынга учурашына алып келген.

**Модернизациялоонун экономикалык жана социалдык-саясий аспекттери.** Коомго карата колдонулганда, *«модернизациялоо»* деген түшүнүк коомдук түзүлүштүн жана өнүгүүнүн жаңы, бир кыйла алдыңкы үлгүсүнө өтүү дегенди билдирет. Бул процесс Африкада да XIX к. экинчи жарымында колониялык ээликтерди батыштык үлгүдө кайра курууга умтулушкан колониячылардын табигый өсүп-өнүгүүнү бузуп-түзөөсү менен башталган. Модернизациялоо процесси чет өлкөлүктөрдүн таасири күчтүү болгон экономикалык аймактарда жүргөн. Африкалык экономиканы модернизациялоо *рыноктук (капиталисттик) экономиканы түзүү* түрүндө болгон. Ал бир нече багытта ишке ашырылган: товардык-акча мамилесин өнүктүрүү; жеке менчикти чыңдоо; жеке ишкердик демилгелерди өнүктүрүү; фабрикалык-заводдук өнөр жайды жана заманбап инфраструктураны (темир жолду, телеграфтарды, портторду ж.б.) түзүү.

Бирок, Африка өлкөлөрү башкы принциптери салттуу экономикалык түзүлүшкө таптакыр карама-каршы болгон рынок экономикасына өтүүгө даяр эмес эле. Жаңы экономикалык мамилелер чет өлкөлүктөр тарабынан сырттан алынып келгендиктен, колониялык өлкөлөрдүн экономикасы рыноктук системага аз-аздан, бөлүк-бөлүк түрүндө тартылган. Демек, бул өлкөлөрдө феодалдык мамилелер капиталисттик мамилелерге алмаштырылбастан, *феодалдык түзүлүш жаңыча экономикалык шарттарга ыңгайлаштырылган.* Натыйжада колониялык өлкөлөрдүн экономикасы көп укладдуу болуу менен, улуттук жана рыноктук мамилелер чиеленишип өнүккөн. Демек, Африкадагы капитализм Батыш өлкөлөрүнө караганда жайбаракат жана башкача ыңгайда калыптанган.

Андай өзгөчөлүк айыл чарбасында бөтөнчө даана байкалган. Чет өлкөлүктөр менен соода-сатык алакаларынын өнүгүшү, колониячылардын жерге болгон жеке менчикти киргизиши товардык өндүрүштүн өнүгүшүнө өбөлгө болгон, помещиктик дыйкан чарбалары товардык-акча мамилелерине тартыла баштаган. Бирок капиталисттик ишкерлерге плантациячы помещиктердин жана бай дыйкандардын бир аз гана бөлүгү айланган. Жер ээлеринин басымдуу көпчүлүгү айдоо жерлеринин көбүн ээлеп алышып, адатынча ижарага берүүнү уланта беришкен.

Өнөр жайын модернизациялоо бир кыйла тез жүргөн. Мында капитализмдин эки түрү калыптанган. Бири — кол өнөрчүлөрдүн ишкерлерге айлануусун шарттаган табигый негизде өнүккөн капитализм. Экинчиси — чет өлкөлүктөрдүн фабрикалык-заводдук ишканалары. Жергиликтүү байлар экинчи жолго түшүшкөн. Фабрикалык-заводдук ишканалардын пайда болушу африкалык коом үчүн өтө маанилүү болгон, анткени ал заманбап өнөр жай түзүлүшүн шарттаган. Ошону менен бирге африкалык коом агрардык түзүлүштөн индустриялык түзүлүшкө, коомдук өнүгүүнүн жаңы баскычына өткөн. Ошондуктан колониялык өлкөлөрдүн өнүгүү деңгээли XIX к. экинчи жарымынан тартып улуттук өнөр жайынын өнүгүү деңгээли менен аныктала баштаган.

Фабрикалык-заводдук өнөр жайынын түзүлүшү кол өнөрчүлөрдү күнүнө 12–16 сааттан иштөөгө мажбурлаган. Өзгөчө улуттук буржуазиянын ишканаларында эмгек шартына көзөмөлдүк болгон эмес, жумушчунун эмгек акысы эптеп-септеп күн көргөнгө араң жеткен. Ошондой болсо да, колониялык өлкөлөрдүн экономикасын модернизациялоо алардын андан ары карай өнүгүшү үчүн өтө маанилүү болгон, анткени алардын экономикалык көз карандысыздыгы үчүн шарттардын калыптануу процесси дал ушул кезде башталган.

Модернизациялоо процесси экономикада эле эмес, социалдык чөйрөдө да жүргөн. Социалдык чөйрөдөгү модернизация салттуу социалдык түзүмдөн капиталисттик коомдук түзүмгө өтүүдөн көрүнөт. Экономиканын көп укладдуулугу, капитализмди өнүктүрүүнүн синтезделген жолу бул процесстин өтө жайбаракат өтүшүн шарттаган. XX к. башында колониялык коом үч негизги топко бөлүнгөн:

1. Капиталисттик түзүлүшкө чейинки сословиелер жана таптар (феодалдар, дыйкандар, цехтик кол өнөрчүлөр, кулдар ж.б.).

2. Өздөрүнүн абалы боюнча эски жана жаңы коомдун ортосундагы аралык позицияны ээлеген өтмө социалдык топтор (ишкердик кылууга өткөн помещиктер жана бай дыйкандар; жерин жана мастерскоюн сактап калган, бирок жалданма кызматкерлерге айланган жакырданган дыйкандар жана кол өнөрчүлөр; соода-сатык кылууга өткөн помещиктер ж.б.).

3. Заманбап коомдук катмарлар (улуттук буржуазия, интеллигенция, жумушчу табы).

Заманбап коомдук катмарлардын түзүлүшү колониялык өлкөлөрдүн өнүгүшү үчүн өтө маанилүү болгон. Калктын бул катмарлары улуттук ой жүгүртүү чегинен ашыра ойлонулган

жаңы баалуулуктарды жаратуучулар болушкан. Натыйжада мурда чет өлкөлүктөргө гана мүнөздүү болгон жаңыча мамилелер эми жергиликтүү коомчулук тарабынан социалдык колдоого алына баштаган. Бул модернизация процессинин жүрүшүн биротоло бекемдеген.

Жаңы катмарлар социалдык жактан жайбаракаттык менен калыптанган жана алардын аң-сезими да өтө жай өнүккөн. XX к. башында жакырданган дыйкандардан, кол өнөрчүлөрдөн жана майда соодагерлерден турган жумушчу табы калктын 1–2%ын гана түзгөн. *Улуттук буржуазия* эки катмардан турган: төмөнкү жана жогорку. Төмөнкү катмар ишкер кол өнөрчүлөрдөн жана соодагерлерден калыптанган. Улуттук стереотиптик көз караштагы төмөнкү буржуазия (мастерскойлордун, чакан дүкөндөрдүн ээлери) чала сабат эл болгон. Буржуазиянын жогорку катмары банктардын, соода үйлөрүнүн жана өнөр жай ишканаларынын ээлерине айланышкан ири соодагерлерден, сүткорлордон, помещиктерден калыптанган. Ири буржуазия чет өлкөлүк конкуренцияга кабылып, болгон күч-аракетин соодалык-каржылык ишмердикке жумшаган. Бул дагы өтө жайбаракат калыптанган.

Ушундай шартта *улуттук интеллигенциянын* калыптанышы зор мааниге ээ. Ал европалык билим алып, батыштык өлкөлөрдүн жашоо-турмушун билгендиктен өз коомун өнүктүрүүнүн максаттарын жана жаңы чектерин жакшы түшүнөт. Улуттук интеллигенция — башкаларга караганда бир кыйла жетилген социалдык катмар. Ошондуктан ал коомдогу идеялык жана саясий лидерлик ролду ойнойт. Ал эми метрополияларда ал роль буржуазияга таандык.

Жаңы социалдык катмарлардын пайда болушу менен, идеологиялык жана саясий чөйрөлөрдө олуттуу өзгөрүүлөр болгон. XIX к. соңунда феодалдык улутчулдук идеология тарыхый майдандан биротоло кетип, анын ордуна улуттук-боштондукка жана салттык коомду модернизациялоону терендетүүгө үндөгөн *буржуазиялык улутчулдук идеология* калыптанган. Бул жаңы идеология улуттук-боштондук кыймылдын социалдык базасын кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн түзүп, калкты бирдиктүү бир байрактын алдына топтой алган.

Саясий чөйрөдө улуттук буржуазиянын жана интеллигенциянын өзүнчө бир блогу түзүлгөн. Анын башкы максаты чет өлкөлүк зомбулукту токтотуу жана феодалдык калдыктарды жоюу эле. Бул блок үчүн кайра куруулардын эталону — Батыш, күрөшүүнүн куралы — саясий партиялар. Саясий партия-

лар саясий маданияттагы жаңы көрүнүш эле. Ошондой эле эл массасын күрөшкө тартуудан баш тартуу бул блоктун ишмердигиндеги башкы өзгөчөлүк болгон. Анткени буржуазия жана интеллигенция элди консервативдик күч катары эсептешкен.

**Улуттук-боштондук кыймыл жана анын жогорулашы.** XVI–XVIII кк. көпчүлүк өлкөлөр чет өлкөлүктөрдүн келишин эч деле этибар алышкан эмес. Бирок XIX к. колониялык экспансияга жана колониячылардын африкалык өлкөлөрдөгү жашоо ыңгайына кийлигишүүсүнө африкалык жамааттардын каршылык көрсөтүү кыймылы башталгандан тартып абал таптакыр өзгөргөн. Каршылык көрсөтүү кыймылдары — антиколониялык көтөрүлүштөр жана согуштар. Ага Алжирдеги Абд аль-Кадир жетектеген көтөрүлүш (1825–1830-жж.), 1895–1896-жж. италян эфиоп согушу мисал болот.

XIX к. антиколониялык чыгуулардын максаты чет жерликтерди кууп чыгуу жана салттуу тартиптерди орнотуу эле. Бул *феодалдык улутчулдук* болуп саналат. Анткени колониячыларга каршы күрөштү чет жерликтердин келиши менен бийлиги жана байлыгы чектелип калган феодалдар жетектеген. Антиколониялык чыгуулардын себептери көп болгону менен, бул күрөш салттуу коомдун колониячылардын таасири астында болгон өзгөрүүлөргө каршылык көрсөтүүсү эле. Европалыктардын реформалары Африка өлкөлөрүнүн өнүгүүсүн тездеткени менен, бул кайра куруулар өтө тез жүргүзүлгөндүктөн, жергиликтүү калк аларга ыңгайлашууга үлгүргөн эмес. Метрополиялык товарларды жапырт киргизүү жана алардын салыктарынын тынымсыз өсүп турушу көпчүлүк дыйкандарды жана кол өнөрчүлөрдү жакырдантып, көнүмүш жашоо ыңгайынын бузулушун шарттаган. Бул элдин кыжырдануусун туудурган. Бирок колониялык саясаттын кесепеттерин али аңдап түшүнө электер жана жаңыча жашоо ыңгайына ыңгайлашып кете алгандар, ал тургай, андан пайда көрө баштагандар феодалдык улутчулдук идеясын колдогон эмес. Ошондуктан колониячыларга каршы көтөрүлүштүн социалдык базасы тарып, жалпы улуттук деңгээлге жеткен жок. Натыйжада XIX к. антиколониялык көтөрүлүштөрдүн баары жеңилип калган.

Эфиопия менен Либерияда кырдаал башкача болгон. Алардагы жашоо мүмкүнчүлүктөрү таптакыр жок болуп кеткен эмес жана башкы милдети көз карандысыздыкты сактап калуу болгон. Ошондуктан эле колониячыларга каршы күрөшкө патриоттук күчтөрдүн баары биримдикте чыккандыктан, Эфиопия менен Либерия толук көз карандысыздыкты сактап калышкан.

XX к. башында Азиядагы колониялык ээликтердегидей эле, Африканын колонияларында жана жарым колонияларында элдик кыймылдардын толкуну башталган. Бул *Чыгыштын ойгоно башташы* эле. Колониялык эксплуатация калктын жашоо-турмушун начарлаткан. Чет өлкөлүктөрдүн нысапсыздык менен кожоюндук кылышы элдин кыжырын кайнаткан. Россиядагы 1905–1907-жж. революция, өзгөчө 1904–1905-жж. орус-япон согушунда Япониянын жеңиши колониялык ээликтердеги элдик чыгууларга зор түрткү болгон.

XX к. башындагы улуттук-боштондук кыймылда эки агым жуурулушуп кеткен: 1) чет өлкөлүктөрдүн зордук-зомбулуктарына жана модернизациянын жүргүзүлүшүнө наарazы болгон кеңири эл массасынын чаржайыт каршылык көрсөтүүсү; 2) улуттук-боштондукка ээ болууну жана модернизациялоонун улантылышын каалаган улуттук буржуазиянын, интеллигенциянын, патриоттук маанайдагы помещиктердин жана чиновниктердин каршы чыгуулары. Бул эки агымды улуттук партиялар жетектеп турган. Алардын күрөшүнүн программасынын өзөгүн буржуазиялык улутчулдук идеясы түзгөн. Ал программада агрардык маселени чечүү, феодализмдин калдыктарын жоюу өңдүү социалдык маселелер да бар болчу. Бирок биринчи планга улуттук көз карандысыздык үчүн күрөш идеясы коюлган. Ошондуктан XX к. башындагы колониялык өлкөлөрдөгү элдик кыймылга *улуттук-боштондук кыймыл* деген аныктама берилген.

Колониялардагы улуттук-боштондук кыймылдардын күч алышына биринчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялык империялардын (Россия, Германия, Австрия-Венгрия, Түркия) кулашы жана бир катар көз карандысыз мамлекеттердин түзүлүшү өбөлгө болду. 1918-ж. Париж конференциясында Азия жана Африка өлкөлөрүн башкаруунун Улуттар Лигасына далдаланган өзгөчө системасынын — *мандаттык системанын* түзүлүшү колониялык маселенин адилеттүү чечилишине болгон ишенимди сууткан. Мандаттык системаны Түштүк-Африкалык Союздун премьер-министри Смэтс башында турган комиссия иштеп чыккан. Ал система боюнча мандаттык аймактар «элдеринин өнүгүү деңгээлине» жараша үч категорияга бөлүнгөн. *А* жана *Б* тобундагы мандаттык аймактар «өз алдынча башкаруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болгуча» Улуттар Лигасынын мандаты боюнча мандатчы-дөөлөттөр тарабынан башкарылмай болот. *С* тобундагы мандаттык аймактар мандатчы-дөөлөттөр тарабынан аннексияланган. Башкаруу мандаты Улуттар Лигасынын алдындагы Туруктуу мандаттык комиссия тарабынан берилген.

Ошентип, дүйнө империалисттик дөөлөттөр тарабынан кайрадан бөлүштүрүлүп, алардын колониялык системаны сактап калуу үчүн коллективдүү жоопкерчилиги орнотулган.

Улуттук-боштондук кыймылдын кысымы астында 1922-ж. Египеттин көз карандысыздыгы формалдуу түрдө таанылган. 1936-ж. Египет менен Англиянын ортосунда союздаштык келишим түзүлүп, формалдуу түрдө англиялык оккупация алынып салынган.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялык өлкөлөрдөгү улуттук-боштондук кыймылдар жалпы мүнөзгө ээ болгон. Ал, биринчиден, 1918–1923-жж. улуттук-боштондук кыймылдарынын өзгөчө күч алышынан көрүнгөн. Экинчиден, антиимпериалисттик күрөшкө бул өлкөлөрдөгү коомдун дээрлик бардык таптары жана катмарлары катышкан.

1929–1933-жж. *дүйнөлүк экономикалык кризис* колониялык өлкөлөрдүн экономикасына кыйраткыч таасир тийгизген: баалар төмөндөгөн, экспорт кыскарган, дыйкандар жана жумушчулар жакырданган, бүтүндөй экономика бүлгүнгө учураган. Натыйжада антиимпериалисттик кыймылдын жаңы жогорулоосу башталган.

**Колониялык системанын кыйрашы** экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жана XX к. эң ири окуялардын бири болду. Дүйнөлүк согуштардын аралыгында жана экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Чыгыштын бир катар өлкөлөрү көз карандысыздыкка ээ болушкан. Согуштан кийин колониялык системанын кыйроосу кескин түрдө тездеген. Ал адегенде Азияны жана Түндүк Африканы каптаган. 50-жж. аягында бул аймактарда 14 көз карандысыз мамлекет пайда болгон. 1960-ж. тартып Африка боштондук кыймылынын чордонуна айланган. 80-жж. ортосуна карата 50 өлкө көз карандысыздыкка ээ болгон. 1990-ж. Намибия көз карандысыздыкты алат. 1997-ж. Гонконг Кытайдын юрисдикциясына кайтарылган. Ошентип колониялык империялар тарых барактарына жабылып калган.

Колониялык үстөмдүктүн кулоо себеби ар бир өлкөдө ар башкача болсо да, баарына жалпы мүнөздүү болгон себептерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар салыктардын өсүшүнөн, чет өлкөлүк товарлардын киргизилишинен, азык-түлүк продукциясын жана чийки заттарды ташып чыгарып кетүүдөн, күндөлүк турмуш-тиричиликте жергиликтүү калкты дискриминациялоодон улам келип чыккан нааразылыктар. Африкадагы англиялык колониялык ээликтердин көпчүлүгүндө жана Франциянын колонияларында *деколонизация процесси* салыштырмалуу

тынч өткөн. Ал эми Алжирдеги айыгышкан кандуу кагылыштар менен коштолгон боштондук кыймылы узакка созулган.

Деколонизация бир катар проблемаларды жараткан. Алардын бири — чек аралар проблемасы. Бул проблема мамлекеттер аралык жаңжалдардын булагына айланган. Жаш мамлекеттердин көпчүлүгүндөгү (Эфиопия, Нигерия, Судан, Чад) тили, дини, маданияты ар түрдүү болгон элдерди бириктирүү ички чоң проблема болгон.

Көз карандысыздыкка ээ болуу менен, бул өлкөлөр дүйнөлүк саясаттын субъекти катары БУУга кирүүгө тийиш эле. Бирок саясий көз карандысыздык бул жаш мамлекеттердин толук өз алдынчалыгына кепил болгон эмес. Эркиндикке чыккан көпчүлүк өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү деңгээлинин төмөндүгү аларды өнүккөн өлкөлөр, анын ичинде мурдагы метрополиялар менен кызматташ болууга мажбурлаган. Натыйжада көз карандылыктын жаңы түрү — *неоколониализм* пайда болгон. Мурдагы түздөн-түз саясий көз карандылыктын ордуна каржылык, экономикалык ж. б. баш ийүүчүлүк келген. Неоколониялык саясаттын элементтери: кредиттер жана зайымдар, ар кандай жардамдар, дүйнөлүк рыноктордогу чийки затка коюлган бааларга, өнөр жай жана айыл чарба товарларына көзөмөлдүк кылуу, ири компаниялардын жана аралаш ишканалардын филиалдарын түзүү, курал-жарактарды сатуу ж. б. Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөр мурдагы колонияларынын ички рынокторуна орношуп алышып, алардын ресурстарын жана валюталык каражаттарын соруп, жергиликтүү калктын арзан жумушчу күчүн пайдаланышууда, ички жана тышкы саясаттарына кийлигишүүдө, керек болсо өз тартиптерин орнотушууда.

Неоколониализм жаш мамлекеттердин өздөрүнүн экономикалык өз алдынчалыктарын чыңдоочу иш-аракеттерди көрүүсүнө түрткү болду. Эл аралык деңгээлдеги андай иш-аракет 1974-ж. *Жаңы дүйнөлүк экономикалык тартип* (ЖДЭТ) *үчүн кыймылдын* түзүлүшү болду. ЖДЭТтин максаты — жаш мамлекеттердин түпкү таламдарын эске алуу менен тең укуктуу экономикалык кызматташуу, алар үчүн бир катар жеңилдетилген шарттарды түзүү, заманбап технологияларды колдонууну кеңейтүү ж. б.

**Руханий турмуштагы жана маданияттагы өзгөрүүлөр.** Африка континентиндеги колониялык өлкөлөрдөгү ири өзгөрүүлөр алардын руханий турмушуна жана маданиятына таасир этпей койгон эмес. Бул өлкөлөрдүн руханий турмушундагы эң башкы өзгөрүүлөрдүн бири салттуу ой жүгүртүүлөрдүн чегинен

өткөн жаңы идеялардын жана баалуулуктардын пайда болушу болгон. Бул процесс колониячылардын таасири аркылуу пайда болуп, салттуу коомду модернизациялоонун натыйжасында өзгөчө күч алган. Өнүгүүнүн жаңы багыты жаңы адамдын — өзүнүн адамдык нарк-насилин аңдап туйган, жаңыча ой жүгүртө билген жана эркиндикти сүйгөн жигердүү инсандын жаралышын объективдүү түрдө талап кылган.

Улуттук интеллигенциянын *модернизатордук агымы* коомдогу жаңы идеялардын кыймылдаткыч күчү болгон. Колониялардагы бул агымдын жаралышына чет өлкөлүктөр өбөлгө болушкан. Алар өздөрүнүн социалдык базасын кеңейтүү максатында европалык типтеги мектептерди ачышкан, жергиликтүү жаштарды европалык университеттерге жиберишкен. Модернизатордук агым эки багытта болгон: *диний* жана *светтик*. Диний багытты тутунган реформачылар диний доктриналарды жаңы реалийлерине ылайыкташтырууга умтулушкан. Африкалык колониялардагы реформачыл кыймыл негизинен исламдык багытта жүргөн. Светтик багыты *агартуучулук* болгон. XIX к. аягында агартуучулук ишмердигинде улут, Ата Мекен идеялары биринчи орунга чыгып, улуттук-боштондук үчүн чечкиндүү күрөшкө чыгуу чакырыктары жаңырган.

XIX к. экинчи жарымында колониялык өлкөлөрдүн маданий турмушунда Батыш өлкөлөрүндөгү жетишкендиктер боюнча улуттук буржуазиянын арасында төмөнкүдөй үч көз караш калыптанган:

1. «Батышчылар» улуттук каада-салттарга өтө сын көз караашта болушкан. Алар толук түрдө батыштык жашоо ыңгайына өтүү керек, ошондо гана прогресс болушу мүмкүн деп эсептешкен.

2. Консерваторлор Батыштан оолак болуу керек, же болбосо, анын улуттук өнүгүүгө эң зарыл керектүү болгон жетишкендиктерин гана алуу керек дешкен.

3. Органикалык мамиленин тарапкерлери эки цивилизациянын тең мыкты жетишкендиктерин алуу керек деп эсептешкен.

Руханий аң-сезим колониялык коомдун билимдүү гана бөлүгүндө болгон. Калың эл массасынын аң-сезими мурдагыдай эле улуттук баалуулуктарга жана нормаларга негизделген. Ал XX к. башындагы улуттук-боштондук кыймылдардан даана көрүнгөн.

**Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн өнүгүшү.** Латын Америкасындагы улуттук мамлекеттер өлкөнүн ичиндеги ар түрдүү саясий топтордун ортосундагы араздашуунун, ошондой эле АКШнын жана европалык өлкөлөрдүн экспансияларынын

шартында калыптанган. Аларда колониялык үстөмдүктүн залдары өтө кыйындык менен четтетилген. Жаңы түзүлгөн жаш мамлекеттердин экономикасына өнөр жай товарларын сатып өткөрүү базарлары, зайымдар аркылуу чет өлкөлүк, адегенде англиялык, америкалык, андан соң германиялык капитал жигердүүлүк менен киргизиле баштаган. Европадан асем буюмдарынын эркин ташылып келишине кызыкдар болушкан соода-сатык буржуазиясы, кен ээлери жана латифундисттер бошоң улуттук өнөр жайды чет өлкөлүк атаандаштыктан коруугa каршы чыгышкан. Буларда капитализм өтө жайбаракаттык менен өнүккөн, ири жер ээлөөчүлүк, соодагерлердин, аскер адамдарынын жана чиркөөлөрдүн артыкчылыктары сакталып кала берген. Калктын басымдуу көпчүлүгүнүн жери жок болгондуктан, алар *латифундияларда* — он миңдеген гектарлык жер ээликтеринде иштөөгө мажбур болушкан. Аларда эмгектин капитализмге чейинки түрлөрү сакталып калган. Латын Америкасындагы көпчүлүк өлкөлөрдө өнөр жай төңкөрүшү XIX к. аягында гана башталган. Жаш өлкөлөрдүн тышкы карыздары тездик менен өскөндүктөн, аны жабыш үчүн алар жаңы карыздарды алышкан, а бирок андан алардын абалы ого бетер оордогон. Ал эми улуттук кирешенин басымдуу бөлүгүн пайыздар боюнча төлөмдөр түзгөн.

Чет мамлекеттердин экономикалык каптап кирүүсү ачыктан-ачык агрессиялар, куралдуу интервенциялар, жерлерин басып алуулар менен коштолгон. Англиялыктар бир тараптан Чилинин, экинчи тараптан Перу менен Боливиянын ортосунда жүргөн 1879–1884-жж. Тынч океандагы согуштун башталышына себепкер болушкан. 1898-ж. испан-америкалык согуш чыгып, анын натыйжасында көп жылдардан бери көз карандысыздык үчүн күрөшүп келатышкан кубалыктар АКШга көз каранды болуп калышкан. АКШ Пуэрто-Рикону, Панаманын жарымын оккупациялап алган, Никарагуага, Доминикан Республикасына, Гаитиге, Мексикага өз аскерлерин киргизген. Арийне, латын америкалык мамлекеттер өздөрүнүн көз карандысыздыктарын сактап кала алышты.

Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки мезгилде Мексикадагы капиталисттик мамилелер тез өнүккөн. Анда токен жана текстиль өнөр жайы калыптанган, банктар ачылып, акционердик коомдор түзүлгөн. 1854–1860-жж. революциянын жана жарандык согуштун мезгилинде Мексикада ишкердик эркиндиги, демократиялык эркиндиктер жарыяланган, чиркөөнүн артыкчылыктары алынып салынган. Мексика

өкмөтү чет өлкөлүк банкирлердин зайымдар боюнча пайыздык төлөмдөрдү киргизгендигине байланыштуу, 1861–1867-жж. Англиянын, Испаниянын, Франциянын куралдуу интервенциясы башталган.

Мексиканын көз карандысыздыгы калыбына келтирилгенден кийин анда П. Диастын диктатурасы орнотулган. Ал өлкөдөгү саясий жана социалдык эркиндиктердин баарын жок кылган, өзүнүн саясий каршылаштарын жана башкача ой жүгүртүүчүлөрдү ырайымсыздык менен куугунтуктаган. Ага карабастан Мексикадагы капиталисттик мамилелер ушул жылдары өтө тездик менен өнүккөн болчу. Өлкөнүн экономикасына чет өлкөлүк капитал интенсивдүүлүк менен тартылган. Бирок улуттук буржуазия мындан өз бийлигин орнотуудагы башкы тоскоолдукту көргөн.

1910–1917-жж. мексикалык буржуазиялык революция помещиктик жер ээлөөнү талкалап, бийликке өнөр жайлык жана агрардык буржуазияны алып келген.

Латын Америкасындагы мамлекеттердин көз карандысыздыкка ээ болуусу алардын улуттук маданияттарынын өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Улуттук өз алдынчалык сезиминин ойгонушу маданий турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн көрүнгөн.

**Суроолор:**

1. Колониализм жана колониялык экспансия деген эмне?
2. Колониализм эмне үчүн терс көрүнүш катары эсептелинет?
3. Модернизация деген эмне?
4. Колониялык өлкөлөрдүн экономикасын модернизациялоонун башкы карама-каршылыгы кандай болгон?
5. Колониялык өлкөлөрдүн турмушунда интеллигенциянын ролу кандай болгон?
6. Саясий чөйрөнүн модернизацияланышы эмнеден көрүнгөн?
7. Улуттук-боштондук кыймылы эмне үчүн мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон?
8. Колониализмдин кыйрашынын объективдүү өбөлгөлөрү жана субъективдүү себептери кайсылар?

# X ГЛАВА
# ДҮЙНӨЛҮК СОЦИАЛИСТТИК СИСТЕМА

## § 28. Дүйнөлүк социалисттик система: жалпы мүнөздөмө

**Дүйнөлүк социалисттик системанын түзүлүшү** экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилдеги маанилүү тарыхый окуя болгон. Европанын Албания, Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния, Чехословакия өлкөлөрүндө элдик-демократиялык революциялар болуп, өнүгүүнүн социалисттик жолуна түшүшкөн. Ушундай эле элдик-демократиялык революциялар Азиянын Вьетнам, Кытай, Корея өлкөлөрүндө да жеңишке жетишкен. Монголия болсо социализм жолуна мурда эле түшкөн. Бул өлкөлөрдүн жаңы жолго түшүшүндө аларга советтик аскерлердин бошотуучу күч катары кириши чечүүчү роль ойногон. Натыйжада бул өлкөлөрдө СССРде ишке ашкан сталиндик үлгү боюнча чечкиндүү өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Алардын саясий турмушунда партиялык-мамлекеттик тескөө, кысым көрсөтүү, мажбурлоо ыкмалары күчөгөн. Эл чарбасы пландуу экономикага өткөрүлүп, аны борбордоштуруу саясаты жүргүзүлгөн. Бул системага 1959-ж. Куба, 1975-ж. Лаос кошулган.

1980-ж. аягында дүйнөлүк социалисттик системанын курамына 15 мамлекет кирген. Алар жер шаарынын 26,2 %ын ээлеп, дүйнө калкынын 32,3 %ы жашаган. Социализмдин дүйнөлүк системасы согуштан кийинки эл аралык турмушта өзгөчө орунду ээлеген, анын өнүгүшү орчундуу тарыхый окуялардын бири болгон.

**Чыгыш Европа өлкөлөрү.** Социализмдин дүйнөлүк системасынын түзүлүшүн Советтик Армиянын Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Европа өлкөлөрүнө бошотуучу миссия менен кириши шарттаган. Азыркы мезгилде илимпоздордун арасында бул маселе боюнча талаш-тартыштар өтө курч мүнөздө. Окумуштуулардын бир бөлүгү бул өлкөлөрдө 1944–1945-жж. элдик-демократиялык революциялар болгон эмес, Советтер Союзу өзүнүн армиясынын күчү менен аларга өнүгүүнүн сталиндик моделин таңуулаган дешет. Экинчи тобу жогоруда айтылган пикирдин кандайдыр бир деңгээлде чындыгы бар экендигин айтышат. 1945–1946-жж. бул өлкөлөрдүн коомдук турмушунда өтө кеңири демократиялык өзгөрүүлөр жүргөн. Натыйжада аларда мамлекеттүүлүктүн буржуазиялык-демократиялык формалары калыбына келтирилген. Агрардык реформалар буржуазиялык мүнөздө болгон, анткени жер мамлекеттештирилген эмес. Май-

да жана орто өнөр жайында жеке менчик ишканалар сакталган. Тейлөө тармагында эркин соода жүргүзүү тартиби киргизилген. Бул өлкөлөрдө көп партиялуулук системасы болгон. Эгерде, Болгария жана Югославия боштондукка чыгары менен эле өнүгүүнүн социалисттик жолуна түшсө, Чехословакия 1948-ж. февралда, Венгрия 1947-ж. күзүндө, Албания 1946-ж., Польша 1947-ж. январда түшкөн. Анткени бул өлкөлөрдө улуттук компартиялардын жеке бийликтери орнотулгандыктан, 1,5–2 жылча альтернативдүү, социалисттик эмес жолдор менен өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү болгон.

1950-ж. баштап бул өлкөлөр СССРдин «универсалдык үлгүсү» боюнча өнүгүүгө багыт алышат. Экономиканын өнөр жай тармагы мамлекеттин колуна өткөрүлөт. Агрардык чөйрөдө болсо мажбурлап кооперациялоо иши жүргүзүлөт. Жеке капиталга, эркин соодага тыюу салынат. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө башкаруучу партиянын, мамлекеттик органдардын такыба көзөмөлү орнотулат. Эркин ой айтууга тыюу салынат ж.б. Сталиндик моделдин жайылтылышы менен, алардын улуттук өзгөчөлүктөрү эске алынбай калган.

Европа өлкөлөрүнүн социалисттик жол менен өнүгүшүндөгү кемчиликтердин кесепетинен, эл чарбасында диспропорция түзүлгөн. Элдин жашоо деңгээли төмөндөгөн. Натыйжада 1953–1956-жж. Польшада, Венгрияда, ГДРде чоң кризистер болуп өткөн. Югославияда *«өз алдынча башкаруу социализми»* деп аталган модель жүзөгө ашырылган. Буга төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү болгон: эмгек жамааттарына ишканалардын алкагындагы экономикалык эркиндиктер берилген; айыл чарбасын зордоп кооперациялоого жол берилген эмес; акча-товар мамилелери кеңири пайдаланылган. Бирок саясий жана коомдук турмушта компартиянын монополиясы үстөмдүк кылган. Югославиянын мындайча өнүгүшү анын СССРден жана анын өнөктөштөрүнөн обочолонуп жашашына байланыштуу болгон. КПССтин XX съездинде сталиндик модель катуу сынга алынгандан кийин гана, 1955-ж. баштап социалисттик өлкөлөр менен Югославиянын ортосундагы мамиле оңоло баштаган.

**СЭВдин түзүлүшү.** 1949-ж. январь айында *Өз ара жардамдашуу совети* (СЭВ) түзүлгөн. Бул дүйнөлүк социалисттик системанын тарыхындагы эң маанилүү окуя эле. Мунун натыйжасында адегенде Европадагы социалисттик мамлекеттердин ортосунда экономикалык, илимий-техникалык байланыштар ырааттуу жолго коюлган. 1955-ж. май айында аскердик-саясий мамилелерди жөнгө салуу үчүн *Варшава келишими* түзүлгөн.

Европадагы социалисттик мамлекеттер өтө ыкчам өнүккөн. Анткени бул өлкөлөрдө социалисттик жолдун сталиндик модели толук кабыл алынган эмес. Ал эми Азия континентинде жайгашкан Монголия, Кытай, Түндүк Корея, Вьетнам өлкөлөрүндө бир партиянын тоталитардык бийлиги орнотулган.

**Монголия.** Бул өлкө социалисттик курулушта сталиндик моделди толугу менен кабыл алган. 1921-ж. Монголиянын борбору Урга шаарындагы төңкөрүштөн кийин, 1924-ж. өлкө элдик демократиялык республика болуп жарыяланган. Монголиянын жетекчилиги СССРдин уруксатысыз бир дагы маанилүү чечим кабыл ала алган эмес. Советтик адистердин жардамы менен бул өлкөдө бир катар өнөр жай ишканалары курулуп, ишке киргизилген. Өлкөнүн 70% эли ламалар (дин кызматкерлери) болгон. Анткени ар бир үй-бүлөдө бир бала сөзсүз түрдө монастырга берилип, андан таалим-тарбия алчу. Бул элдик адат мамлекеттик жазалоочу органдардын көзөмөлү менен биротоло жоюлуп, диний храмдардын баары талкаланган.

1980-ж. аягында Монголия да кризиске дуушар болгон. Өлкөдөгү бийлик элдин колдоосуна ээ боло албай калган. Оппозиция калыптанган. Интеллигенция демократиялык реформаларды жүргүзүү талабы менен чыга баштаган. 90-жж. башында Монголияда көп партиялуулук система кирип, радикалдуу реформалар ишке ашырыла баштады. 1990-ж. демократиялык шайлоо жолу менен коалициялык өкмөт түзүлүп, 1992-ж. жаңы конституция кабыл алынган. Майда жана орто ишканалар жеке менчикке өткөрүлгөн, армия кыскартылган, элдик ан-сезим да кескин өзгөргөн. Монголияда азыр Чыңгыз хан моңголдордун улуттук баатыры катары даңазаланууда.

Өлкөнүн өтө бай материалдык ресурстарын билгичтик менен пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат. Монгол-тибет буддизминин эрежелери жана ырым-жырымдары кайра жаралууда, жаңы ламалардын саны арбууда.

**Кытай.** Бүгүнкү күндө Кытай Азиядагы эң чоң социалисттик өлкө болуп саналат. Кытайдагы элдик революциянын натыйжасында Чан Кайшинин армиясы талкаланып, 1949-ж. 1-октябрда Кытай Эл Республикасы (КЭР) жарыяланган. Кытай компартиясынын жетекчилиги менен жана СССРдин жардамы аркылуу өлкө эл чарбасын калыбына келтирүүгө киришкен. Кытайда социализмди куруунун сталиндик модели толугу менен кабыл алынган.

Кытайдын жетекчиси Мао Цзэ-дун сталинизмди сынга алган КПССтин XX съездинен кийин мурдагы курсун өзгөртүп,

экономикалык жактан СССРди кууп жетип, андан ашып кетүү үчүн *«Чоң секирик»* саясатын жүргүзгөн. Бирок өлкөдө экономиканы тез которуу үчүн объективдүү шарттар жетишсиз болгон. Өлкөнүн жетекчилиги өзүнүн бул саясатын ишке ашыруу үчүн элдин эмгекке болгон жыланач энтузиазмына таянган. Аны көтөрүү үчүн социалдык турмушка эмгектенүү менен жашоонун казармалык формасы, аскердик тартип киргизилген. Акылсыздык менен жүргүзүлгөн бул аракеттин натыйжасында 50-жж. аягында өлкөдө экономикалык кризис күч алып, эл ачарчылыкка кабылган. Натыйжада коомдо жана партиянын ичинде жикке бөлүнүү, нааразылыктар пайда болгон. Бул абалды оңдоо үчүн Мао жана анын пикирлештери өлкөдө *«Маданий революция»* жарыялап, өздөрүнүн саясатына каршы көз караштагы адамдарды массалык түрдө репрессиялай баштаган. Өз калкын кыргынга учуратуу Мао өлгөнгө, т.а. 1976-ж. чейин улантылган. Кытай компартиясынын үчүнчү пленуму (1978-ж. декабры) Маонун эксперименттерин токтотуп, сталиндик моделден баш тартуу жөнүндө тарыхый чечим кабыл алган. Ага ылайык, Кытайда коомдук мамилелердин системасын өзгөртүүгө багытталган реформалар жүргүзүлгөн. Мунун башында Дэн Сяопин турган. Эмгекчилердин эмгекке болгон кызыгууларын жогорулатуу үчүн коммуналар (кытайлык колхоздор) жоюлуп, жер дыйкандарга берилген. Өлкөдө миңдеген, он миңдеген рыноктор пайда болгон. Коммерция ачыкка чыгарылган. Шаарларда, өнөр жайында мамлекеттик пландоо, борбордошкон башкаруу иши чектелген. Кооперативдик жамааттык жана жеке секторлорго, ишкердүү байланыштарга кеңири жол ачылган. Мамлекеттик ишканалардын директорлоруна кошумча өндүрүштүк объектилерди түзүү, пландан ашыкча өндүрүлгөн продукцияларды эркин сатуу, керек болсо чет өлкөлүк рыноктorго өз алдынча чыгуу, бааларды эркин аныктоо, акцияларды жана карыз алууларды өз алдынча жүргүзүү ж.б. укуктары берилген.

Реформа чечкиндүү жана тез жүргүзүлгөн. Алгачкы үч жыл (1979–1981) реконструкциялоо жылдары болгон. Аскерге бөлүнгөн чыгымдардын өлчөмү азайтылган, армиянын саны да кыскартылган. Аскер бөлүктөрү өлкөнүн экономикасын көтөрүүгө багытталган. Администрациялык жана партиялык органдардын укуктары чектелген.

Реформанын жыйынтыктары дүйнө элин таң калтырган натыйжаларды көрсөттү. Азык-түлүк өндүрүү кескин жогорулаган. Элдин турмуш абалы бир кыйла жакшырган. Экономи-

канын жылдык өсүшү 12–18 % га чейин көтөрүлгөн (өсүүнүн мындай темпи дүйнө тарыхында чанда гана байкалат). Бирок, Кытай азырынча артта калган, жаңыдан өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин катарына кирет. Бул өлкөдө социализм курулду деп айтууга али эрте. Кытайдын расмий бийлиги да Кытай социализмди куруунун башталгыч баскычында турат деп эсептейт. Чындыгында Кытай деле социализмдин негизги принциптеринен баш тартып, рынок мамилелерине көбүрөөк ыктап калды.

**Вьетнам.** Вьетнам элинин Франциянын колониялык тартибине каршы көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн башында улуттук компартиянын жетекчиси Хо Ши Мин турган. Ал 1945-ж. сентябрда Вьетнам Демократиялык Республикасынын убактылуу өкмөтүн жетектей баштаган. Франция өлкөнүн түштүгүндө Түштүк-Вьетнам мамлекетин түзүүгө үлгүргөн. Натыйжада Вьетнамга көп жылдарга созулган жарандык согуш таңууланган. 1954-ж. француздар Индикытайдан кетип, түштүк-вьетнамдык өкмөт АКШнын колдоосуна таяна баштаган. Натыйжада АКШ 1965–1973-жж. Вьетнамда баскынчылык согушту жүргүзгөн. Бирок алар ийгиликке жетишкен эмес. Согуштан Вьетнам эли катуу жабыр тартып, кыргынга учураган. 1975-ж. Түндүк жана Түштүк Вьетнам бириккен.

Вьетнамда социалисттик курулуштун сталиндик-маолук-вьетнамдык кошмо модели жүзөгө ашырылган. Натыйжада жеке менчик, рынок мамилелери жоюлган. Мунун кесепетинен 70-жж. аягы – 80-жж. башында Вьетнамдын экономикалык абалы өтө начарлап кеткен. Вьетнам аскерлеринин Камбоджага кириши, ага байланыштуу Кытай менен болгон кагылышуу өлкөнүн араң турган абалын мурдагыдан да оордоткон. Кытай менен кагылышкан соң Вьетнам СССРге жакындаган, бирок Вьетнамдын абалынын оңолушу кыйын эле. 1969-ж. Хо Ши Мин өлгөндөн кийин, өлкөнүн жаңы жетекчилиги 77 *млн* элин багуу үчүн жаңы реформа баштаган. Бул аракет жакшы натыйжаларды берди. Рынок товарларга толуп, экономика көтөрүлө баштаган. Социалисттик түзүлүш формалдуу сакталганы менен Вьетнам деле Кытай сыяктуу рыноктук жеке менчикке таянган жолго көбүрөөк ыктоодо. Акырындык менен Вьетнам кризистен чыга баштаган.

**Түндүк Корея.** 1945-ж. корейлер япондорду кууп чыгып, эркиндикке жетишкен. Бирок Ыраакы Чыгыштагы советтик-америкалык кызыкчылыктардын тирешүүсүнүн натыйжасында бул өлкө да 1948-ж. Түндүк, Түштүк болуп, эки мамле-

кетке бөлүнүп калган. СССРдин таасириндеги Түндүк Кореяда 1948-ж. Корея Элдик Демократиялык Республикасы жарыяланып, анын башында Ким Ир Сен турган. Ал өлкөдө тез арада эле диктатордук тартипти орнотууга үлгүргөн жана өз эли үчүн тирүү кудай катары абсолюттук бийлик жүргүзүүгө өткөн. Натыйжада 23 *млн* калк коммунисттик казармалык тартипте жашап калган. Казармалык тартиптин натыйжасында өлкөнүн экономикасы бир кыйла көтөрүлгөн. Массалык маалымат каражаттары Ким Ир Сенди жана анын уулу Ким Чен Ирди гана даңазалоого өткөн. Өлкө башчысы өз уулун мураскор катары расмий түрдө жарыялаган. Ким Ир Сен Түштүк Кореядан ар дайым чочулап, массалык жок кылуучу куралдарды чыгарууга чоң маани берген.

1991-ж. Түштүк Корея менен Түндүк Кореянын ортосунда жарашуу, кол салышпоо, кызматташтык жөнүндөгү келишимге кол коюлган. АКШ Түндүк Кореянын атом бомбасын жасоо аракетин токтотуу үчүн өз аскерлерин Түштүк Кореядан чыгарып кетүүгө аргасыз болгон.

90-жж. Түндүк Кореяда бийлик Ким Чен Ирге өткөн. СССР менен Кытай бул өлкөнү мурдагыдай колдой албай калган. Натыйжада өлкөнүн экономикасы төмөндөп, элдин турмушу начарлаган. Ачарчылык күчөгөн. Эл азык-түлүктү карточкалар менен ала башташкан. Өлкө башчысы атасын жана анын саясатын даңазалоого өзгөчө көңүл бурат. *Бул өлкөдө жыл саноо* Ким Ир Сен *туулган 1912-ж. башталат.* Ал туулган 19-апрель «Күндүн күнү» делип майрамдалат.

**Куба Эл Республикасы.** 1959-ж. январда антиколониялык революциянын натыйжасында Куба Эл Республикасы түзүлгөн. АКШнын кастык саясаты, СССРдин активдүү колдоосу менен бул өлкө өнүгүүнүн социалисттик жолуна түшкөн. Биринчи күндөн тартып бул мамлекетти Фидель Кастро жетектеп келди. Анын жетекчилиги менен бул өлкө коомдук турмуштун көпчүлүк чөйрөлөрүндө жакшы ийгиликтерге жетишти. Азыркы мезгилде Кубанын абалы татаал. Бул өлкө ар дайым СССРдин жана башка социалисттик өлкөлөрдүн колдоосуна таянып келген. Ал тургай, 1962-жылы Кубага АКШ кысым көрсөтүп, Кубага болушкан СССР советтик армиянын күчүн колдонууга чейин барган. Айрым адистердин баасы боюнча ошондогу «Кариб кризисинен» дүйнөлүк ядролук согуш чыгып кетүү коркунучу туулган. Дүйнөлүк социалисттик системанын колдоосунан ажыраса да, Куба социалисттик принциптерге, маркстык идеалдарга берилген бойдон калууда.

**Лаос.** Бул өлкө көз карандысыздыкка 1954-ж. жетишкен. 5 *млн* эл жашаган, артта калган Лаосто 60-ж. саясий туруксуздук пайда болуп, ал жарандык согушка өсүп чыккан. 1975-ж. коммунисттик идеологияны колдогон көтөрүлүшчүлөр жеңишке жетишип, Лаос элдик-демократиялык республика болуп жарыяланган. Экономикада мамлекеттик сектор үстөмдүк кылган, банктар мамлекеттештирилген, майда жеке менчик катуу көзөмөлгө алынган. 1980-ж. реформадан кийин Лаостун экономикалык абалы бир аз жакшыра баштаган. Рынок мамилелерине жол ачылып, мамлекеттик ишканалар менчиктештирилген. 1990-ж. өлкөдө коммунисттердин бийлиги жоюлуп, буддизмдин идеялары кайрадан жандана баштады. Өлкөнүн гербиндеги кызыл жылдыз буддалык белги менен алмаштырылган.

**Дүйнөлүк социалисттик системанын өнүгүү этаптары жана кулашы.** 1950-жж. аягында, 60–70-жж. дүйнөлүк социалисттик системадагы өлкөлөр эл чарбасын көтөрүү, элдин турмуш деңгээлин жакшыртуу багытында бир катар жакшы ийгиликтерге жетишкен. Бирок ошол мезгилде эле бул системада терс тенденциялар пайда болгон. Бул биринчи кезекте экономикалык чөйрөдө айкын байкалган. Дүйнөлүк социалисттик системага кирген дээрлик бардык өлкөлөрдө социалисттик моделдин киргизилиши чарба жүргүзүүчү субъекттердин өз алдынчалыгына, дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүү өзгөрүүлөргө ылайыкташууга жол берген эмес. 1950-жж. илимий-техникалык революциянын шартында өнүгүүнүн социалисттик ыкмалары өзүнүн алсыздыгын көрсөтүп, жаңы технологиялардын өндүрүшкө киргизилишин солгундаткан.

Дүйнөлүк социалисттик системага кирген өлкөлөр илимий-техникалык прогресстин электрондук-эсептөө техникаларын, энергия жана ресурстарды үнөмдөөчү өндүрүш жана технологияларын пайдаланууда алдыңкы капиталисттик мамлекеттерден алда канча артта калган. Дүйнөлүк өнүгүү тенденцияларына ылайык, социалисттик моделди аз-аздан реформалоо аракеттери эч натыйжа берген эмес. Реформаларды ийгиликтүү жүргүзүүгө партиялык-мамлекеттик бийлик чечкиндүүлүктү көрсөтүүнүн ордуна ар кандай тоскоолдуктарды күчөткөн.

**Дүйнөлүк социалисттик системанын ички карама-каршылыктары.** Бул системанын ички карама-каршылыктарынын күчөшүнө СССРдин жетекчилеринин ички жана тышкы саясаттары себеп болгон. КПССтин XX съездинде сталинизмдин өтө одоно мүнөздөрү сынга алынганы менен КПССтин башчылары

партиялык-мамлекеттик бийликтин үстөмдүгүн жоготкулары келген эмес. Ушуну менен катар СССР дүйнөлүк социалисттик системага кирген өлкөлөргө өзүнүн авторитардык тартибин орнотууга аракеттенген. Натыйжада 1950-жж. аягында Югославия менен мамиле начарлаган. Албания жана Кытай да СССР менен көп жылга созулган тирешүүгө өткөн.

Дүйнөлүк социалисттик системанын ички карама-каршылыгы 1967–1968-жж. чехословакиялык кризистин мезгилиндеги драмалык окуялардан ачык көрүнгөн. Чехословакия элинин кеңири экономикалык жана саясий реформаларды жүргүзүү талабы менен чыккан кыймылын СССРдин жетекчилиги Болгария, Венгрия, ГДР жана Польша өлкөлөрүнүн колдоосу менен баскан. Бул үчүн СССР 1968-ж. 21-августта социализмди «ички жана тышкы контрреволюциядан коргойбуз» деген шылтоо менен эгемендүү өлкөгө өз армиясын киргизген. Бул окуя дүйнөлүк коомчулуктун алдында дүйнөлүк социалисттик системанын кадыр-баркын төмөндөткөн.

Дүйнөлүк социалисттик системадагы кемчиликтерге карабастан, Европа өлкөлөрү экономикалык чөйрөдөгү 1950–1960-жж. жетишкендиктерге таянып, социалисттик курулуштун биринчи этабы аяктады, эми жаңы этап — «өнүккөн социализмди» курууга киришебиз деп жарыялап жиберишти. Бул чечимди колдогон идеологдор социалисттик өлкөлөр дүйнөлүк өнөр жай продукцияларынын үчтөн бирин өндүрөт, дүйнөлүк улуттук кирешенин төрттөн бири бизге тиешелүү деген аргументтерге таянышкан.

**СЭВдин ролу**. «Өнүккөн социализмди» куруу идеясын чыгаргандар дүйнөлүк социалисттик системанын ичинде СЭВ (Экономикалык Өз ара жардамдашуу Совети) аркылуу экономикалык байланыштын жетишкендиктерин эң башкы ийгилик катары баалашкан. Эгерде 1949-ж. СЭВдин максаты эки жактуу келишимдердин негизинде тышкы соода байланыштарын жөнгө салуу болсо, 1954-ж. тартып ага мүчө өлкөлөрдүн эл чарбасын өнүктүрүү пландарын координациялоону көздөгөн. 1960-ж. өндүрүштү адистештирүү жана кооперациялоо, ал тургай, эмгекти эл аралык бөлүштүрүү жөнүндө келишимдер түзүлө баштаган. Ири эл аралык уюмдар, алсак, Экономикалык кызматташтыктын эл аралык банкы, Интерметалл, Стандартташтыруу институту ж.б. түзүлгөн. 1971-ж. СЭВге мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгынын жана интеграциянын негизинде өнүгүшүнүн комплекстүү программасы иштелип чыккан. Андан тышкары, идеологдордун баасы боюнча дүйнөлүк социалисттик системага

кирген Европа өлкөлөрүндө калктын жаңы социалдык катмарлары калыптанган.

1970-ж. Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Европанын социалисттик өлкөлөрүнүн өнөр жай өндүрүшү бир калыпта, жылына 6–8 %га өнүгүп турган. Элдин турмуш деңгээли да бир кыйла оңолгон. Бирок бул жетишкендиктер экстенсивдүү, т. а. өндүрүштү механикалык кеңейтүүнүн эсебинен гана камсыз болгон. Электр энергиясын, болот эритүү, кен казуу, машина куруу боюнча сандык көрсөткүчтөр гана өсүп бараткандай таасир калтырган. Өндүрүштү жаңы технологияларды кеңири пайдалануу менен ургаалдуу өндүрүү маселеси колго алынган эмес.

**1970-жж. абалдын оордошу.** Дүйнөлүк социалисттик системада социалдык-экономикалык жана саясий кырдаал жылдан-жылга оордой берген. Ушул мезгилде рынок экономикасына негизделген мамлекеттер илимий техникалык революциянын (ИТР) жетишкендиктеринин негизинде өндүрүштү интенсивдик жолго коюуга жетишкен. Натыйжада социалисттик өлкөлөр эл аралык рынокто улам бир көрсөткүч боюнча позицияларын жогото баштаган. Социалисттик өлкөлөрдүн ички рыногунун абалы да оордогон. Элдин турмуш деңгээли төмөндөп, нааразылыктар көбөйгөн. Жер-жерлерде радикалдуу саясий, социалдык-экономикалык өзгөртүүлөрдү жүргүзүү жөнүндөгү талаптар күчөгөн.

Кризистик кырдаал эл аралык экономикалык кызматташтыкта да айкын көрүнгөн. СЭВге мүчө өлкөлөрдүн кызыкчылыктарынын эске алынбашы, администрациялык чечимдердин көбөйүшү өндүрүштүн өнүгүшүнө тоскоол болуп, өз ара соода-сатык солгундап кеткен.

**Польшадагы окуялар** реформалардын тездешине түрткү болгон. 1970-ж. башында эле бул мамлекетте өкмөттүн экономикалык саясатына каршы жумушчулардын массалык чыгуулары болуп өткөн. Эмгекчилердин эркин профсоюздарынын бирикмеси — «*Тилектештик*» уюму пайда болгон. Бул уюмдун жетекчилиги менен 70–80-жж. бир катар митингдер уюштурулган.

Кризистик кырдаал бөлөк өлкөлөрдө да ачык көрүнө баштаган. 1980-жж. ортосунда башкаруучу компартияларда саясий жана экономикалык кризистерди жөнгө сала турган мүмкүнчүлүктөр бар болчу. Күч түзүмдөрү да алардын колунда эле. СССРдеги 1980-жж. ортосунда башталган радикалдуу өзгөрүүлөр дүйнөлүк социалисттик системага кирген өлкөлөрдөгү реформалык кыймылдардын өсүшүнө түрткү болгон.

**Чыгыш Европадагы демократиялык революциялар.** 1980-жж. аягында Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Европа өлкөлөрүндө демократиялык революциялардын чоң толкуну болуп өткөн. Бул революциялар бийликтеги башкаруучу партиялардын жеке бийлигин жоюп, анын ордуна башкаруунун демократиялык формаларын киргизди. Революциялар 1989-ж. экинчи жарымында башталып, ар кандай формада жүргөн. Алсак, Польша, Венгрия, ГДР, Чехословакия жана Болгарияда бийлик тынчтык жолу менен алмашкан. Ал эми Румынияда эски бийлик куралдуу көтөрүлүш аркылуу кетирилген.

Демократиялык революциялар экономикалык мамилелерди өзгөртүү үчүн негизги шарт болду. Бардык өлкөлөрдө рынок мамилелери калыбына келтирилди, менчиктештирүү жүргүзүлдү, эл чарбасынын түзүмү өзгөрдү. Жеке капиталдын ролу көтөрүлдү. Бул процесстер бүгүнкү күндө да активдүү жүргүзүлүүдө. Бирок бул процесстердин жүрүшүндө жетишкен ийгиликтер ар кандай кемчиликтер менен да коштолууда. Дүйнө өлкөлөрү интеграцияга умтулуп жаткан учурда социалисттик өлкөлөрдүн бири-биринен кол үзүшүн түшүндүрүү кыйын.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнөлүк социалисттик системанын кулашы менен Чыгыш Европанын жана Азия континентиндеги бир катар мамлекеттердин жарым кылымдай социалисттик жол менен өнүгүү тарыхы аяктады. Бул системанын өнүгүшүндөгү жетишкендиктерди, өзгөчө эл аралык байланыш багытындагы ийгиликтерди танууга болбойт. Эртедир-кечтир мурдагы союздаш мамлекеттердин ортосунда жаңы мазмундагы, өз ара пайдалуу байланыштардын кайрадан жанданып, жаңы принциптердин негизинде өнүгөрүнө шек жок.

### Суроолор:

1. Дүйнөлүк социалисттик система качан түзүлгөн? Ага кайсы өлкөлөр кирген?
2. Югославиядагы өз алдынча башкаруу социализми деген эмне?
3. СЭВ жана Варшава келишими уюмдары кандай максаттарды көздөгөн?
4. Кытайдагы «Чоң секирик», «Маданий революция» кандай максаттарды көздөгөн?
5. Дүйнөлүк социалисттик система өзүнүн өнүгүшүндө кандай этаптарды басып өткөн?
6. 1970-жж. дүйнөлүк социалисттик системадагы абал эмне үчүн оордогон?
7. Демократиялык революциялардын себептери кайсылар?

## § 29. Совет мамлекетинин түптөлүшү, өнүгүшү жана тарашы

**Кош бийлик.** 1917-ж. 2-мартта император Николай II бийликти Михаил Александрович деген инисине өткөрүп берерин билдиргенде, ал бул ишти Уюштуруу чогулушу чечиш керек деген шылтоо менен император болуудан баш тарткан. Падыша кадет партиясынын өкүлү князь Львовду Министрлер советинин төрагасы кылып дайындоо жөнүндөгү указга кол койгон. Львовго жаңы өкмөттүн курамын аныктоо дайындалган. 4-мартта падышанын тактан баш тартып, бийлик Убактылуу өкмөткө өткөндүгү жарыяланган. 1917-ж. Февраль революциясы жана падыша бийлигинин кулашы өлкөдө кош бийликтин орношун шарттаган. 1-мартта Мамлекеттик дума бекиткен Убактылуу өкмөт россиянын буржуазиясынын кызыкчылыгын көздөгөн либералдык-демократиялык маанайдагы партиялардан куралган. Бул өкмөттө кадеттер басымдуу көпчүлүктү түзүшкөн. Ошол эле учурда жумушчу жана солдат депутаттарынын Петроград совети элдин атынан бийлик жүргүзүүгө киришкен. Ошентип өлкөдө *кош бийлик* орногон. Убактылуу өкмөттүн колунда капитал жана бийлик органдары болгон. Ал эми Советтер болсо куралданган элдин атынан бийлик жүргүзгөн. Бул эки бийликтин тирешүүсү өлкөдөгү кризистик абалды ого бетер тереңдеткен.

Убактылуу өкмөт негизинен кадеттер, эсерлер, меньшевиктер жана 17-октябрдагы союз деп аталган партиялардан туруп, өлкөдөгү бийликти аныктай турган Уюштуруу чогулушуна чейин бийлик жүргүзмөк. Бирок бул бийлик дүйнөлүк биринчи согуштун жүрүп жатканына, өлкөдөгү кризистин күчөшүнө шылтоолоп, бир дагы олуттуу маселелерди чечпей, Уюштуруу чогулушун атайылап чакырбай, убакытты созо берген.

Экинчи бийлик негизинен революциялык маанайдагы социал-революционерлерден (эсерлер, меньшевиктер) турган. Петрограддык совет деп аталган бул орган жумушчулар менен солдаттардын таламын көздөгөн. Бирок ал өлкөдө социалисттик революция үчүн кырдаал жетиле элек деп эсептеп, буржуазиялык-демократиялык кайра курууларды жүргүзүүгө аракет жасаган. Ошондуктан алар Убактылуу өкмөттөн реалдуу бийликти алууга аракеттенишкен эмес.

Большевиктер партиясы гана буржуазиялык-демократиялык революциянын социалисттик революцияга өсүп чыгышы жөнүндөгү тезисти жарыялап, өлкөдөгү бийликти толук кол-

го алууга аракет жасаган. Бирок февраль айында бийликти алуу үчүн большевиктер партиясынын күчү жетишсиз болгон. Большевиктер Советтерде да азчылыкты түзүшкөн. Ошентип, 1917-ж. башында Россиядагы бийлик ээсиз калып, өлкө «ара жолдо калган» абалда калган.

Убактылуу өкмөттүн кризисин тышкы иштер министри Милюковдун дүйнөлүк биринчи согушка жеңишке жетмейинче катыша беребиз деген билдирүүсү күчөткөн. Фронттогу орус аскерлеринин абалынын оордугу, согушуудан баш тартышы Убактылуу өкмөттүн абалын кыйындаткан. Ушундай саясий кырдаалда большевиктер партиясынын таасири күчөй баштаган. Убактылуу өкмөт июнь–июль айларында большевиктер партиясын куугунтуктоого өткөн.

**Корниловдун козголоңу.** Эки бийликтин тирешүүсү августтагы Корниловдун козголоңу деп аталган окуяда чечилген. Бийликке умтулган генерал Л. Корнилов Убактылуу өкмөттүн башчысы А. Керенскийдин колдоосуна таянып, өлкөдө реакциячыл төңкөрүш уюштурмак болот. 24-февралда Корнилов жетектеген аскерлер Петроградга бет алат. Бул шаардагы революциялык күчтөр да биригип, контрреволюцияга каршы күрөшүүнүн элдик комитетин түзүшөт. Большевиктердин демилгеси менен Кызыл Гвардия отряддары куралат. Кырдаалдан чочулаган Керенский Корниловду колдоодон баш тартып, анын өзүн кайра мамлекеттик төңкөрүш уюштурууну көздөгөн козголоңчу деп жарыялайт. Корниловдун аскер күчтөрү кыйратылат. Бул окуядан кийин большевиктер партиясынын ролу мурдагыдан да жогорулаган. Керенский өзүнүн бийлигин сактоо максатында 1917-ж. 1-сентябрда Россияны республика деп жарыялап, жаңы коалициялык өкмөттүн курамын түзгөн.

1917-ж. августагы окуялардан кийин Россиядагы мамлекеттик бийлик үчүн Керенский менен большевиктердин ортосунда күрөш күчөйт. Керенский бийлик тизгинин кармап турганы менен, эл ичинде большевиктердин таасири күчтүү болгон. Большевиктердин ролу советтердин ишинде да көтөрүлгөн. Большевиктер үчүн куралдуу көтөрүлүш аркылуу бийликти алып коюу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Ал үчүн алар аскердик-революциячыл комитеттерди түзө башташкан.

**Октябрь революциясы.** 1917-ж. күзүндө турмуштун бардык чөйрөлөрүн кризис каптаган. Агрардык чөйрөдө тартипсиздик күчөгөн, аскерлер фронттон качып, өнөр жай ишканалары чийки заттардын жетишсиздигинен улам токтой баштаган. Ушун-

дай кырдаалда большевиктер партиясы бардык бийликти күч менен алууга киришкен. Большевиктер партиясынын Борбордук Комитети 15-сентябрда убактылуу жашырынып жүргөн В. И. Лениндин катын талкуулап, анын сунушу боюнча куралдуу көтөрүлүшкө багыт алган. Большевиктер бул кадамга кокусунан эле барышкан эмес. Петроград, Москва өңдүү ири шаарлардагы жана башка региондордогу Советтердин көпчүлүгү большевиктер тарабына өтүп, чечкиндүү күрөшкө даяр болуп калышкан эле.

1917-ж. сентябрдын орто ченинде Убактылуу өкмөт Петроград гарнизонунун чоң бөлүгүн фронтко жөнөтүү жөнүндөгү планын билдирет. Бул гарнизондо толкундоолорду күчөтүп, солдаттар Убактылуу өкмөттүн отставкага кетишин, бийликтин советтерге берилишин талап кылышат. Саясий кырдаалды туура баалаган В. И. Ленин большевиктер партиясынын Борбордук Комитетинин 10-октябрдагы кеңешмесинде куралдуу көтөрүлүштү уюштуруу жөнүндө чечимдин кабыл алынышына жетишет.

**Революциянын жүрүшү.** Октябрдын экинчи жарымынан баштап саясий күрөш курч мүнөздө өнүгө баштайт. 21-октябрда Петроград гарнизону Аскердик-Революциячыл комитет тарабына өтөт. 24-октябрда Кызыл Гвардия жана бир катар аскердик бөлүктөр Петросоветтин атынан Нева дарыясындагы көпүрөлөрдү жана шаардагы стратегиялык борборлорду (почта, телеграф, вокзалдар ж.б.) ээлеп алышкан. 25-октябрда эртең менен Жумушчу жана солдат депуттарынын аскердик революциялык комитети Убактылуу өкмөт кулагандыгын жарыялаган. Советтердин Бүткүл россиялык экинчи съезди Тынчтык жана Жер жөнүндөгү декреттерди кабыл алып, В. И. Ленин башында турган өкмөттү — Эл Комиссарлар Советин түзгөн. Бул өкмөт жалаң большевиктерден турган. Мындан тышкары, солчул эсерлерден турган Борбордук аткаруу комитети түзүлгөн. Съезд бардык бийлик Советтерге өткөндүгүн билдирген резолюция кабыл алган. Октябрь революциясынын жеңиши менен Россиянын тарыхында жаңы доор башталган.

1917-ж. Октябрь революциясы ошол кезде коомдо түзүлгөн кырдаалга ылайык жүзөгө ашырылып, Россиянын өнүгүүсүндө жаңы доорду ачкан мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

**Жарандык согуш** 1917-ж. күзүндө башталып 1922-ж. октябрына чейин, тактап айтканда, Совет бийлиги орногон күндөрдөн тартып Ыраакы Чыгыштагы куралдуу каршылыкты басканга чейин созулган.

Жарандык согуш беш мезгилге бөлүнөт:

1. *1917-ж. октябрынан – 1918-ж. майына чейин.* Большевиктер солчул эсерлерден башка бардык саясий партияларга тыюу салат. Уюштуруу чогулушу таркатылат. «Бай» таптарды өндүрүш каражаттарынан ажырата баштайт. Россиядагы бир катар социалдык топтордун наразычылыгы күчөп, большевиктерге каршы кыймылдарга бириге башташат. Керенский – Красновдун козголоңу, Дондо ыктыярдуу армиянын түзүлүшү, эсерлердин чыгуулары жаңы бийликке каршы багытталган. 1918-ж. 3-мартта большевиктер немецтерге 50 *млн* калк жашаган жерлерди берүү менен Брест тынчтык келишимин түзүп, убактылуу күч топтоого жетишет.

2. *1918-ж. жай – күз айлары.* Большевиктер агрардык революцияны башташат. 1918-ж. данга монополия киргизилип, *азык-түлүк диктатурасы* орнотулат. Бул саясат орто жана бай дыйкандардын наразычылыгын күчөтөт. Өлкөдө контрреволюция үчүн база түзүлөт. Брест тынчтык келишиминдеги өлкөнү кемсинткен шарттарга наразы болгон офицерлер да большевиктерге каршы турушат.

Англдар, француздар жана америкалыктар Мурманскиге аскер түшүрүшөт, Ыраакы Чыгышты басып алышат. Волгадагы аскердик бөлүк да көтөрүлөт. Дутов менен Деникин жетектеген дондук жана кубандык казактар да большевиктерге каршы аттанышат.

Болшевиктер Кызыл Армиянын туруктуу бөлүктөрүн түзөт. Жазалоочу органдар түзүлүп, массалык террор башталат. 1918-ж. большевиктер Самара, Симбирск, Казан ж.б. шаарларын алат.

3. *1918-ж. ноябрь – 1919-ж. жаз айлары.* Кызыл жана ак гвардиячылардын ортосунда айыгышкан салгылаштар жүрөт.

Совет өкмөтү Германияда революциялык кыймылдын өнүгүшүнөн пайдаланып, Брест тынчтык келишиминин шарттарын жокко чыгарып, Украина, Белоруссия, Балтика боюндагы өлкөлөрдөн немец аскерлерин чыгарат. Өлкөнүн түштүгүндө генерал Деникиндин, түндүк-батышта Юденичтин, түндүктө Миллердин, Сибирде Колчактын аскердик бийликтери күч алат. Чыгыш фронту жарандык согуштун башкы фронту болуп таанылат.

4. *1919-ж. жазы – 1920-ж. жазы.* Бул мезгилде актардын армиясы бир катар жеңилүүлөргө учурайт. Дыйкандарга аяр мамиле жасоо менен большевиктер аларды өзүнө тартууга жетишет. 1919-ж. ноябрда кызыл аскерлер ак гвардиячылардын негизги күчтөрүн талкалайт.

5. *1920–1921-жж.* Жарандык согуштун очокторун жок кылууга багытталган аракеттер менен мүнөздөлөт. 1920-ж. ноябрда түштүк фронтунун аскерлери Крым жарым аралын ээлешет. Эсерлер менен меньшевиктер жетектеген дыйкандар кыймылы күчөйт. Дыйкандар *«аскердик коммунизм»* саясатына каршы чыга баштайт. Натыйжада большевиктер рынок мамилелерине таянган *жаңы экономикалык саясатка* өтүүгө мажбур болот. Экономиканын либералдашы жарандык согуштун токтошуна өбөлгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, большевиктер жарандык согушта куралдуу күчтөрдү билгичтик менен уюштура алган. Алар мурдагы аскердик адистерди өзүнө тартып, 5 *млн* адамдан турган Кызыл Армияны түзгөн. «Аскердик коммунизм» саясаты өлкөнү бирдиктүү согуштук лагерге айланткан. Чет өлкөлүк 370 аскердик бөлүктөр да Кызыл армия тарабында согушкан. Помещиктерди конфискациялап, жер бергендиги үчүн дыйкандардын большевиктерди колдошу да совет бийлигинин жеңишине зор өбөлгө болгон.

**«Аскердик коммунизм» саясатынан жаңы экономикалык саясатка өтүү.** Жарандык согуштун учурунда большевиктер өлкөдө болгон ресурстарды жеңиш үчүн мобилизациялаган. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрү партиянын кызыкчылыгына баш ийдирилип, катуу көзөмөл орнотулган.

«Аскердик коммунизм» саясаты боюнча:

1. Шаарларда: коммуналык төлөмдөр жоюлган, эмгек акы натуралай төлөнгөн. Акыл эмгегинин адамдары иштегенге милдеттүү болушкан. Өнөр жай тармагындагы ишканалар мамлекеттештирилген жана аларды башкаруу борбордоштурулган.

2. Кыштактарда жумушчу табын, көп сандаган аскерлерди жабдуу, тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн азык-түлүк салыгы, ашыкча делип эсептелген продукцияны мажбурлоо жолу менен жыйнап алуу тартиби киргизилген. 1918-ж. майда Совет өкмөтү *азык-түлүк диктатурасы* деп аталган иш-чараларды жүргүзгөн. Нанга туруктуу баа коюлган. Ашыкча азык-түлүктү жыйноо боюнча атайын азык-түлүк отряддары, кийин азык-түлүк армиясы түзүлгөн.

«Аскердик коммунизм» саясаты жер-жерлерде дыйкандардын наразычылыктарын күчөткөн. Бир катар региондордо дыйкандардын ири толкундоолору болуп өткөн. Ал тургай, мурда большевиктерди колдоп келген кронштадттык матростор да козголоң чыгарышкан. Алар 1917-ж. октябрдагы революция жарыялаган укуктарды коргоо, зордук менен конфискация-

лоо иштерин токтотуу талаптарын коюшкан. Тамбов губерниясындагы эсер партиясынын мүчөсү А. Антонов жетектеген партизандык армиянын антисоветтик кыймылын басууга Кызыл Армиянын М. Тухачевский жетектеген күчтөрү жөнөтүлгөн. Айыгышкан салгылашта эки тараптан 50 миң адам кырылган. Ушул өңдүү кайгылуу окуялардан кийин Совет бийлиги *жаңы экономикалык саясатка* өтүү жөнүндө чечим кабыл алган.

Өлкөдө рынок мамилелерине ылайыкташкан жаңы экономикалык саясат жүргүзүлө баштаган. Ашыкча продукцияларды эркин сатууга уруксат берилген. Экономиканы башкарууда ырксыз борбордоштуруу иши чектелген. Эмгегине жараша акы төлөө тартиби киргизилген. Мамлекет майда ишканаларды жеке менчикке ижарага берген. Жеке менчик капиталдын өнүгүшүнө, чет элдик инвестицияларды алууга жол ачылган. Бирок бийликтин бардык тармактары мамлекеттин колуна топтолгон. Салык иши катуу көзөмөлгө алынган.

Жаңы экономикалык саясаттын натыйжасында экономика стабилдешип, өндүрүштүк көрсөткүчтөр бир кыйла оңолгон. 1922-ж. өлкөдө ачарчылык токтотулган. Жеңил жана оор өнөр жай ишканалары өндүрүштүн согушка чейинки деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Жеке сооданын эркиндигинен улам, майда өнөр жай ишканалары тез өнүккөн. Бирок экономикадагы айрым ийгиликтерге карабастан, өлкөнүн экономикасынын жалпы абалы төмөнкү деңгээлде кала берген. Карама-каршылыктар курчуп кеткендиктен, 1921-ж. киргизилген жаңы экономикалык саясат 1928-ж. токтотулган.

**СССРдин түзүлүшү.** Совет мамлекетинин стабилдүү абалга келишине улуттук-мамлекеттик кайра куруу бир топ өбөлгө болгон. Жарандык согуштун жүрүшүндө советтик республикалардын ортосунда аскердик-саясий союз түзүлгөн. Тынчтык курулуш бул союздун маңызын өзгөртүүнү талап кылган. Бул маселени чечүү үчүн 1922-ж. 30-декабрда Советтердин I съезди *Советтик Социалисттик Республикалар Союзун (СССР) түзүү жөнүндөгү Декларация* менен келишимди кабыл алган. Ушул эле съездде СССРдин Борбордук Аткаруу Комитети (БАК) шайланган.

Адегенде СССРдин курамына РСФСР, Украина ССРи, Закавказье Федерациясы (ЗСФСР) кирген. Кийинчерээк Өзбек ССРи, Түркмөн ССРи (1925), Тажик ССРи (1919), Казак ССРи, Кыргыз ССРи (1936) түзүлгөн. 1936-ж. ЗСФСР жоюлуп, Армян ССРи, Азербайжан ССРи, Грузин ССРи түзүлүп, СССРдин курамына кирген.

1924-ж. январда СССР Советтеринин II съезди СССРдин Конституциясын бекитип, бийликтин жогорку органы – Советтердин Бүткүл союздук съезди деп жарыялаган. Съезддер аралыгында бийликти эки палатадан турган Борбордук Аткаруу Комитети жүргүзгөн. Жогорку аткаруучу бийлик – СССР Эл Комиссарлар Советине тийиштүү болгон.

**Мамлекеттик социализмди курууну тездетүү.** 1928-ж. жаңы экономикалык саясатты жойгондон кийин И. В. Сталин өлкөнү индустриялаштыруу жана айыл чарбасын коллективдештирүү саясатын эң башкы максат катары тез арада жүзөгө ашыруу милдетин койгон.

Өлкөнү социалисттик индустриялаштыруу экинчи дүйнөлүк согуш алдындагы беш жылдык пландарда ишке ашырылган. Биринчи беш жылдык план (1928–1932) боюнча өнөр жай өндүрүшүн 1928-ж. караганда үч эсе көтөрүү, ал эми экинчи беш жылдык планда (1933–1937) дагы эки эсеге көтөрүү пландаштырылган. Үчүнчү беш жылдык план (1938–1942) боюнча өнөр жай продукциялары дагы эки эсеге жогорулаган. Согушка чейинки 12 жылдын (1928–1940-жж.) ичинде СССРдин экономикасы болуп көрбөгөндөй жогорку темп менен өнүккөн. Өлкөдө 9 миң ири өнөр жай ишканалары курулуп, ишке киришкен. Электр энергиясын өндүрүү он эсеге жогорулаган, нефти өндүрүү эки эсеге, чоюн эритүү төрт эсеге көбөйгөн. Өндүрүштүн абсолюттук көлөмү боюнча СССР 1937-ж. Европада биринчи, дүйнөдө АКШдан кийинки экинчи орунга чыккан.

Индустриялаштыруунун натыйжасында СССР экономикалык жактан өз алдынчалыкка жетишип, эл чарбасынын бардык тармактарын реконструкциялоо үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгү чыңдалган. Жумушчу табы, илимий-техникалык интеллигенция сандык жана сапаттык жактан бир кыйла өскөн.

Айыл чарбасын туташ коллективдештирүү кампаниясы тез темп менен жүргүзүлгөн. Ал зордук-зомбулук, массалык террор менен коштолгон, мыйзамдар одоно бузулуп, дыйкандар зомбулуктан жапа чегишкен. 1930–1931-жж. эле өлкөнүн ар кайсы райондорунан 381 миң кулактын үй-бүлөлөрү күч менен өз эли-жерлеринен көчүрүлгөн. Чындыгында булар өлкөнү бага баштаган орто чарбалуу дыйкандар катмары болчу.

Коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү одоно кемчиликтерге карабастан, айыл чарбасы бир кыйла өскөн. Бул тармакта эмгек өндүрүмдүүлүгү өсүп, согуш алдындагы беш жылдыктарда дан, эт, сүт өндүрүү бир кыйла жогорулаган. Айыл чарбасын-

дагы ийгиликтер Улуу Ата Мекендик согушта жеңишке жетишүүнүн маанилүү шарттарынан болгон.

СССРдин 1936-ж. 5-декабрында кабыл алынган жаңы Конституциясында СССРдин саясий негизин — эмгекчилер депутаттарынын Совети, өлкөнүн экономикалык негизин — өндүрүш каражаттарына карата социалисттик менчик түзөт деп жазылган. СССРдин 1936-ж. Конституциясы чындыгында тоталитардык тартипти бекемдеген. Буга 1936–1937-жж. өзгөчө күч — массалык репрессиялар далил. И. Сталиндин көрсөтмөсү менен эч күнөөсүз адамдар камалып, атылып, алардын үй-бүлөлөрү куугунтукталган.

Эки беш жылдыктын жылдарында (1928–1937) СССРде *мамлекеттик социализм* деп аталган социалдык система калыптанган. Жеке менчик толук жоюлуп, өндүрүш каражаттары мамлекеттин менчигине өткөрүлгөн. Мамлекеттик бийликти И. В. Сталин жетектеген партиялык-мамлекеттик аппарат жүргүзгөн. Административдик-буйрукчул система коомдун бардык тармактарын тоталитардык көзөмөл менен башкарууну эң жогорку деңгээлде өздөштүргөн. Мамлекетти башкарууда жеке адамга – Сталинге сыйынуу биротоло калыптанган. Өлкөдө демократиялык принциптер жоюлуп, диктатордук тартип орногон.

**СССРдин 20–30-жж. тышкы саясаты.** Бул мезгилде Советтер Союзун дүйнөнүн алдыңкы дөөлөттөрү толук тааныган. Бирок Англия, Франция жана АКШ өлкөлөрү фашисттик Германияны СССРге тукуруууга аракеттенишкен.

Ыраакы Чыгыштагы абал да оор эле. 1928-ж. СССР менен Кытайдын ортосунда Чыгыш Кытай темир жолунда кагылыш болуп, тез арада кайра жөнгө салынган. Бирок Ыраакы Чыгышта СССРге каршы тишин кайрап Япония турган. 1938-ж. августта Владивостокко жакын Хасан көлүнүн жанында япондук аскерлер менен чоң кагылыш болгон. Ушундай эле кагылыш 1939-ж. жайында Халхин-Гол дарыясынын жээгинде кайталанган. Бул кагылышта япон аскерлери талкаланган.

Фашисттик Германиянын Европадагы баскынчылык иш-аракеттеринен улам 1939-ж. жайында Англия жана Франция СССР менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө мажбур болгон. Бирок андан эч натыйжа чыккан эмес. 1939-ж. 23-августа СССР Германия менен кол салышпоо жөнүндө он жылдык келишимге кол койгон. Ал боюнча Польшанын бир бөлүгү, Балтика боюндагы өлкөлөр, Бессарабия, Финляндия СССРдин таасирине өтмөк. Келишимге кол койгон Германия 1939-ж. 1-сентябрда

Польшага кол салат. Англия менен Франция Польша менен өз ара жардамдашуу жөнүндөгү келишимин аткарып, Германияга согуш жарыялайт. Ошентип *экинчи дүйнөлүк согуш* башталат. 1939-ж. советтик Кызыл Армия Польшанын чек арасын бузуп, Батыш Украина жана Батыш Белоруссияны ээлейт. 1939-ж. 28-сентябрда СССР менен Германия достук жөнүндө келишимге кол коюшуп, Европадагы өздөрүнүн таасир этүү чөйрөлөрүн такташат. 1940-ж. августта Эстония, Латвия жана Литва СССРдин курамына киргизилет. 1939-ж. ноябрынан – 1940-ж. мартына чейин болгон совет-финн согушунун натыйжасында Финляндиянын бир бөлүгү (Карелия мойногу Выборг шаары менен кошо) СССРге өткөн. 1940-ж. июнда СССР өкмөтү Румыниядан Бессарабия менен Түндүк Буковинаны кайтарып берүүнү талап кылган. Румын бийлиги бул талапты орундатууга мажбур болгон.

Бул мезгилде Германия Европанын көпчүлүк мамлекеттерин өзүнө каратып, СССРге кол салууга болгон күчүн топтой баштаган.

**СССРдин кулашы.** 1985-ж. КПСС БКнын Генералдык секретарлыгына М. С. Горбачёвдун шайланышы менен СССРде реформалардын мезгили башталган. 1985-ж. мартынан 1991-ж. августуна чейин реформалардын биринчи этабы жүргөн. Бул мезгилде Советтер Союзунда тоталитардык саясий түзүлүштү, ошондой эле пландуу бөлүштүрүү системасын өзгөртүү процесси жүргөн. *«Кайра куруу»* программасы саясий түзүлүштү жогортодон демократиялаштырууга жана экономикада рынок мамилелерине жол берүүгө багытталган. Бул учурда коомдук турмушта КПССтин ролу төмөндөп, парламенттик башкаруу, айкындуулук киргизилген. Экономиканы башкарууда борборлоштурулган бийлик бошоңдоп, региондук бийлик органдарынын жоопкерчиликтери жогорулаган. Өлкө жетекчилигинин бул иштеринин баары жакшы максатты көздөгөн. Кайра куруу процессинде С. М. Горбачёвдун салымы өтө зор. СССРдеги реформалар мамлекеттик органдардын көзөмөлү аркылуу жүргүзүлүп, мамлекеттик менчиктин бир бөлүгү акырындык менен менчиктин башка түрлөрүнө, экономика акырындык менен рынок мамилелерине өткөрүлө баштаган.

Бирок өлкөдөгү күчөп бара жаткан экономикалык кризис саясий абалдын курчушу менен коштолгон. Союздук республикалардын, крайлар менен облустардын жетекчиликтери борбордук өкмөт экономикалык абалды оңдоого жөндөмсүз деп эсептешкен. Кырдаалды оңдоо үчүн бийликти борбордон ажыратып, региондук бийликтерге экономикалык жана социалдык

маселелерди өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк берилишин талап кылышкан. Ошондой эле региондордун улуттук кирешелеринин басымдуу бөлүгүн өздөрүндө калтыруу керек деген талап коюлган. Ошого ылайык, СССР өкмөтү региондук чарбалык эсепти киргизүү жөнүндө маселе койгон. Анда региондордо кала турган улуттук кирешенин өлчөмү тигил же бул региондун өлкөнүн экономикасына кошкон салымына жараша болот деген бүтүм чыгарылган. Бул боюнча буга чейин борбордук казынадан дотацияларды алып жашаган региондордун абалы кыйындамак.

Бирок, бул маселе ишке ашкан эмес. Биринчиден, Афганстанда көптөгөн чыгымдарды талап кылган согуш жүрүп жаткан. Ошондуктан региондордо калуучу улуттук кирешенин өлчөмүн көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк жок эле. Экинчиден, өлкөдө баалар жогортодон аныкталып келген. Алсак, чийки заттардын баасы атайлап төмөндөтүлгөн, ал эми даяр продукциялардын баасы жогору коюлган. Ушундан улам Кыргызстан өңдүү негизинен чийки зат өндүргөн региондордун СССРдин улуттук кирешесине кошкон салымын так аныктоо мүмкүн эмес эле.

Андан тышкары, салык системасы, салык жыйноо тартиби да союздук республикалардын СССРдин экономикасына кошкон салымын тактоого мүмкүнчүлүк берген эмес. Бюджеттик кирешелердин негизги булагы — *товар жүгүртүү* болгон. Бул кирешелерде чийки зат өндүргөн региондордун салымы эске алынбастан, даяр продукция чыгарган региондорго ыйгарылып келген. Ал эми чийки зат өндүргөн республикаларга союздук бюджеттен кошумча акча (дотациялар) бөлүнүп турган. Ошондуктан бул республикалар жан бактылык абалда жашашат деген түшүнүк калыптанган. Ушуга байланыштуу борбордо да, региондордо да өз ара айыпташуу, улутчул-сеператисттик көз караштар күчөгөн. Улуттар аралык карама-каршылыктарды тутандырууга аракет кылган күчтөр пайда болгон. Коомдук ан-сезимде СССРди таратуу зарыл деген пикир калыптана баштаган.

Саясий кризис союздук жана республикалык парламенттердин ишмердүүлүктөрүнө жараша да курчуп кеткен. Демократиялык толкундун жүрүшүндө парламенттерге экономиканын негиздерин жакшы түшүнбөгөн депутаттар да шайлана баштаган. Алар кризистен чыгуунун жолдорун издөөдөн мурда борбор менен союздук республикалардын тирешүүсүн күчөткөн саясий козутуулар менен гана алек боло башташкан.

Коңшулаш Кытайдын реформаларды мамлекеттин көзөмөлү аркылуу жүргүзүп, жакшы натыйжаларды бере баштаган таж-

рыйбаларын үйрөнүүнү эч ким каалаган эмес. СССРдин партиялык жетекчилиги жана демократиялык коомчулуктун бир бөлүгү чечкиндүү кадамдарды жасап, реформаларды тез арада ишке ашырууга умтулган. Азербайжан, Армения, Грузия, Литва республикаларындагы экономикалык кризистер саясий кризистер менен коштолуп, массалык толкундоолорго алып келген. Элдин толкунун басуу үчүн куралдуу күчтөр колдонулган. 1990-ж. башында жумушчулар эмгек акыны жогорулатуу талабы менен СССР боюнча массалык иш таштоолорду уюштурушкан.

Ушундай кырдаалда СССРдин жетекчилиги жаңы союздук келишимди иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган. Бул келишим боюнча союздук республикалардын укуктары кеңейтилмек. Бирок 1991-ж. августта мамлекеттик бийликтин жогорку звеносундагы адамдардын тобу өлкөдө өзгөчө кырдаал жарыялаган. Бул окуя СССРдин президенти М. С. Горбачёвдун баркын кетирген, анын баш аламан жүргүзгөн саясатына карата наразылыктар күчөгөн.

1991-ж. 8-декабрында Минск шаарына жакын Беловеж токоюндагы өкмөттүк резиденцияда РСФСРдин, Украина менен Белоруссиянын президенттери Б. Ельцин, Л. Кравчук жана С. Шушкевич Советтик Социалисттик Республикалар Союзу (СССР) тарагандыгы жөнүндө келишимге кол коюшкан. Ошентип, СССРге кирген союздук республикалардын негизинде өз алдынча көз карандысыз мамлекеттер түзүлгөн.

**Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ).** 1991-ж. 8-декабрдагы жогоруда аталган тарыхый жолугушууда Белорусь Республикасы, Россия Федерациясы жана Украина *Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигин* (КМШ) түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюшкан. 1991-ж. 21-декабрда Казакстандын борбору Алматыда Белорусь Республикасы, Россия Федерациясы, Украина, Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан КМШны түзүү келишимине кол коюшкан. КМШга мурдагы союздук республикалардын ичинен Грузия жана Прибалтика республикалары кирген эмес. КМШнын түзүлүшү СССР биротоло жашоосун токтотту дегенди түшүндүргөн. 25-декабрда М. С. Горбачёв СССРдин жоюлгандыгына байланыштуу СССРдин президентинин милдетин аткарууну токтоткондугун билдирген.

СССРдин кулашы жана КМШнын түзүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Анткени, союздук борбор менен союздук

республикалардын ортосундагы мамилелер соңку жылдарда туюкка барып такалган эле. КМШга кирген ар бир мамлекет өзүнүн территориясында жашаган бөлөк өлкөлөрдүн жарандарына улуттук ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карабастан ар кандай укуктарды, адам укугунун эл аралык нормаларына ылайык камсыз кылууга милдеттенген. Ошентип, формалдуу түрдө федерациялык мамлекет деп аталып, иш жүзүндө унитардык мамлекет катары жашап келген СССР жөн гана тарап кетпестен, көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине жол бошотткон. Негизгиси бул процесс чыр-чатаксыз, кан төгүүсүз, тынчтык жол менен өткөн.

Эгемендүү эркин өлкөлөр КМШнын маселелерин биргелешип, тең укукта чечүү үчүн мамлекет жана өкмөт башчыларынын Кеңештерин түзүшкөн. Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУнун) Коопсуздук комитетинде КМШнын кызыкчылыктарын жактоо милдети Россия Федерациясына жүктөлгөн. КМШ түзүлгөндүгүн жарыялаган Алматы жолугушуусунда эле эркин мамлекеттердин башчылары КМШ өлкөлөрүн БУУга мүчө кылып кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылышкан. Ядролук куралдары бар өлкөлөр аны биргелешип чогуу башкаруу жөнүндө макулдашышкан. КМШга кирген мамлекеттердин чек аралары бөлүнгүс жана кол тийгис деп таанылган.

Россия Федерациясы КМШга кирген өлкөлөрдүн лидери катары таанылган. КМШ өлкөлөрүндө радикалдык реформалардын жаңы этабы башталган. Мамлекеттик менчикти тез арада менчиктештирүү иши жүргүзүлгөн. Бааларды, акчанын курсун атайлап жөнгө салууга мамлекеттин кийлигишүүсүнө тыюу салынган. Экономиканы, ишканалардын продукцияларын эл чарба тармактарына жана элге бюджеттик дотацияларды пландоо иши токтотулган. Эң негизгиси, өндүрүшкө мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүнө жол берилбей, өндүрүштүк демократиянын өнүгүшүнө кеңири жол ачылган. КМШнын көпчүлүк өлкөлөрүндө тапсыз коом түзүлгөн, жумушчу табы менен дыйкандардын ортосунда кескин айырмачылык болгон эмес. Бийликте турган партиялык-бюрократтык аппарат өлкөдөгү демократиялык өзгөрүүлөрдү, талаптарды туура түшүнүп, жаңы өзгөрүүлөргө тоскоолдук кылган эмес. Демократиялык өзгөрүүлөргө таянып, жалпы эл түшүнгүчө партиялык-бюрократиянын, өндүрүштүк ишканалардын жетекчилери, акчасы көп көмүскө экономиканын өкүлдөрү, кылмышкерлер өндүрүш каражаттарын ээлеп калууга аракеттенишкен. Буларга да эч кандай күч тоскоолдук кыла алган эмес.

Экономиканын милитаризацияланышы, ыксыз жарыша куралдануу, башка өлкөлөрдө согуш аракеттерин жүргүзүү, СССРдин идеологиясын колдогон артта калган мамлекеттерге жардам берүү саясаты акыры СССРди алсыраткан. Өлкөнүн экономикасын башкаруудагы чарбасыздык өлкөнүн экономикалык абалын начарлатып, акыры кризиске дуушар кылган. Экономикалык кризистер саясий кризистерге өсүп чыккан. Булардын баары СССРдин кулашынын негизги себептери болгон.

Бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин жана чарбалык байланыштардын бузулушу, регион аралык интеграциянын жоюлушу КМШ өлкөлөрүндө экономиканын жана элдин жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө алып келди. Азыркы учурда Россия Федерациясы сыяктуу эле КМШнын башка өлкөлөрүндө да туруктуу коомдук түзүлүш калыптана элек, идеологиялык жактан жакырдануу мүнөздүү көрүнүшкө айланды. СССРдин жоюлушу менен дүйнөдөгү эки зор дөөлөттүн ортосундагы тең салмактуулук да жоюлду. АКШ болсо өз кызыкчылыгын башка мамлекеттерге ээн-эркин таңуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

### Суроолор:

1. Кош бийлик деген эмне?
2. Октябрь революциясынын тарыхый мааниси эмнеде?
3. Жарандык согуш эмне себептен болгон?
4. «Аскердик коммунизм» саясаты деген эмне?
5. Жаңы экономикалык саясат эмнеси менен өзгөчөлөнгөн?
6. Социалисттик индустриалдаштыруу жана айыл чарбасын коллективдештирүү иши кандайча жүргүзүлгөн?
7. «Кайра куруу» саясатынын максаты эмне эле?
8. СССР эмне себептен кулап калды?
9. СССРди таратуу жөнүндөгү чечимди кимдер, качан кабыл алган?

# XI ГЛАВА
# СОҢКУ ДҮЙНӨЛҮК ӨНҮГҮҮ

## § 30. XX к. дүйнөлүк экономикалык кризистер

**XX к. биринчи жарымындагы экономикалык кризистер.** Капиталисттик коомдун өнүгүшүн XIX к. тартып азыркы мезгилге чейин мезгил-мезгили менен кайталануучу экономикалык кризистер коштоп келүүдө. Окумуштуулар мындай кризистердин жаралышынын маңызын ачып, аны болтурбай коюунун жолдорун издөөнүн үстүндө баш катырышууда.

1900–1901-жж. экономикалык кризис Россия менен АКШда бир мезгилде башталган. Кризис адегенде металлургия өнөр жайын, андан соң химиялык, электр жана курулуш тармактарын кучагына алган. Кылым башындагы өнөр жай кризиси жалпы мүнөзгө ээ болуп, Англияны, Австрияны, Белгияны, Италияны, Францияны жана башка индустриялык өлкөлөрдү каптаган. Кризиске кабылган өлкөлөрдө көптөгөн ишканалар жабылып жумушсуздук күчөгөн. Кыйынчылыктарга карабастан, абал тез арада эле калыбына келген. Товарлардын баалары төмөндөп, аларга болгон талаптар жогорулаган. Өндүрүшкө жумшалуучу инвестициялар тез арада жанданган.

Ал эми биринчи дүйнөлүк согуштан кийин мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу кризистердин мүнөзү өзгөргөн. Бул өзгөрүш 1929–1933-жж. капитализмдин тарыхындагы эң чоң экономикалык кризистен ачык байкалган. Ал өлкөлөрдүн экономикасынын рынок мамилелерине өтүшү менен түшүндүрүлгөн.

***Мамлекеттик-монополиялык*** **капитализмдин түзүлүшү.** XIX–XX кк. аралыгындагы илимий-техникалык революциянын (ИТР) таасири менен өндүрүштүн дүркүрөп өсүшү анын концентрацияланышын тездеткен. Натыйжада монополиялык бирикмелердин түзүлүү процесси күчөгөн. Өндүрүштүк жана банк капиталдарынын күч алышы менен ири каржылык топтор түзүлүп, чарбалык тармактарда башкы ролду ойной баштаган. Күчтүү корпорациялар өз өлкөлөрүнүн ички жана тышкы саясаттарына ачыктан-ачык кийлигишип, ал тургай, аларды тескегенге өткөн. Монополиялар чарбанын эң күчтүү субъекттери катары пайдалуу киреше үчүн бааларды аныктоо ишине активдүү кийлигишкен. Бул айрым өлкөлөрдүн гана улуттук чарбаларында диспропорцияны пайда кылбастан, эл аралык экономикалык карама-каршылыктарды да күчөткөн. Ошондуктан XX к. кри-

зистер көбүнчө монополиялардын жеке кызыкчылыктарына байланыштуу жүргүзүлгөн аракеттердин натыйжасында келип чыккан. Кризистердин кайталанышы, масштабы, терeңдиги, узактыгы жана натыйжалары ири монополиялардын саясаттарына тикеден-тике байланыштуу эле. XX к. биринчи жарымындагы кризистердин натыйжасында көпчүлүк өлкөлөрдө жумушсуздук, инфляция сакталып, туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Мындай көрүнүш буга чейинки тарыхта байкалган эмес.

**1929–1933-жж. экономикалык кризис** узакка созулуп, терең тамыр жайышы менен өзгөчөлөнгөн. Мындан АКШ менен Германия өзгөчө жабыр тарткан. Бул жылдары АКШнын өнөр жай өндүрүшү 46,2% га, Германияныкы — 40,2% га, Францияныкы — 30,9% га, Англияныкы — 16,2% га төмөндөгөн. Кризис дүйнөнүн бардык өлкөлөрүн каптап, орто жана начар өнүккөн өлкөлөр өзгөчө катуу жапа чеккен. Расмий маалыматтар боюнча, 32 өлкөдө кризистин үч жылында эле жумушсуздардын саны 5,9 *млн* адамдан 26,4 *млн* адамга өскөн. Бул жылдары фермерлер жапырт жакырданууга дуушар болушкан. Кризистен жабыр тарткан өлкөлөр мамлекеттин экономикалык турмушка кийлигишпеши керек деген доктринанын туура эмес экендигин түшүнүшкөн. Ошондой эле рынок өзүн-өзү жөнгө салат деген түшүнүк туура эмес экендиги аныкталган.

**Кризистен чыгуунун варианттары.** 1930-жж. башында чарбалык жана социалдык чөйрөдө мамлекеттик органдардын жигердүүлүгү арткан. Мамлекеттик-монополисттик капитал өнүккөн. Бирок мамлекеттин кийлигишүүсү тигил же бул өлкөдөгү коомдук мамилелердин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ар түрдүү деңгээлде болгон. Ушундан улам кризистен чыгуу үчүн аракеттердин үч шарттуу варианттарын бөлүп көрсөтүүгө болот. Алардын бири АКШнын ошол кездеги президенти Ф. Рузвельттин *«Жаңы багыт»* деп аталган саясатына байланыштуу. Бул *либералдык-реформатордук багыттагы* чараларды колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылган. Экинчи вариант *социалдык-реформатордук* деп аталып, Скандинавия өлкөлөрүнө жана Францияга мүнөздүү болгон. Кризистен чыгуунун *тоталитардык* багытын пайдалануу Германияда турмушка ашкан.

**XX к. экинчи жарымындагы экономикалык кризистер** 1948–1949, 1953–1954, 1957–1958, 1960–1961, 1969–1970, 1973–1975, 1979–1982, 1990–1991-жж. болуп өткөн. Көпчүлүк өлкөлөрдү каптаган терең жана кеңири масштабдагы кризистер 1974–1975- жана 1980–1982-жж. болгон.

1974–1975-жж. экономикалык кризис масштабы боюнча экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки кризистердин эң ириси. Ал АКШ, Англия жана ГФРда башталып, бир мезгилде бардык өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдү, анын ичинде Японияны, Батыш Европа өлкөлөрүн каптаган. Кризистин ушундай удаалаш жүрүшү согуштан кийинки мезгилде биринчи байкалып, дүйнөлүк экономикалык өнүгүүдөгү жаңы көрүнүш болгон. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин капиталисттик өндүрүштө терең өзгөрүүлөр болгон. Ал өзгөрүүлөр, биринчи кезекте, үчүнчү илимий-техникалык революцияга, өндүрүштүн интернационалдашына, эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн терендешине жана адистештирилишине байланыштуу болуп саналат. Ошондон улам өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн техникалык-экономикалык деңгээлдери бири-бирине окшошуп бир кылка абалда болуп калган. Улуттук экономикалар да бири-бири менен тыгыз алакада болуп, өз ара байланыштар күчөгөн. Ошондуктан эң күчтүү өнүгүп келаткан ГФР, Япония, Италия өлкөлөрү да кризистен сыртта калган эмес. Бул өлкөлөр мындай кризиске биринчи жолу дуушар болушкан.

Дүйнөнүн алдыңкы өлкөсү АКШда кризис өнөр жайдын бардык тармактарын камтыган. Өлкөдө инвестициялык ишмердик менен турак жай курулушу 50% га төмөндөгөн. Өндүрүштүк курулуш тармагындагы төмөндөө андан да жогору болгон. Кризис машина куруу, химиялык, электротехникалык өндүү жаңы тармактарды да камтыган. Бул тармактар 20–30% га төмөндөгөн. АКШда бир гана таш көмүр өндүрүшү кризиске кабылган эмес. Жумушсуздардын саны 1975-ж. 8,5 *млн* адамга жеткен. Кризиске байланыштуу жоготуулар 400 *млрд* долларды түзгөн.

Өндүрүштүн төмөндөшүнөн улам баалардын өсүшү инфляцияга алып келген. Инфляция согуштук өнөр жайга кеткен чыгымдарга байланыштуу күчөгөн. ИТРдин жетишкендиктеринен улам 1950–1980-жж. АКШнын армиясы курал-жарактарын үч-төрт жолу жаңырткан. Бул максат үчүн АКШ 1950-ж. 50 млрд доллар жумшаса, 1970-ж. аягында бул көрсөткүч 150 млрд долларга жеткен. Бул саясаттан улам да инфляция күчөгөн. Монополиялардын бааларды көтөрүп жибериши инфляциянын терендешин шарттаган.

1974–1975-жж. кайталанма кризис отун-энергетикалык жана чийки зат өндүрүүчү тармактарды да кучагына алган. 1950–1972-жж. аралыгында нефти продукцияларын пайдалануу беш эсеге көтөрүлгөн. Натыйжада өнүккөн өлкөлөрдүн нефти өндүргөн мамлекеттерге болгон көз карандылыгы күчөгөн.

Чийки заттарга байланыштуу кризистен улам, алардын баасы көтөрүлгөн. Өндүрүш тармактарына чийки заттар жетишпей калган. 1970–1974-жж. аралыгында чийки заттардын баасы 87% га жогорулаган.

Азык-түлүк кризисинен улам элдин азык-түлүккө болгон талаптары канааттандырылбай, өзгөчө дан азыктарына болгон муктаждыктар күчөгөн. 1972- жана 1974-жж. табигый кургакчылык да буга себеп болгон. Дандын запасы эки эсе азайып, анын баасы 1970-жж. 70–90% га көтөрүлүп кеткен.

**Түзүмдүк кризистер.** Капиталисттик экономиканын түзүмдүк кризистери кайталанма кризистердин жандоочусу болуп калган. Бул кризистер өндүрүш тармактары менен айрым чөйрөлөрдүн ортосундагы диспропорциялардан улам келип чыккан.

Түзүмдүк кризистерге кайталанмалуулук мүнөздүү эмес. Алар көп жылдар бою топтолгон маселелерди чечүү менен жөнгө салынат. Бирок түзүмдүк кризистер кайталанма кризистер менен дал келген учурда экономикалык абал оордоп, көп жылдарга созулуп кетет.

**1980–1982-жж. дүйнөлүк экономикалык кризис.** Үч жылга созулган бул кризис согуштан кийинки мезгилдеги узакка созулган оор кризис болгон. Ал бардык капиталисттик өлкөлөрдү камтыган. Кризис АКШ менен Канадада эки толкун менен өткөн. 1982-ж. АКШнын өндүрүшүнүн төмөндөшү 8,2% га, ал эми Европа экономикалык союзуна (ЕЭС) кирген өлкөлөрдө 1,2% ды түзгөн. 1980–1982-жж. кризисте эки этап айкын көрүнөт. Адегенде ал Улуу Британия менен Францияны, андан кийин АКШны жана башка өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдү камтыган. Биринчи этабында кризис адамдар жеке пайдалануучу продукцияларды чыгарган өндүрүш тармактарын каптаган. Экинчи этабында болсо оор өнөр жайына, өзгөчө кара металлургия өндүрүшүнө сокку урган. Энергетика тармагы да кризиске дуушар болгон.

**Антикризистик мамлекеттик жөнгө салуу.** Согуштан кийинки мезгилде антикризистик мамлекеттик жөнгө салуу механизми жолго коюлган. Бул механизмди бардык өлкөлөр кризисти жоюу жана аны алдын алуу үчүн пайдаланышып, мамлекеттик бюджеттик жана кредиттик-акчалай саясаттын жардамы менен жүргүзүлгөн. Алсак, 1950–1960-жж. сенектик көрүнүштү жоюу үчүн капиталисттик өлкөлөр мамлекеттик чыгымдарды көбөйтүп, салыктарды азайткан. Натыйжада суроо-талаптар өскөн, инвестициялар көбөйгөн, өндүрүш кеңейтилген. Бул негизинен кредиттик-акча саясаты менен бюджеттик-салык саясатынын

жолго коюлушу менен камсыз болгон. 1950–1960-жж. кризис абалында турган өнөр жай тармактары мамлекеттештирилген. Бул мамлекеттик жана жарым мамлекеттик менчиктин өсүшүнө алып келген. Көп каражат согуштук өнөр жай комплекстеринин өнүгүшүнө сарпталган. Социалдык чөйрөнү каржылоого да чоң көңүл бурулган.

Мамлекеттик жөнгө салуунун дагы бир жаңы формасы — экономиканы программалоо жана пландоо. Бул багыт Голландия, Испания, Норвегия, Швеция өлкөлөрүндө жакшы жолго коюлган.

1960–1970-жж. жалпы экономикалык кырдаал кескин өзгөрүлгөн. Саясат өзгөрүп, мамлекеттин керектөөлөрү кыскартылып, мамлекеттик бюджеттин чыгаша бөлүгү көбөйтүлгөн. Ошондой эле кредиттик-акча саясаты жүргүзүлүп, ссудалык пайыздын өлчөмү жогорулатылган. 1970–1980-жж. аралыгында кырдаал кайрадан өзгөрөт. Бул жылдары кризистер кезек менен кайталана баштайт. Жогоруда айтылгандай, 1974–1975-жж. жана 1980–1982-жж. кайталанма кризистер түзүмдүк кризистер менен айкалыша жүргөн. Бул кризистерге өндүрүштүн төмөндөшү, жумушсуздуктун өсүшү, өндүрүштүк кубаттуулуктун толук пайдаланылбашы, баалардын өсүшү да мүнөздүү. Мындай абал *стагрифляция* деген атка конгон. Кризистерди мамлекеттик жөнгө салуу, т. а. салык-бюджет чараларына таянып суроо-талаптарды жогорулатууга багытталган модель өз милдетин аткарып бүттү дегенди түшүндүргөн. Натыйжада мамлекеттик-монополиялык капитализм системасынын алдында өндүрүштү жөнгө салуунун жаңы ыкмаларын табуу милдети турган. Эми экономикада рыноктук мамилелерге көбүрөөк эркиндик берилип, мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүн чектөө сыяктуу либералдык саясат жүргүзүлүүдө.

Жыйынтыктап айтканда, рынок экономикасынын мамлекеттеринде XX к. кризистик абал менен күрөшүүнүн көптөгөн каражаттарын жана ыкмаларын пайдалануу боюнча чоң тажрыйба топтолгон. Бул иште мамлекеттик-монополиялык капитализм өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды. Кризистерге каршы күрөштө топтолгон бай тажрыйбалар рынок экономикасына жаңыдан өтүп жаткан жаш мамлекеттер үчүн чоң сабак болот.

### Суроолор:

**1.** Экономикалык кризис деген эмне?
**2.** 1929–1933-жж. кризистин өзгөчөлүктөрү кандай?
**3.** Мамлекеттик-монополиялык капитализм деген эмне? Мамлекеттик-монополиялык капитализм доорундагы кризистердин өзгөчөлүктөрү кандай?

4. Кризистен чыгуунун кандай үч варианты бар?
5. 1974–1975-жж. экономикалык кризис кандай мүнөздө болгон?
6. Түзүмдүк кризистер деген эмне?
7. Антикризистик мамлекеттик жөнгө салуу деген эмне?

## § 31. Экономиканын интернационалдашы. Үчүнчү илимий-техникалык революция

XX к. экинчи жарымында интеграциянын негизинде *«ачык экономика»* же *«экономиканы интернационалдаштыруу»* феномени пайда болду. Бул биринчи кезекте үчүнчү илимий-техникалык революциянын натыйжасында өлкөлөр арасында эмгекти бөлүштүрүүнүн, продукцияларды жана маалыматтарды алмашуунун ыкчамдашынан улам кеңири кулач жайган.

**Трансулуттук жана мамлекет аралык компаниялар.** XX к. башында эле илимий-техникалык жетишкендиктерге таянып, адистешүүнүн жана кооперациянын принциптери боюнча дүйнөлүк алкакта байланышкан эл аралык ишканалар пайда болгон. Бул бирикмелер *трансулуттук* жана *мамлекет аралык компаниялар* деп аталып, дүйнөлүк чарба жүргүзүү байланышында эң башкы кыймылдаткыч күчкө айланды. Трансулуттук компаниялар чет өлкөлөрдө көп сандаган филиалдарын түзүү менен дүйнөлүк өндүрүштүн кеңири тамыр жайган тармактарын түзүүгө жетишти. Трансулуттук компаниялар экономикалык жана технологиялык мамилелерди эң жогорку деңгээлде өнүктүрүүгө жетишкен. Ошондуктан алардын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик-улуттук чек аралар эч тоскоолдук кыла албайт. Трансулуттук компаниялар кызматташтыктын жаңы формасына — *стратегиялык макулдашуу* ыкмасына өтө баштаган. Бул боюнча жаңы ийгиликтерге жетүү үчүн трансулуттук компаниялардын каржылык жана технологиялык ресурстарын бириктирүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Натыйжада бул компанияга бириккен субъекттердин мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди.

Эл аралык ишканалардын жана бирикмелердин XX к. экинчи жарымында күч алып өнүгүшү, рыноктун, капиталдын, жумушчу күчүнүн кеңейиши маалыматтык рыноктун күчөшүнө («ноу-хау», патенттер, лицензиялар) жана илимий-техникалык (инжиниринг, лизинг) кызматташтыктын өнүгүшүнө алып келди.

**Батыш Европадагы интеграция процесстери.** Акыркы он жылдыктардагы интернационалдашуунун дагы бир формасы улуттук чарбалардын мамлекеттер аралык интеграциясы бо-

луп калды. Мындай байланыштын негизин улуттук чарбалардын натыйжалуулугун көтөрүүгө багытталган кызыкчылыктар түзөт. Бул региондук кызматташтыктын адистештирилишин жана кооперацияланышын күчөтүү, шериктеш мамлекеттердин өндүрүш, соода, акча мамилелери ж. б. чөйрөлөрдөгү байланыштарын өнүктүрүү аркылуу камсыз болууда.

Бүгүнкү күндө эл аралык интеграциянын эң өнүккөн формасы – *Европалык союз* (ЕС). Бул союзду 1957-ж. Бельгия, Италия, Люксембург, Нидерландия, ГФР жана Франция «Жалпы рынок» деген аталыш менен негиздеген. Кийин бул союзга Улуу Британия, Ирландия, Дания, Грекия, Испания менен Португалия, Австрия, Финландия, Швеция кирген. ЕСке кирген өлкөлөр «Төрт эркиндиктин» (товар, капитал, тейлөө жана жумушчу күчү) эркин кыймылын жарыялашкан. Натыйжада бул союзга кирген өлкөлөрдүн ортосунда ушул «Төрт эркиндиктин» бирдиктүү рыноктору түзүлгөн. Ал 1993-ж. бери «Жалпы рынок», «Европалык союз» деп аталып калды.

Кыска мөөнөттүн ичинде эле ЕС дүйнөлүк чарбанын эң башкы экономикалык борбору болуп калды. Бүгүнкү күндө бул союздун үлүшүнө рыноктук мамлекеттердин товар жүгүртүүсүнүн үчтөн бири туура келет. Бул өлкөлөрдүн бириккен экспорту АКШдан 3,6 эсе, Япониядан 3,8 эсе көптүк кылат. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү боюнча да ЕС АКШдан ашып кеткен. Азыркы учурда бул союзга дүйнөлүк валюталык резервдердин тең жарымы тийиштүү.

Жалпы рынок өлкөлөрүнүн тез өсүшүнө европалык өлкөлөрдүн АКШ менен Япониянын «технологиялык артта калган четжакасы» болуп калуу коркунучу да түрткү болгон. Ошондуктан бул өлкөлөр өздөрүндөгү илимий-техникалык жетишкендиктерин биргелешип өндүрүшкө киргизүү максатын көздөшөт. Мисалы, «Эврика» деген программа аркылуу Европа өлкөлөрү микропроцессордук колдонмолорду, «Евроком» программасы менен байланыш тармактарын, «Евробио» аттуу программасынын жардамы менен биотехнологияны, «Евромат» программасын колдонуп жаңы материалдарды иштеп чыгуу процесстерин жакшыртышкан.

Европадагы интеграциялык процесстер мурдагыдан да өстү. 1993-жылдын 1-январынан баштап бул өлкөлөрдүн ичинде бирдиктүү ички рынок иштейт. ЕЭС өлкөлөрүнүн арасында товардын, капиталдын, жумушчу күчтөрдүн кыймылында эч кандай тоскоолдуктар жок. Бул өлкөлөрдө продукциялардын көпчүлүгүнө бирдиктүү стандарт киргизилген 1993-ж. 1-ноя-

брынан баштап ЕЭСтин 12 мамлекети кол койгон *Маастрихт келишими* күчүнө кирген. Буга байланыштуу 90-жж. аягында ЕЭС бирдиктүү валюталык, экономикалык жана саясий союзга айланып, анда бирдиктүү тышкы саясат, бирдиктүү жарандык, бирдиктүү валюта киргизүү максаты коюлган.

Маастрихт келишими Европадагы интеграциянын 40 жылдык тарыхындагы эң чоң саясий жана укуктук көрүнүш катары бул союздун өнүгүшүнө жаңы этапты ачып берди. ЕЭСке Европа мамлекеттери гана мүчө боло алат. Бирок алар, биринчиден, демократиялык жолго түшүп, адам укуктарын сакташы жана коргошу керек. Экинчиден, аларда рынок мамилелери иштеши зарыл. Үчүнчүдөн, алар шериктештиктин бирдиктүү тышкы саясатын колдоого, коопсуздугун сактоого милдеттүү. ЕЭС өлкөлөрүнүн Европанын башка өлкөлөрү менен интеграциясы 1960-ж. түзүлгөн *Эркин соода жүргүзүүнүн европалык ассоциациясы* аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул уюмга мүчө өлкөлөр ЕЭСтин курамына кириши толук ыктымал.

**Европалык Союз жана Чыгыш Европа өлкөлөрү.** 1990-жж. башынан бери бул шериктештик Чыгыш Европанын мурдагы социалисттик өлкөлөрүнө карата мамилелерин өзгөрттү. 1991-ж. ал Польша, Венгрия жана Чехословакия менен, ал эми 1992-ж. Болгария, Румыния менен келишим түзгөн. Бул келишимде өнөр жай товарларын соодалоо үчүн эркин зоналарды түзүү; тейлөө, капиталды жүгүртүү багытындагы чектөөлөрдү алып салуу; бир аз чектөөлөр менен жарандардын эркин которулушуна жол берүү каралган. Саясий жана маданий чөйрөдөгү кызматташтык кеңейтилип, Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн Европалык союздун мыйзамдарынын алкагына кирүү укуктары да аныкталган. Макулдашууларды 2001–2003-жж. чегинде ишке ашыруу жагы да белгиленген.

**Түндүк Америка өлкөлөрүндөгү интеграциялык процесстер.** 1980-жж. интеграция процесси Түндүк Американын АКШ, Канада жана Мексика өлкөлөрүндө жүрө баштаган. 1989-ж. АКШ Канада менен эркин соода жүргүзүү аймагы жөнүндө келишим түзгөн. Бул эки өлкөнүн ортосундагы интеграциянын башталышы эле. Ал эми кийинки 1990-ж. АКШнын президенти Ж. Буш батыш европалык альянстын күч алышына жооп иретинде Аляскадан Оттуу жерге чейин эркин соода аймагын түзүү жөнүндөгү доктрина менен чыккан. 1991-ж. АКШ менен Канаданын келишимине Мексика кошулган. Үч жактуу келишимде 2010-ж. чейин бардык бажы салыктарын, товарларды жүгүртүү жана тейлөө тармактарындагы тоскоолдуктарды

жоюу, Мексикада түндүк америкалык капиталдык салымдардын иштешине ыңгайлуу шарттарды түзүү каралган. Андан тышкары, келишим боюнча Мексикада америкалык жана канадалык банктардын иштеши жеңилдетилген. Интеллектуалдык менчиктин укуктары такталып, үч жактуу арбитраждык комиссиялар түзүлгөн.

**Азия-Тынч океан регионундагы интеграциялык процесстер.** 1980-жж. Тынч океан регионунда интеграциялык процесстер жүргөн. Анын борбору жана демилгечиси Япония болгон. 1989-ж. Азия-Тынч океан мамлекеттеринин экономикалык кызматташтык уюму түзүлгөн. Ал уюмга Бруней, Индонезия, Малайзия, Сингапур жана Филиппин, Австралия, Гонконг, Кытай жана Жаңы Зеландия, бардыгы 11 мамлекет кирген. Бул альянстын максаты деле адегенде эркин соода жүргүзүүгө жетиштүү, андан кийин интеграцияны башка чөйрөлөргө жайылтуу болгон. Бул программа 15 жылга эсептелген.

Интеграция кыймылы дүйнөнүн бардык өнүккөн жана орточо абалдагы, жаңыдан өнүгүп келаткан мамлекеттерди да өзүнө тарткан. Алардын биригишине, баарынан мурда, чийки зат, тамак-аш, энергетика, жумушчу күчтөрүнүн рыногундагы кызыкчылыктарын коргоо түрткү болгон. Ага Индия башында турган нефтини жана темир кендерин экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму, Заир, Замбия, Перу, Чили өлкөлөрү кирген жезди экспорттоочулардын уюму ж.б. көбө.

**Башка региондордогу интеграция.** Өз ара жардамдашуу боюнча эл аралык банктар Латын Америкасынын, Түштүк-Чыгыш Азия жана Африка өлкөлөрүн түрдүү топторунда пайда болгон. Бирок жогоруда мүнөздөлгөн интеграцияланган үч зор гиганттарга салыштырмалуу бул уюмдар туруксуз жана натыйжасы төмөн болгон.

Тилекке каршы, дүйнөлүк интеграциялык процесс КМШ мамлекеттеринде начар жүрүүдө. 70 жылдан ашуун убакыт СССРдин курамында болгон субъекттердин ортосундагы байланыштар чырмалышып өнүгүп келген. СССР тараган соң бул өлкөлөр КМШга бириккени менен, алардын тыгыз байланыш түзүп, биргелешип өнүгүү жөнүндөгү максаттары азырынча декларация боюнча калууда. Мунун себептери көп. Бул өлкөлөрдүн ички турмушундагы, тышкы саясатындагы, идеологияларындагы пикир келишпестиктер да арбын.

**Үчүнчү илимий-техникалык революциянын этаптары.** XX к. экинчи жарымынан баштап дүйнө өлкөлөрүнүн эл чарбасынын өнүгүшүнө үчүнчү *Илимий-техникалык революция* (ИТР)

өзгөчө таасирин тийгизген. Үчүнчү ИТРдин өнүгүшүнө экинчи дүйнөлүк согуш түрткү болгон десек да болот. Анткени анын жүрүшүндө согушуп жаткан өлкөлөр курал-жарактын, аскердик техниканын эң жаңы түрлөрүн түзүү боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшашкан. Натыйжада атом бомбасы, реактивдүү самолёт, реактивдүү миномёт, тактикалык ракеталар ж.б. чыгарылган. Мындай курал-жарактарды, техникаларды чыгаруу үчүн көптөгөн өтө жашыруун аскердик институттар, конструктордук бюролор күндүр-түндүр иштешкен. Ал жаңы ачылыштар дароо өндүрүшкө киргизилип турган. Бул үчүнчү ИТРдин багыттарын аныктаган.

Үчүнчү ИТРдин өнүгүү өбөлгөлөрү XX к. биринчи жарымындагы илимий ачылыштар менен шартталган. Анткени, ошол мезгилде эле ядролук физика жана кванттык механика, кибернетика, микробиологияда, биохимияда ж.б. эң ири ачылыштар болгон. Негизгиси, өндүрүш жогорку технологиялары менен илимдин жетишкендиктери тез арада максаттуу пайдаланыла турган деңгээлге жетип калган. Ошентип илим тикеден-тике өндүргүч күчкө айланган. Бул үчүнчү ИТРдин эң негизги өзгөчөлүгү болгон.

Заманбап ИТРге бардык тармактарды бирдей камтуу мүнөздүү. Тактап айтканда, ал азыр бир гана экономиканы эмес, саясатты, идеологияны, руханий маданиятты, ал тургай, адамдардын психологиясын да камтыйт. Үчүнчү ИТР өзүнүн өнүгүшүндө **эки этапты** басып өттү. *Биринчиси* 1940–1960-жж. болуп өтсө, *экинчиси* 1970-жж. башталып азыркы күндөрдө да уланууда. ИТРдин өнүгүшүн мындай баскычтарга бөлүү дүйнөнү түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жөндөмдүү кубулуштун маңызын жана мүнөзүн ар тараптуу изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. ИТРдин бул эки баскычынын ортосундагы чек катары электрондук эсептөөчү машиналардын (ЭЭМ) төртүнчү муунунун иштелип чыгып, өндүрүшкө киргизилиши эсептелет. Ошентип өндүрүш толук автоматташтырылып, экономиканын бардык тармактарында жаңы технологиялык абалга өтүү процесси башталган.

**ИТРдин жетишкендиктери.**

*I этапта төмөндөгүдөй ачылыштар болгон:*

1940-ж. – телекөрсөтүү, транзистор, компьютер, радар, ракета, атом бомбасы, синтетикалык жиптер, пенициллин;

1950-ж. – водороддук бомба, Жердин жасалма жандоочусу, реактивдүү жүргүнчүлүк самолёт, ядролук реактордун базасында электр энергетикалык кыймылдаткыч, эсептөөчү программа менен иштеген станок;

1960-ж. – лазер, интегралдык схема, спутник байланыштары, өтө тез жүрүүчү экспресс ж.б.

*II этаптагы ири ачылыштар:*

1970-ж. – маалыматты булалык-оптикалык жол менен берүү, өнөр жай роботу, биотехнология;

1980-ж. – өзгөчө чоң жана көлөмдүү интегралдык схемалар, өтө бекем керамика, компьютерлердин бешинчи мууну, термоядролук синтез.

Илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшүнүн жана анын жетишкендиктеринин өндүрүшкө киргизилишинин өбөлгөсү улуттук корпорациялардын ички жана тышкы конкуренцияларда өндүрүштүн пайдалуу, туруктуу өнүгүшүн камсыз кылууга жасаган аракеттери болгон. ИТРдин өнүгүшүнө АКШ менен СССРдин узак жылдар бою тирешип турушу түрткү болгон. Натыйжада континенттик бомбалоочулар, континент аралык жана орто аралыкка атылуучу ракеталар пайда болуп, согуш ишинде революция жүргөн. Ушул ийгиликтердин баары СССРдин 1957-ж. октябрда Жердин биринчи жасалма жандоочусун учурууга жана 1961-ж. апрелде Ю. А. Гагариндин космоско жол салышына негиз болгон. ИТРдин алгачкы натыйжалары негизинен согуштук чөйрөдө пайдаланылган.

Капиталисттик өлкөлөрдөн айырмаланып, СССРдеги ИТР борбордоштурулган экономиканын негизинде өнүккөн. Согуштук өнөр жайды өркүндөтүүгө өтө чоң каражаттар жумшалган. Бул социалисттик экономикалык башка тармактарынын өнүгүшүнө, элдин турмуш деңгээлинин жакшырышына кедергисин тийгизген.

Рынок экономикасына негизделген капиталисттик өлкөлөрдө ИТРдин жетишкендиктери башка тармактарга да кеңири жайылтылган. Эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогорулап, натыйжада өндүрүштүн кирешелүүлүгү өскөн. Аларда ИТР биринчи кезекте согуштук эмес рыноктун талаптары боюнча өнүккөн. Мисалы, АКШда 1950-ж. болгону 10 гана электрондук эсептөөчү машина болсо, 1970-ж. 56 миңге жеткен. Булардын негизинде программа менен иштөөчү өндүрүмдүүлүгү жогору станоктор, автоматташтырылган комплекстүү системалар, өнөр жай роботтору жасалган. 1960-ж. өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө пластмассаларды өндүрүү 4,5 эсеге, синтетикалык булаларды чыгаруу 6,5 эсеге өскөн ж.б.

**ИТРдин натыйжалары.** Илимий-техникалык революциянын натыйжасында капиталисттик коомдун социалдык түзүмү олуттуу өзгөргөн. Шаар калкы кескин түрдө көбөйгөн тейлөө

жана соода тармагында эмгектенгендердин саны өскөн. Эгерде 1950-ж. капиталисттик өлкөлөрдө бул тармакта эмгектенгендер 33%ды түзсө, 1970-ж. 44%га жеткен. Бул өнөр жай жана соода тармагында иштегендерден көптүк кылган. Жумушчулардын квалификациясы, билим деңгээли жогорулаган. Алардын эмгек акылары көбөйүп, жашоо деңгээли жакшырган.

Микропроцессорлорду жана электрондук-информациялык техниканы ойлоп табуу, биотехнология жана ген инженериясы жаатындагы ийгиликтер ИТРдин экинчи этабын ачкан. Бул мезгилде өндүргүч күчтөр өркүндөп, «жогорку технология коому» доору башталган. Микропроцессорлорду пайдалануунун негизинде өндүрүштү комплекстүү автоматташтыруу башталган. Бир эле мезгилде автоматташтыруу жана маалыматташтыруу чарбанын башка чөйрөлөрүнө – башкарууга, каржылык, конструктордук ж.б. иштерге тарай баштаган. Маалыматтык технология өнөр жайдын атайын тармагына, илим-билимдердин эң күчтүү индустриясына айланган.

Бирок ИТРдик ийгиликтер менен бирге терс жагдайлар да арбын. Эски тармактарга жаңы технологиялардын киргизилиши жумушсуздукту күчөттү. Эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн натыйжасында өндүргүч күчтөрдүн бир өлкөдөн экинчи өлкөгө агылып турушу, татаал конкуренция шартында өндүрүштүн өтө үнөмчүл болушу да жумушсуздуктун өсүшүнө себеп болууда.

Жыйынтыктап айтканда, үчүнчү ИТР мурдагы илимий-техникалык революциялар сыяктуу эле, материалдык өндүрүштү гана сапаттуу өзгөртпөстөн, коомдук мамилелерди да өзгөртүп, коомдун руханий чөйрөсүнө да зор таасирин тийгизди.

**Постиндустриялык цивилизацияга өтүү.** Батыштын окумуштуулары XX к. экинчи жарымындагы ИТРдин натыйжаларын анализдеп отуруп «жаңы индустриялык» жана «постиндустриялык коом» теорияларын иштеп чыгышкан. Тилекке каршы, советтик теоретиктердин көпчүлүгү Р. Арондун, Д. Беллдин, Ж. Гелбрейттин, У. Ростоунун, Е. Жактын, Ж. Фурастьенин, П. Драккердин концепцияларын объективдүү жана субъективдүү себептер боюнча сынга алышкан.

ИТР жалпы мүнөзгө ээ болгону менен СССРде жана социалисттик өлкөлөрдүн шериктештигинде ал чектелген түрдө, негизинен аскердик чөйрөдө өнүккөн. Бул социалдык-экономикалык мамилелерге, коомдун руханий чөйрөсүнө анчейин деле таасир бере алган эмес. Илим изилдөө иштеринин ашкере идеологияланышы, партиялык көзөмөлдүн күчтүүлүгү ИТРдин өнүгүшүнө тоскоол болгон. Коомдук илимдер ИТРдин капи-

талисттик өлкөлөрдөгү жетишкендиктерин жаап-жашырып, социалисттик өлкөлөрдүн болор-болбос ийгиликтерин көбүртүп-жабыртып мактоого милдеттүү болгон. Бирок 80–90-жж. коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр ИТРдин жашоодогу орду жөнүндө объективдүү жыйынтыктарды чыгарууга жол ачты. КМШ өлкөлөрүндө да «постиндустриялык коом» жана «жаңы индустриялык коом» концепцияларын жактагандар көбөйүүдө.

Чыгармачыл ишмердүүлүктүн өнүгүшү менен, өз учурунда К. Маркс айткандай, өндүрүштүн коомдук мүнөзү менен анын натыйжаларын жекече ыйгарып алуунун ортосундагы социалдык карама-каршылыктар жоюла баштады. Заманбап жумушчу машинанын гана бир бөлүгү болбостон, чыгармачыл түзүүчүгө айланууда. Буга алардын жалпы билим деңгээлинин, квалификациясынын, адистигинин жогорулашы күбө.

Жыйынтыктап айтканда, постиндустриялык коомдун алкагында заманбап цивилизациянын көптөгөн проблемалары чечиле баштады. Постиндустриялык концепция цивилизациянын андан ары карай өнүгүшүнө багыт берүүдө.

Суроолор:

1. Экономикалык интеграция деген эмне экен?
2. Трансулуттук компаниялар деген эмне?
3. «Жалпы рынок», «Европалык Союз» уюмдарынын айырмасы барбы?
4. Түндүк Америкадагы интеграция кандайча өнүккөн?
5. КМШ өлкөлөрүнүн интеграцияланышынын келечеги барбы?
6 ИТР деген эмне? Үчүнчү ИТРдин өзгөчөлүктөрү кайсылар?
7. Постиндустриялык цивилизация деген эмне?

## § 32. Капитализмдин үч борбору. Азыркы мезгилдин глобалдуу проблемалары

Интеграция дүйнөлүк өнүгүүнүн негизги тенденциясы катары дүйнөлүк чарбанын үч борбору — АКШ, Батыш Европа жана Япониянын ортосундагы конкуренциялык күрөштү да күчөткөн. Капитализмдин бул үч борбору XX к. экинчи жарымында калыптанып бүткөн. Үч борбордун өздөрүнүн таасиринин алкагын кеңейтүүгө жасаган аракеттеринин, өз ара тирешүүсүнүн натыйжасында бул борборлордун жалпы абалы да уламдан-улам жаңы бийиктиктерге көтөрүлүүдө.

**АКШ.** Рынок жана өзүнүн таасир этүү чөйрөлөрүн кеңейтүү үчүн күрөштө ар бир борбор дүйнөлүк чарбадагы өздөрүнүн ийгиликтерине таянат. Алсак, АКШнын өндүрүштүк жана илимий-техникалык эң күчтүү мүмкүнчүлүктөрү, күчтүү өнүккөн

ички рыногу бар, табигый ресурстарга бай. Бул өлкө геосаясий мейкиндикте да өтө ыңгайлуу абалда жайгашкан. АКШнын чет өлкөлөрдө эң чоң көлөмдөгү капиталдык салымдары бар. Андан тышкары, бул өлкөнүн чет мамлекеттерде үзүрлүү иштеген мамлекеттер аралык ири компаниялары бар. Алардын базасында АКШнын «экинчи экономикасы» да дүркүрөп өнүгүүдө. Аскердик күчү боюнча алганда да бул өлкөгө дүйнөнүн эч бир өлкөсү тең келе албай калды.

**Батыш Европа.** Бул борбор көбүнчө ички региондук байланыштарды пайдаланат. Бул альянска кирген өлкөлөр ич ара бирин-бири толуктаган факторлору, өндүрүштү жана капиталды интернационалдаштырууда алдыда жүрүшү менен айырмаланып турат. Андан тышкары, Батыш Европа өлкөлөрү өздөрүнүн Африкадагы, Жер Ортолук деңизинин, Тынч океандын, Кариб бассейнинин алкактарындагы мурдагы колониялары менен болгон байланыштарды да билгичтик менен пайдаланышат.

**Япония.** Капитализмдин үчүнчү борбору — Япониянын өзүнүн атаандаштарындай бай факторлору жок. Бул өлкө адегенде дүйнөлүк алдыңкы технологияларды натыйжалуу пайдаланууга басым жасаган. Кийинки мезгилде болсо ал өзүнүн жаңы технологиялык процесстерин кеңири колдонууга өттү. Жер байлыгынын аздыгына байланыштуу Япония сырттан келген ресурстарды өтө үнөмдүү пайдаланат. Бул өлкөдө калдыксыз же өтө аз калдык чыгарган технология кеңири пайдаланылат. Экономиканы өнүктүрүүдө эң акыркы талаптарга ылайык тез ыңгайланышууга, өндүрүштү илимий негизде уюштурууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга ж. б. өзгөчө көңүл бурулат.

**Капитализмдин дүйнөлүк үч борборунун карым-катнаш динамикасы.** 1960-ж. чейин АКШ экономикалык, каржылык жана технологиялык жактан берки эки борбордон алдыда турган. Ал эми 1950–1980-жж. анын жеке үстөмдүгү бир катар позициялар боюнча солгундай баштаган. Мисалы, өндүрүштүн жалпы көлөмү боюнча Япония экинчи орунга чыкты. Экспорттук көлөмү боюнча Япония азыр АКШ менен тең тайлаша алат. Азыр АКШ эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн абалы, фундаменталдык илим изилдөөнүн деңгээли боюнча Япония менен Батыш Европадан улам көбүрөөк артта калууда. Ал тургай, Япония капиталды экспорттоо боюнча АКШга кадимкидей кысым көрсөтө баштады.

Капитализмдин дүйнөлүк үч борборунун ортосундагы позициялардын өзгөрүлүшү, биринчи кезекте, азыркы кездеги экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнө, дүйнөлүк рыноктогу

конкуренцияга байланыштуу. Азыркы учурда бир дагы борбор же мамлекет XVII, XIX кк. Англия сыяктуу бардык позициялар боюнча толук үстөмдүк кыла албайт. Эмгек эл аралык деңгээлде бөлүштүрүлгөн азыркы доордо борборлор дүйнөлүк экономиканын тигил же бул тармагында гана алдыга озуп, башка тармагы боюнча артта калышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

**Азыркы доордун глобалдуу проблемалары.** XX к. экинчи жарымында заманбап цивилизация коомдук турмуштун илим, техника, маданият өңдүү ар түрдүү чөйрөлөрүндө өтө жогорку бийиктиктерге көтөрүлгөнү менен, бир катар татаал проблемаларга кабылды. Бул проблемалар өзүнүн мүнөзү боюнча буга чейинки проблемалардан айырмаланып, эч качан чечилбестей сыяктуу.

«Глобалдуу проблемалар» деген термин 1960-жж. колдонула баштады. Бул француздун «глобал» — *жалпы,* латындын «глобус» — *жер шары* деген сөздөрүнөн алынган. Бул проблемаларды «планеталык», «жалпы планеталык», «жалпы адамзаттык», «дүйнөлүк», «глобалдуу өнүгүүнүн маселелери» деген терминдер менен да белгилешет. Бул проблемаларга согуштук-саясий, ресурстук-экономикалык, демографиялык, дүйнөлүк чарба проблемалары кирет. Андан тышкары, орчундуу маселелер саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият тармактарындагы кризистен, кылмыштуулуктун өсүшүнөн улам да пайда болот.

Дүйнөлүк цивилизациянын келечегин изилдеген окумуштуу-футурологдордун бир бөлүгү глобалдуу проблемалардын айрымдары чечилбей күчөп отуруп, заманбап цивилизациянын кыйрашына алып келет деген божомолду айтышат. Алар өз ойлорун дүйнөлүк цивилизациялардын буга чейин да жиксиз жок болгондугу тууралуу тарыхый фактылар аркылуу далилдөөгө аракет кылышат.

Заманбап цивилизациянын жаратылышы жөнүндө оптимисттик көз караштар да арбын. Алар боюнча, азыркы цивилизациянын глобалдуу кризиси мурдагы доорлордогудай чектелген гана аймакты эмес, бүтүндөй планетаны камтыйт. Ошондуктан глобалдуу кризистерден заманбап маданияттын бир гана бөлүгү кыйрабастан, адамзат коому бүт бойдон кыйрап калуу коркунучун туудурат. Бул кризистер капиталисттик же социалисттик деп аталган системалардын бирөөнү эле талкалабастан, бүтүндөй адамзатты жок кылышы мүмкүн. Ошондуктан бул проблемаларды жоюу үчүн бүт өлкөлөр, жер жүзүндө жашаган адамдардын баары болгон күч-аракеттерин бириктириши зарыл. Ошондо гана глобалдуу проблемалардын

коркунучтуу кесепеттери токтолуп, цивилизация сакталып калат деген оптимисттик ишенич басымдуулук кылат. Ошондон улам дүйнөнүн ар кайсы мамлекетинде жашаган, ар кандай көз караштагы, ар түрдүү ишенимдеги адамдар глобалдуу проблемалар бир мамлекеттин, бир нече шериктеш өлкөлөрдүн, ал тургай, континенттердин аракети менен чечилбей тургандыгын жакшы түшүнүшү зарыл. Анткени глобалдуу проблемалар бири-бири менен өтө тыгыз жана терең байланышта болуп саналат. Мисалы, начар өнүккөн өлкөлөрдүн чийки зат өндүрүү менен гана алек болушу анда жашаган элдердин жакырданышын, экономикалык жана саясий туруксуздукту жаратып, согуштук тирешүүлөргө алып келүүдө. Мунун натыйжасында адамдарды массалык кыргынга учуратуучу каражаттарды пайдалана турган согуштун чыгып кетиши ыктымал.

**Термоядролук согуш коркунучу.** Глобалдуу проблемалардын ичинен эң маанилүүсү — дүйнөлүк термоядролук согушту болтурбоо. Акыркы чейрек кылымда дүйнөдө блоктук, согуштук-саясий тирешүү глобалдык кризистин маанилүү фактору болуп саналат. Өлкөлөр аралык тирешүү дүйнөдөгү интеграциялык тенденцияны кармап, глобалдык кризистик абалдан чыгууга тоскоолдук кылууда. Эл аралык пикир келишпестик, карама-каршылыктар, ыксыз тирешүүлөр ачарчылыкты жоё, экологиялык программаларды ишке ашыра турган каражаттарды максаттуу пайдаланууга кедергисин тийгизүүдө. Ошондой эле тирешүүнүн кесепетинен күч алган жарыша куралданууну натыйжасында пайда болгон курал-жарактардын арсеналы адамзатты тукум курут кылууга жөндөмдүү деңгээлге жетип, ал тургай, ашып да кетти. Табигый кырсыктардан, чоң катаклизмден улам бул арсенал өзүнөн өзү тутанып кетүү коркунучунда турат. Буга Украинадагы Чернобыль трагедиясы айкын күбө. Азыркы учурда дүйнө эли согуштук-саясий тирешүүнүн зыяндуулугун түшүнүп, ага каршы кыймылдар да күчөдү. Бирок дүйнөдөгү өлкөлөрдүн тирешүүлөрү, согуштук жаңжалдар токтобой келүүдө.

**Жер шарынын байлыктарынын азайышы жана экология.** Глобалдуу кризистердин дагы бири — планетанын кен байлыктарынын азайышы. XX к. аягында адамзат энергетикалык, азык-түлүк кризистерине дуушар болду. Бул кризистер экологиялык жана демографиялык проблемалар менен коштолуп, мурдагыдан да күчөп кетти. Дүйнөдө ресурстук жана экономикалык кыйроо коркунучун сезип, аны алдын алуу үчүн күрөшүп жаткан күчтөр жок эмес.

Илимий чөйрө, коомчулук айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын үнөмдүү пайдалануу боюнча ар түрдүү мыйзамдардын кабыл алынышына жетишүүдө. Бирок бул жол маселени чече албайт. Глобалдуу маселени чечүү үчүн адамдар жүрүм-турумдун жаңыча өтүшү, жаңы багытта ой жүгүртүүсү, аң-сезимде революциянын жүрүшү зарыл.

**Демографиялык фактор.** Глобалдуу кризистин бул фактору дүйнөнүн жаңыдан өнүгүп келаткан мамлекеттерине көбүрөөк таандык. Колониялык тартиптен кутулган отуз-кырк жылдан бери бул өлкөлөрдүн элдери жакырчылыкка, ачарчылыкка жана ар кандай эпидемияларга көбүрөөк кабылды. Үчүнчү дүйнөнүн өлкөлөрүнүн зээнди кейиткен абалга келиши, мында жашаган адамдардын өнүгүшүндөгү тарыхый өзгөчөлүктөргө эмес, көбүнчө бул өлкөлөрдө адам санынын тез көбөйүп баратышына да байланыштуу. Алсак, акыркы отуз жылда экономикасы күчтүү өнүккөн 39 өлкөнүн калкы 43%га гана өскөн. Ал эми өнүгүп келе жаткан 170 мамлекеттин калкы 2,2 эсеге көбөйгөн.

Демограф окумуштуулардын болжолдоосу боюнча, өнүккөн өлкөлөрдүн калкы бир калыпта кармалып, ал тургай, төмөндөп кетиши да мүмкүн, ал эми үчүнчү дүйнөнүн калкынын саны улам барган сайын көбөйүүнүн гана үстүндө болот. Бул көрүнүш жаңыдан өнүгүп келаткан мамлекеттердин абалын оордотуп, жакырчылык менен ачарчылыкты күчөтө берет. Ошондой эле үчүнчү дүйнө өлкөлөрүндөгү коомдук-саясий абал көпчүлүк учурларда өтө туруксуз. Бул өлкөлөрдүн маселелерин чечпей туруп, глобалдуу маселелерди ийгиликтүү чечүүгө болбойт.

Үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнүн маселелерин чечүүдө көбүнчө батыш өлкөлөрүнүн тажрыйбалары колдонулуп келүүдө. Чынында эле бир катар жаш өлкөлөр рынок мамилелерине, демократиялык кайра курууларга өтүшүп, натыйжада өздөрүнүн абалдарын бир кыйла оңдой алышты. Бирок, адамзат XX к. кабылган глобалдуу маселелердин көбү дал ошол батыштагы техногендик өлкөлөр жараткан цивилизациядан, ошол өлкөлөрдүн дүйнө түшүнүктөрүнөн, көз караштарынан, жаратылышка, экологияга карата жырткычтык менен мамиле жасашынан улам пайда болгондугун да унутууга болбойт. Ошондуктан, биринчи кезекте, согуштук максат, үстөмдүк кылуу, пайда табуу максаты үчүн өнүгүп келген ИТРдин зыяндуу кесепеттерин жоюу да азыркы доордун өтө маанилүү глобалдуу проблемасы болуп калды.

Жыйынтыктап айтканда, Дүйнөлүк экинчи согуштан кийинки мезгилде экономиканын өнүгүшүндө өндүрүштүн интернационалдаштырылышы мүнөздүү болуп калды. Бул жеке

чарбалардын эл аралык монополияларга, ал эми мамлекеттик чарбалардын дүйнөлүк интеграциялык процесстерге жигердүү өтүшүнөн ачык көрүндү.

Заманбап цивилизация коомдук турмуштун түрдүү тармактарында, илимде, техникада, маданиятта мурда болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишти. Ошол эле учурда адамзаттын келечегине чоң коркунуч келтирген глобалдуу кризистерге дуушар болууда. Бул абалдан чыгуу үчүн дүйнө эли социалдык турмуштун жаңы формаларына, жалпы адамзаттык цивилизацияга өтүшү зарыл.

**Суроолор:**

1. Экономиканын интернационалдашы деген эмне?
2. Капитализмдин үч борборуна кайсы өлкөлөр кирет?
3. Глобалдуу проблемалар деген эмне?
4. Термоядролук согуштун коркунучу барбы?
5. Экологиялык кризис эмнеден көрүнөт?
6. Демографиялык проблеманы кандайча түшүнөсүңөр?

## § 33. Соңку мезгилдеги эл аралык мамилелер

**«Кансыз согуштун» бүтүшү.** 1985-ж. бийликке М. С. Горбачёвдун келиши менен СССРдин тышкы иштеринин багыты да түп-тамырынан бери өзгөргөн. Өлкөнүн жаңы жетекчилиги адегенде стратегиялык союздаштар менен мамиленин мүнөзүн өзгөртүүгө аракет жасады. 1985-ж. октябрда СЭВдин ишмердүүлүгүндө тең укуктуулукту камсыз кылып, бюрократизмди жоюу керек экендиги жөнүндө маселени көтөргөн. 1986-ж. КПССтин XXVII съездинде М. С. Горбачёв *«Жаңыча саясий ой жүгүртүү»* идеясын көтөрүп, адамзатты, цивилизацияны сактап калуу азыркы доордун эң башкы максаты экендигин баса белгилеп, бардык өлкөлөрдү ушул багытта иш жүргүзүүгө чакырган. Ошондой эле социалисттик жана капиталисттик системалардын ортосундагы карама-каршылыктарды жаңы принциптердин негизинде жакшыртуу зарыл экендигин баса белгилеген.

1986-ж. 7-апрелде СССР Европада орто аралыкка атылуучу ракеталарды жайылтууга мораторий жарыялаган. 6-августта ядролук куралдарды мындан ары сынабай тургандыгын билдирген. Женевадагы советтик-америкалык сүйлөшүүлөр кайра жанданып, анда стратегиялык чабуул коюучу куралдарды 50%га кыскартуу маселеси чечилген. Эки өлкөнүн ортосунда экономикалык жана маданий байланыштар боюнча бир катар келишимдерге кол коюлган.

1986-ж. башында Совет өкмөтү куралсыздануу боюнча дагы жаңы демилге менен чыгып, ядролук куралдарды акырындап жок кылуу программасын сунуштады. Биринчи баскычта, 2000-жылга чейин СССР менен АКШнын атканда бири-биринин аймагына жете турган ядролук куралдарды эки эсеге кыскартуу маселеси көтөрүлдү. Бул демилгени колдоого башка ядролук дөөлөттөр да чакырылды. Ядролук куралдарды кыскартуу ишин эки, үч жолу текшерүү үчүн инспекцияларды түзүү, иштин так жүрүшүн жеринде текшерүү зарылдыгы да баса белгиленди. Бул маселе 1986-ж. октябрда Горбачёв менен Рейгандын Рейкьявиктеги жолугушуусунда талкууланган. Бирок АКШ СССРдин ядролук куралдарды 50%га кыскартуу жөнүндөгү сунушуна даяр эмес экендиктерин билдирип, макулдашуу үзгүлтүккө учураган.

М. С. Горбачёвдун демилгеси менен көтөрүлгөн куралсыздануу жөнүндөгү идея дүйнөнүн коомчулугу, өзгөчө Европа өлкөлөрү тарабынан жогору бааланган. СССРдин бул багыттагы реалдуу кадамдары «кансыз согушту» токтотууга өбөлгө болгон. СССРдин жаңы жетекчилигинин куралсыздануу жөнүндөгү багытын өзгөртпөө үчүн АКШнын жетекчилиги да бул маселеде ийкемдүү болууга аракеттенген. 1987-ж. декабрда Вашингтондо «Орто жана жакынкы аралыкка атылуучу ракеталарды жок кылуу жөнүндөгү келишимге» кол коюлган. Бул келишим боюнча үч жыл ичинде эки өлкөнүн ядролук куралдарынын 4%ын түзгөн 1596 ракетаны жок кылуу макулдашылган.

1988-ж. апрелде Женевада сүйлөшүүлөр жүрүп, СССР өкмөтү Афганстандан аскерлерин акырындык менен алып чыгып кетүүгө макул болгон. Бул келишимге ылайык, СССР өз аскерлерин 1989-ж. 15-февралына чейин Афганстандан чыгарып кеткен. Бул окуя советтик-америкалык мамилелердин жакшырышына өбөлгө болгон.

1988-ж. 29-майда – 2-июнда Москвада СССР менен АКШнын ортосунда «Кансыз согушту» аяктоо боюнча бир катар келишимдерге кол коюлган. Эки өлкөнүн стратегиялык ядролук куралдарын кыскартуу боюнча иш-чаралар белгиленген. Кыскартыла турган ядролук куралдардын саны мөөнөтүнө чейин такталган.

1988-ж. 7-декабрда М. С. Горбачёв БУУнун Генералдык Ассамблеясында сүйлөп, эл аралык маселелерди чечүүдө күч колдонбоо, дүйнө элдерине адамзат дөөлөттөрүн, коопсуздукту сактоо менен социалдык прогресстин түрдүү жолдору боюнча эркин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн берүү зарылчылыгы жөнүндө

маселе көтөргөн. Андан тышкары, СССР бир багытта жөнөкөй куралдарды, аскер санын кыскартуу, өзүнүн танкалык дивизияларын ГДР, Чехословакия жана Венгриядан алып чыгып кетерин билдирген.

1989-ж. декабрда АКШнын президенти Ж. Буш менен М. С. Горбачёв Мальтада жолугушуп, стратегиялык чабуул коюучу куралдарды 50%га кыскартуу жөнүндө макулдашышкан. 1990-ж. 30-майдан 4-июнга чейин М. Горбачёв АКШга расмий сапар менен барып, советтик-америкалык мамилелер боюнча 24 документке кол коюлган.

**Батыш Европа өлкөлөрүнүн мамилелери. Париж конференциясы.** 1988-ж. советтик димломатия Батыш Европа өлкөлөрү менен да саясий диалогду жакшыртуу багытында иш-аракеттерди күчөткөн. Натыйжада СССР менен Европа Советинин ортосундагы өз ара мамилелер бир кыйла оңолгон. 1989-ж. 6-июлда М. С. Горбачёв Страсбургда «Жалпы европалык үйдү» куруу идеясы менен чыгып сүйлөп, Европанын бардык мамлекеттерин эл аралык мамилелерди чечүүдө баш кошууга чакырган. Европадагы орчундуу маселелердин бири Германиянын биригишине СССРдин каршы эместиги да расмий билдирилген.

1990-ж. ноябрда Парижде европалык 32 мамлекеттин конференциясы болуп өткөн. Ага АКШ менен Канада да катышкан. Конференцияда Европанын саясий өнүгүшүн өзгөртүүгө багытталган бир катар келишимдерге кол коюлган. Конференцияда кабыл алынган негизги документ *«Жаңы Европа үчүн Париж хартиясы»* деп аталган. Бул документте «тирешүү жана бөлүнүп-жарылуу» доору бүттү, «демократиянын, тынчтыктын жана биримдиктин жаңы доору» башталды деп жазылган. Хартияда демократиялык башкаруунун, адам укуктарын коргоонун, тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуунун принциптери жазылган. Хартиянын «Келечектин багыттары» деп аталган бөлүмүндө экономикалык кызматташтык, коопсуздук, экология, маданият, миграция маселелери, Жер Ортолук деңизи регионундагы чыр-чатактарды жөнгө салуунун негизги багыттары аныкталган. Этностук, маданий, тил жана дин боюнча карама-каршылыктарды жоюуга да өзгөчө көңүл бурулган. Адамдардын өлкөлөр арасында эркин алакасы жөнүндөгү маселеге да чоң маани берилген.

Париж конференциясында Европанын куралдуу күчтөрү жөнүндө маселеде аскердик-саясий блоктор — НАТО менен Варшава келишими уюмунун ортосундагы тең салмактуулукту сактоо зарылчылыгы баса белгиленген. Конференция аскер-

дик күчтөр жалаң гана коргонуу максатында пайдаланылышы керек деген бүтүмгө келген. 1990-ж. Париж конференциясы «кансыз согуштун» аякташын билдирген десек болот. Анткени анын чечимдери эл аралык алкактагы бир топ карама-каршылыктарды жоюуга, эл аралык мамилелердин системасын өзгөртүүгө багытталган.

Чыгыш Европа өлкөлөрүндө саясий тартиптердин өзгөрүшү менен, 1991-ж. жазында Өз ара Жардамдашуу Совети (СЭВ), июлда Варшава келишими уюму расмий түрдө өздөрүнүн иштерин токтотушкан. Ошентип, Европалык Союз менен НАТОнун таасирин континенттин чыгыш тарабына жайылтууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн. 1991-ж. аягына чейин СССРдин тарап бүтүшү менен эл аралык алкакта бир гана АКШ дөөлөтү үстөмдүк кылып калган.

**НАТОнун күч алышы.** Ачыгын айтканда, «кансыз согушта» АКШ жеңишке жетишти. Бул анын көп жылдардан берки күч-аракетинин натыйжасы болду. Буга социалисттик системанын ички карама-каршылыктарынын курчуп кетиши өбөлгө болду. Күчтүү каршылашынын өтө тездик менен кыйрай башташы америкалыктар үчүн да күтүүсүз процесс эле. 1990-ж. сентябрда АКШнын президенти Ж. Буш Конгрессте жаңы глобалдык стратегияны калыптандыруу зарылчылыгы пайда болгондугун айтып чыккан. 1991-ж. ноябрда АКШнын демилгеси менен НАТОнун жаңы стратегиялык концепциясы кабыл алынган. Бул концепцияда НАТОго мүчө өлкөлөрдүн эркиндигин жана коопсуздугун саясий жана согуштук каражаттар менен коргоо бул альянстын мурдатан келаткан башкы максаты болуп кала берет деп баса белгиленген. Жаңы эл аралык кырдаалда альянстын башкы максаты терроризмге, массалык кыргын салуучу куралдарды таратууга, баңги заттарынын соодасына жана мурдагы социалисттик системанын алкагындагы коомдук турмуштагы баш аламандыкка каршы күрөшүү деп белгиленген. Батыш Европадагы стабилдүүлүк үчүн да НАТОнун ролунун жогорулашы зарыл экендиги ачык айтылган.

НАТО чыгышка карай таасирин жайылтууда ядролук куралы бар, аскердик абалы күчтүү Россия Федерациясы менен эсептешпей коё албайт. 1992-ж. Россиянын президенти Б. Н. Ельцин АКШга расмий сапар менен барганда Россия менен АКШнын президенттеринин декларациясына кол коюлган. Бул документте эки өлкө бирин-бири душман катары эсептебейт, АКШ менен Россиянын мамилелери демократиянын жана экономикалык эркиндиктин принциптери боюнча достук, өз

ара ишеним жана сый маанайда өнүгөт деп жазылган. АКШ Россияда жүргүзүлүп жаткан реформаларга колдоо көрсөтө тургандыгын билдирген. Белгилей турган нерсе, АКШ өзүнүн тышкы саясатынын башкы максаты дүйнөдө тынчтыкты камсыз кылуу деп баса белгилейт. Бирок бул өлкө көз карандысыз өлкөлөрдүн ички жана тышкы иштерине кийлигишүү адатын токтотпой келүүдө.

1990-ж. баштап АКШ Персия булуңундагы согуштук-саясий кризиске жигердүү кийлигише баштады. Анткени бул чөлкөмдө Ирактын президенти Саддам Хусейн Кувейтти чек арадагы аймактан Иракка тиешелүү нефтини алып атасың деп күнөөлөп, Кувейттен 2,5 *млрд* доллар «компенсация» төлөөнү талап кылган. 1990-ж. 2-августта С. Хусейн Кувейтте «революция» жеңди деп жарыялап, жаңы бийликке келген Убактылуу өкмөттү колдоо максатында бул өлкөгө Ирак өз аскерлерин киргизет. Чындыгында С. Хусейн Ирактын кыйрап бара жаткан экономикасын Кувейттин нефти байлыгын басып алуунун эсебинен оңдоо максатын көздөгөн. Анткени Иран менен болгон сегиз жылдык согушта Ирактын абалы начарлаган. Коңшу өлкөнү басып алуу менен С. Хусейн өзүн араб дүйнөсүнүн лидери экендигин далилдегиси келген. Ирактын башчысынын бул аракети эл аралык коомчулук тарабынан катуу айыпталган.

1990-ж. 2-августта АКШнын президенти Ж. Буш БУУнун уставын бузуп, Иракка өзүнүн союздаш өлкөлөрүнүн аскерлеринен турган куралдуу күчтөрдү киргизген. Коалициялык күчтөрдүн аракетинен 100 миңден ашуун ирактыктар, көбүнчө карапайым эл курман болгон. АКШ башында турган коалициялык күчтөрдүн аракети менен С. Хусейндин аскердик күчтөрү жеңилген.

2000-ж. башында дүйнөнүн айрым региондорунда жаңжалдар күчөгөн. Бул мезгилде эл аралык терроризмдин күчөшү айкын көрүнөт. Жаңыдан бийликке келген кенже Ж. Буш Ирактын тынчыбаган жетекчиси С. Хусейндин тартибин жок кылууну биринчи планга коёт. 2002-ж. 30-январда Буш: «Ирак АКШнын душманы бойдон кала берет, анткени ал дүйнөдөгү террорчулук кыймылдын башында турат», – деп расмий түрдө билдирген.

2001-ж. 11-сентябрда ислам террористтери Нью-Йорктогу Эл аралык соода борборун жардырып, Вашингтондогу Пентагондун имаратына чабуул коюшат. Бул ишти башында Усама бен Ладен турган «Аль-Каида» ислам уюму мойнуна алган.

АКШ Хусейндин режимин жоюуга киришет. Чалгынчылардын Иракта массалык кыргын салуучу куралдар бар деген маалыматына таянып, Иракка каршы согуш аракеттерин баштайт. АКШнын бул бир жактуу аракетин дүйнөлүк коомчулук сынга алган.

2003-ж. 17-мартта Ж. Буш дүйнө элдерине кайрылып, эгерде С. Хусейн өзүнүн балдары менен Ирактан 47 сааттын ичинде чыгып кетпесе, АКШ күч колдонот деген расмий билдирүүнү жасайт. 20-мартта АКШ менен Улуу Британиянын бириккен күчтөрү Иракка кол салат. Алардын 23 күнгө созулган аракеттеринин натыйжасында саясий банкротко учураган С. Хусейндин тартиби кулайт. Бул согушта 11 миң Ирак аскери курман болгон. Америкалык аскерлерден 156 гана адам өлгөн. Анткени америкалыктар Иракка каршы таамай тийүүчү ракеталык бомбаларды пайдаланган. Эл аралык эксперттердин эсеби боюнча, Иракта жүргүзүлгөн согуштун алгачкы бир жылында эле 10 минден ашуун карапайым эл курман болгон. Согуш аракеттери азыркы учурда да улантылууда.

Канчалык каршы болгону менен, Россия НАТОнун күч алышын, анын чыгышка жылышын токтото алган жок. 1999-ж. НАТОго мурдагы Варшава Келишим уюмунун мүчөлөрү Венгрия, Чехия, Польша мүчө болуп кирген. 2004-ж. майда бул альянска Болгария, Эстония, Латвия, Румыния, Словения, Словакия кирди. Ошентип, бул аскердик-саясий уюм өзүнүн таасирин эбегейсиз кеңири аймакка жайылтып, дүйнөлүк эл аралык мамилелерди ачык көзөмөлдөөгө өтүүдө.

**Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү.** Азыркы мезгилде *Бириккен Улуттар Уюму (БУУ)* дүйнөлүк коомчулукту башкаруучу борбордук орган болуп саналат. 1945-ж. тынчтыкты коргоо жана бекемдөө максатында түзүлгөн бул уюмга 1985-ж. 159 мамлекет мүчө болгон. БУУнун Уставы боюнча ага мүчө мамлекеттер бул уюмдун чечимдерин аткарууга милдеттүү. БУУ дүйнөдөгү бардык мамлекеттерге, элдерге гуманитардык жардам көрсөтөт, маданий эстеликтерди коргойт. Чыр-чатак чыккан жерлерге «Көк каскачандар» деп аталган тынчтыкты калыбына келтирүүчү куралдуу күчтөрүн жөнөтөт.

БУУнун ишмердүүлүгү дүйнөдөгү мамлекеттерди бирдиктүү эл аралык рынокко тартууга багытталган. Бул максатта Азия, Африка, Латын Америка өлкөлөрүндө, ошондой эле мурда социализмдин дүйнөлүк системасына кирген өлкөлөрдө жана КМШ өлкөлөрүндө долбоорлорду ишке ашыра турган эл аралык

уюмдар иштешет. Алсак, *Дүйнөлүк Валюта фонду (ДВФ)* 180 мамлекетти камтыйт. Бул уюмга Кыргызстан да мүчө болуп кирген. Бул уюм эл аралык жана чектелген аймакта болуп жаткан экономикалык кризистерди жоюуда маанилүү иштерди жүргүзүүдө. Бүгүнкү күндө глобалдуу масштабдагы стабилдүүлүк болмоюнча бирдиктүү дүйнөлүк чарба жүргүзүүгө эч мүмкүн эместиги эл аралык коомчулукка белгилүү болуп калды. Тигил же бул өлкөдөгү же өлкөлөр тобундагы туруксуздук дүйнө биримдигине тескери таасир этээри айкын көрүнүүдө. Мисалы, 1990-ж. аягындагы Тынч океан регионундагы бир нече өлкөнү камтыган каржылык кризис дүйнөлүк каржылык-банктык системанын туруксуздугуна алып келе жаздады. Ушуга байланыштуу дүйнөнүн өтө бай өлкөлөрү кедей өлкөлөргө экономикалык жардам көрсөтүп, алардын карыздарын кечип жиберүүдө. Дүйнөнүн кайсы жеринде туруксуздук болсо аны токтотуу үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн жардам берүүгө аракеттенип жатышын да ушундай түшүнсөк болот.

Азыркы мезгилде БУУнун алдында жаратылышты коргоо боюнча ЮНЕП, соода жана өнүгүү багытында — ЮНКТАД, өнөр жай өндүрүшүн тейлеген — ЮНИДО, дүйнөдө саламаттык сактоо үчүн күрөшкөн — ДССУ сыяктуу ондогон эл аралык уюмдар жигердүү иштерди алып барууда. Бул уюмдардын иш-аракеттери Кыргызстанда да жүргүзүлүүдө.

БУУнун курамында тигил же бул региондун кызыкчылыгын көздөгөн бирикмелер да түзүлүп, активдүү иштерди жүргүзүүдө. Алардын бири — *Европалык Союз (ЕС)*. Бул уюмдун түпкү максаты Европа кошмо штаттарын түзүү болуп эсептелет. Ага Европадагы тарыхы, маданияты, экономикалык өнүгүүсү жагынан ар кандай деңгээлдеги өлкөлөр: Бельгия, Улуу Британия, Германия, Дания, Ирландия, Испания, Италия, Люксембург, Нидерландия, Франция, Португалия кирет.

Бүгүнкү күндө *Азия-Тынч океан кызматташтык уюму (АТЭС)* да маанилүү эл аралык уюм болуп калды. Бул региондук уюм Тынч океандын бассейниндеги дүйнө калкынын 40%ы жашаган бир топ өлкөлөрдү бириктирет. Ага кирген өлкөлөр наркы боюнча дүйнөлүк продукциянын жарымын өндүрөт. АТЭСке Австралия, Бруней, Гонконг, Канада, Чили, Кытай, Индонезия, Япония, Түштүк Зеландия, Филиппин, Сингапур, Тайвань, Тайланд, АКШ, Вьетнам, Перу кирет.

БУУнун жана башка эл аралык уюмдардын иш-аракеттеринин натыйжасында глобалдаштыруу процессине улам жаңы өлкөлөр, региондор тартылууда. XX к. аягында 150дөн ашык

мамлекеттердин башчылары Нью-Йоркко дүйнөлүк саммитке чогулушту. Ушунча өлкөнүн лидерлеринин бир мезгилде чогулушу дүйнө тарыхында болуп көргөн эмес. Ошондуктан чогулуш *«Миң жылдыктын саммити»* деген атка конду. БУУнун демилгеси менен уюштурулган бул саммитте адамзатка тиешелүү өтө маанилүү маселелер талкууланган. Дүйнөлүк форумдун катышуучулары *«Миң жылдыктын декларациясы»* деп аталган документти кабыл алышкан. Мында мамлекет башчылары адамзатты согуштан, жакырчылыктан, экологиялык кыйроодон сактоо үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү жумшай тургандыктарын билдиришкен. Аталган декларацияда дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө демократиянын өнүгүшүнө, адам укуктарынын сакталышына өзгөчө көңүл буруулары баса көрсөтүлгөн. Дүйнөлүк форумдун катышуучулары БУУнун ишмердүүлүгүн жогору баалап, глобалдаштыруу процессинин жүрүшүндө бул уюмдун ролу улам жогорулап бара жаткандыгын, натыйжалуулугун арттыруу үчүн бул уюмдун ишмердүүлүгүн реформалоо зарылчылыгы да айтылган. БУУнун мындан ары дүйнөнүн ар кайсы регионундагы согуштук кагылышуулар болгон жерлердеги тынчтыкты жөнгө салуу аракетин күчөтүшүнө форумга катышкан бардык өлкөлөрдүн лидерлери макул болушкан. БУУ дүйнөлүк алкакта эл аралык коопсуздукту камсыз кылуучу бирден-бир уюм экендигин дүйнөлүк коомчулук жакшы түшүнүп калды. Бирок бул уюм эң күчтүү дөөлөттөрдүн, согуштук-саясий блоктордун, т.а. АКШ менен НАТОнун кызыкчылыктарын колдобошу керек. Анткенде бул уюмдун ролу кескин түрдө төмөндөйт.

### Суроолор:

1. «Кансыз согуш» деген эмне? Ал кандайча аяктаган?
2. СССРдин «кансыз согушту» токтотуудагы ролу кандай болгон?
3. Париж конференциясы кандай чечим кабыл алган? Анын мааниси эмнеде экен?
4. НАТО уюмунун күч алышына эмнелер себеп болгон?
5. Дүйнөнүн ар кайсы региондорундагы жаңжалдарга АКШнын кийлигишүүсүн тынчтык үчүн күрөш деп эсептөөгө болобу?
6. БУУнун ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө бергиле.
7. БУУнун курамында иштеген кандай эл аралык уюмдарды билесиңер? Алар Кыргызстанда иш жүргүзүшөбү?
8. «Миң жылдыктын декларациясы» деген эмне?

## МАЗМУНУ

*I глава*

### ДҮЙНӨНҮН АЛДЫҢКЫ ӨЛКӨЛӨРҮ XIX к. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА – XX к. БАШЫНДА


§ 1. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы Европа өлкөлөрүндөгү социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, алардын тышкы саясатка тийгизген таасири ...... 3

§ 2. Европанын XIX к. соңундагы – XX к. башындагы саясий жана социалдык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү ...... 10

§ 3. Жумушчу жана социалисттик кыймыл ...... 17

§ 4. Дин жана диний турмуш ...... 22

§ 5. Европалык маданият ...... 27

§ 6. XIX к. экинчи жарымындагы – XX к. башындагы аскердик саясий блоктор жана союздар ...... 33

§ 7. Америка Кошмо Штаттары (АКШ) XIX к. экинчи жарымында – XX к. башында ...... 38


*II глава*

### ПАДЫШАЛЫК РОССИЯ: ФЕОДАЛДЫК МОНАРХИЯДАН БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАГА


§ 8. Падышалык Россиядагы улуу реформалар жана пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөр ...... 46

§ 9. Падышалык Россиянын XIX к. экинчи жарымындагы тышкы саясаты. Россия империясы дүйнөлүк цивилизациялык процессте ...... 51

§ 10. Россиядагы коомдук-саясий кыймыл жана падыша бийлигинин кулашы ...... 58


*III глава*

### СЛАВЯН ӨЛКӨЛӨРҮ


§ 11–12. Славян өлкөлөрү улуттук көз карандысыздык үчүн күрөштө ...... 68


*IV глава*

### ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАР


§ 13. Биринчи дүйнөлүк согуш ...... 76

§ 14. Экинчи дүйнөлүк согуш ...... 83

*V глава*

## ЧЫГЫШ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

§ 15. Монголия. Кытай дөөлөтү. Сянган (Гонконг). Аомынь (Макао) ........ 95

§ 16. Корея. Япония ........ 101

*VI глава*

## ТҮШТҮК-БАТЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

§ 17–18. Вьетнам. Лаос. Кампучия. Тайланд. Бирма ........ 109

§ 19. Малайзия. Сингапур. Бруней ........ 125

§ 20. Индонезия. Чыгыш Тимор. Филиппин ........ 130

*VII глава*

## ТҮШТҮК-БАТЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

§ 21. Афганстан. Иран. Түркия ........ 140

§ 22. Сирия. Ливан. Иордания. Ирак ........ 149

§ 23. Сауд Арабстаны. Йемен. Оман. Бириккен Араб Эмирлиги. Бахрейн ........ 155

§ 24. Катар. Кувейт. Израил. Кипр ........ 165

*VIII глава*

## ТҮШТҮК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮ

§ 25. Индия. Пакистан. Бангладеш ........ 176

§ 26. Непал. Бутан. Шри-Ланка. Мальдив Республикасы ........ 187

*IX глава*

## АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ

§ 27. Колониялык Африка. Латын Америкасында көз карандысыз мамлекеттердин өнүгүшү ........ 193

*X глава*

## ДҮЙНӨЛҮК СОЦИАЛИСТТИК СИСТЕМА

§ 28. Дүйнөлүк социалисттик система: жалпы мүнөздөмө ........ 205

§ 29. Совет мамлекетинин түптөлүшү, өнүгүшү жана тарашы ........ 215

*XI глава*

## СОҢКУ ДҮЙНӨЛҮК ӨНҮГҮҮ


§ 30. XX к. дүйнөлүк экономикалык кризистер ........ 228

§ 31. Экономиканын интернационалдашы. Үчүнчү илимий-техникалык революция ........ 233

§ 32. Капитализмдин үч борбору. Азыркы мезгилдин глобалдуу проблемалары ........ 240

§ 33. Соңку мезгилдеги эл аралык мамилелер ........ 245

Окуу басылмасы

***Элебесова Айгүл Бейшенакуновна,***
***Осмонов Өскөн Жусупбекович***

**ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ:**
урунттуу учурлар

XIX к. ортосунан биздин күндөргө чейин

Орто мектептин 11-классы үчүн окуу китеби

*Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы*

Редактору *С. Төлөгөнова*
Көркөм редактору *Э. Исаков*
Техникалык редактору *В. Крутякова*
Корректору *Кенжеш кызы Жылдыз*
Компьютердик калыптоочу *Б. Бөлөкбаев*

Терүүгө 20.12.2011-ж. берилди. Басууга 19.04.2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60x90 $^1/_{16}$. Түстүү ыкма менен басылды.
Көлөмү 16 б.т. Нускасы 46 500 даана. Заказ № 209.

«Инсанат» полиграфия-басма борборунда даярдалган жана бекитилген сигналдык нускасы, «KIRLand» ЖЧК типографиясында басылды.

«Инсанат» полиграфия-басма борбору
720031, Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 99.

«KIRLand» ЖЧК
720083, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Аламедин-1 к/р., 75
E-mail: kirland@infotel.kg